**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ КАФЕДРАСЫ**

Кол жазма укугунда
УДК: 675.02:392

**Капалбаев Октябрь Эркинович**

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ
(XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)

07.00.07 – этнография, этнология жана антропология

тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган ДИССЕРТАЦИЯ

**Илимий консультант:**
КР УИАсынын академиги,
тарых илимдеринин доктору,
профессор Асанканов А.А.

**Бишкек – 2022**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ** ..... 4

**I БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРЫ ЖАНА ТАРЫХНААМАСЫ**

§ 1.1. Тарыхый булактар жана совет дооруна чейинки тарыхнаама ..... 11

§ 1.2. Совет доорундагы тарыхнаама ..... 30

§ 1.3. Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр ..... 44

**II БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

§ 2.1. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздери ..... 51

§ 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары ..... 62

**III БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ ЖАНА БУЮМ АТАЛЫШТАРЫНЫН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ**

§ 3.1. Териден жасалган буюм аталыштарынын түшүндүрмөлөрү ..... 72

§ 3.2. «Манас» эпосундагы тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгү ..... 81

§ 3.3. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмалары жана түрлөрү ..... 90

**IV БАП. ТЕРИДЕН ТИГИЛГЕН КИЙИМДЕР, АЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ**

§ 4.1. Кун жана көрпө терилеринен тигилген баш кийимдер ..... 113

§ 4.2. Ичик, тон тыш кийимдери ..... 137

§ 4.3. Териден тигилген шымдар жана анын түрлөрү ..... 159

§ 4.4. Салттуу курлар жана анын түрлөрү ..... 169

§ 4.5. Бут кийимдер ..... 182

**V БАП. ТЕРИДЕН ЖАСАЛГАН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК БУЮМДАР**

§ 5.1. Ат жабдыктар ..... 200

§ 5.2. Териден жасалган идиш-аяктар ..... 220

§ 5.3. Саят куштарын кармоочу курал-жарактар ..... 246

**VI БАП. САЛТТЫК ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮНҮН КӨРКӨМ БААЛУУЛУКТАРЫ**

§ 6.1. Өрүм жана анын түрлөрү ............................................................................ 259

§ 6.2. Салттуу буюмдарга түшүрүлгөн оюулар ........................................................ 267

§ 6.3. Түстөр жана алардын маанилери ................................................................. 283

**КОРУТУНДУ** ........................................................................................................ 293

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР** ............................................................................... 303

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** ........................................................................ 304

**ТИРКЕМЕЛЕР** ..................................................................................................... 351

## КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз эли байыркы мезгилдерден бери көчмөн, жарым көчмөн шартында жашап келгендиктен, алардын жашаган турак-жайы, кийим-кечектери, тамак-аштары жүргүзүлгөн чарбасына, географиялык абалына, социалдык-экономикалык шарттарына жараша өнүгүп, ошого ылайыкташтырылган. Мезгил өткөн сайын көчмөн маданиятка, чарбанын өнүгүшүнө, ар кандай кошумчалар жана толуктоолор киргизилип келгенине карабай, салттуу кол өнөрчүлүк ондогон кылымдар бою дээрлик эч бир өзгөрүлбөй сакталып келген. Бирок XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыз коомуна башка этностордун кескин аралашышы заттык жана руханий маданияттын өзгөрүшүнө жана башка элдердин маданияттарынын айрым элементтеринин киришине өбөлгө түзгөн.

Кыргыз коомчулугунда жазуу иштери жакшы өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу көптөгөн элдик баалуулуктар, көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү оозеки сакталып, алар жөнүндөгү маалыматтар жазма булактардан аз санда гана кездешет. Батыш саякатчылары, окумуштуулары, аскер кызматкерлери, чыгыш таануучулары өздөрүнүн эскермелеринде, күндөлүктөрүндө, экспедициялык баяндамаларында кыргыз элинин маданияты тууралуу үзүл-кесил, айрым учурларда так эмес маалыматтарды да беришкен. Борбордук Азиялык жана Сибирь элдерине салыштырмалуу кыргыздардын заттык маданияты, айрыкча, кол өнөрчүлүгү үстүртөн гана караштырылган.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү көчмөндөрдүн эң маанилүү кошумча кесиптеринин бири болгондугу алардын кийген кийимдеринен, колдонгон идиш-аяктарынан жана пайдаланган курал-жарактарынан даана көрүнүп турат. Ал тургай алардын аталыштары дагы териге байланыштуу айтылган. Алсак, байыркы жана орто кылымдарда *теринин* башка аталыштарын түшүндүргөн *чан, жар, кум, көн* сөздөрүнө грамматикалык мүчөлөр уланып, буюм аттары пайда болгон. Коомдун өнүгүшү менен турмуш-тиричилик буюмдары башка материалдардан жасалса дагы, алар баштапкы аталыштарын азыркы мезгилге чейин сактап калган.

Аң терилеринен жасалган баш кийимдер, тебетейлер аскердик даражаны, алардын коомдук абалын түшүндүргөн белги катары кабыл алынып, кыргыздардын жоокердик тартибин, аскер өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн кабарлайт. Ошону менен катары эле аң терилери буюм деңгээлинде гана калбастан, кыргыздардын дүйнө таанымын, руханий маданиятын чагылдырган сыпайы ишарат каражаттарына, белгилерине айланган. Бирок ошого карабастан ушул мезгилге чейин кыргыздардын тери иштетүүсүнүн, пайдалануусунун коомдо алган орду этнология илиминде изилдөөнүн объектиси жана предмети болгон эмес.

Кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый-этнографиялык жана археологиялык жактан гана изилдөө эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук, искусство таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Диссертация И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасында аткарылды жана демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Иштин максаты жана милдеттери.** Иштин максаты кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн кыргыз тарыхындагы, маданиятындагы ордун жана ролун ачып көрсөтүү.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1) кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн, териден жасалган кийимдерин жана турмуш-тиричилик буюмдарын чагылдырган байыркы жазма эстеликтерге, орто кылымдардагы тарыхый булактарга, совет мезгилине чейинки орус, чет элдик окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине, эгемен мезгилде жазылган илимий изилдөөлөргө булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолорду жүргүзүү;

2) кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий-методологиялык негиздерин аныктоо;

3) кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү аркылуу башка элдер менен болгон этногенетикалык жана этномаданий байланыштарын тактоо;

4) кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүндөгү буюм аталыштарынын келип чыгышын жана түпкү маанилерин талдоо;

5) салттык тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгүнүн ролун жана ордун элдик оозеки чыгармалар аркылуу көрсөтүү;

6) XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыз усталарынын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган салттык ыкмаларын, алардын түрлөрүнүн жалпылыктарын жана айырмачылыктарын табуу;

7) кыргыздардын салттык маданиятындагы өзгөчө орунду ээлеген кун жана көрпө терилеринен жасалган кийим-кечектердин түрлөрүн, алардын жасалуу ыкмаларын, айырмачылыктарын жана жалпылыктарын ачып берүү;

8) кыргыздардын териден жасалган салттык кийимдерине, курал-жарактарына жана турмуш-тиричилик буюмдарына мүнөздөмө берүү;

9) кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюу-чиймелердин, түстөрдүн кыргыз дүйнө таанымындагы ордун аныктоо.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:** Кыргызстандын этнология илиминде биринчи жолу кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде ар тараптуу иликтөөгө алынды;

- Изилдөөгө алынуучу проблеманы илимий айлампага алуу үчүн түрдүү: архивдик, музейлик, тарыхый-этнографиялык адабияттар, мезгилдүү басылмалардагы маалыматтар, көркөм, эпикалык чыгармалар, экспедициялык талаа материалдар комплекстүү изилдөөгө алынды;
- Салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө колдонулган айрым атоолорго түшүндүрмөлөр берилди;

- Азыркы мезгилге чейин тарыхый-этнографиялык адабияттарда маалымат берилбей келген кийимдер, курал-жарактар, идиш-аяктар жана буюмдар, алардын түрлөрү жана жасалыштары көрсөтүлдү;
- Кыргыз элинин териден жасалган салттуу баш кийими (тебетей) биринчи жолу эпикалык чыгармалардагы маалыматтардын негизинде аскердик даража катары каралды;
- Оозеки элдик чыгармалар жана талаа материалдардын негизинде бут кийимдердин бир нече түрлөрү аныкталды;
- XIX кылымдын аягы – XX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жаныбарлар, аларга аңчылык кылуу, терилеринин наркы, аң терилеринен жасалган кийимдердин түрлөрү белгиленди;
- Кыргыз элинин аң терилерине карата жасаган ырым-жырымдары, каада-салттары жана дүйнө таанымдары чагылдырылды;
- Кыргыздардын салттуу буюмдарына түшүрүлгөн оюм-чийимдердин маанилери изилдөөгө алынды.

**Диссертацияда алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин салттык заттык жана заттык эмес маданияты, кол өнөрчүлүгү боюнча жалпылама тарыхый-этнографиялык эмгектерде камтылышы мүмкүн. Эмгектин кыргыздардын салттык тери иштетүү өнөрүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматы жалпы кыргыз этнографиялык окуу китептеринде колдонулат. Изилдөө аркылуу калыбына келтирилген тери буюмдарды жана кийимдерди азыркы мезгилдин талаптарына ылайык маданий мурастарды жайылтуу багыттарын күчөтүп, өндүрүшкө киргизүүгө болот.

Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер тармагындагы жалпылоочу эмгектерди даярдоодо, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду, заманбап интернеттик мултимедиалык маалыматтарды даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жактоого төмөндөгүдөй жоболор сунушталат:

- Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирген кыргыз эли бир нече доорлор ичинде өздөрүнүн географиялык жайгашууларын, социалдык-экомикалык абалын, чарбасын жана көчмөндүк мүнөзүн чагылдырган салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн башка элдерден айырмаланып турган өзгөчө түрүн калыптандырган;
- Кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгү өткөн доорлордо системалуу изилденбегендиктен, көптөгөн кийимдин түрлөрү, турмуш-тиричилик буюмдары жана курал-жарактары өздөрү эле эмес, аталыштары дагы илимий эмгектерде эскерилбей келген. Бирок кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, чоң жана кичи эпосторунда аталыштары, алардын жасалуу ыкмалары толугу менен сакталган;
- Архаикалык сөздөрдүн көп кездешиши байыркы элдердин мураскорлорунун бири экендигин, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмаларынын, анын түрлөрүнүн, аталышынын түпкү маанилеринин бүгүнкү күнгө чейин дээрлик өзгөрүлбөй сактылышы, кыргыз элинин жаратылышка, жан-жаныбарларга карата дүйнө таанымдарынын туруктуулугун көрсөтөт;
- Кыргыз элинин аңчылыгы, кийген кийимдери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, аң терилер жалаң гана баалуу буюм катары эсептелбестен, жөрөгөлөрдү билдирген социалдык белгилерге айланган;
- Кыргыздардын этностук тарыхында алардын тароо ареалы кеңири аймактарга созулгандыгы түрдүү айбанаттардын, жырткыч жаныбарлардын терилеринен кийимдерди тигип кийишкендиги менен далилденип, ошол эле учурда тыш жана бут кийимдерин кийүүдө коомдогу ээлеген орду сөзсүз эске алынган;
- Салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө кыргыз эли бардык буюмдарга бирдей эле мамиле кылышкандай сезилгени менен, камчы, кемер, баш жана сырт

кийимдерге, кыздарга берилүүчү сепке өзгөчө ыйык мамиле жасап, аларды салт катары сактап, муундан муунга өткөрүп берип турушкан;

- Көчмөндүктүн негизги белгилеринин бирине айланган аңчылык, саятчылык өнөрү, аларга колдонулган курал-жарактар жана ыкмалар бир жагынан киреше табуунун булагына айланса, экинчи жагынан улуу өнөр катары таанылган;
- Салттык кол өнөрчүлүктө оюулар алгач белги, тамга катары калыптана баштаса, доорлордун алмашышы менен, негизги белгиге бирден сызыктар кошулуп, татаал кыял оюуларынын системасы келип чыккан.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

- Изденүүчү Кыргызстандын бардык аймактарында, Өзбекстан, Казакстан, Түркия Республикаларында жана Кытай Эл Республикасынын Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусунда жашаган кыргыздарды кыдырып, сурамжылоолорду, жер-жерлердеги байкоолорду жүргүзүп, чогултулган материалдарга ар тараптуу талдоолор жасалды.
- Изилденип жаткан маселе боюнча көптөгөн тарыхый булактар жана тарыхнаамалык адабияттар талдоого алынды;
- Чет элдик (анын ичинде орусиялык) окумуштуу-саякатчылардын, аскер кызматкерлеринин, чыгыш таануучулардын кыргыз элинин бут кийимдери тууралуу үстүртөн берген билдирүүлөрү жана маалыматтары кыргыздардын элдик оозеки (анын ичинде эпикалык) чыгармалары аркылуу байытылды;
- Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү тууралуу мол жана чачыранды маалымат атайын диссертациялык изилдөөнүн негизинде бир багыттуу нукка салынды;
- Диссертант тарабынан бир катар жаңы этнографиялык материалдар илим чөйрөсүнө алгачкы жолу киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги теориялык, методикалык жана практикалык жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда чагылдырылып, сертификаттар алынган.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жыйынтыктары бир катар эмгектерде, анын ичинен жеке автордук 1 монографияда, авторлош 2 китепте жана диссертанттын мезгилдүү илимий басылмалардагы 40 макаласында чагылдырылды.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү** коюлган максат, милдет жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн ырааттуулугу менен шартталган. Диссертация киришүүдөн, 6 баптан (анын ичинде 19 параграфтан) турган негизги бөлүмдөн, практикалык сунуштар да камтылган корутундудан, колдонулган адабият тизмесинен жана тиркемеден турат. Тиркемеге маалымат берүүчүлөрдүн тизмеси жана изилденген этнографиялык теманы чагылдырган фото сүрөттөр киргизилген.

# I БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРЫ ЖАНА ТАРЫХНААМАСЫ

## § 1.1. Тарыхый булактар жана совет дооруна чейинки тарыхнаама

Кыргыздардын салттык маданиятынын, анын ичинде салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн тарыхнаамасы хронологиялык жактан айырмаланып турганы менен, жалпысынан этнологиянын тарыхнаамасынын өнүгүшүнүн негизги этаптары менен дал келет. Этнология илиминде адабияттарды доорлорго бөлүүнүн түрдүү жолдору кездешет. Ошондой болсо дагы азыркы мезгилде көптөгөн адистер тарыхнааманы үч доорго: 1917-жылга чейинки (революцияга чейин), советтик, көз карандысыздык мезгилинде же постсоветтик деп бөлүшөт [183, 28-б.; 222, 10-б.]. Тарыхнааманын жогорудагыдай доорлорго бөлүнүшү салттык кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүн толук көрсөтүп бере алат. Бирок кыргыз улуттук тарых илиминин өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Анткени кыргыз элинин тарыхы, анын коомдук-экономикалык жана маданий өнүгүүсү байыркы доорлордон совет мезгилине чейин көчмөн цивилизациясынын «бир сызык багытын» туруктуу сактаган [223, 119-б.; 459, 32-б.].

Биз жогорудагы хронологиялык бөлүштүрүүгө толук макул болуу менен, бир аз өз алдынча кошумчаларды киргизүүнү сунуштайбыз. Чогултулган тажрыйбалардын топтомуна, концептуалдуу методологиялык ыкмалардын спецификасына жана илимий ойлордун өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу бардык адабияттарды көтөрүлгөн маселелерине жараша төмөндөгү топторго бөлүп кароого болот: 1) тарыхый маданияттар тууралуу байыркы жазма эстеликтер жана орто кылымдардагы тарыхый булактар; чөлкөмдү, көчмөн элдердин маданиятын сүрөттөп кеткен саякатчылардын жана элчилердин калтырган маалыматтары; 2) Орто Азияны Россия империясы тарабынан колонияга айлантуу мезгилинде келген изилдөөчүлөрдүн, аскер кызматкерлердин жана чыгыш таануучулардын эмгектери; 3) советтик доордогу адабияттар; 4) көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки жазылган изилдөөлөр жана эмгектер. Эске ала турган жагдай, биринчи эки илимий адабияттар топтомун бир хронологиялык доорго бириктирип карасак болот.

Азия элдеринин материалдык жана руханий маданияты тууралуу алгачкы маалымат, маданий эстелик аккад тилинин вавилондук адабий диалектисинде

жазылган Гилгамеш жөнүндөгү эпосто кездешет. Гилгамеш (Билгамеш) тууралуу ырлар жана уламыштар болжолдуу б.з.ч. 4-3-миң жылдыктарда Алдыңкы Азияда чопо такталарга шынаа түрүндө байыркы төрт: шумер, аккад, хетт жана хуррит тилдеринде жазылгандыгы такталган [347, 115-б.]. Тарыхта белгилүү болгондой, адамзат тарыхынын эң алгачкы цивилизациясын пайда кылган эл – шумерлер болуп саналат. Биринчилерден болуп алардын саз, суулу жерлерге шаар-мамлекеттерин негиздешкендиги белгилүү [141, 276-б.]. Бул эпосто Гилгамештин согушка даярданып жатышында усталарга кетмендерди эритип, курал-жарак, айбалта жасап берүүнү өтүнгөн сюжети кездешет [347, 177-б.; 5, 65-б.]. Демек, шумер эли байыркы мезгилдерде эле металлдарды иштеткенди билишкен, башкача айтканда, темир иштетүүнү Эки дарыя аралыгына шумерлер алып барышкан. Эпосто бийик тоодо өскөн кедр дарагы жана кедр дарагынан жасалган храм эшигин канчалык күч колдонушса дагы ачалбай коюшкандыгын, анын чоң сыры бар экендиги тууралуу да айтылат [5, 88-б.]. Жогорудагы келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, Гилгамеш эпосунда этнографиялык маалыматтар жолугат.

«Авеста» – б.з.ч. VIII-VII кылымдарда байыркы Иранда пайда болгон диний, маданий эстелик. Парсылык маданият «Авестаны» б.з.ч. 1-миң жылдыктарда пайда болгондугун белгилейт. IX кылымда жазылган «Арта Вираф намак» китебинде Авеста 12000 буканын ийленген терисине алтын тамгалар менен жазылып, Истахр шаарында сакталып тургандыгын, кийинчерээк Александр Македонский тарабынан өрттөлгөндүгү айтылат. Бул маалымат башка эмгектер менен дагы тастыкталган [1, 30-б.]. «Авестада» байыркы Ирандагы элдердин турмуш-тиричилиги, чарбалары, диний ишенимдери, колдоочу-пирлери, тамак-аштары, суусундуктары (жөрөлгөлүү баш айлантуучу хаомо суусундугу) жана көчмөн кошуналарынын дайыма чабуулга, талап-тоноого алышы, отурукташкан элдердин чарбасын жүргүзүүгө тоскоолдуктарды жаратып жаткандыгы баяндалган. Авеста маданий эстелигинде байыркы ирандыктардын итке карата өзгөчө мамилелери (сөөктү чагып берүү, тамакты ысык бербөө сыяктуу эреже тартиптери катуу сакталган. Булар аткарылбай, итке жаман мамиле жасагандар жазаланышкан) берилсе, ал эми бөрү зороастрийлердин душманы катары көрсөтүлгөн [1, 9-19-б.]. Бизге, талаа

материалдардан белгилүү болгондой, бөрү байыркы кыргыздардын, өзгөчө, ичкилик урууларынын тотеми [504, 7-б.].

«Шахнаме» («Худай-наме», «Падышалар жөнүндөгү китеп») байыркы иран элинин мифтери, эпикалык дастандары жана тарыхый баяндары чагылдырылган эмгек. Чыгармада б.з. III-V кылымдардагы байыркы ирандыктардын душмандарынын бири катары таанымал болгон карлуктар, турандыктар, анын ичинде башкы каарманы Рустам баатыр тууралуу окуя баяндалат. Байыркы ирандыктар жана ага чектеш жашаган элдердин башчылары «кулах» деп аталган баш кийимди таажы катары кийип жүрүшкөн. Ал койдун терисинен тегерек формада жасалып, баалуу таштар менен коолдолгон [27, 411-б.], – деп берилет. Мындай баш кийимди кийүү кыргыздарда XIX кылымга чейин сакталып келген. Алсак, Ормон хан шайланган соң төбөсү кызыл тебетейди кийип жүргөн [156, 45-б.].

Жогорудагы көрсөтүлгөн эмгектер орто кылымдарда Махмуд Кашгари-Барскани, Жусуп Баласагын, Захридин Бабурдун ж.б. эмгектери менен толукталган. Махмуд Кашгари-Барскани өзүнүн эмгегинде салттык маданияттагы көптөгөн буюм-тайымдардын түшүндүрмөлөрүн, сөздүгүн, ошол мезгилдеги турмуш-тиричиликтерин, эл, уруу аталыштарын, жер-суу аттарын, тамак-аш аталыштарын, шаарларын, диний ишенимдерин жазып калтырган [22]. Захиреддин Мукаммат Бабур Фергана өрөөнүндө жайгашкан шаарларды, анын ичинен Хасан шаарын, дарыяларын сүрөттөп жазып, дарыя жээгиндеги карагайларды «көрпө ичикке» салыштырган. Ошондой эле ал тоолордо кабыгы кызыл түстүү табулгу (табылгы) өсөөрүн, башка жерде өспөгөндүгүн жана андан кушка капас, жаага канатсыз жебелерди жасап, алыс жактарга белек катары дагы берилгендигин [3, 15-б.] жазат. Жусуп Баласагын өзүнүн белгилүү «Кутадгу билиг» чыгармасында: Соодагерлер болбосо аалам кезген / Кара кештен тонуңду кийет белең? ... Кербендериң жүрүшөт дүйнө кезип / Шайы, кундуз, кештерди келет терип [4, 352, 387-б.], – деп кун (аң) терилеринин алыс жактан алынып келээрин, баалуулугун, андан тыш кийимдердин, өзгөчө тон тигилерин өз ырында белгилеп өтөт.

Орто кылымдарда тагыраак айтканда, VIII-IX кылымдарда жашаган кыргыздарды жана аларга тектеш (түргөш, карлук, огуз, уйгур, йагма, чигил, кыпчак, башкыр),

чектеш жашаган элдердин жашаган аймактары (Фергана өрөөнүн чыгышынан тартып Чу, Или дарыяларынын жээктеринде, Жети-Суу аймагы, Чыгыш Түркестан), чарбасы, эмгектин бөлүнүшү, ишенимдери, адаттары, жер-суу, шаар аттары, карталары, аба ырайы, жапайы жаныбарлары ж.б. тууралуу араб изилдөөчү-саякатчысы Ал-Идриси азыраак маалымат берип өткөн [2, 6-б.]. Ал-Идриси калтырган маалыматтар бир жагынан баалуу болуп эсептелсе, экинчи жагынан окумуштуулар арасында көптөгөн талаш-тартыштарды жараткан. Анткени жогорудагы көрсөтүлгөн доордо кыргыздардын Борбордук Теңир-Тоонун аймактарында жашагандыгы тууралуу азыркы мезгилге чейин бирдиктүү пикир жок.

Перс тарыхчысы Гардизи (Абу Саид Абд ал-Хай б. Аз-Заххак б. Махмуд, XI к.) кыргыздардын келип чыгышы, тагыраагы, санжырасы жана алардын кызыл чачтуу, ак түстүү болоорлугун жазып калтырган [77, 47-б.]. Байыркы кытай маалыматтарында кыргыздардын узун бойлуу, сары чачтуу, кызыл тору жүздүү жана көк көздүү болушкандыгы жазылат. Кара көздүүлөрдү жамандыктын белгиси катары кабыл алышса, күрөң көздүүлөрдү Ли Линдин урпактары деп эсептешкен. Кулактарына сөйкө тагынышкан [6, 351-б.; 363, 65-б.; 438, 50-б.]. Алгач алар түрк элдердин катарына кирген эмес деген дагы көз караштар кездешет [494, 425-б.; 351, 352-б.]. Бул жерден даана байкалып тургандай, ошол мезгилдерде эле кыргыздарда кара, күрөң жана көк көздүүлөр болгон. Гардизи кыргыздардын диний ишенимдери, каада-салттары, бакшылары тууралуу дагы маалымат берген. Арасында фагинун деп аталгандары бар. Жыл сайын атайын бир күнү ырчы-чоорчу, кыякчыларды, дапчыларды (дүңгүрөмө) чогултуп, тойго бардык нерселерди даярдашат. Алар аспаптарын ойной баштаганда фагинун эсин жоготуп кулайт (110-сүрөт). Ошондо андан жылга байланыштуу нерселерди, азык-түлүк, жамгырлуу же кургакчылык жөнүндө, коопсуздук жактарын, душмандардын кол салуусун же салбастыгын, ушуга окшогон көп маселелерди сурашат. Ал айтып бергендерин баары туура чыкпаса дагы айрым бөлүгү туура чыккан. Кыргыздардын «жапайы кошуналары» жырткычтардын териленинен кийим кийишээрин, кызыгы, диний түшүнүктөрү боюнча эч качан башка бирөөлөрдүн буюмдарына, өзгөчө кийимдерине тийишпегендигин жазган [77, 48-б.; 9, 54-б.].

Орто кылымдарда жазылган, автору белгисиз «Худуд ал-алам» чыгармасында: Чыгыш тарабында – Чин өлкөсү, түштүгүндө – бир бөлүгү Тибет, экинчи бөлүгү халлухи, анын батышында – хырхыздардын айрым бөлүктөрү жана түндүгүндө да хырхыздар, алар чек аранын жээктей конушат, – деп берилет. Түрктөрдүн башка аймактарына салыштырмалуу бул аймакта чоң жана көп эл жайгашкан. Байыркы мезгилдерде жалпы Түркстандын падышасы тогузогуздардан чыккан. Элдери жоокер жана жакшы куралданышкан. Жайында жана кышында жайыт издешип, конуш тандашып, көчүп-конуп жүрүшөт. Бул аймактардан мускустарды көп алып кетишет. Андан тышкары кара, саргыч жана түстүү түлкүлөрдү, тыйын чычкандарды, булгундарды, арс чычкандарды, суусарларды, жүнү барпайган сабиджа аталган айбандын терилерин, хутунун мүйүзүн жана топоздорду алып кетип турушат. Енисей кыргыздарына тыштан келген буюмдар соода-сатыктан жана согуштук олжодон түшкөн. Ал эми кыргыздар чет элдиктерге булгундун жана башка аң терилерин, мускус, маралдын мүйүзүн (хуту) сатышкан [28, 40-41-б.; 193, 100-б.]. «Худуд ал-аламда» Тулас тоосунда булгун, көк тыйын чычкан жана бугулардын бар экендиги дагы көрсөтүлгөн [9, 41-б.].

Ибн Хордатбек Рум шаарындагы патрицийлердин (батрики) падышасынын бут кийими тууралуу өтө кызыктуу маалыматты келтирген. Ал жерде: Ал-фурфирадан тигилген кийимди жана кызыл өтүктү падыша гана кийген. Эгерде бул тыюуну кимде ким бузса, ал өлтүрүлгөн. Падыша өзүнүн мураскору деп атаган адам гана бир бутуна кызыл, экинчи бутуна кара өтүк кийген. Падышанын жан жөкөрлөрү жашыл түстүү чепкендерди кийип жүрүшкөн [13, 100-б.], – деп берилет.

Махмуд ибн Вали Моголистандын жашоочуларынын тиричилигин сүрөттөөдө эң негизги кесиби мал чарбачылык экендигин белгилейт: Алардын жашоосунда, тамак-ашында, кийиминде негизги каражатты жылкы менен кой ээлейт. Сүтү кымыз болсо, эти тамак-аш, териси кийим-кечек, бут кийим жана башка тиричилик буюмдары жасалып, көптөгөн кызматтарды аткарган. Ошондой эле Моголистандан баалуу буюмдар: ак терек, булгун, ач күсөн, көк тыйын чычкан, кара түлкүлөрдүн терилери чыгып турат [23, 33-б.; 211, 145-б., 149-б.]. Байыркы мезгилдерде салыкты жана кунду тери менен төлөө көчмөн элдеринде эле эмес отурукташкан элдерде да

жүргүзүлүп келген. Малга айырбаштоо, мал менен салык төлөө кеч мезгилде, орто кылымдарда гана башталган. Байыркы көчмөн элдер, өзгөчө сактар же скифтер баалуу терилерди өтө баалашкан. Ал терилерден жасалган ичик, тондор кафтан аталып, Скифиядан Байыркы Римге чейин жетип тургандыгы белгилүү [161, 90-б.].

С.А. Усов байыркы орус элинин акча бирдиги, соода буюмдарынын эквиваленти кун терилери болгондугун изилдеп жатып: Киш – бир гана Сибирге таандык. Ал ошол жакта гана жашайт. Тетирисинче, суусарлар ал жакта жок. Уралда, Батыш Алтайда жана Сибир чек араларынан гана суусарды жана кишти экөөнү бирдей көрүүгө болот [161, 93-б.], – деп К.М. Бэрдин англис тилинде жарык көргөн маалыматына таянып жазат. Сибирде киштин баасы 5 рублга бааланган [379, 312-б.].

Байыркы кытай жазма булактарында кыргыздар тууралуу кытай тарыхчысы Сыма Цянь б.з.ч. II кылымдын аягында жазылган «Ши цзи» эмгегинде эскерилет [6, 350-б.]. Андан соң кытай тарыхчылары Бань Гу, Чэнь Шоу, Линху Дэфень, Ли Яньшоу, Ду Ю, Ли Дэюй ж.б. кыргыздар тууралуу азыраак болсо дагы маалыматтарды калтырышкан. «Юян Цзацу» эмгеги Тан доорундагы белгилүү адабиятчы Дуань Ченши тарабынан жазылган. Ал эмгекте кыргыздардын өңдөрүнөн тышкары, цзянькундардын (кыргыздар) бөрү уруусуна кирбегендиги, жогор тараптан түшүрүлгөн рухтун Юян үңкүрүндө уй менен жалгашынан келип чыккан эл экендиги жазылган [21, 32-б.; 19]. Санжыраларда алар кыргыздардын сол канаты болуп чыгат.

«Тан Шу» династиялык хроникасы байыркы кыргыздар жөнүндө: Жол башчылары кышкысын киш тумакчан, жайкысын алтын кыюуланган кырбусу кайрылган, шуңшугуй калпакчан, ал эми калгандары кийиз калпакчан жүрүшөөрү берилген. Колунда жоктор жөнөкөй териден кийимдерди кийишип, жылаңбаш жүрүшөт. Киштин жана сүлөөсүндүн териси эң жогору бааланат [7, 352-б.; 35, 136-б.; 63, 144-145-б.; 36, 89-б.; 19, 223-б.; 271, 38-б.], – деп жазылат. Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, калпактын кыргактары кун терилери менен жээктелген.

Цзянькунь (Кыргыз) дөөлөтү Канцзюйдун түндүк-батыш жагында жайгашкан. Тандамал аскери 30 миң адам. Мал артынан жүрүшөт. Ошондой эле, кундуз-киштер

көп. Жакшы аттары бар. Динлин ээлиги Канцзюйдун түндүк тарабында. Тандамал аскери 60 миң адам. Мал артынан жүрүшөт. (Өлкө) баалуу тыйын чычкан терилерин, ак жана кара гуньцзы аң терилерин өндүрөт [17, 11-б.], – деп аскер күчтөрүнөн сырткары баалуу жаныбарларды, жылкыларын белгилеп өтөт.

Н.В. Кюнердин Түштүк Сибирь, Борбордук Азия жана Ыраакы Чыгыштагы элдер тууралуу кытай маалыматтарына таянып жазган эмгегинде: Кыргыздар жашаган аймактарда жапайы жылкылар, гуду, сары койлор «юань», койлор «ди», бугулар жана кара куйруктар жашашат. Кара куйруктар кабаргага (жейрен) окшош, бирок куйруктары узун жана кара түстө. Жергиликтүү эл аларды «сымо» деп аташат [20, 59-б.; 9, 17-б.], – деп берилген.

А.А. Кондратьев кытай тарыхый булактарынан этнографиялык маалыматтарды толук алууга болбосо дагы, кызыктуу маалыматтарды кездештирүүгө болоорун, мисалы, «Цинчао-вэнсянь-Тункаодо» кыргыздардын кийимдери тууралуу: Кыргыздардын башчысы Пила будда кечилдеринин шляпасына окшош кийиз калпак кийип жүрөт. Баш кийимдин төбөсү өтө шиш. Айланган кыргактары өзүнчө көлөмдү түзөт. Барчадан тышталган, кайрыма узун жакалуу тыш кийимдерди кийишет. Белдерине кызыл курларды тагышат. Өтүктөрү кызыл булгаарыдан. Аксакалдардын аялдары чачтарын экиге бөлүп өрүп, кулактарына акактан сөйкө, колдоруна бир, эки, үч, андан да көп шакектерди тагышат. Аялдардын бардык кийимдери эркектериникине окшош. Карапайым элдери кун терилеринен кийинишпейт, кооздуктарды тагынышпайт. Калың кездемелерден, терилерден кийим кийишип, өтүктөрү чийки терилерден тигилген [15, 938-б.], – деген маалыматты берет.

Ал эми антикалык тарыхый булактарында, сактардын кымыз, кымыз идиши, анын келип чыгышы, кийимдери, жоо-жарактары тууралуу маалыматты байыркы грек тарыхчысы Геродот берет: Скифтер өздөрү ичип жаткан сүттөрү үчүн кулдарынын көздөрүн сокур кылып коюшат. ... Сүттү саап алгандан кийин аны түптүү идишке куюп, тегерегине сокур кулдарды олтургузуп, сүттү чайкап турууларына буйурган. Сүттүн үстүңкү тунган бөлүгүн куюп алышат. Ал өзгөчө бааланган. Ал эми түбүндө калганына азыраак көңүл бурушкан. Мына ушул сүт үчүн колго түшкөн туткундарынын баарын сокур кылышат (11, 304-б.), – деп түптүү идишке куюлган

кымыз жөнүндө кабар берет. Кулдардын көздөрүн сокур кылышканы, кымыз же суусундук үчүн эмес, башка бир себептер, эң негизгиси, коопсуздук үчүн алардын көздөрүн соолтуп ташташкан. Жогорудагы берилген маалыматка караганда суусундуктун өтө жогору баалангандыгы көрүнүп турат. Геродот андан сырткары массагеттердин кийген кийимдери скифтердин кийимдерине окшош экендигин, ошондой эле алар ат үстүндө жана жөө дагы согушаарын, колдонгон куралдары жаа, найза, айбалта болгондугун, алардын жезден куюлуп жасалгандыгын, баш кийим, курларын, ат жабдыктары, ат көкүрөгүн жапкан чарайналары, жүгөндөрү, тизгиндери жез жана алтын менен кооздолорун, сактар скифтердин бир уруусу катары кийизден тик турган, учтугуй баш кийимдерди жана шымдарды кийишкендигин жазган [11, 113-б.; 12, 167-б.; 71, 58-59-б.]. Байыркы грек географы жана тарыхчысы Страбон скиф көчмөндөрүнүн арасында кымыз ичип, жылкынын этин жеген сак уруусун жана алардын өтө адилет болушаарын белгилеген [26, 275-, 284-б.].

Б.з.ч. 560-546-жылдары Лидиянын акыркы падышасы Крез Персияны жана анын кошуна элдерин басып алууну көздөп жатканда, Санданид аттуу акылман падыша Крезге келип: Сен, падыша, териден тигилген шым, кийим кийип жүргөн элдерге жортуулга чыгууга даярданып жатасың. Катаал жерлерде жашаган, каалашынча эмес, курсактарына батышынча тамак жеген, шарап ичпей, суу ичкен, татуу жер-жемиштерди жеген элге баратасың. Эгер согуштан жеңүүчү болуп чыксаң, эч нерсеси жок элден, эч нерсе албай чыгасың. А эгер жеңилсең, бардык нерсеңден айрыласың, алар сени аяп олтурбайт [11, 36-б.], – деп аны согушка барбоосун өтүнгөн. Бирок анын айткан сөздөрү падыша Крезге жеткен эмес. Бул жерден биздин айталы дегенибиз өздөрүн жогорку «маданияттын ээсибиз» деп эсептеген элдер ошол учурда шымды, ыштанды билишкен эмес.

XVIII кылымдан тартып падышачылык Россиянын Борбордук жана Орто Азияга карай баштаган колониалдык саясатынан кийин Орто Азия россиялык эле эмес, көптөгөн европалык изилдөөчүлөрдүн, саякатчылардын жана аскер кызматкерлеринин илимий кызыкчылыктарынын борборуна айланган. Алар түрдүү багыттагы билдирүүлөрдү, күндөлүктөрдү, илимий изилдөөлөрдү жазып

калтырышкан. Ал эмгектер XIX кылымдын 90-жылдарынан XX кылымдын башына чейин библиография түрүндө В.И. Межов, А.Н. Харузин [92, 93, 94, 95, 413], А.Г. Биснек [97, 98], А.Е. Алекторов [51] ж.б. тарабынан түзүлгөн.

Белгилүү чыгыш таануучу жана саякатчы Н.Я. Бичурин (Иакинф) байыркы кытай жазмаларын которууда кыргыздарга байланыштуу көп маалыматтарды тапкан. Кыргыздардын жашаган жери, чарбасы, салттык маданияты туурасында: Хагастын өзү бул байыркы Гяньгун өлкөсү. Алар Замиден батышты карай, Харашардан түндүктү карай, Ак тоолордун жанында жайгашкан. Азыркы учурда алардын өлкөсүн Гюйву жана Гйегу деп аташат. Жапайы жаныбарлардан жапайы жылкы, элик, багыш жана кара куйруктуу эчкилер жашашат. Кара куйруктуу эчкилер бугу тукумуна кирген, мүйүзсүз кабаргаларга (жейрен) окшош, бирок чоң кара куйруктары бар. Булгундун жана сүлөөсүндүн терилеринен жасалган кийимдер эң баалуу болуп эсептелет. Ажо кыштын күндөрү булгундун терисинен жасалган баш кийим кийип жүрөт. Белдерине бычак курчуткан өгөөлөрдү, мусатты (кылыч, шамшар, канжар, бычак ж.б. миздерин курчуткан курал) тагынып жүргөндү өтө жактырышат. Көз каранды элдер аларга салыкты булгундун жана тыйын чычкандын териси менен төлөшөт [6, 350, 352-б.], – деп жайгашкан жерлеринен тартып, кийген кийимдерине, колдонгон курал-жарактарына чейин маалымат берет.

Н.Я. Бичурин хунндардын башчыларынан баштап бардыгы үй жаныбарларынын эти менен тамактанып, алардын терилеринен кийинип, кун терилерин жамынчы төшөк кылып жатышаарын жазат. Хунндар өздөрүнүн кийимдери тууралуу: Кытайдан алган жибек жана кендир кездемелерден тигилген кийиминерди кийип, тикенектүү өсүмдүктөрдү аралап тыттыргыла, анан көргүлө, жүндөн жана териден тигилген кийимдер бышык бекен? Кытайдан жей турган нерселерди алгыла, бирок жебегиле, муну менен силер быштак жана сүттү тандаарыңарды көрсөтөсүңөр [6, 40, 58-б.], – деп Кытайга, алардын соода буюмдарына карата жүргүзгөн саясатын көрсөткөн.

Немис географы жана окумуштуусу К. Риттер енисейлик кыргыздардын ажосунун ордосунда дайыма хандык кызыл түстүү туу илинип тургандыгын, ордонун аскерлери дагы кызыл түстө кийинишкендигин, байлардын киштин терисинен

ичиктерди кийишсе, ажо кыш күндөрү киш тебетейин кийип, жайында шуштугуй, кыргактары алтын менен жээктелген баш кийимди кийээрин, кол алдындагылар ак кийизден жасалган баш кийим (калпак) кийип жүрүшкөндүгүн, бел курларында кылыч жана бүлө таштарды илип алышкандыгын жазат. Томи дарыясынын жогорку агымдарынын жээктеринде бүлө таштар өтө көп болгондуктан, аты алыс жактарга чейин угулуп, Бүлө-Көл ошол таштардын урматына аталган. Жөнөкөй элдер жырткычтардын терилеринен кийинишип, жыланңбаш жүрүшкөн. Аялдар араб соодагерлеринен сатып алышкан нооту, барча, кездемелеринен кийимдерди кийишкен [355, 553-554-б.], – деген маалымат берет.

Белгилүү немис тилчи жана чыгыш таанууччу В. Шотт «Чыныгы кыргыздар» тууралуу жазган эмгегинде енисейлик кыргыздардын чатырларынын жанында өтө чоң эмес туута жылкынын куйруктары тагылып тураарын, ак сөөктөрү булгундун терилеринен баш кийим кийишсе, колунда жоктор кийиз калпактарды кийип, белдерине бычактарды, бүлөсү менен тагып жүрүшкөндү жактырышкандыгын жазат.

Кышында колдонушкан чаналарын «жыгач ат» деп атап, жыгачтын алды жагын жылкынын териси менен ороп коерун, жапайы жаныбарлардан бугудан кийин эле «хе-уей», башкача айтканда, кара куйруктарды эскеришет. Бул жаныбар чангга окшош, бирок анын куйругу күчтүү [531, 7-, 24-, 50-б.], – деп чанага терилердин оролушун жана ыйык жаныбарларын көрсөтүшөт.

Д.Л. Иванов XIX кылымдын экинчи жарымында Памирде жашап жаткан кыргыздардын жашоосун алгач көрүп, төмөндөгүдөй сүрөттөп жазат: Кичинекей үй бүлө чоң жамаатты элестетип жашап жатат. Ал жерде кесиптик өнөрдүн бардыгы бар. Керек болсо оюндарын дагы көрүүгө болот. Бул Робинзондордун үй бүлөсү. Үй бүлөдө темир устасы, жыгач устасы, өтүкчүсү, кийим тигүүчүсү, дарыгери, сүрөтчүсү, музыканты, мергенчиси, балыкчысы, токойчусу, малчысы, касапчысы ж.б. дегеле, кесип ээлеринин баары бар. Жогорудагы 7-8 кесипти бир адам алып жүрөт. Керек болгон учурда ылайыгына карап аткарып кете берет [190, 330-б.; 533], – деп кыргыздарда бир эле адам бир нече өнөргө ээ болгондугун жана ага таң калгандыгын жашырбайт.

Орус окумуштуу-изилдөөчүлөрүнүн Орто Азияга агылып келе башташы тууралуу Е.А. Гребенщикова: Алгачкы, XVIII-XIX кылымдарда келген орус изилдөөчү-саякатчылары кыргыздардын материалдык маданиятын изилдөөнү алдына максат кылып келишкен эмес. Алар жазып калтырган маалыматтарынын көбү жолдо баратып байкагандары чакан макала түрүндө жарыкка чыккан. Ошондой болсо дагы алардын эмгектери терең кызыгууну жаратпай койбойт [149, 2010: 3-б.], – деп адилет белгилеп кеткениндей, көпчүлүк изилдөөчүлөр элдин маданиятын эмес, аскердик күчүн, жер-суулардын шартын, жаратылышын, кен байлыктарын, аба ырайын ж.б. чалгындоого келишкен. Ушул эле ойду М.И. Венюков да ырастап, кыргыздар (бурут) тууралуу Батыш Сибирдин генерал-губернаторлук географиялык коомуна түшкөн этнографиялык материалдар өтө эле жарды экендигин белгилеген [123].

Эске ала турган жагдай, көптөгөн россиялык саякатчы-изилдөөчүлөр кыргыздар менен казактардын айырмаларын билбегендиктен, адашууларга жол беришкен. Көптөгөн эмгектерде казактар кыргыз деген ат менен берилген. Бул боюнча Л.Ф. Костенко казактар менен кыргыздын айырмачылыгын көрсөтүп жатып, орустар кыргыздарды *«дикокаменный» «таштуу тоолордо»* көчүп-конуп жүрүшкөндүктөн жогорудагый ат берилгендигин айтат. Ошондой эле кытайлар кыргыздарды *бурут* деп аташаарын дагы баса белгилеп, материалдык маданиятын карап, кара-кыргыздардын кийген кийимдери кайсак-кыргыздардан эч кандай деле айырмаланбайт дейт [235, 31-, 49-б.]. А.П. Хорошкин, В.В. Радловдор дагы эки элдин кийимдеринде анчалык деле айырма жоктугун, аялдардын элечек, шөкүлөлөрүнөн жана кийген өтүктөрүнөн гана азыраак айырмачылыктарды табууга болоорлугун белгилейт. А.П. Хорошкин тоо-ташта басып жүрүүгө орто такалуу өтүктөрдүн ыңгайлуу болгондугун белгилесе [435, 21-б.], В.В. Радлов: ... Жалгыз көзгө дароо урунган айырмачылыктары ала-була боолор менен узун этектүү кийимдерин курчап, аларга ок салгычтарын илип, казактарда сейрек кездешкен кийизден жасалган баш кийим – ак калпакты кийип жүрүшөт. Боз үйлөрүнүн ички түзүлүштөрүндө көп айырмачылыктар байкалат. Алсак, бугу уруусундагы кыргыздардын үйүндө килемдер азыраак кездешкен. Ошондой эле казак элинде боз үйдүн жанына найзаларды коюшпайт. Ал эми кыргыздын ар бир үйүнүн тышында найза жөлөнүп

турат. Болгону байларынын үйлөрү кенен жана ыңгайлуу, ал эми кийимдеринде кооздуктар көп [351, 11, 348-б.], – деп алардын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп өтөт. Андан тышкары В.В. Радлов кыргыздардын мүнөзүн: Кыргыз табиятында көп сүйлөбөйт, сүрдүү жана ачуусу чукул. Бирок казактарга салыштырмалуу ачык жана ак көңүл. Ал согуш жүргүзөт, бирок уурдабайт. Конок тосуу ал үчүн ыйык, ал коногун эч качан капа кылбайт. Ал, аны курчап турган такыр өзгөрбөгөн табияттай, алыстан көзгө көрүнгөн, түбөлүк мөңгүлөрүн жамынган алп тоо кыркаларындай, көк майсаң төшөлгөн шиберлери килемдердей жайган өрөөндөрдөй мүнөзү төгүлүп, ошол кулк-мүнөзүн дайыма сактап турат. Ээси кулунан айырмаланбаган сыяктуу эле, алардын байлары кедейлеринен эч кандай айырмаланбайт: тигилер да, булар да бир эле тарбияны алышат, ошондой эле акыл-эсинин өнүгүшү бирдей, кийимдери окшош [350, 11-б.], – деп көркөмдүү сүрөттөгөнгө аракет жасаган.

XIX кылымдын 50-жылдары Орто Азияны изилдегени келген топографтар Е.П. Воронин жана Т.Ф. Нифантьевдер [128], 1860-1914-жылдары келген саякатчы-окумуштуулар, аскер чыгыш таануучулары Г.С. Загряжеский [464; 465; 466], М.И. Венюков [123], Л.Ф. Костенко [235; 236, 237], В.И. Кушелевский [245; 246], Г. Бардашев [74], Ю.Д. Головнина [142], Д.В. Наливкин [316], Н.Л. Зеланд [179; 221], Н.А. Северцов [368], Ч.Ч. Валиханов [117; 118; 119; 120], Д.Л. Иванов [190; 191, 534, 538], И. Яворский [519], Е.Л. Марков [291], И.П. Минаев [367], Д.Д. Семенов [372], П. Назаров [314; 315; 493], А.П. Смирнов [111] (карышкырларга аңчылык кылуу ыкмасын жазат), Б. Громбочевский [535], А.Е. Снесарев [536], А.П. Федченко [420] В.Н. Зайцев [537] В.Л. Тагеев [395; 396; 397], швед саякатчысы жана жазуучусу Свен Андерс Гедин [137; 486; 487], венгер чыгыш таануучусу Армений Вамбери [121], британдык генерал, саякатчы Томас Эдвард Гордондор [349] ж.б. кара кыргыздар жашаган жерлердин дээрлик бардыгында марал, жапайы текелер, аркарлар, жейрен, бөкөн, жолборс, илбирс, ак илбирс, аюу, карышкыр, түлкү, суусар, сүлөөсүн, арс чычкан, кундуз, коендор ж.б. болоорун жазышат. Ошондой эле батыш саякатчылары Ж. Бонвалот [476], Ж. Капю [477], Р. Дор [479; 480; 481], К. Донморе [482; 483], П. Езертон [484], Сара жана Ричар Мичауддар [490], В. Мордендин [491] эмгектеринде кыргыздардын салттык буюмдарынын сүрөттөрү жолугат.

Н. Зеланд жана Н. Северцов XIX кылымдын экинчи жарымында Чыгыш Түркстанга кетип бара жаткан жолунда Нарын өрөөнүндө аюунун: кара жана көгүш түрү болоорун жазып калтырышкан [221, 19-б.; 368, 196-б.]. Н. Зеланд алардын суурлардын ийинин казып, аны менен тамактанаарын дагы кошумчалай кеткен. Жырткыч жаныбарларга алардын териси үчүн аңчылык кылышаарын, баалуу терилерди сатуу кесиби Ысык-Көл өрөөнүндө салыштырмалуу түрдө жакшы өнүккөндүгүн белгилейт. Н. Зеланд мындан тышкары кыргыз элинин кийим-кечектери, аңчылык кесиптери, шири идиштери, суусундуктары жана алардын жасалыштары тууралуу маалымат берип кеткен. Кыргыз мергенчилери түлкүгө, суусарга бүркүт менен, жолборско айласыз учурларда, ошондо да топтошуп алышып аңчылык кылышкандыгын жазат [221, 23-24-б.].

А. Гадло кыргыздардын мал чарбачылыгы алардын аңчылык же мергенчилиги менен чогуу байланыштуу бирдиктүү кесип болгон деп эсептеген. Бирок XIX кылымдын аягынан баштап аңчылык коомдун начар жашаган бөлүгүнүн кесиби катары калса, бай жашаган бөлүгү көңүл ачуу үчүн гана аңчылыкка чыгып калышкандыгын белгилейт. Ошондой болсо дагы «мерген» наамы «баатыр» сыяктуу даражалуу наамдардын катарына кирген. Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнөн жаралган буюмдарга, шырдак-кийиздерге, өрмөктөргө, идиш-аяктарга, ат жабдыктарга ж.б. оюулар, наарлар түшүрүлүп, күмүш менен кооздолгондугун белгилеген [135, 51-52-б.].

Б. Тагеев кыргыз аңчылыгынын сырына көңүл бурган. Памирдеги кулжалардын мүйүздөрү өтө өсүп, тумшуктарын жерге жеткирбей тиреп калган мезгилдеринде ылдыйкы жайыктарга, суу ичкен жерлерине түшүп, ал жердин чөбү түгөнгөндөн кийин ачкачылыктан өлгөндүгүн, баш сөөктөрүнүн жайылып жаткандыгын көрүүгө болоорун жазып калтырган [395, 17-б.]. В.И. Кушелевский ак илбирс, тоо илбирсти же барсты жергиликтүү эл кабылан деп аташаарын билдирет. Ошол эле учурда жөнөкөй илбирс дагы болуп, ал кабыландан тулкусу кыска болгону менен буттары жана куйругу узун болгон дейт. Жогорку изилдөөчүлөрдөн айырмаланып В.И. Кушелевский, Л.Ф. Костенко, И.П. Минаев аң терилеринин базар бааларын тактап жазып калтырышкан [245, 303-320-б.; 235, 239-б.].

В.И. Кушелевский мындан тышкары: көчмөндөр үчүн мал бардыгын түзөөрүн, анын сүтүн ичет, этин жейт, жүнү менен терисинен кийим жасайт, малдын өзүн сатса, нан, кийим-кечек, майда-чүйдө нерселер келет. Эң негизгиси салыкты мал менен төлөшөт. Бирок жылдан жылга кыргыздардын малы азайып, кедейленип, анын артынан жер иштеткенге өтүп бара жатышат. Башында чарбасын колдош үчүн жана азыраак жер иштете баштаса, кийинчерээк толугу менен дыйканчылыкка өтө башташты [245, 304-б.], – деп XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыздардын кесиптеринин кескин түрдө өзгөрө баштаганын белгилейт. Баалуу маалымат катары кыргыздардын Нарын дарыясынан, чоң суулардан торсуктардын жардамы менен өтүү ыкмаларын дагы сүрөттөп жазган [245, 108-б.]. В.Д. Тронов: Кыргыздардын эң негизги байлыгы – анын малы. Кандай гана буюм же башка нерсе болбосун, ал малдын саны менен аныкталган [408, 12-б.], – деп кыргыздардын социалдык деңгээли мал менен өлчөнгөндүгүн көрсөтөт. Ал эми кыргыз тилин жана жергиликтүү элдин турмуш-тиричилигин эң жакшы билген Г.С. Загряжеский: Кыргыздардын жашоосунун ийгилиги алардын малынын санына жараша болот... Малы көппү, ден соолугу чыңбы, бай кыргыз, ал толук бактылуу. Малына балээ келдиби, мисалы, жут, ууру тийдиби, кожоюнга андан өткөн кайгы жок. Алардын малга болгон көз карандылыгы учурашкан сөздөрүндө да кездешет. Алсак, «мал-жан аманбы?» деп саламдашат [464; 417, 52-б.], – деп өтө көп маалыматтарды, эң негизгиси териден жасалган буюмдардын аталыштарын, түрлөрүн жана жасалыштарын кенен сүрөттөйт [464].

М.И. Венюковдун билдирүүсү боюнча 1860-жылдар Чүй, Токмоктун бийик өскөн камыш арасында жана токойлорунда азиянын жолборстору жашаган. Бул жерлерди кара кийик (доңуз) менен жолборстордун мекени катары сүрөттөп, Омскиге жаш жолборстун терисин ала кеткендигин, жеген олжо-жаныбарларынын көптүгүнө байланыштуу алардын чоң боло тургандыгын белгилеген [123, 98-б.].

В.В. Григорьев кыргыздардын иттин терисин пайдаланбай калгандыгынын бир себеби катары кыргыздардын байыркы ата-бабалары болуп эсептелген сактардын «сак» аталып калышына байланыштуу болушу мүмкүн экендигин өзүнүн изилдөөлөрүндө бир вариант катары сунуштайт. Перстерде ит ыйык жаныбарлардын

бири болгондуктан, сактарды чоң урмат-сый жана ыйык мүнөздөө менен «ит» (сак) деп атап коюшу мүмкүн экендигин көрсөткөн [150, 108-109-б.].

Фергана өрөөнүндө жайгашкан кыргыз урууларын изилдеген Н.Ф. Ситняковский отурукташкан элдер жана көчмөндөр тууралуу өзгөчө оюн билдирген. Анын макаласында: Фергана өрөөнүндө жашаган элдердин кайсыл расага кирээрин мындай коюп, биринчи, алар отурукташкан элби же көчмөндөрбү, алгач, мына ушуну белгилеп алуу керек. Ишенген диндери бир болгону менен, алардын турмуш-тиричилик шарттары кескин айырмаланып турат [378, 96-97-б.], – деп элдердин салттык маданияттарын изилдөөдөн мурун алардын чарбалык мүнөздөрүн аныктап алууну сунуштаган. Чындыгында эле тили, дини бир эл болгону менен чарбалары ар кыл болуп, коомдун түрдүү өнүгүү деңгээлинде жашашкан.

В.Л. Тагеев «Алай канышасы» деп аталган аңгеме түрүндөгү күндөлүгүндө Алай кыргыздарынын жашоо тиричилиги, кийген кийимдери тууралуу азыраак маалымат берип, кыргыздар кымыз суусундугу үчүн торсуктарды пайдаланып, кыргыздардын көпчүлүгү кой терисинен жасалган тебетейлерди кийип жүрүшкөндүгүн жазат [396, 104-б.].

Илимий изилдөөлүк иште өтө баалуу материал катары П.М. Кошаровдун 1857-жылы П.П. Семенов менен бирдикте Тянь-Шанга жасаган экспедициялык жүрүшүндө колго тартылган сүрөттөрү, дептерлери эсептелет. П. Кошаровдун альбому жана дептерлери 1953-жылы С.М. Абрамзон тарабынан терең изилдөөгө алынып [32, 157-158-б.], илимий айлампага сунушталган.

Октябрь революциясына чейин териден жасалган жалпы тиричилик буюмдар, кийимдер тууралуу Л.Ф. Костенконун, Г.С. Загряжский, В.И. Масальскийдин, М.И. Венюковдун, Е.Л. Марковдун, Н.А. Аристовдун, Б. Смирновдун, Г. Бардашевдин эмгектеринен жолуктурабыз. Кыргыздардын бут кийимдери тууралуу Г. Бардашев, М.И. Венюковдор: ... кыргыздар бут кийимин орустардын кызыл терисинен жасайт [74, 389-б.; 123, 111-б.]; ... Кара кыргыздардын кийген бут кийим ташкенттиктердикине окшошуп кетет. Такалары бийик, артына кыска из калтырып кетет [123, 110-б.], – деп бут кийимдерди азыраак сүрөттөп, ал эми ага керектелүүчү терилер орустардан алынаарын баса белгилешкен. Кыргыздардын бут

кийимдерине салыштырмалуу териден жасалган башка буюмдар (чанач, көнөк, көөкөр, торсук, сабаа ж.б.) тууралуу кеңири маалыматтарды берип өтүшкөн. Ошол эле учурда, башка орус саякатчылары башкыр [432], татар [226; 127], Сибирь, Алтай элдеринин [381] бут кийимдери жөнүндө кенен сүрөттөөлөрдү беришкен.

Князь В.И. Масальский Түркестандагы, Орто Азиядагы байкоолорунда кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн, кийим-кечектерин сүрөттөп жатып: ... Терини иштетүү алгачкы жамааттык коомдогу ыкмалар менен жүргүзүлгөндүктөн, анчалык деле сапаттуу булгаарыларды алалышпайт [292, 532-б.], – деп үстүртөн гана жазып, көп токтолбойт.

М.И. Бродовский башка изилдөөчүлөрдөн айырмаланып, Түркестан элдеринин, анын ичинде кыргыз көнчүлөрүнүн терини ашатуунун, ийлөөнүн төрт ыкмасын, алардан алынган булгаарылардын түрлөрүн саноо менен бирге, терини ашатууну, ийлөөнү, эң негизгиси малманын жасалышын, ыштоонун жана анын сырларын ачык сүрөттөөгө алган [101, 39-46-б.].

Ч.Ч. Валиханов кыргыздардын материалдык, руханий маданиятын, алардын жүрүм-туруму тууралуу да кенен маалымат бергенге аракет жасаган. Ч. Валиханов: Кара кыргыздар (дикокаменый) кайсактарга салыштырмалуу баатыр келишет деп белгилесе, Армений Вамбери өзбектерге караганда кыргыздардын жоокер эл экендигин белгилеп өтөт [120, 385-б.; 121, 188-б.]. Ал эми Ю.Д. Головнина өзүнүн күндөлүк түрүндө жазган эмгегинде кыргыздардын сарттарга салыштырмалуу өңдүү, шамдагай, кең пейил, бала мүнөз боло тургандыгын, кийген кийимдери катары сары тондорду, чалбарларды жана баштарына койдун терисинен жасалган чоң тебетейлерди кийип жүрүшкөндүктөрүн сүрөттөгөн. Жапайы жаныбарлар (тоо текелер, кийик, доңуз, суур ж.б.) өтө көп болгондуктан, жергиликтүү элдин тамак-аштан анчалык деле кыйналбастыгын белгилейт. Бийик тоолордо аттын, төөнүн, уйдун ролун мыкты аткарган топоздорго (котос) суктануусун жашырбайт [142, 71-135-б.].

Ч. Валиханов кыргыздардын жоокердик таланттарын жогору баалаганы менен, айрым жерлерде кыргыздардын ички маданиятын, кийим-кечесин, үрп-адаттарын сүрөттөп жазганда жийиркенип, ошол эле учурда чындыкка жакындабаган

маалыматтарды дагы келтирип өткөн [117, 61-б.; 120, 387-б.]. Ошондой болсо дагы анын билдирүүлөрүнөн кызыктуу материалдарды табууга болот. Мисалы, Ч. Валиханов черик уруусунун башчысы Боорсок бийдин үйүнө барганда, анын боз үйдүн ичинде төр жакта, ал эми аялы анын сол жагында музоонун терисинин үстүндө олтурганын, ошондой эле Боромбай бийдин аялы дагы музоонун талпагында олтурганын сүрөттөйт [117, 60-б.; 410, 109-б.]. Демек, бул жерден көрүнүп тургандай, бугуну музоо, торпоктордун ийленген терилеринин үстүндө белгилүү адамдардын аялдары олтурган деген тыянак чыгарууга болот.

Ч.Ч. Валиханов Ысык-Көлгө келгенде, аны бугунун манаптары тосуп чыгышкан. Алардын кийимдерин төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: Карачтын башында кийизден жасалган төбөсү учтуу, маңдай жана желке жагы тилик талаалуу калпак, калың түктүү кездемеден тигилген, биздикилердин аскердик кийимине окшош жакасы тик, көкүрөгүнө үч тилке түшүрүлгөн чыгыштын чапаны, бутунда кызыл булгаарынын сыны анча эмес, жыгачтан така салынган өтүк. Карачтын баласы атасындай эле кийинген. Болгону чапанынын түсү ачык түстөн тигилип, баркыттан кайырма жака жана жең салыныптыр. Найза көтөргөн саргылы, ички кийиминин үстүнө кийизден жасалган кементай гана кийип турса, экинчиси күндүн ысыгына карабай жылаңач денесине тон, башына көрпө тебетей кийип алган [117, 59-б.; 196, 68-б.; 410, 114-116-б.]. Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү тууралуу да азыраак маалымат берип, айрым жерлеринде адашууларга дагы жол берген. Мисал келтирсек, кара кыргыздардын айбанаттарды, балыктарды кармоо сыяктуу кесиптерди билишпегендигин жазат [119, 32-б.; 410, 97-б.].

Революцияга чейинки изилдөөчүлөрдүн ичинен А. Фелькарзам кыргыз килемдерине, ага түшүрүлгөн оюуларга өтө чоң баа берип: Андижан жана Ош уезддеринде килем өндүрүшү кыргыздардын гана, өзгөчө ичкилик урууларынын колунан жаралаарын, андан тышкары, кыргыз чеберлерине «килем өндүрүшүнүн чыныгы сүрөтчүлөрү» деген атак берген [422, 59-б.; 338, 35-б.]. Ташкент шаарына жөнөтүлгөн А. Шишов XX кылымда сарттардын жашоо-тиричилигин сүрөттөп жатып, кыргыздардын тери боегон өсүмдүктөрүн атай кеткен [453, 273-б.].

Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгү, чарбага жана турмуш-тиричиликке керектүү тери буюмдарынын жасалышы, аларга колдонгон ыкмалары орус аскер кызматкерлеринин, саякатчыларынын кызыгууларын туудургандыктан, алар Ташкент шаарында 1870-жылдан 1917-жылга чейин чыгып турган «Туркестанские ведомости» газетасына отчеттук үлгүдө маалыматтарын, тарыхый баяндамаларын жарыялап турушкан [464, 465, 466].

Чет элдик окумуштуулардан Свен Гедин кыргыздардын тыш кийимдерин сүрөттөп жазбаса дагы, анын тартып алган сүрөттөрү өтө баалуу маалыматтарды берет. Ал маргаландык кыргыз усталардын жыгачтан жагдандарды же сандыктарды жасашып, ага оюу түшүрүлгөн булгаарыларды каптап кое тургандыктарын, бул сандык көчтө артып жүрүүгө өтө ыңгайлуу болоорун жазган [137, 80-, 122-, 141-б.].

Венгриялык окумуштуу, этнограф Георги Алмаши Ысык-Көлдүк кыргыздардын үй тиричилигинде пайдаланылып келген 25 буюмун калем менен сүрөткө тарткан. Ал сүрөттө шириден жасалган 6 буюмдун, тагыраагы: чанач, кол чанач (сүрөттө чанач деп эле берилген), саба, көнөк, тулуп, көнөчөктөрдүн сүрөттөрү киргизилген [475, 321-б.]. Сүрөттөрдөн даана көрүнүп тургандай, чаначтын бир нече түрүн киргизүүгө аракет кылган. Ошол эле эмгектин 542-бетинде мүнүшкөрлүккө байланышкан куралдардын сүрөттөрү берилген. Ал жерде мээлейдин эки түрү; томогонун чоң, кичине же куштардын түрүнө жараша (бүркүт, ителги) жасалган төрт түрү; балдак, балдактын ачасына төшөлгөн кайышы, куштун канатынан жана түлкүнүн куйругунан жасалган чырга; куш боонун эки түрү, биринчиси өрүлүп, жумшак булгаарыдан бычылып тигилгендиги даана байкалып турса, экинчиси чийки кайыштан эле жөнөкөй ыкмада чалма салынып эле жасалгандыгын көрүүгө болот [475, 542-б.].

К. Маннергейм 1906-08-жылдары Азияга жасаган экспедициясында түштүк кыргыздардын турмуш-тиричилигин чагылдырган сүрөттөрдү тартып алган. Бирок ал сүрөт тууралуу тексттик баяндамалар, кийимдердин аталыштары, кимдер кийгендиги жөнүндө маалыматтары такталып жазылбаса дагы, сүрөттөр аркылуу эле аларды илимий изилдөөгө, талдоого алууга болот [489, 432-б.].

Жогоруда көрсөтүлгөн биринчи тарыхнаамалык доордо авторлор өтө баалуу жана керектүү эмпирикалык материалдарды беришкен. Алардын берген маалыматтары изилдөөнүн жүрүшүндө пайдалуу болгондугун билдиребиз. Бирок айрым эмгектерде кыргыз элинин кийимдери, айрыкча бут кийимдери, алардын жасалуу ыкмалары, тери иштетүү кол өнөрчүлүгү жана каада-салт, ырым-жырымдарынын маанисин төмөндөтүүлөргө дагы жол берилген. Көрсөтүлгөн доордогу изилдөөлөр байкоолордун, сүрөттөлөрдүн кээ бир фрагменттерин гана берүүнүн негизинде жүргүзүлүп, кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн талдоого алышкан эмес. Ошондой болсо дагы бул эмгектер этнографиялык байкоолордун биринчи тажрыйбасы катары маанилүү булак бойдон кала берет.

## § 1.2. Совет доорундагы тарыхнаама

Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн экинчи тарыхнаамалык доорунда илимий изилдөөнүн жаңы ыкмалары археологиялык казуулардан алынган материалдар менен толуктала баштаган. Изилдөөнүн жүрүшүндө библиографиялык топтомдор көп жардам берди [56].

Кыргыздардын салттуу буюмдарын түшүнүүдө археологиялык казуулардан табылган артефакттар өтө маанилүү орунду ээлейт. Кыргызстандын аймагында археологиялык казууларды, изилдөөлөрдү системалуу жүргүзүү совет мезгилинде гана башталган. Алгач, П.П. Иванов 1926-27-жылдары, А.Н. Бернштам 1939-49-жылдары Жети-Суугa (Семиречье), андан кийин Тянь-Шань-Памир-Алайга (1949), Ысык-Көл тарыхый-археологиялык экспедициясы 1959-62-жылдары, Д.В. Винник 1972-жылы Ысык-Көл өрөөнүнө ж.б. тарыхый-археологиялык экспедицияларды уюштурушкан [65, 3-б.]. Бирок биздин темага байланыштуу материалдар өтө эле аз табылган. Анткени тери же булгаары, алардан жасалган буюмдар көп убакытка чыдоо касиетине ээ болбогондуктан, бизге жеткен эмес. Ошондой болсо да советтик доордо жүргүзүлгөн археологиялык экспедициялардын жыйынтыгы көптөгөн суроолорго жооп бере алат. Алсак, А.Н. Бернштам 1939-жылы Кеңкол көрүстөнүнөн тапкан аялдын кийимдерин изилдеп жатып көйнөгү жибектен, анын шымы булгаарыдан жасалгандыгын, ал эми кийген бут кийими такасыз жумшак өтүк болгондугун белгилеп, өтүктү азыркы мезгилдеги чарыкка окшоштурган [89, 37-б.]. Ушуга окшош эле археологиялык табылгалар Талас суусунун жанындагы кургандардан тери шым, орто азиялык типте жасалган чарыкка окшош жумшак тери өтүк табылган [90, 39-б.]. Археологиялык казуудан табылган курум маасыны С.И. Руденко жана Д.Ф. Винник терең изилдөөгө алган [359, 40-б.; 124, 84-85].

1948-жылы А.Н. Бернштамдын жетекчилиги менен жасалган Памир-Фергана экспедициясында Чыгыш Памирдин бөксө тоосунда биринчи сак Памир I көрүстөнү ачылган. А.Н. Бернштам табылгаларды талдап жатып, аларды Алтайдагы майэмир этабына жана Венгрияда табылган сактардын ат жабдыктарына өтө жакын экендигин, ошондой эле табылгалар б.з.ч. V-IV кылымдарга таандык экендигин белгилеген [88, 128-сүрөт; 145, 179-б.].

С.М. Абрамзон өзүнүн эмгегинде: ... Археологиялык маалыматтар Тянь-Шань тоолорунда жана өрөөндөрүндө б.з.ч. VII кылымдан баштап эле көчмөн мал чарбачылыгынын мурдатан келаткан формалары болгондугун далилдеди. Ошондуктан кыргыздардын мал чарбачылыгынын салтка айланып калгандыгы бул маалыматтарга байланыштырылбай каралышы мүмкүн эмес... [36, 52-б.], – десе, ... Кетмен-Төбөдөгү казылган коргондордон (курган) сак доорунун эрте көчмөнчүлүк мезгилине (б.з.ч. VI-V кылымдар) тандык ат жабдыктар табылган [402, 26-, 71-, 117-б.], – деп археолог К. Ташбаева белгилейт. Бирок археологиялык казуулар жүргүзүлгөн жерлерден ат жабдыктар толугу менен табылбаса дагы, анын темир бөлүктөрү, тердиктин, үзөңгү кайыштардын кесиндилери табылгандыгын белгилөөгө болот.

Д.В. Винник байыркы түрктөрдүн ар кандай илгичтер кадалган курларды белге курчанып, аларга оттук жана башка майда-бараттар, кайрак, бүлөө салынуучу баштыктарды тагынып жүрүшкөнүн археологиялык маалыматтардын негизинде аныктаган. Түрктөр үчүн мүнөздүү мындай куралдардын жасалгалары, баштыктары Кыргызстандын Чүй жана Талас өрөөндөрүндө да табылган [124, 88-б.].

И. Кожомбердиев Кетмен-Төбөдөн табылган буюмдарды талдап, алтындан жана күмүштөн жасалган буюмдарга көбүнчө айбанаттардын жана жырткыч куштардын түшүрүлүшү алардын диний түшүнүктөрүнө байланыштуу болгондугун түкшүмөлдөгөн [232, 170-б.].

Совет доорундагы окумуштуу-этнографтардын дээрлик бардык этнографиялык эмгектери коммунисттик идеологиялардын концепцияларына жана тарыхый материализм принциптерине багытталып жазылган. Ошентсе да этнология, айрыкча, материалдык маданиятка байланышкан изилдөөлөр салыштырмалуу түрдө азыраак бурмалангандыгын 1933-жылы өткөн Жалпы союздук этнографтардын съездинде А. Данилин белгилейт [462, 114-б.]. Ал эми Ю. Слезкин советтик этнографиянын 1928-38-жылдары «эси ооп» калгандыгын, өнүгүп келе жаткан багытын жоготуп жибергендигин жазган [371, 113-125-б.]. Башкача айтканда, өлкөдө жүрүп жаткан саясат этнология илиминин өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип, көптөгөн мыкты

этнологдор саясий көз караштары үчүн түрмөлөргө отургузулуп, курман болушкан (Андреев М.С., Фиельструп Ф.А. ж.б.).

Совет доорундагы этнографиялык изилдөөлөрдүн өнүгүүсүнө 1931-жылдан тартып «Советская этнография» журналынын жарык көрө баштashы, 1940-50-жылдары СССРдин ИАнын Этнография институту жана союздук этнографтар тарабынан түзүлгөн «Народы Средней Азии и Казахстана» II томдугунун, «Народы мира» көп томдугунун [318], 1956-68-жылдары «ТКАЭЭ» китебинин V томдугунун чыгарылыштары өтө чоң салым кошкон [317]. Аталган эмгектерде кыргыздардын салттык маданиятына, кол өнөрчүлүгүнө байланышкан маалыматтар берилген.

Памир 1920-30-жылдары деле өзүнүн актуалдуулугун жоготкон эмес. Тактап айтканда, саякатчы-окумуштуулар С.Г. Григорьев [151, 152], Д.В. Наливкин [316], Г.Э. Грумм-Гржимайло [153, 532] ж.б. памирликтердин жашоо-тиричиликтери, жапайы жаныбарлары жана колдо багылган малдары тууралуу маалыматтарды калтырышкан. Г.Э. Грумм-Гржимайлонун кол жазмалар фондунда сакталып калган эмгегинде кыргыздардын соода-сатыгы тууралуу: Памир кыргыздарынын жакыр жашашынын себеби, чектеп айтсак, аларда 1887-жылга чейин кол өнөрчүлүк жайылган эмес. Кайсыл нерсеге муктаж болсо, ошол нерселердин бардыгын, айрыкча, кийим, бут кийимдерине чейин сатып алышкан. Алмашуунун негизги эквиваленти катары кой жүргөн [532; 338, 39-б.], – деп кол өнөрчүлүктүн кенен тарабагандыгы, алардын жакырчылыкта жашагандыгын негизги себеби деген.

Ал эми советтик антрополог Л.В. Ошанин кыргыздардын көптөгөн мезгилдер бою көчмөнчүлүк жашоо мүнөзүн өзгөртпөй келе жаткандыгын: Кыргыздар өздөрүнүн көптөгөн кылымдар бою колдонуп келе жаткан адаттарынын, салттарынын жана жедеп кандарына сиңген көчмөн жашоолорун өзгөрткүлөрү келбей отурукташуу жашоо мүнөзүнө күч менен же каалабай эле өтүп жатышат. Алар экономикалык күчтүү жагын салттык деп кабыл алып, бийик жайлоолорун таштагылары келишпейт [327, 2-б.], – деп кыргыздардын XX кылымдын биринчи чейреги бүткөндүгүнө карабай же социалдык-экономикалык коомдун өзгөргөнүнө макул болбостон отурукташпай жатышкандыгын белгилеген.

В.М. Плоских көчмөндүн үй бүлөсүнүн ийгилиги, экономикалык абалы анын чарбасына, малынын башына жараша өнүккөндүгүн көрсөтөт [338, 22-34-б.].

Э.Ж. Маанаев Памирде жашаган кыргыздардын турмуш-тиричилиги, үй чарбачылык кесиптери жөнүндө жазып жатканда: Ал жерде жашаган кыргыздарда үй тиричиликке жана чарбачылыкка керектүү нерселерди көпчүлүк учурларда өздөрү жасап алуу менен, негизинен мал чарбачылык сырьелорун кайта иштеп чыгып, жүндөн же териден ар түрдүү керектүү оокаттарды жасашкан. Мисалы, жүндөн жасалган буюмдар, боз үй жана кийим менен камсыз кылса, териден жасалган буюмдар анын экинчи бөлүгүн түзгөн [266, 63-б.], – деп памирликтердин жетишпеген нерселерин өздөрү жасап алышаарын, тагыраак айтканда, анчалык деле көп нерселерге муктаж боло бербегендигин белгилеп, айрым окумуштуулардын ойлоруна кошулбайт.

С.Г. Григорьев Памир жергесинде аркар-кулжа, кийиктердин көп, ошондой эле кичинекей кезинде кармап, багып алгандары да болгондугун, андан тышкары ак тырмактуу күрөӊ аюу, суур, кар илбирси, ошондой эле суунун жээктеринде кундуз, алардын Кара-Көлдөгү балыктардын баарын жок кылып койгондугун жергиликтүү элден уккандыгын, андан тышкары Памирдеги мазарларда аркар-кулжалардын, кийиктердин мүйүздөрү, куйруктары сайылган союлдар, түрдүү түстөгү кездемелердин айрындылары илинген чүпүрөктөр илинип тургандагын көрүүгө болоорлугун белгилеп кетет [152, 18-б.]. Ал эми Д.В. Наливкин: Кутас – бул Памирдин падышасы, өзгөчө жаныбар. Башы жана мүйүзү буканыкындай, жүнү эчкиникиндей, куйругу жылкыныкындай, көкүрөгү паровоздой, анан чочкодой коркулдап турат [316, 8-б.], – деп топоз жаныбарын өтө кызыктуу салыштырмалар менен сүрөттөп өтөт.

М. Мамыров Памирде жапайы жаныбарлар өтө көптүгүн, жапайы жаныбарлардын көп санда болушу жергиликтүү элди мергенчилик кесибине түрткөндүгүн, ошол эле учурда Чыгыш Памирде жашаган кыргыздар мергенчиликке өзгөчө мамиле кылышкандыгын жазган [528, 6-б.].

Россиялык жана советтик этнограф-саякатчы Ф.А.Фиельструп изилдөөлөрүндө кыргыздардын оюн, салт-санаа, үрп-адаттарынан тышкары, кийген кийимдери, анын

ичинде кыш мезгилинде кой терисинен жүнү ичине каратылып тигилген шымдарды, ал эми жай мезгилдеринде жаргак шымдарды кийишээрин, айырмачылыгы, мурункуларга салыштырмалуу таар шымдарды көп кийип баштагандыгын көрсөтөт. Дагы бир өзгөчөлүгү катары багелектердин эки жагы толук тигиле баштагандыгын белгилейт. Ошондой эле тоо текелердин терисинен тигилген шымдарга сайма саюу өтө сейрек кездеше баштагандыгын баса көрсөтүп кеткен [426, 8-б.; 424].

П. Кушнер дагы кыргыздардын кой терисинен тон, ичиктерди, эчкинин терилеринен кымыз идиштерин жана жөнөкөй бут кийимдерди жасашаарын жазат. Одуракай, жакшы ийленбей калган терилер малчыларга жана кичинекей балдардын бут кийимдерин жасоого жумшалса, колунда барлар бут кийим тигилчү булгаарыларды базарлардан сатып алышкан [247, 39-б.], – деп кыргыз кол өнөрчүлөрүнүн сапаттуу булгаары ала алышпагандыгын бир сүйлөм менен белгилеп кетет.

Кыргыздардын жыгаччылыгын жана тери буюмдарын тыкыр жана дыкат изилдеген А.Ф. Бурковскийдин: Кыргыздардын кесибин жана өнөрүн бүгүнкү күнгө чейин системалык түрдө сүрөттөп изилдеген басмалар жок [105, 71-б.], – деп белгилеп өткөнүндөй, кол өнөрчүлүк, анын ичинде тери иштетүү өнөрү илимий изилдөө объектиси катары каралбагандыктан, изилдөөчүлөр теринин ийлениш сапаттарын жакшы билишкен эмес. Ошондуктан алар изилдөөлөрүнүн жүрүшүндө кайсыл бир деңгээлдерде гана маалымат берип, аларга кененирээк талдоолор жүрүп, түшүндүрмөлөр берилбейт. Бирок алар тери иштетүү өнөрүн, териден жасалган жалпы буюмдарды максаттуу изилдөөгө алышпаса дагы, эмгектеринен баалуу маалыматтарды жолуктурууга болот.

Кыргыз элинин тери иштетүү өнөрүн, жасалган салттуу кийимдеринин, буюмдарынын, идиш-аяктарынын түрлөрү, алардын жасалыштарынын өзгөчөлүктөрү жана айырмачылыктары тууралуу маалыматтарды Б. Солтоноев [383; 384], М.Т. Айтбаев [41; 42; 520; 521], С.М. Абрамзон [31; 32; 33; 34; 35; 36; 37], Д. Айтмамбетов [43, 522], А. Абышкаев [38], К. Усенбаев [417], М. Мамыров [528], К.И. Антипина [59; 60; 61], А.Ф. Бурковский [104; 105], А.А. Байбосунов [73], В.С. Виткович [125], Е.И. Махова [297; 298; 299], Э. Сулайманов [388],

Ж. Мукамбаев [307], К.К. Юдахин [255, 360, 458], К.И. Петров [333, 472], Б.Х. Кармышева [216, 217], Т. Баялиева [82, 83], В.В. Плоских [336; 337; 338], Э.Ж. Маанаев [266] Г.Н. Симаковдордун [330, 375; 376; 377] ж.б. эмгектеринде кездешет.

Кол өнөрчүлүктүн пайда болушун жана өнүгүшүн изилдөөгө алган С.М. Абрамзон төмөнкүлөргө токтолот: Тарых далилдери, ошондой эле Түштүк Сибирде, Жети-Сууда, Тянь-Шанда жана Памир-Алайда кеңири масштабдарда жүргүзүлгөн археологиялык изилдөөлөр кыргыз урууларынын материалдык маданиятында сактардан, гунндардан жана усундардан тартып түрктөргө жана моңголдорго чейинки көчмөндөрдүн материалдык маданиятынын салттары тигил же бул даражада улантылып келген деп ырастоого мүмкүнчүлүк берет..., – деп кыргыздардын байыркы көчмөн элдердин түздөн-түз мураскору болгондугун моюнга алат.

С.М. Абрамзон кыргыздардын кийим-кечеги тарыхый ар кыл себептерге, коңшу элдер менен маданий байланышууларына, географиялык жайгашууларына, эң негизгиси, аймактын климатына жараша жасалып тигилгендигин көрсөтөт. Бут кийимдердин такасынын бийик болушу дагы алардын жүргүзгөн чарбасына, тагыраагы, ат минүүгө ылайыкташтырылгандыгын айтат. Өтүктөрдүн кеңири тараганы такасы жок, жумшак тамандуу, апкыты калың маасы менен көлөш, түштүк кыргыздарда такасы жок, катуу тамандуу, учу кайрылып турган өтүк мөкү аталгандыгына токтолуп өткөн. Байлар тери тамандуу, бирок кончу баркыттан салынган өтүктөрдү дагы кийишкен. Жакыр жашаган бөлүгү чокой, чарыктарды пайдаланышкан [31, 36-б.; 36, 88-б.], – деп бут кийимдерге токтолуп өткөнү менен, алардын түрү, аталыштары ж.б. туурасында эч кандай маалымат бербейт.

Кыргыздын алгачкы этнограф-тарыхчысы Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде: «... Өздөрү териден иштетип, тон, шым, тебетей, жүндөн чепкен, калпак, кементай, жамынчы, кийиз өтүк, түрдүү, түрсүз кийиз, кап, аркан, жип-шуу иштеген. Тоо теке, жаки үй теке, жаки серкенин терисинен сары жаргак шым жасап, багалегин кең жармаң кылып, бай феодалдары болсо саймалап, кундуз кармап, «кең багелек – келбер шым» деп кийишкен. Кементай, тондон башкасын шымданып алган. Мындай

шым беш-алты жылга чыдаган» [383, 12-б.], – деп кийимдердин түрлөрүн саноо менен, аларды кийинүү тартибин дагы эске сала кетет. Жука тыш кийимдерин кыргыздар эле эмес башка элдер дагы шымданып алышкандыгы тууралуу көптөгөн маалыматтар бар.

1951-жылы СССРдин Илимдер академиясынын Этнография институтунан С.М. Абрамзон, К.И. Антипина, Г.П. Васильева, Е.И. Махова, Д. Сулаймановдор Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк жагында жайгашкан Чычкан жана Дархан айылдарына жасаган этнографиялык экспедициясында: ... XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап эркектердин тондору койдун терисинен жасалып, тондун өңүрү жана жээктерине аңдын терилери жээктелбей, кара койдун териси жээктелип, жакасы чоң кайырма түрүндө тигиле баштаган [33, 176], – деп орустардын келиши менен тондордун жасалышында да чоң өзгөрүү болгондугун белгилешет.

Кыргыздардын жана телеуттардын тыш кийимдериндеги окшоштуктар тууралуу Е.И. Махова өз изилдөөлөрүндө маалымат берет [297, 57-б.]. Е.И. Махова кыргыздардын баш кийими тебетей тууралуу өтө чоң изилдөөлөрдү жүргүзүп, алардын аталышы, тигилиши, формасы, даярдалышынан тышкары кайсыл бир белгилүү аймакка же урууларга таандык белгилерин дагы аныктаганга көп аракет жасаган [297, 50-б.].

Б. Жамгерчиновдун эмгегинен XIX кылымдын экинчи жарымында Жумгал өрөөнүндө өткөн Медет датканын ашында ат чабыштын баш байгесине аң терилери менен шөкөттөлгөн 500 чатыр, 6 кул, 6 күң коюлгандыгы тууралуу маалымат жолугат [156, 43-б.].

В.В. Плоских кыргыздардын турмуш-тиричилигинде терилерди көбүрөөк иштетип, андан кышкы тери кийимдерди, идиш-аяктарды, ат жабдыктарды жасап, алардын ыңгайлуу жана көркөмдүү болушу үчүн оюуларды дагы түшүрүшкөндүгүн белгилеп, эркектердин жана аялдардын эмгектеринин бөлүнүштөрү тууралуу дагы өз оюн билдирген [336; 337; 338].

К. Усенбаев Кокон хандыгынын тушундагы кыргыздардын социалдык абалы, чарба иштери тууралуу азыраак токтолуп, жылкынын терисинен бут кийим, жүгөн-нокто, саба ж.б. буюмдарды жана жергиликтүү элдин тон, ичик, тебетей, көлдөлөң,

чанач, тулуп, супара, өтүк, ат жабдыктарды, кайыш, кындарды териден жасап алышаарын, ошондой эле алардын колдонгон ыкмалары өтө жөнөкөй, сапаттары төмөн болгон [417, 54-, 75-б.], – деген аныктамасын үстүртөн берип, так себептерине токтолбой өтүп кеткен.

М. Мамыровдун Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна өткөргөн материалдарында Памирлик кыргыздардын кийим-кечектери тууралуу маалыматтарды берген. «Кийим кийүүдө аялдар дайыма кызыл түстүү кездемелерден кийишсе, ал эми кара менен көктү жакындары өлгөндө гана аза күтүү белгиси катары кийүүгө туура келген [528, 7-б.], – деп кийимдердин түстөрүн белгилеп, алардын маанилерин ачып берүүгө аракет жасабайт.

М.Т. Айтбаев Ысык-Көл облусунун мисалында жазган эмгегинде, кыргыздардын чарбасы, кийим-кечеси жана жапайы жаныбарлар тууралуу: Кыргыздар жылкы, кой, ири мүйүздүү мал, эчки, төө жана айрым учурларда топоздорду кармашкан. Кыргыз малдары азыраак пайда берген. Бирок анчалык деле багууну талап кылбай, ошол эле учурда үй чарбачылыгына керек болгон кийим, тамак, үй керек-жарактарын, идиш-аяк жана отунду берүүчү каражаттын бир түрү болгон; Кыргыз эли малды, анын ичинде койдун санын дагы өстүрүүгө көп аракеттерин жумшашкан. Койдун жүнүнөн башка, терисинен тон, ичик, бут кийимдерди жана шымдарды тигип кийишкендигин белгилеп, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө кенен пайдаланылган «талкуунун» сүрөтүн киргизе кетет. Бирок ал тууралуу эч кандай сүрөттөмөлөрдү бербейт [41, 51-, 58-, 86-б.].

Этнограф Э. Сулайманов 1975-76-жылдары Нарын жана Ош облустарынан маалымат чогултуп жүргөнүндө, өрүлүп жасалган ат жабдыктары кенен жолуккандыгын, ошол эле учурда музейлик коллекциялардан тышкары да кошумча маалыматтарды тапкандыгын, бирок эски жана жаш усталардын өрүм техникасы тууралуу толук маалымат бере алышпагандыгын өкүнүү менен билдирет. Бул жерде негизги маселе катары өрүм иштерин аткарууда колдонулган курал-жарактар маанилүү болгондугуна токтолгон. Андан тышкары К.И. Антипина ж.б. этнографтар кулакчын баш кийимин казактарга таандык кылышып, кыргыздардын кийишпегендигин жазып келишсе, Э. Сулайманов талаа материалдарынын, Алай

өрөөнүндө тартылган сүрөттөрүнүн негизинде кулакчынды кыргыздар дагы байыркы мезгилдерден бери эле кийип келишкендигин тастыктаган [388, 178-б.; 238, 49-б.].

Белгилүү тилчи окумуштуу К.К. Юдахин 1940-60-жылдары кыргыздар жашаган бардык аймактарды кыдырып, сөздөрдү, алардын түшүндүрмөлөрүн гана чогултпастан, кыргыздардын социалдык-экономикалык жана маданиятын чагылдырган сүрөттөрдү тартып, 100 сүрөттү Кунсткамерага (Петр I атындагы антропология жана этнография музейине, Санкт-Петербург шаары) өткөргөн.

«Кисе», «кеш» буюму эле эмес, сөздүн этимологиясы боюнча С. Абрамзон, А. Бернштам, Х. Карасаев, И. Молдобаевдер изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн [90, 40-б.; 36, 97-б.; 212, 155-б.; 302, 122-б.]. М. Мамыров Памир кыргыздарынын кисе тууралуу фольклордук ырларын дагы жазып алган. Мисалы, Айчыктуу кисе байланган / Адырмак товду айланган / Булгаары кисе байланган / Будурмак товду айланган [558, 12-13-б.]. Кыңыракта кын болбос (104-сүрөт) / Кын болсо да салып болбос [558, 31-б.], – деп берилген. Демек, бул жерден байкалып тургандай памирлик кыргыздарда кисени пайдалануу, алып жүрүү күнүмдүк эле көрүнүш болгон. Түштүк алтайлыктар (теленгиттер) кынырар бычак деп айтышкан [406, 12-б.].

Б.Х. Кармышева [216], А.Ш. Абышкаевдер [38] каратегиндик кыргыздардын мергенчилиги, аңчылыктары жана күмүш кемер-курлары тууралуу азыраак маалыматтарды беришкен.

Д. Айтмамбетов, А. Байбосунов, Г. Симаковдор кыргыздардын жырткыч, аң куштарын колго үйрөтүү, аларга колдонгон буюмдарын жазышкан. Д. Айтмамбетов, А. Байбосуновдор мергенчилердин жана аңчылыктын ышкыбоздору кышкысын аңга чыкканда, аска-зоолордо жүрүүгө ыңгайлуу болушу үчүн өтүктөрүнө тай туяктарды байлап же чылгыйдан жасалган чарыктарды кийип алышкандыгын, андан тышкары кар үстүндө жүрүүгө ылайыкташтырылган жыгач алкактарга кайыштар менен арчындалган жапкактарды пайдаланышкандыгын [43, 178-б.] азыраак белгилеп өтсө, Г. Симаков, А. Байбосунов, М. Айтбаевдер жырткыч куштарды кармоодо пайдаланылган курал-жарактардын бардыгын, алардын түрлөрүн, жасалыш өзгөчөлүктөрүн кенен сүрөттөшөт. Г. Симаков куш кармаган тордон

томого, чырга, далба, куш боо, балдак, туур, мээлейге чейин 50дөн ашык буюм-тайымдарды Кунсткамерага өткөрүп берген [330, 30-30-б.; 375, 23-б.].

А. Байбосунов кыргыздардын көл ичине чумкуп кирүүсү тууралуу кызыктуу маалыматты берет. Көлдүн жанында жашаган кыргыздар күнүмдүк турмушунда көлдүн түбүнө чумкуп кирүү өнөрүн дагы билишкен. Бирок сейрек кездешкен. Ал үчүн койдун карынына жел толтуруп, ага оор нерсени байлап, аны менен кошо көл түбүнө киришкен. Дем жетпей калган учурда карындын байланган жерин акырын бошотуп, андан дем алып, кайра жаап, издеген нерсесин тапканга чейин үйлөнгөн карындагы аба менен дем алган [73, 9-б.]. Бул жерден көрүнүп тургандай, кыргыз эли суунун түбүнө кирүүнүн өзгөчө ыкмасын пайдаланганды билгендигин көрүүгө болот.

В.С. Виткович кыргыздардын чоң суу, дарыялардан өтүү ыкмаларынын бирин: жигиттер торсукту эки тизесинин ортосуна бекем кысып үстүнө олтуруп, ал эми бууган жеринен бир колу менен кармап, экинчи колу менен сууну жиреп, аркы жээкке өтүп кеткен [125, 230-б.], – деп сүрөттөйт.

Т. Баялиева изилдөөлөрүндө кыргыз ишенимдерин, ырым-жырымдарын карап жатып, жырткыч жаныбарлардын (илбирс, аюу, карышкыр) жана кийиктин, үй жаныбарларынан сары иттин терисин «ыйык» эсептешкендигин, ар кандай кырдаалдарда пайдаланышкандыгын жана аларга өтө ишенишкендигин белгилейт. Тагыраагы, үй бүлөдө бала токтобой, жаш кезинде эле чарчай берген учурларда, жаңы төрөлгөн балдарына эликтин терисинен тон тигип, кийгизишкен же баласы токтобой жаткан келиндердин кийимине сары иттин кичине терисин кошо тигип коюшкан. Кыргызстандын түштүгүндө жай намаздарын кийиктин терисинен жасаттырган учурлар дагы кездешкен. Себеби «ал жай намазда окулган дубалар, тилектер тез жетет, каалоолор тез аткарылат» деп ишенишкен. Өзгөчө чаарчыктын, жаш эликтин терисинен ийленип жасалган килемчелер өтө баалуу буюмдардын катарына кирген [82, 17-б.].

Кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн ичинде өтө маанилүү орунду оймочулук же оюм-чийим өнөрү ээлейт. Алардын чечмелеништери тууралуу алгачкы эмгектерди сүрөтчү-изилдөөчүлөр С.М. Дудин [162; 523; 524; 525], М.С. Андреев [57; 58],

М.Ф. Гаврилов [133], В. Чепелевдер [439] жүргүзүшсө, андан кийинки мезгилдерде кыргыз оймолору тууралуу А. Ниалло [39], М.В. Рындин [228; 229], А.Н. Бернштам [89, 90], С.М. Абрамзон [36], М.Т. Айтбаев [41; 42; 521], С.М. Иванов [42; 187; 188], Е.И. Махова [297; 298; 299], Н.В. Черкасова [442], А. Ромм [356], К.И. Антипина [60], Г.Л. Чепелевская [440] ж.б. кыргыздардын салттуу буюмдарына, кийимдерине түшүрүлгөн оюу-чиймелер жөн гана көркөм-кооздук эмес, кыргыз элинин басып өткөн жолун чагылдырган баяндамалар болгондугун далилдегенге аракет кылышып, түрдүү ойлорун сунушташкан.

Орто Азия элдеринин искусствосу боюнча мыкты адис, этнограф жана сүрөтчү С.М. Дудин 1901-1925-жылдары кыргыздардын, казактардын жана тажиктердин оюу-чиймелерине арналган макалаларын жарыкка чыгарган [162, 10-16-б.; 508]. 1928-29-жылы М.С. Андреевдин, андан кийин М.Ф. Гаврилов отуздан ашык кыргыз оюу-чиймелеринин аталыштары, алардын үлгүлөрү менен кошо чыгарылган чакан макалалары кыргыз оюу өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берет.

Кыргыз оймо-чийме кол өнөрчүлүгүн башка өңүттөн кароо 1945-жылдардан кийин башталган. Сүрөтчү жана оюу чогултуучу М.В. Рындиндин китебине белгилүү советтик окумуштуу А.Н. Бернштам баш сөз жазып, аны өтө жогорку деңгээлде талдоого алган [90, 631-652].

А.Н. Бернштам Фергана тоо кыркасынын Көкарт ашуусундагы аскага чегилген сүрөттөрдөн, айрыкча экөөнү бөлүп караган. Биринчиси, жапайы жаныбарларга аңчылар жаныбарлардын терилерин жамынып, иттерди пайдаланышканы, экинчиси, дыйканчылык сүрөттөлүп, анда дыйкандар кушту элестеткен кийимдерди кийип алышып, өгүз менен жер айдап жатышкан учур чагылдырылган. Сүрөттөр б.з.ч. 2-1-миң жылдыктарда пайда болгондугун болжолдоого негиз бар. Себеби өгүз скифтердин доорундагы Фергана жана Тянь-Шанда ыйык жаныбардын катарына киргендиги белгилүү. ... Саймалуу-Таштагы сүрөттөр дагы Ферганадагы дыйканчылыктын пайда болгондон кийинки учуру культтук-ритуалдык иш чаралардын өткөрүп жаткандыгынан кабар берген [87, 6-б.].

С.М. Абрамзон кыргыздардын көркөм өнөрү, буюмдардын көркөмдөлүп, оймо-чиймеленип жасалышы боюнча: Кыргыздардын өнүккөн көркөм сүрөт искусствосу

өзүнүн формаларынын көркөмдүгү жана байлыгы, оюу сүрөттөрдүн ачык, дааналыгы, түстөрүнүн жогорку маданияты менен айырмаланган. Көчмөндүү жашоо тиричилигинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул өнөр үй-жайды, кийим-кечектерди, эмеректерди, ат жабдыктарды, ж.б. көркөмдөп коздоого мүмкүндүк берген [36, 540-б.], – деп оюу-чийме өнөрүнүн практикалык гана маанилерине токтолгон.

1930-жылдары кыргыз архитектурасын, шаар чалдыбарларын, күмбөздөрүн жана мунараларды изилдеген Азиз Ниалло В. Радловдун жана Н. Аристовдун «тамга» теориясын колдоп: ... Акырындык менен уруктар урууларга, уруулар уруулук бирикмеге айланышкан. Аларды бириктирген жаңы тамга, өзүнө бир нече элементтерди чогулткан. Алардын негизинде жаңы оюулар пайда болгон [39, 49-б.], – деп оюу көркөм каражат эмес, философиялык жана лингвистикалык белгилерден, тамгалардан турат деп ишенген. «Бул илимий негизде талданган эмес» деген окумуштуулардын сын пикирлеринин негизинде «тамга» теориясы башталбай жатып токтоп калган. Жогорудагы окумуштуулардын ойлору илимий айлампага киргизилүүгө тийиш. Анткени советтик доордо уруулардын тарыхын жана санжырасын изилдөөгө тыюу салынгандыктан, алар өз ойлорун далилдей алышкан эмес. Азиз Ниалло (А.В. Станишевский) Памирдин чыгышында жайгашкан кыргыздардын «Манас» эпосу тууралуу дагы маалымат калтырган [29, 264-б.].

Б. Аманалиев байыркы кыргыздардын дүйнө таануусун изилдеп жатып, алардын калтырган байыркы көркөм сүрөттөрү алгач өндүрүштүк-эмгекке байланыштуу болгондугун, сүрөтчү өзүнүн жөнөкөй реалисттик сүрөттөрү менен кылынып жаткан эмгектердин оң жактарын, турмуш-тиричилигинин жакшы жактарга өсүп бара жаткандыгын кайсыл бир жаныбарлар аркылуу көрсөткүсү келген. Ошондуктан ташка түшүрүлгөн көптөгөн сүрөттөрдөн көчмөн-малчынын турмушунун жетишкендигин жана түшүмдүүлүгүн билдирген жаныбарлардын сүрөттөрү эн тамгалар менен берилген. Ошондой эле байыркы кыргыздардын символикалардан турган чыгармаларынан диний мазмундагы сүрөттөрдү дагы көрүүгө болот [54, 9-б.], – деп аскага, таш беттерине, тердик, кемер, ээрдин беттерине ж.б. түшүрүлгөн сүрөттөрдүн түшүрүлүш себептеринин маанисин ачып берүүгө аракет жасайт.

Алсак, Бегре жазма эстелигине жазылган эпитафияда: «Мен жети бөрүнү өлтүрдүм. Барсты жана марал өлтүргөнүм жок» [270, 33-б.; 54, 13-б.], – деп жазылган. Изилдөөчүлөрдүн белгилөөлөрү боюнча барс жана марал өлгөн адамдын тотеми же уруусу болушу толук ыктымал. Анткени ар ким өзүнүн уруусуна тиешелүү болгон жаныбарларды ыйык тутуп, аларга өзгөчө мамиле кылып келишкендиги белгилүү. Ыйык жаныбарларга, канаттууларга, алардын колдоочуларына ишенүүсү анын азыркы мезгилге чейин сакталып келе жаткандыгы менен далилдөөгө болот.

М. Айтбаев жана С. Ивановдор кыргыздардын булгаарыга түшүрүлгөн оюулары менен казактардын оюулары жалпылыктарга ээ, кээ бир жерлерде окшош гана эмес, бирдей. Айрым оюулук мотивдер, мисалы, эшилме сызыктар (спираль) якуттарда, туваларда, алтайлыктарда жана калмактардын оюуларында кездешип, алардын этногенетикалык жана маданий-тарыхый байланыштарынын түрдүү доорлорго карабай өтө жакын экендигин күбөлөндүрүп турат [42, 131-б.], – дешип, айрым оюулардын жалпыга таандык экендигин белгилешкен. С.В. Иванов өзүнүн макаласында В. Чепелев, А.Н. Бернштам, С.М. Абрамзондун изилдөөлөрүнүн талдоосунда оймо-чиймелердин пайда болушун, өнүгүшүн, таралышын жана маанилерин карап жатып, бир эле оюунун бир нече элдерде кездешкендигине байланыштуу аны тарыхый булак катары таянууга болбостугун, бирок этнографиялык мааниси тереңдигин, оймо-чиймелердин аталыштары элдин турмуш-тиричилигин, алардын чарбасын, дүйнөтаанымын жана диний түшүнүктөрүн чагылдырып тургандыгын белгилейт [187].

К. Антипина, Н. Черкасова, Е. Махова, Г. Чепелевская кыргыздардын салттуу кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде жыгачка, кийизге, сайма буюмдарына, кийимдерге түшүрүлгөн оюуларын изилдөөгө алып, жогорку бааларын беришкен.

Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө байланышкан айрым сөздөрдүн этимологиялык түшүндүрмөлөрүн тилчи-окумуштуулар К. Дыйканов [165], К. Сейдакматов [369], Х. Карасаев [212], Н. Баскаков [79], К. Юдахин [255], Ж. Мукамбаевдер [307] ж.б. изилдөөгө алышкан. Мисалга алсак, көмөлдүрүктүн этимосу боюнча Н.А. Баскаков, К. Дыйкановдор, ошондой эле Э.В. Севортян [370],

А.И. Кононов [233], С.М. Муратовдор [311] дагы өздөрүнүн варианттарын сунуштап кетишкен.

Ал эми Ж. Муканбаев түштүк кыргыздарынын, айрыкча, памир кыргыздарындагы буюм аталыштарын жалпы сөздүккө киргизүүгө аракет жасаган. Мисалы, «чоңкоймо» – өтүк түрү, «илазим» – ис кийим, «кепеки» – таш таман, «даңкан» – тулга, солоңдор – куюшкандын кайышына чөгөрүлгөн кооздук (түндүк кыргыздарда «салаңдар» деп да аталат) ж.б. сөздөр (51-52-сүрөттөр). Биздин кызыгуубузду туудурган дагы бири «жупай» сөзү. Ж. Муканбаев анын аркар-кулжанын терисин ашатып, анан жуп-жука болгончо ийлеткенден кийин, жаңы келген келиндерге жоолук катары салышкандыгын, ал «жупай» же «ак жупа» деп аталгандыгын жазып калтырган [307, 18-19-б.].

Корутундулап айтканда, кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде тери иштетүү, оймо түшүрүү өнөрү тийиштүү деңгээлде изилдөөлөргө алынып, баалуу сунуштар берилген. Бирок тарыхый булактарга, тарыхнаамалык адабияттарга көп көңүл бурулганы менен, элдик оозеки чыгармаларга, эпостук, санжыралык маалыматтарга жакшы көңүл бурулбай калган.

## § 1.3. Постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр

Кыргызстан өзүнүн көз карандысыздыгын алгандан кийин, кыргыз тарыхына, кыргыз этнографиясына, анын ичинде салттуу маданиятка, кол өнөрчүлүккө жаңыча көз караштарда карай баштаган. Бирок советтик мезгилдеги илимий изилдөөлөргө салыштырмалуу салттык кол өнөрчүлүк, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө байланышкан илимий эмгектер аз жазылган. Совет мезгилинде калыптанган окумуштуулар постсоветтик мезгилде мурунку жазылган эмгектерин кайрадан карап, оңдоп-түзөөлөр, толуктоолор менен басмадан чыгарууга аракет кылышкан. Ал эмгектер кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүнө түз арналып жазылбаса дагы, кыйыр түрүндө маалыматтарды алууга болот. Кыргыздардын улуттук кийимдери, тамак-аштары, турак-жайлары, турмуш-тиричилик буюмдары, курал-жарактары, товардык эквиваленттери тууралуу жазылган маалыматтар С. Аттокуров [70], А. Асанканов [68], В. Бутанаев [109], Ю. Худяков [437; 438], Э. Маанаев [266], И. Молдобаев [302], А. Көчкүнов [238; 239], О. Каратаев [213; 252], Т. Чоротегин [443; 444; 445], С. Алымкулова [53], Ч. Турдалиева [410; 518], Т. Кененсариев [222], Б. Жумабаев [175], В. Петров [332], К. Айдаркулов [40; 506], Н. Жолдошев [173; 174], А. Муратов [309; 310], М. Толубаев [404], элдик изилдөөчүлөр А. Акматалиев [45; 46; 47; 48], Ш. Моңолдоров [305] ж.б., О. Капалбаев [202; 416], Н. Момунбаева [303], Ч. Сатыбалдиева [365], Н. Султаналиева [516], А. Алымова [507], Б. Исаковдун [488] ж.б. диссертациялык иштеринде кездешет.

С. Аттокуровдун белгилөөсү боюнча эркектердин курунда оттук таш, канжар, кылыч илинген. Кымбат баалуу килемдер, кун терилери манаптардын жана чоң бийлердин үйлөрүндө гана кезиккен [70, 141-б.]. Кыргыз элинин саясий тарыхынан тышкары оюусуна дагы көңүл бурган окумуштуу С. Аттокуров: «Нак ошол «айбанат» искусствонун чагылышы болдубу же өзүбү оймодо, чиймеде жана чырмоодо «кочкор мүйүз», «карга тырмак», «куш изи» андан кыял стилдери келип чыкканы жана алардын уруу аралык ыкмага өткөнү XVIII кылымга таандык. Мына ошентип биринен бирине өткөн орнаменттик, жасалма искусствонун жалпы традицияга айланышы, этнос түзүүчү касиеттин биринин пайда болгонуна күбө. Болор болбос айырмаларга карабастан шырдакка, ала кийизге, чийге, чыгданга жана

термеге салынган орнаменттер этникалык жалпылыктарга ээ болуп калган» [70, 137-б.], – деп оюунун келип чыгыш себептерин, мезгилин көрсөтүүгө аракет жасайт.

И.Б. Молдобаев «Манас» эпосуна байланышкан негизги эмгегинде кыргыздардын жоокердик кийимдерин, курал-жарактарын тектеш элдердеги кийимдерге салыштырып караган [302, 121-б.; 401, 43-б.].

КЭРнын Кызыл-Суу кыргыздарында уйдун терилеринен кымыз куюучу чоң идиштер жасалаарын, аларды азыркы учурда да жолуктурууга болоорун, ошондой кийим-кечектери тууралуу дагы маалыматтарды А. Асанканов өзүнүн «Жуңго Шинжаң кыргыздары» деп аталган китебине киргизген [68].

В.Я. Бутанаев жана Ю.С. Худяковдор Енисей кыргыздарынын тарыхына байланышкан эмгектерин бириктирип, жаңыча көз караште, жаңы табылгалардын негизинде жазып чыккан [193, 86-б.]. Ю.С. Худяков Енисей кыргыздарынын жоо кийимдери темирди өздөштүргөн мезгилдерге чейин сөөктөн, жыгачтан, булгаарыдан жана кийиздерден жасалып келгендигин, ошондуктан коргонуучу кийимдердин жеңдери жана этектери узун болгондугун белгилеген. Археологиялык казуулардан күбө, чарайна, олпок, чопкут өңдүү жоо кийимдеринин фрагменттерин табышкан [437, 125-б.]. Түрктөр менен узакка созулган согуш кыргыздардын жоо жарактарын, коргонуучу кийимдерин өнүктүрүүгө түрткөн. VIII-XI кылымдардан баштап чопкуттарына жалпак жыгач кесиндилерден кабырчактатып жабыштыра тигип коюшкан. Албетте, бул ыкма кийинчерээк жез, коло, андан кеч мезгилде темир менен алмаша баштаган. Калкандар өзөгү катуу жыгачтардан даярдалып, ал эми тышкы бети бодо же чоң малдын терилери менен тосулган [437, 126-, 130-б.]. Мындай калкан көпкө чыдабаса дагы бир нече жолку согушта найзанын, жебенин жана кылычтын мизинен сактанганга жардам берген.

В.Я. Бутанаев хакастардын материалдык маданияты, тагыраагы, кийимдери тууралуу өтө кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Анын эмгегинен кыргыздар түпкү аталыштарын жоготуп койгон кийимдердин аталыштарынын табууга болот [107].

Т.К. Кененсариев колониалдык доордон баштап майда өндүрүлгөн табарлардын (товар) базарларга чыга баштагандыгын белгилеп өткөн. Алсак, алар: зергерчилер, усталар, уздар жасаган буюмдар: боз үй, чий буюмдары, ат токум, камчы, мылтык,

бычак, курал-жарактардын башка түрлөрү жасалган. Алар буйуртма менен жасалып, бирок бардык убактарда эле акчага сатыла берген эмес, алмашуунун эквиваленти катары майда жандык (кой) эсептелген. XIX кылымдын 70-90-жылдары Кыргызстанда бир катар кол өнөрчүлүк устаканалар ачылган. Мисалы, кийим тиккен, калпак соккон, өтүк ултарган, темир иштеткен устаканалар катталган. 1890-жылкы маалыматтар боюнча Пишпек уездинде түрдүү улуттагы 720 кол өнөрчү болсо, Пржеваль уездинде алардын саны 1542; 1892-жылы көрсөткүчтөр 707/1004 көрсөтүп, азайгандыгын көрүүгө болот. Ал эми 1901-жылкы көрсөткүчтөр боюнча 1198/244 көрсөтүп, Пишпекте көбөйгөнү менен, Пржевалда кескин кыскарып кеткен. Кол өнөрчүлөрдүн азайып же көбөйүп кеткендигин элдин жайгашуусуна, соода-сатыктын көбөйүп же азайышына, ошондой эле даяр товарлардын көп келе башташына дагы байланыштуу өнүккөн.

Усталардын эмгек акылары дагы буюмдун жана жердиктин (материалдын) баасына, иштин татаал, жөнөкөйлүгүнө жараша өсүп же азайып турган. Алсак, темир усталар – 1-1,5 рубль; жыгач усталар жана шыбакчылар – 1-1,2 рубль; жезчилер – 80 тыйын; көнчүлөр жана там жапкычтар – 80 тыйын-1 рубль; жөнөкөй темир усталар, кийим тигүүчү жана таш иштеткен усталар – 60-80 тыйын; кайыш иштеткен усталар, тери ийлегендер, айнек усталар – 60-80 тыйын; өтүкчүлөр, ээрчилер, кыш кынаган усталар – 40-50 тыйындан алып иштешкен [222, 358-, 363-364-б.].

В.Г. Петров Пишпек шаарында 1890-жылдары В. Пашков, Гладков, Пулагбаев жана Розынбаевдердин үй бүлөсү чакан тери заводдорун курушуп, ал жерде жылына 1000ден 6000 чейин даана терилерди иштетип турушкандыгын, булардын ичинен ири завод Енгалычевдердин үй бүлөсүнө таандык экендигин жазган [332, 44-б.].

Б.М. Жумабаев памирлик кыргыздар тууралуу: Кыргыздарда кайыш иштетүү да кеңири өнүккөн, кайыш буюмдар жеңил жана бышык болгон. Андан ат жабдыктар, курлар, каптар жасалган. Кашаңчылар тери буюмдарын, чарыкчылар бут кийим иштегендер. Алардын газамбир (аттиш), искене (кичине кармооч), кыпчыгер (чоң кармооч), кол балка, сом балка ж.б. бир нече куралдары болгон. Кара усталар дүкөн, көөрүк, дөшү, кычкач, балка өңдүү куралдарды пайдаланышкан [175, 62-б.], – деп усталардын курал-жарактарынын аталыштарына чейин бергенге аракет жасайт.

Т. Чоротегин Махмуд Кашгари-Барсканинин доорун анын чыгармасы аркылуу карап жатып, «Дивану лугати т-түрк» эмгегинде кол өнөрчүлүккө, анын ичинде тери иштетүү, көн өнөрчүлүгүнө байланыштуу дагы маалыматтарды келтирип өткөн. Аны төмөндөгүдөй берет: «Эр узлук өгренди» сүйлөмү «Эркек киши өнөр (кол өнөрчүлүк) үйрөндү» деп которулат. Курулушчулук менен байланыштуу «кирпич», «бышыг кирпич» (бышык кирпич), «очаклык титик» (очок жасоочу чопо), шаймандар («балду» – балта, «керки – керки»), тери иштетүү менен байланыштуу («ол тери йумшатты», «ол тонуг ичуклэди» сүйлөмдөрү, «сарыг» булгаары, маселен «этуклук сагры», «кадыш – кайыш, этукчи – өтүкчү, йелим – желим ж.б. терминдер») кол өнөрчүлүктүн түрлөрү чагылдырылган сөздөр «Диванда» кенен кездешээрин [445, 247-248-б.] өзгөчө белгилеген.

Кыргыздардын материалдык маданияты боюнча адис окумуштуу А.С. Көчкүнов кыргыздардын салтуу баш кийими тумактын мааниси, аткарган кызматы тууралуу кенен маалымат берет [238, 239].

К. Айдаркулов «Семетей» эпосунун карап жатканда эпикалык баатырлардын кийимдерине жырткыч жаныбарлардын жана жыландын сүрөттөрүнүн түшүрүлүшү эр жүрөктүктүн жана тайманбастыктын белгиси катары салынгандыгын, ошондой эле душмандарына коркунуч салуу үчүн колдонгондугун, ал эми аялдардын кийимине куштардын сүрөтү салынышы алардын сулуулугун көрсөтүп тургандыгын белгилейт [506, 17-б.].

О.К. Каратаевдин кыргыз этнографиясынын жана этнонимдер сөздүгүндө кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө байланышкан сөздөрдүн түшүндүрмөлөрүнөн тышкары териге байланышкан уруулардын аттарын дагы жолуктурууга болот. Алсак, ак тери, боз тери, ала даакы, бай көнөк, беш көөрүк, кара тон, көн найман, көн сарык, мөкү, чагыр, чоң өтүк, чокой, шири ж.б. уруу, уруктардын аттары киргизилген [213].

Кызыл өтүк кийүү адаты же ырасымы кыргыздардын ичкилик тобуна тиешелүү кесек уруусунун кызыл аяк уругунун аталып калышында кездешерин окумуштуу Н.Ж. Жолдошев өз эмгегинде мисал катары көрсөтөт [174].

Ч.Дж. Турдалиева доктордук диссертациясында: Батыш саякатчылары орус саякатчылары сыяктуу кыргыздардын кесиби, кол өнөрчүлүгү тууралуу кенен токтолбосо дагы, үстүртөн сыпайычылык үчүн кайрылып өтүшкөн. Мунун себеби бул маселе алардын келген максат-милдеттерине кирбесе керек. ... Койлор жана жылкылар Фергана өрөөнүнүн, Чыгыш Түркестандын жана Орто жүз казактарынын элдери менен эл аралык соода-сатыкта экспорттук мааниге ээ товарлардын бири болгон [518, 149-, 174-б.], – деп Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстандын аймактарына келген батыш окумуштууларынын кыргыздардын кол өнөрчүлүгү тууралуу өтө аз маалыматтарды калтырып кеткендигин баса белгилеп көрсөткөн.

Н.С. Момунбаева түштүк кыргыздардын салттык кийимдерине арналган эмгегинде териден жасалган баш кийим, тыш кийим, бут кийим жана шымдар тууралуу кенен илимий изилдөөлөрдү жана анын параллелдерин кароого аракет кылган. Өзгөчө кыргыздар менен этногенетикалык, этномаданий жактан жакын болгон элдерди карап, алардын жалпылыктарын жана айырмачылыктарын терең изилдөөгө алган [303].

А.К. Алымова диссертациялык ишинде К.Г. Маннергеймдин билдирүүлөрүн талдап жатып, Фергана өрөөнүнүн элдеринин кийимдеринде окшоштуктар менен бирге эле айырмачылыктар бар экендигин белгилеген [507, 99-б.]. Ч. Сатыбалдиева жана Н. Султаналиевалардын диссертациялык иштеринде биздин изилдөөлөргө тиешелүү оюулардын түрлөрү жана маанилери берилсе, түрк тилинде жарык көргөн Б. Исаковдун диссертациялык ишинде териден жасалган көн идиштери тууралуу маалыматтарды жолуктурууга болот.

Элдик изилдөөчү А.С. Акматалиевдин жазган эмгектери илимий негизде жазылбаса дагы, көңүл бурууга арзыйт. Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарын кыдырган изилдөөчү салттык тери иштетүү кол өнөрүнө тийиштүү көптөгөн ыкмалардын, турак-жайлардын, кийимдердин, көн идиштердин, турмуш-тиричилик-буюмдардын түрлөрүн, алардын айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу көптөгөн эмгектерин жазып калтырган [48]. Ш.К. Моңолдоров М.В. Рындиндин эмгегинин негизинде жазылган китебине таянып, оймо-чиймелердин жаралышы,

өнүгүшү тууралуу айтып, уздардын көркөм кол өнөрчүлүктөгү ордун баса белгилейт [305].

Ооганстандагы кыргыздардын тили жана этнографиясы тууралуу көптөгөн эмгектерди жараткан француялык изилдөөчү Реми Дор XX кылымдын 70-жылдары ооган кыргыздарына жасаган экспедициясынын негизинде жазылган эмгегинде: Улуу Памирликтерде балдар кичинекей кезинде, мейли кыз болобу, бала болобу кызыл түстөгү кийимдерди кие беришет. Биз Улуу Памирликтердин эң жакшы түстөрү кара жана ак түс экендигин байкадык. Кыздарга дайым колдо бар жакшы кийимдерди кийгизүүгө аракет кылышат. Ал эми майда балдар болсо, көйнөк жана көчүгүндө оюугу бар ыштанча кийип жүрө берсе эрөөнгө алынбайт. Оттук таш кээ бир учурларда гана пайдаланылып калды. Көчкөндө, жана каттуу шамалда кереги тиет. Адаттагыдай эле чакмакты кесеги менен жалпак темир, латун, же жез алкакка бекитишет да, атайын жасалган кайыш кутучада сакташат. Капкагы жез же латундан жасалат. Ушул эле кутучада эски кездеменин кайкымы тутурук түтөткү үчүн чок сакталат. Оттук ташты узун кайыш кур менен белге тагып жүрүшөт [160, 46-, 70-, 71-б.], – деп Ооган кыргыздарынын жашоо деңгээлин, маданий өнүгүүсүн чагылдырган.

Кыргыздардын салттык кол өнөрү, анын ичинде териден жасалган буюмдардын дээрлик бардыгы тууралуу элдик оозеки чыгармаларда, чоң жана кичи эпостордо, айрыкча, «Манас» эпосунда өтө кенен чагылдырылган [272; 273; 274; 275; 276; 277; 278; 279; 280; 281; 282; 283; 284; 285; 286; 373; 374].

Көз карандысыздык мезгилинде кыргыздардын салттык маданиятына, кол өнөрчүлүгүнө арналган түрдүү илимий эмгектер жарыяланып, диссертациялык иштер корголуп, бул мезгилдер аралыгында кыргыз этнографиясын жаңыча көз караштар менен карап, көптөгөн толуктоолор киргизилип жатат.

Жыйынтыктап айтканда, үчүнчү тарыхнаамалык доор тематикалык жана илимий-методологиялык жактан өзүнүн жаңычылыгы менен кескин айырмаланып тургандыгын кошумчалап кетүүгө болот.

**Биринчи баптын жыйынтыгы.** Жогорудагы талданган тарыхнаамалык доорлордо тери иштетүү кол өнөрчүлүгү же териден жасалган буюмдар маалымат түрүндө гана берилген. Алынган маалыматтардын көпчүлүгү субъективдүү көз

караштарды чагылдырган. Анткени тери иштетүү өнөрү алардын изилдөө предметине кирбегендиктен, илимий-методологиялык ыкмалар дээрлик колдонулган эмес. Ошондой болсо дагы кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө арналган илимий эмгектердин жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, үч доор тең өздөрүнүн жаралган мезгилдеринин идеологиялык жана саясий өнүгүүсүн чагылдырган өзгөчөлүктөрүнө ээ экендигин көрсөтүп, илимий изилдөө иштерине салыштырмалуу багыт көрсөтүп, жаңы көз караштагы эмгектердин жаралышына түрткү берди.

## II БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮН ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

### § 2.1. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздери

Байыркы мезгилдерден бери көчмөндүк, жарым көчмөндүк жашоо мүнөзүн баштарынан кечирип келген кыргыз элинин салттык көчмөн маданиятын, анын ичинде тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн изилдөө өтө татаал тапшырмалардын катарына кирет. Көчмөн кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгү, көп кырдуулугу, эң негизгиси, эмпирикалык маалыматтардын өтө чоң көлөмдө чогултулушу кайсыл бир деңгээлде өз кедергисин тийгизбей да койбойт.

***Изилдөөнүн объектиси*** катары көчмөн маданиятынын, анын ичинде салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн келип чыгышы, калыптанышы, өнүгүшү жана алардын кыргыз тарыхындагы ээлеген ордун таап чыгуу болуп эсептелет. Изилдөөнүн объектисин бир нече элементтерге бөлүп кароо менен, ошол эле учурда аны бүтүн нерсе катары дагы изилдөөгө алууга болот. Анткени көчмөн маданиятынын системасы бири-бирине байланышкан элементтердин жыйындысынан турат. Көчмөн же элдик маданияттын бир элементинин же аткарган кызматынын бири жок болуп кетсе, анда алардын таасирлери кескин жоготууларга алып келиши мүмкүн. Мисалы, Кыргызстандын айрым аймактарында боз үйдүн, кийиз-шырдактардын, ат жабдыктардын, көн идиштеринин такыр жасалбай калышы салттык маданияттын унутулушуна же башка элдердин таасирине киришине бат өбөлгө түзөт.

Илимде маданият тууралуу түшүнүктөрдүн жана аныктамалардын ургаалдуу, бат өнүгүп-өзгөрүп жатышы жогорудагы маселенин чечмеленишин кыйындатып жаткандыгын дагы белгилей кетишибиз зарыл. Ошондуктан тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн иликтөөгө киришээрден мурун көчмөнчүлүктүн табиятына, теричиликтин келип чыгышына, анын суроо-талаптарына, салттык маданиятка жана кол өнөрчүлүктү изилдөөнүн теориялык негиздерине, жалпылап айтканда, тери иштетүү кол өнөрчүгүнүн өнүгүп-өсүшүнө түздөн-түз таасир берген көчмөндүккө, анын табиятына, сөзсүз түрдө, токтолуп өтүү зарылчылыгы бар.

Орус окумуштуусу М.О. Косвен белгилегендей алгачкы жамааттык доордо адамдар эң жөнөкөй нерселерден: таштан, жыгачтан, сөөктөн, мүйүздөн жана

терилерден курал-жарактардын, буюмдардын эң жөнөкөй түрлөрүн жасоону өздөштүрүшкөн [234, 11-б.]. Мына ошол мезгилдерден тартып, адамзаттын кол өнөрчүлүккө негизделген аракетинин артында маданияттын бир нече түрлөрү: турак-жай, кийим-кечек, тамак-аш, жүрүм-турум, эпикалык [36, 206-211-б.] ж.б. маданияттары калыптана баштаган. Бул жерден көрүнүп тургандай, биз мындан ары көчмөндөрдүн коомдук-экономикалык түзүлүшү эмес, көчмөндөрдүн маданиятынын салттык кол өнөрчүлүккө тийгизген таасири боюнча талдоо жүргүзөбүз.

Окумуштуулар «турак-жай же кийим-кече биринчи пайда болгонбу?» деген суроонун тегерегинде көптөгөн изилдөөлөрдү, этнографиялык байкоолорду жүргүзүшкөн. Азыркы мезгилдеги этнографиялык маалыматтар көрсөтүп тургандай, Африка жана Австралия континенттеринде алгачкы жамааттык формада жашап жаткан уруулук топтордун учурда деле эч кандай кийимдери жок жашап жатышы, турак-жайдын биринчи пайда болгондугунан сөз жок кабар берип турат [234, 82-б.]. Башкача айтканда, турак-жайсыз бир дагы уруулук топту жолуктурууга мүмкүн болгон эмес.

Ошентип, көчмөндөрдүн маданиятынын келип чыгышына көңүл бура турган болсок, жаңы таш доорунда (б.з.ч. 5-3-миң жылдыкта) адамдардын кой, уй, жылкы сымал жаныбарларды колго үйрөтө башташы [253, 8-б.; 234, 71-75-б.; 409, 24-б.; 241, 24-б.; 469, 29-б.] көчмөндүк маданияттын башаты болуп эсептелет. Мал чарбачылыктын, жаныбарлардын колго үйрөтүлүшүнүн негизги очогу катары Борбордук Азия, Орто Азия, Ыраакы Чыгыш аймактары экендиги тастыкталган [102, 20-б.; 234, 73-74-б.]. Кыргыздар жашаган аймактарда жүргүзүлгөн археологиялык казуулар дагы чарбачылыктын жогорку деңгээлдерде өнүккөндүгүн ырастап турат [90, 159-169-б.; 402, 17-31-б.].

Англиялык белгилүү тарыхчы, маданий өнүгүүлөрдүн теориясынын автору А. Тойнби өзүнүн эмгегинде көчмөндөрдүн тоолордун жана түздүктөрдүн чакырыктарына бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, алардын үстүнөн кайсыл бир деңгээлдерде артыкчылыктарга ээ болгондугун белгилейт. А. Тойнби: Айбанаттарды колго үйрөтүү, өсүмдүктөрдү өстүрүүгө караганда татаал жана эң

жогорку өнөр болуп эсептелет. Анткени айбанаттарды өзүнө көндүрүп, баш ийдирип алуу адамзаттын акылынын жана эрктүүлүгүнүн жеңиши катары бааланат. Башкача айтканда, көчмөн же малчы дыйканга салыштырмалуу өзгөчө чебер экендигин көрсөтүп турат [414, 192-б.], – деп айбанаттарды колго үйрөтүүнүн өзү көп эмгекти, чыгармачылыкты талап кылаарлыгын айтат.

Ф. Энгельс көчмөндөр маданиятын «жапайычылык» (варвардык) деп атап, үч баскычка бөлөт. Анын экинчи баскычына же ортоңку баскычына жаныбарларды колго үйрөткөн, этин, сүтүн пайдалангандарды кошкон. Малдын колго үйрөтүлүшү менен, алардын жапайылардын тобунан чыгып кеткендигин, кайрадан токойлорго, дыйканчылыкка кайтып келүүнү дагы ойлошпогондугун да белгилейт. Тетирисинче, алар малга ылайыктуу жайыттарды, тоюттарды издөө менен, улам арылап жылып кете беришкен [447, 37-38-б.; 49, 41-б.]. Көчмөндөрдүн малына чөп-чааларды даярдабашы көп аймактарды ээлеп алууларына да шарт түзгөн. Ошол эле учурда ал жерлерди ээлеп калыштары үчүн туугандык, чарбалык жана башка кызыкчылыктары менен ири топторго биригиши, алгачкы мамлекеттик түзүлүштөрдүн калыптанышына түрткү берген [346, 45-б.].

Көчмөндүктү, көчмөн элдерди изилдеген окумуштуу А.М. Хазанов алардын артыкчылыгы кесибинде эле эмес, кандай гана коомчулук жана маданият болбосун, бардык аймактарга тарашы, жайылышы, байланыш түзүп турушу, ошондой эле чарбалык жагы эле эмес, коомдук жана тарыхый өзгөчөлүгүндө экендигин кароо керектигин сунуштаган [429, 68-б.].

Жогорудагы ойлордон эле көрүнүп тургандай, көчмөндүктүн келип чыгышы көптөгөн окумуштуулардын арасында кызуу талаш, пикирлерди пайда кылган [393, 64-б.]. Россиялык окумуштуу Н.Н. Крадин: көчмөндүк – чындыгында эле дыйканчылыкка карама каршы келген өзгөчө, өзүнчө дүйнө. Бирок көчмөндүк маданият бул – илимий түшүнүк эмес, тетирисинче, кыйыр маанисинде гана айтылган сөз. Көчмөндөрдүн маданияты аталган доордо өнүгүүнүн деңгээлдерине жараша чектик мүнөзгө ээ белгилеринен турат. Ал эми даректүү, өз алдынчалуу араб, түрк, монгол элдеринин маданияты тууралуу кеп болсо, анда башкача мамиле кылууга туура келет [210, 357-б.], – деп жазат. Н.Н. Крадин жалпы көчмөндүк

маданиятты кабыл албаганы менен, айрым көчмөндөрдүн маданияты адамзаттын өнүгүү маданиятына көптөгөн жаңылыктарды киргизгендигин моюнга алган.

Көчмөндөрдө эмгекти бөлүштүрүү табигый жол менен, же оңой бөлүнгөн [447, 260-261-б.]. Анткени малды колго үйрөтүү, күзөтүү, жаюу, коргоо сыяктуу иштер күчтү жана чыдамдуулукту талап кылган. Ошол эле учурда малдын кимдир бирөөлөрдө көбөйүшү, экинчи бирөөлөрүндө жок болушу, уруулар арасында тынымсыз уруштардын келип чыгышына бирден бир себеп болгон. Демек, эркектердин коргонуу жана сырттагы иштерди колго алышы, аялдарды үй ичиндеги жумуштарга жоопту кылган. Ал эми тери иштетүү иштеринин дээрлиги эркектерге таандык болгону менен, чанач, саба, торсук ж.б. көктө, жамоо, ултаруу жумуштарын аялдар аткарышкан. Демек, аткарыла турган иштер иштин ыңгайына жараша дагы өзгөрүп турган.

Көчмөндөрдүн турак-жайынын негизги милдети адамдарды мезгилдин катаал аба ырайынан: сууктан, шамалдан, жаандан, ысыктан, сыздан жана жырткыч жаныбарлардан, курт-кумурскалардан, чымын-чиркейлерден сактаган. Алгачкы турактар бадалдардан, бутактардан алачык, кепе үлгүсүндө жасалып келсе, акырындык менен жаныбарлардын терилери дагы колдонула баштаган. Андан сырткары терилер үй ичинде төшөнчү, жабынып жатуучу буюм катары да пайдаланылган [234, 83-84-б.; 126, 160-б.; 129, 66-67-б.]. Алачыктар боз үйдүн баштапкы түрү эсептелип [36, 85-б.; 60, 166-б.], эволюциялык өнүгүүнүн негизинде азыркы мезгилдеги үлгүсүнө жеткен.

Терилерди иштетүү мал чарбачылыктын алгачкы мезгилинде башталып, акырындык менен өнүгүп жүрүп отурган. Анткени төшөнчү же жамынчу терилердин ыңгайлуу, ийкемдүү жана жумшак болушу үчүн аларды челдөө, тартып чоюу, ийлөө муктаждыктары өзүнөн өзү келип чыккан. Алардын эң жөнөкөй түрү май сүртүү ыкмасында ийленилсе, эң кызыгы, терини ашатууда адамдын заарасы да колдонулгандыгын М.О. Косвен өз эмгегинде белгилеп кетет [234, 96-б.].

Кийимдердин пайда болушу тууралсында да окумуштуулар түрдүү көз караштарды сунушташкан. Арийне, алардын ичинен көбүрөөк колдоо тапканы, кийимдердин аба ырайы суук аймактарда сууктан коргонуу үчүн колдонулгандыгына токтолушкан.

Анткени кийим суук жактарда, негизги муктаждыктардан улам иштелип чыккан [240, 3-4-б.]. Жылуу жактарда сырт кийимдерди кийүүнүн зарылчыгы деле жок болгон. Ошондуктан териден, жүндөн жасалган кийимдердин мекени түндүк жана тоолуу аймактары деп эсептелген.

Ал эми кыргыздардын кийим-кечелери башка элдерден өзгөчөлөнүп, көчмөндөргө тиешелүү белгилери менен мүнөздөлгөн. Кыргыздар жашаган аймактар бийик тоолуу чөлкөмдөргө киргендиктен, дайым суук болуп турган. Аба ырайынын мындай шарты жай мезгилдеринде да кийип жүрүүчү тери кийимдеринин түрлөрүн жасоого түрткөн [36, 88-89-б.; 397, 93-б.]. Көчмөндүк маданияттын башатындагы тыш кийимдер алгач жөнөкөй, эпсиз жасалып келсе, кийинки доорлордо (сак, хунну, усун, түрк ж.б.) терилердин баалуугуна карата тигилип, ошого байланыштуу коомдук абалына жараша кийиле баштаган. Баса белгилей кетүүчү жагдай, көчмөндүк маданият тыш кийимдер тигилген терилердин практикалык жактарына же маанисине эле карабастан, ыйыктык, ырым-жырымдык жактарына дагы өзгөчө көңүл бурган. Андан сырткары, тыш кийимдерге кошумча куралдар, тагыраак айтканда, кисе-кур, кемерлер тагылган.

Идиш-аяктар да малдын аяк (шыйрак), баш терилеринен жасалып, ал тургай алардын аталыштары менен «аяк», «баштык», «калта», «тулуп» ж.б. деп аталса, турмуш-тиричилик буюмдары аткарган кызматтары боюнча, мисалы, тердик, сагалдырык, мурундурук ж.б. деген аталышты алышкан. Анткени кол өнөрчүлүк, колдонулган курал-жарактар жакшы өнүгө элек мезгилдерде уз, усталар көбүнчө, теринин туюк жерлерин: шыйрак, моюн, баш бөлүктөрүн көп иштетишкен.

Советтик мезгилге чейинки доорлордо кыргыз элинин негизги жашоосу көчмөнчүлүк мүнөздө болгону менен, дыйканчылыкты, кол өнөрчүлүктү дагы унутта калтырышкан эмес [410, 96-б.]. Албетте, дыйканчылык кыргыздардын географиялык жайгашууларына, аймактык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле кошуна элдер менен этномаданий алакалык байланыштарына жараша өнүккөн. Алсак, Кыргызстандын түштүк аймактарында жашаган ичкилик уруулары, адигине тобу, сол канаттагы айрым уруулары (базыс, саруу, чоң багыш) түндүк уруулук топторуна (оң, сол канат) салыштырмалуу отурукташкан өзбек, тажик ж.б. элдерге жакын

жашашкандыктан дыйканчылыктын кээ бир түрлөрүн (дан эгиндерин, жашылча-жемиштерди, бак өстүрүү) жакшы өздөштүрүп алышкан. Ушул негизги себептен теричилик иштерине азыраак көңүл бурулган.

Кол өнөрчүлүк, кандай гана кесип болбосун, алардын бардыгына өнөктөш болгон. Анткени мал чарбачылыкты, дыйканчылыкты турмуш-тиричилик буюмдарысыз аткарууга же жүргүзүүгө такыр мүмкүн эмес. Көчмөн элдердин кол өнөрчүлүгү алардын чарбасына же малына жараша өнүккөн. Көчмөндөр малы менен кошо дайыма көчүп-конуп жүргөндүктөн, алардын жүн, тери, мүйүз, туяк, сөөк, кык, эт, сүт өңдүү керектүү нерселери менен өздөрүнүн суроо-талаптарын камсыздандырып алуу үчүн, айбанатттардын жогорудагы аталган бардык бөлүктөрүн короммжуга айлантпай, сарамжал пайдаланууга түрткөн.

Көчмөндөр арасында, анын ичинде кыргыздарда кол өнөрчүлүктү кошумча пайда табуунун булагына айланткан усталар өздөрү жасаган буюмдарын, курал-жарактарын (аң терилерин дагы) сатышкан эмес. Бирок колунда бар адамдарга тартуу иретинде алып барышкан. Жасалган буюмдун баасын тартуу алуучу аныктаган. Башка шарттарда, устага кардарлар өздөрү барып, керектүү нерселерин буйуртма ирээтинде беришип, акысын ошол жерде чечип алышкан [496, 1-б.]. Көчмөндөрдүн өздөрүнө керектүү болгон нерселерди, турмуш-тиричилик буюмдарын, дан азыктарын малга айырбаштап алуунун өзү алгачкы маданияттын келип чыгышына алып келген. Мал, айрыкча, майда жандыктар алмашуунун эквиваленттерине айланган.

Көчмөн маданияты дыйканчылыкка караганда кирешелик жактан дагы жогору турган. Бул жерде аларды өндүрүш менен салыштырып дагы кароо керек. Мисалы, дыйкан өндүргөн түшүмүн дароо пайдаланышы керек болсо, көчмөндөр өндүрүшчүлөр сыяктуу эле чийки табылгаларын (сырье) дыкаттык менен даярдап чыккан. Мындай болбогон шарттарда табылгалары чирип, жараксыз болуп калуу коркунучу болгон. Дыйкандар дан өсүмдүктөрүн өстүрүп, аны менен тамактанса, көчмөндөр адамдар үчүн жараксыз болгон начар жана бийик өскөн өсүмдүктүү, токойсуз жайыттарды малга азык катары пайдаланышкан. Ал эми малдан алынган табигый нерселер: жүнүнөн, терисинен турмуш-тиричилик буюмдарын, кийим-

кечектерди алышса, эти, сүтү аларга тамак-аш болуп берген. Бул жерден көрүнүп тургандай, көчмөндөр өсүмдүктөрдү түздөн-түз пайдаланышпаса дагы малына багуу үчүн пайдаланышкан. Демек, көчмөндөр малын багыш же аларды чөп менен камсыз кылыш үчүн аба ырайынын катаалдыгына, жер шартынын татаалдыгына карабай жыл бою көчүп-конууга, чөптүү жайыттарды издөөгө мажбур болгон [36, 54-б.; 256, 201-б.]. Биздин талаа материалдарыбыз көрсөтүп тургандай, көчмөндөр кыштын күнү кар түшпөгөн, кар түшсө дагы тоолордун күңгөй беттери ачык болгон, ойдуңдуу, шамалдан далдоо кыштоолорду тандашкан. Алсак, Кетмен-Төбө, Жумгал, Аксы, Талас өрөөндөрүндө Чоң Кабак, Кичи Кабак, Чоң Капка, Кичи Капка өңдүү жерлерге малдарын кыштатышкан. Кыргызстандын түндүк жагындагы көчмөндөр, айрым учурларда кышы жеңил болгон Кочкор, Ысык-Көлдүн күңгөй жактарына көчүп келишсе, Алай, Кара-Кулжаны жайлашкан адигине, ичкилик уруулары Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүн, Андижан, Наманган аймактарын кыштоо катары пайдаланышкан [504, 8-б.]. Бул жерден баса белгилеп кетүүчү жагдай, көчмөндөр өздөрүнүн кышкы же жайкы (жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо) жайыттарын сарамжалдуу, ыңгайлуу пайдаланганды мыкты өздөштүрүшүп, конуштары бири-биринен анчалык алыс эмес жерлерге көчүп барып турушкан [68, 132-б.]. Кыргыздардын жылдын мезгилине жараша кыска аралыктарга көчүп жүрүшүн, алыс аралыктарга, кошуна элдер жашаган аймактарга өтө жүйөлүү шарттарда гана көчүшөөрүн белгилүү окумуштуу А. Мокеев да белгилеп өтөт [301, 16-б.]. Мына ушундай жыл бою тынымсыз көчүп-конуу, жайыт тандоо иштери көчмөндөрдү өздөрүн токтоо кармоого, денелерин дайым чыңдап жүрүүгө, эң негизгиси эрктүүлүккө жана чыдамкайлыкка тарбиялаган [414, 193-б.].

Көчмөндөр кошуна элдери менен алакада болуп турушкан. Кошуналар арасындагы байланыштар экономикалык мүнөздөргө гана ээ болбостон, этномаданий, диний жактардан да жакындыктар жүргөн. Аларды сыйынуу ырым-жырымдары жасалган идиштерге, буюмдарга түшүрүлгөн сүрөттөрдөн даана көрүүгө болот. Кыргыздар жашаган аймактардан Улуу жибек соода жолунун өтүшү, көчмөндөрдү кездемелер, боектор ж.б. чарба буюмдары менен кайсыл бир деңгээлде камсыздап турган [90, 491-б.].

Жогорудагы айтылгандарга таянып, изилдөөнүн объектиси түрдүү көчмөн этникалык топтордун жалпылыгы же болбосо кичине жана чоң аймактарды ээлегендерине карабай көчмөн маданияттын өнүгүшүнө таасир берген. Ошол эле учурда маданияттын өзү түрдүү элементтердин курамынан туруп, түрдүү кызыкчылыктарды дагы көздөгөн.

***Изилдөөнүн предмети*** кенен жана татаал. Биз изилдеп жаткан хронолиялык доор жана географиялык алкак кол өнөрчүлүктүн түрлөрүнүн өнүгүүсүнүн акыркы үлгүлөрүнүн сакталып калган мезгили, башкача айтканда, сырттан, башка элдердин курал-жарактары, колдонгон буюмдары салттык маданиятка көп түрдө аралаша элек мезгили болгондуктан, ошондой эле турмуш-тиричиликте пайдаланылган буюмдардын дээрлик бардыгы жергиликтүү табылгалардын жана усталардын байыркы мезгилдерден, орто кылымдардан бери колдонуп келе жаткан ыкмаларынын негизинде жасалгандыктан, аны салттык маданият, салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүк деп атоого толук негиз берет. Салттык кол өнөрчүлүктүн өзгөчөлүгү колдонулган курал-жарактардан тартып, жасалган буюмдарына, иштетилген ыкмаларына чейин этностук өзгөчөлүктөрү, элдик билимдеринин сакталышы, дүйнө таанымдары алар жасаган буюмдарда чагылдырылып турган. Бирок салттык маданиятты такыр эле өзгөрүүсүз кала берген деп аныктама берүү бир топ адашууларга алып келет. Ал жалпы маданий-тарыхый процесстердин, чарбанын түрүнө жана өнүгүшүнө, жайгашууларына, ошондой эле кошуна элдер менен этномаданий байланыштарына жараша өнүп-өсүп, алымча-кошумчалар менен толуктанат. Демек, кол өнөрчүлүк, элдик же салттык маданият кайсыл бир элдин келип чыгышын, дүйнө таанымын, өнүгүү тарыхын изилдөөдө кошумча булак катары чоң өбөлгө көрсөтө алат.

Ыңгайлашуу жана жаңылануу теорияларын эске ала турган болсок, этнобайланыштардын өсүүсү, коомдун өзгөрүшү салттык маданияттагы, кол өнөрчүлүктөгү колдонулган курал-жарактардан баштап, жердиктерине, үлгүлөрүнө чейин өзгөрүп, жаңы нерселер менен толуктанып, дайым кыймылда жүрөт. Ошондуктан көптөгөн окумуштуулар «салт» терминин жөн гана аткарылып келген

адат катары карабастан, анын маанисин кененирээк «маданият» маанисинде кароону сунуш кылышкан.

Салт – бул бардык коомдук маданияттардын жаңысы же эскиси болбосун, баары бир бөлүнгүс элементи. Салт – техника, технология ылдамдык менен өсүп бара жаткан коомдо да өзүнүн өзгөчөлүктөрүн сактап, көптөгөн убакка чейин жашоого мүмкүнчүлүгү бар болуп кала берет, – деген да ойлорун билдиришкен [183, 15-б.]. Чындыгында эле коомчулук саясий жана экономикалык жактан туңгуюктарга туш болуп, жол таба албай калган мезгилдерде, салт идеологиялык жактан жардамга келген. Э.С. Маркарян салттын өзгөрүлмө экендигине токтолуп: Салттык маданияттын көрсөткүчү дайыма кыймылда жүрүп, кээ бир салттар эскинин калдыктары катары сакталып калса, айрым бир жаңы нерселер салт катары калыптанып кирип турат [470, 80-81-б.], – дейт. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, түрдүү коомдук түзүлүштөрдө (феодалдык, советтик доорлордо) социалдык-экономикалык факторлордун таасири материалдык маданияттын өзгөрүшүнө түрткөн. Мисалга алсак, советтик доор жаңы турак-жайлардын пайда болушу менен отурукташууну күчөткөн. Анын шартында кийим-кечек, тамак-аш, чарбалар өзгөрүп, жаңы нерселерди салтка жараша ыңгайлаштыруу иш аракеттери күчөгөн. Белгилей кете турган нерсе, коомго кандай гана жаңы нерселер кирбесин, аларга карата тоскоолдуктар, карама-каршылыктар болбой койбойт.

Жаңы нерселердин салт катары калыптана башташы адамдардын акыл-эсине жаңы дүйнө таанымдарды таңуулап, материалдык маданияттын өзгөчө түрүн пайда кылган [265, 194-195-б.]. ХХ кылымдын башында аялдардын көкүрөгү ачык, этектери кыска көйнөктөрдү кийиши, жылаңбаш жүрө башташы жаңы маданияттын түрүн жараткан. Демек, салттык маданият кичине же чоң көлөмдө өзгөрүп, толукталып, жаңыланып турат. Мисалы, элементтердин тышкы көрүнүшү же тебетейдин, бут кийимдердин үлгүлөрү өзгөрүүлөргө туш болсо, аны кичине өзгөрүү, ал эми зергерчилердин, усталардын жок болуп кетиши, салттык табитте жасалган зер буюмдарынын жасалбай калышына, кайсыл бир маданиятын жоголушуна алып келген. Бул чоң өзгөрүү деп аталган. Салттык маданияттын мүнөзүндө өзгөрүү өз алдынча эле аткарыла бербейт. Аны ичтен гана өзгөртүүгө

мүмкүн. Анткени кандай гана салттык маданият болбосун ал болуп өткөн окуялардын негизинде реалдуу символикаларга ээ болуп, коллективдүү жамаат түзгөн эрежелер өзөктүү ыйыктыкка жетип, салт аркылуу катуу сакталган. Коомдо салт, салттык маданият түбөлүктүүлүктүн символу гана болбостон, жаңы нерселердин киришин, анын мыйзамдуулугун аныктоочу каражат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кандай жаңы кийимдин түрү кирбесин, ал диний ишенимдердин койгон талаптарына, салттык түшүнүктөргө, адеп-ахлакка туура келиши керек.

Салттык көчмөн маданият туруктуу, өз алдынча, бардык нерсенин эволюциялык эрежелерин сактап, жай өнүгүп, өзүнүн баалуулуктарын, көз караштарын сейрек учурларда гана алмаштырбаса, көпчүлүк мезгилдерде аларды сактоого аракет жасаган жамааттык коомчулуктун чыгармачылык иш аракети. Бирок алардын башатын же келип чыгышын так чийип көрсөтүү мүмкүн эмес. Анткени жогоруда белгилеп өткөндөй, көчмөндүк маданият жазуу иштерине эмес, эс тутумга көбүрөөк көңүл бурган. Салттык көчмөн маданият диний жана мифологиялык белгилер, эн тамгалар менен көрсөтүлүп, «ыйыктык» мүнөзгө жеткен. Алар өзгөчө корголуп, улуу муундан кийинки муунга мурас катары ыйык сакталып, өткөрүлүп турган [146, 288-б.; 457, 213-218-б.]. Салттык көчмөн маданият каада-салттар, үрп-адаттар, нарк-насилдер, ырым-жырымдар аркылуу элдин эсинде сакталып, ал тургай ыйык эрежелерге айланган. Салттык маданиятты, кол өнөрчүлүктү изилдөөдө эмпирикалык байкоолордун негизинде эле жаңы аныктамаларды сунуштоо менен салттык маданияттын мотивдеринин жана механизмдеринин өзгөрүүлөрүн, буюм-тайымдардын семантикалык үлгүлөрүн ж.б. түшүнүү мүмкүн эмес [183, 10-б.]. Бирок кайсыл бир нерсени сүрөттөп жазуу, жеткирүү, сүрөттөө ыкмасы өзүнүн актуалдуулугун эч качан жоготпойт. Тетирисинче, теориялык ыкмалар менен бышыкталып, фактологиялык материал катары чексиз баалуулугун көрсөтө алат.

А.Н. Бернштамдын билдирүүсү боюнча байыркы кыргыздарда жоокердик, баатырдык өтө жогору бааланган [90, 506-б.]. Ал баатырдык доорго, жоокердик өнөргө түздөн түз байланышта болгон. Көчмөндүк жашоо мүнөз алгачкы маданияттын негизги кыймылдаткычы, алдыңкы күчү болуп, коомдун өнүгүшүнө чоң салым кошкону менен соңку мезгилдерде туруктуу калыбында сакталган. Бул

албетте, алардын кийген кийимдеринен, колдонгон турмуш-тиричилик буюмдарынан көрүнгөн. Соода-сатык алакаларынын күчөшү менен турмуш-тиричилик буюмдарын, кездеменин түрлөрүн көбөйткөн. Бирок сооданын сырын түшүнбөй, арзан тиричилик буюмдарына көптөгөн малдарын, кун (аң) жана терилерин алмаштырып жиберишкен.

Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшүнө кыргыздар жайгашкан жаратылыштык-географиялык шарттары, аймактык өзгөчөлүктөрү алардын көчмөнчүлүк жашоо мүнөзүн тандап алууда чечкиндүү жана негизги ролду ойногон. Жаратылыштын өзү адамзатты жаратуу менен бирге алардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүн, башкача айтканда, турак-жайын, кийим-кечесин, тамак-ашын, чарбасын, ал тургай руханий маданияттарын географиялык жайгашууларына жараша өнүгүүсүн таңуулап турган [138, 288-б.].

Корутундалап айтканда, кыргыз элинде теричилик өнөрүнүн мыкты өнүккөндүгүн элдин географиялык жайгашууларына, аба ырайынын катаалдыктарына жана мал чарбачылык мүнөзүнө гана байланыштуу каралбастан, жоокердик жашоо талаптары дагы түрткү бергендигин белгилей кетсек болот. Малга ылайыктуу жайыттарды тынымсыз издөө өз ара чыр-чатактарга алып келген. Уруулар, башка элдер арасындагы тынымсыз уруштар согуштук курал-жарактарды, буюм-тайымдардын бышык, ишенимдүү жасалуусуна түрткөн. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, алгачкы коргонуучу куралдар жыгачтардан (карапчы, калкан) жасалып келсе, мал чарбачылыктын өнүгүшү менен чопкут, олпок, чарайна, күрөөкө тон, билерик, тизелик өңдүү коргонуу буюмдары жөнөкөй малдын терилеринен эле эмес, жырткыч жаныбарлардын, айрыкча, аюу, карышкырлардын терилеринен жасалган. Эң негизгиси көчмөндүк жана жоокердик жашоо мүнөзүнө шартталган тери иштетүү кол өнөрчүлүгү бир багыттуу жана максаттуу жүргүзүлгөндүктөн, кол өнөрчүлүктүн мыкты үлгүлөрү жаралган. Бирок кол өнөрчүлүктүн жүрүшү жана жасалган буюмдардын сатылышы системалык түрдө жүрбөгөндүктөн, азем буюмдар чакан аймактарга гана тараган. Ошондуктан кыргыздардын салттуу буюмдары уз-усталардын колунан чыкпаган соң, турмуш-тиричилик деңгээлинде гана аткарылып, көркөмдүк жана сапаттык жактары эске алынбай калган.

## §2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары

Көчмөндөрдүн күнүмдүк турмушунда кеңири колдонулган буюмдары, кийим-кечектери тууралуу чогултулган талаа материалдарын андан ары иштеп же талдап чыгуу үчүн эволюционизм, диффузионизм, функционализм ыкмаларынын негизинде иштелген түрдүү концепцияларды колдонуу зарыл. Алсак, чарбалык-маданий типтер жана маданий алкактар диффузионисттик багыттардын, ыкмалардын негизинде калыптанган. Алардын катарына семантикалык-семиотикалык, типологиялык жана салыштырма-тарыхый талдоолор дагы кирген. Албетте, дүйнөлүк практикада талаа материалдарын талдоонун, изилдөөнүн көптөгөн ыкмаларын жолуктурууга болот [189, 4-6-б.; 252, 337-б.; 394, 30-35-б.]. Ал изилдөөнүн койгон максат, милдеттерине көз каранды жана ошого жараша аткарылган.

Булак таануучулук талдоо өзөктүү ыкмалардын катарына кирди. Анткени ал, колдонулган булактарды сыпаттоого, талдоого алат. Колдонулган булактарды талдабай, сын пикирлерин билдирбей коюу маалыматтардын бузулушуна же бурмаланышына, жасалмалуулукка, илимий эмгектердин маанисинин төмөндөп кетишине алып келгендигин этнология илими тарыхый окуялар менен далилдеп бере алат. Мисалы, Геродот эмгегинде сактардын бээ саап жаткан учурун акылга сыйбай турган, ал тургай ойго келбей тургандай кылып сүрөттөп берген [11, 304-б.]. Ал берген маалымат кээ бир адамдарды таң калтыруу үчүн гана жазылгандай. Себеби мифтик деңгээлде жазылган деп дагы баа берүүгө мүмкүн эмес. Ушул сыяктуу көптөгөн мисалдарды тарта берсе болот. Мына ушундай жагдай адистердин арасында көптөгөн талаш-тартыштарды пайда кылып, илимий булак катары пайдаланууга же илимий айлампага алууга кайсыл бир деңгээлде өз кедергисин тийгизип келген [457, 27-28-б.]. Ошондуктан кандай гана эмгектер жазылбасын пикирлер, сын пикирлер талап кылынган.

Салттык кол өнөрчүлүк классификациялык деңгээлде тигил же бул типтердин айрым элементтерин байланыштырууда же маданияттардын кээ бир окшоштуктарын салыштырууда ишке ашырылып, этнографиялык текст катары дагы кызмат кылат. Талаа материалдарын эмпирикалык ыкмада (сүрөттөө,

классификациялоо, байкоо, талдоо, салыштыруу, кол өнөрчүлүктүн эски ыкмаларын чогултуу, калыбына келтирүү ж.б.) чогултуу, байкоо жүргүзүү, тарыхый илимдердин методдору, герменевтикалык парадигманын негизинде тексттерге талдоо жүргүзүү ж.б. Бул ыкмалар XX кылымдан баштап алдыңкы орунга чыккан [189, 53-б.].

Россиялык этнологдордун пикирлери боюнча материалдык маданиятты изилдөөнүн ыкмалары этнографиялык фактылардын объективдүү ачыктоолоруна жана сүрөттөөлөрүнө багытталышы керек. Бул жерде көрсөтүлүп тургандай, материалдык маданиятты изилдөөнүн ондогон түрлөрү белгилүү. Бирок алардын негизгилери болуп төмөнкүлөр эсептелет: тарыхый ыкма (маданиятты хроногиялык жактан кароо), эмпирикалык ыкма (аткарылып жаткан иш чараны түздөн-түз байкоо ыкмасы), герменевтикалык ыкма (маданий объектилерди текст катары окуп, аныктама берүү), феноменологиялык ыкма (руханий маданият катары кароону сунуштап, сүрөттөөчү ыкма), курамдык ыкма (бардык маданият элемент курамдардан, түзүмдөн турат. Ошондуктан аларды ажыратып кайра бириктирүүгө болот деген көз карашты карманышат), функционалдык ыкма (бардык нерсе адамзаттын канааттануусун, талаптарын аткарат), лингвистикалык ыкма (маданий эстеликтерди өздөрүнүн тилинде сүйлөнүүчү текст катары карайт), семиотикалык ыкма (тил, маданият символдордон, белгилерден турат, бекитилген маданий коддорду чечмелөө ыкмасы) [146, 20-28-б.]. Албетте, жогорудагы сунушалган ыкмаларды бардык окумуштуулар кабыл ала берген эмес. Макул болбогон жерлерине өздөрүнүн көз караштарын жана ыкмаларын дагы сунушташкан. Алар негизинен маданият таануучулук аспектисинде каралган.

Системалык изилдөө жолу, изилдөөнүн бул методологиялык багыты изилдөөнүн объектисин көп түрдүү элемент катары карап, ошол эле учурда алардын байланыштарынын жыйындысын сунуштайт. Тагыраак айтканда, изилдөөнүн объектисин бүтүн система түрүндө кароо. Системалуу изилдөө жүргүзүү үчүн төмөндөгү негизги принциптер сунушталат: 1). Система бир эле учурда бирдиктүү, бүтүндүк жана системанын элементтеринин бөлүкчөлөрү же деңгээлдери боюнча каралат. Мисалы, салттык маданиятты бир бүтүндүк катары кароого болот. Ошол

учурда ал ичинен материалдык, руханий, социалдык жана көркөм жасалга маданияты сыяктуу бир нече тармактарга, бөлүкчөлөргө да ажырайт. 2). Түзүмдүн баскычы, система көп элементтерге ээ болуп калган шартта, түрдүү факторлордун аларга тийгизген таасирлерин аныктоо, байкоо жүргүзүү, белгилүү бир элементтердин коомдун алмашышына жараша өзгөрүп кетишинин себептерин табуу. Бул принцип салттык маданияттардын жаңы чөйрөдө өзгөрүп кетишин байкоодо жакшы билинет. 3). Түзүмү, конкреттүү нерселердин системасынын элементтерин жана алардын өз ара байланыштарын талдоого чоң мүмкүнчүлүк ачат. Мисалы, салттык маданиятта боз үйдү же ат жабдыктардын түзүлүшүн, курамын кароодо алардын тарыхый доорлор менен байланыштарын жана өзгөрүүлөрүн байкоого болот.

Салттык маданияттын түзүмүн талдоо ыкмасы жогорудагы ыкмалардан тышкары кошумча эки катмарга, башкача айтканда, кайсыл гана система болбосун, ал өзөккө жана тышкы кабыгына ээ. Системанын дал ушул фундаменталдуу мүнөзү анын өзөгү менен байланышып, ал эми анын тышкы кабыгы табигый мыйзам ченемдүүлүктө көрсөтүлгөндөй өзөккө салыштырмалуу азыраак чагылдырылат же анчалык деңгээлде байкала бербейт.

Салттык маданияттын өзөгү же тамыры тарыхтын алгачкы доорлоруна барып такалат. Ошондуктан аны эрте же ички катмар деп да атоого болот. Анткени салттык маданияттын туруктуу элементтери салттык мыйзамдар боюнча улам кийинки муунга өткөрүлүп турган. Жогорудагыдан даана көрүнүп тургандай, салттык маданияттын борборун сакралдуу өзөк түзөт. Мисалга алсак, байыркы мезгилдерден бери кийилип келе жаткан кийимдери, жеп жаткан тамактары, жашап келе жаткан турак-жайлары, колдонуп жаткан чарбалык буюмдары алардын диний түшүнүктөрүнө, дүйнө таанымдарына, ички турмушуна ширелген. Ал эми, биз, тышкы кабыгы деп кабыл алган катмар тарыхтын кеч мезгили же тышкы катмары катарында каралат. Кабык же тышкы катмар коомдун алмашышы, адамдардын көз караштарынын өзгөрүшү, улуттук баалуулуктардын алмашып турушуна байланыштуу, башкача айтканда, кырдаалдарга жараша өзгөрөт. Маданият экзогендүү (тыштан кабыл алуу) жана эндогендүү (тышкы таасирлер эмес ички

таасирлердин негизинде) таасирлерге байланыштуу өз ара жаңыланып турат [183, 13-б.]. Салттык маданиятта кийимдерге оюу-чиймелерди түшүрүү же кийимдердин тигилишинде, өң-түс берүүдө этномаданий жана социалдык-экономикалык байланыштардын таасири күчөгөн. Эгер тышкы таасирлер азайса, ал нерселер кыска убакыттарга гана созулуп, кайрадан салттык ыкмаларга, элдин мүнөзүнө, кабыл алуусуна туура келген буюм-тайымдарды жасоо, оюу-чиймелерди түшүрүү жолуна түшкөн. Ошол эле учурда жаңы нерселер эл тарабынан өзөктүк, тамырдык катмар катары кабыл алынып, андан ары улантып, салттык маданияттын бир бөлүгүнө айлантып жиберген учурлары дагы кездешкендигин танууга болбойт. Мисалга алсак, кыздарды ала качуу, туулган күндөрдү тосуу ж.б. келтирүүгө болот. Демек, системалуу изилдөө жолу илимий изилдөөлөрүбүздүн бир ыкмасы катары маанилүү орунду ээледи.

Салыштырма-тарыхый ыкма – элдин материалдык маданиятын салыштырып, маданияттагы жалпылыктарын, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын таап, ошондой эле окшоштуктарынын же айырмачылыктарынын себептерин аныктоочу негизги изилдөө ыкмасы. Илимий изилдөөлөрдө тарыхый салыштыруунун негизги үч түрү колдонулуп жүрөт. Алар: тарыхый-типологиялык түрү (түрдүү кубулуштардын, окуялардын окшоштуктарын изилдөө); тарыхый-генетикалык түрү (алардын өнүгүүсүндөгү генетикалык байланыштарды изилдөө); тарыхый-диффузиялык түрү (карым-катнаштардын, байланыштардын таасири астында тараган өзгөчөлүктөрүн изилдөө).

Изилдөөдө бул ыкмалар салттык маданиятты, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн же конкреттүү кайсыл бир буюм-тайымды талдоодо пайдаланылат. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы Кыргызстандын тарыхында коомдук чоң өзгөрүүлөр болду. Бул мезгил аралыгында элдин ички, тышкы интрегрaциясы, консолидациясы күчөп, анын негизинде маданият майда бөлүктөргө бөлүнүп, эски нерселер пайдалануудан чыга баштаса, жаңы нерселер байма-бай кире баштаган. Албетте, материалдык маданиятка жаңы аралашкан каражаттар эл тарабынан убакыттын өтүшү менен айрымдары акырындык менен аралашса, кайсыл бир буюм-тайымдар бат эле кирген.

Салыштырмалуу ыкма элдин кол өнөрчүлүгүндөгү аймактык, субаймактык жана локалдык өзгөчөлүктөрүн аныктаганга дагы көмөк берет. Изилдөөдө тарыхый-генетикалык ыкманын колдонулушу менен алардын байыркы мезгилдерден азыркы мезгилге чейинки эволюциялык өнүгүшүн, салттык ыкмалардан жаңы ыкмаларга өтүүсүн аныктоого болот. Тарыхый-диффузиялык ыкма жолу менен салттык маданияттагы, кол өнөрчүлүктөгү жаңылыктар, жыйынтыктар изилдөөгө алынды.

Акыркы жыйырма жылдыкта кыргыздардын салттык материалдык маданиятын этнологиялык жактан изилдөөгө алууга кызыгуулар көбөйө баштаган. Бул изилдөөлөр аларды каттоо жана сактоо, пайдалануу деңгээлдеринде гана карабастан, салттык маданияттын келип чыгышынан тартып, өнүгүү эволюциясын, этникалык тарыхына тийгизген таасирине чейинки маселелерди карап, баалуу сунуштарын берип жатат. Ошондуктан биз изилдеп жаткан мезгил, географиялык алкак, эң негизгиси салттык кол өнөрчүлүктүн кыргыз тарыхындагы, маданиятындагы ордун жана ролун аныктап берүү үчүн туура ыкмаларды тандап алууда жана колдонууда өтө маанилүү.

Байкоо жүргүзүү ыкмасы. Диссертациялык иште байкоо жүргүзүү өтө көп колдонулган ыкмалардын бирине кирди. Иштин изилдөө предмети тери иштетүү кол өнөрчүлүгү болгондуктан, маек жүргүзүүдөн тышкары уз-усталардын курал-жарактарынан, керектүү сырьёлорду табышынан баштап, даярдоо, үлгүлөрүн алуу, бычуу, тигүү, боё, оюуларды түшүрүүсүнө чейин өз алдынча байкоолор жүргүзүлдү. Анткени уз-усталар дайым эле өздөрү колдонгон ыкмаларды, буюмдун, оюмдун түрлөрүн, практикалык маанисинен тышкары философиялык маанилерин сөз менен айтып бере албайт. Ошондуктан алар жасап жаткан буюмдарды кылдат байкап туруу керек. Байкоо жүргүзүү убакыт ченемдер менен дагы өз ара бөлүнөт. Стационардык байкоо жүргүзүү узак убакытка, бир-эки айдан бир этнографиялык жылга чейин, башкача айтканда, жылдын ар бир мезгилинде белгилүү өлчөмгө созулган. Ошондой эле кол өнөрчүлүк жылдын түрдүү мезгилдеринде жүргөндүктөн, кайсыл бир иштердин аткарылышын көрбөй калуу мүмкүндүгү дагы бар.

Азыркы мезгилде талаа изилдөөлөрүн жүргүзүү мезгилдүү жана кыска убакытка байкоо жүргүзүү түрүндө аткарылып келе жатат. Бул ыкма кыска убакыт ичинде

көптөгөн аймактарды кыдырууга, бай материалдарды чогултууга мүмкүндүк бергени менен, көптөгөн кыйынчылыктарга дагы туш болот. Анткени мезгилдүү талаа материалын чогултуу изилдөөчүнүн ылайыктаган мезгилине жараша түзүлгөндүктөн, уз-усталарды иш үстүнөн кармай албай калуу коркунучу бар. Байкоо жүргүзүүдө негизги эске ала турган жагдай, изилдөөчү кайсыл нерселерге өзгөчө көңүл бурушу, максат-милдеттерин так аныктап алышы керек. Экинчи учур, байкоо жүргүзүүнүн стратегиясын (эмнени жана кай жерден байкоо, жыйынтыктарын кандай үлгүдө даярдоо ж.б.) алдын ала аныктап алуу. Байкоо жүргүзүүдө жана маалымат чогултууда ортомчу топтордун жоктугу, изилдөөчү менен изилдөө объектисинин түз байланышы анын баалуулугун арттыргандыгын дагы белгилеп коюушубуз зарыл.

Маектешүү – эки адамдын бир багыттуу пикир алмашуусу. Суроо берүүчү тарап адискөй изилдөөчү катары маектешине керектүү суроолорду берип, айрым маалыматтарды тактап турат. Маек 1-1,5 саат убакытка созулат. Экинчи түрү узакка созулган маек, жөнөкөй маектерди бир нече жолу кайталап уюштуруу. Ошондой эле эркин маек социалдык, этникалык, маданий темаларда сүйлөшүү аркылуу респонденттин көз карашын, кабыл алуусун аныктоо [457, 35-36-б.].

Ретроспективдүү ыкма. Тарыхый-генетикалык ыкмадан айырмасы азыркы мезгилдеги жасалган салттуу буюмдарды байыркы мезгилдеги жасалган буюмдарга окшоштуруп, жалпылап талдоо же жок болуп кеткен буюм-тайымдарды сурамжылоо, маектерди уюштуруу аркылуу калыбына келтирүү. Анын негизги булагы улуу муундун өкүлдөрү же ошол маданияттарды алып жүрүүчүлөрү менен түрдүү форматтагы маектерди жүргүзүү. Бул ыкма менен эл оозунда жүргөн, бирок жоголуп кеткен кийимдерди, буюмдарды, тамак-аштын түрлөрүн, музыкалык аспаптарды, курал-жарактарды, аларды жасоодо колдонулган ыкмаларына чейин калыбына келтирүүгө болот [514, 10-17-б.].

Семиотико-семантикалык ыкма. Маданий объектилерди изилдөөдө, мейли сүрөттөө-байкоо жүргүзүүнүн деңгээлинде болсун, алардын маанилүүлүгүнө жана баалуулуктарына жараша даяр суроолор түзүлбөй туруп, аны ишке ашыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан салттык кол өнөрчүлүктүн элементтеринин маанисин тактоо жана

аларга түшүндүрмө берүү, алардын салттык маданиятта ээлеген ордун көрсөтүү үчүн семиотико-семантикалык ыкма маанилүү болуп саналат.

Диссертациялык иште семиотиканын бир бөлүгү семантикалык ыкма дагы колдонулду. Изилдөө иштеринде семантиканын маданият таануучулук концепциялары маанилүү орунду ээледи. Маданий семантика – илимде маданият тууралуу өзгөчө маселелүү тармак. Ал маданий объектилердин маанисин сүйлөтүү, чечмелеп берүү багытын көздөйт. Семантиканы О.М. Фрейденберг: Дүйнө таанымдык маанилүүлүгүнүн баштапкы системасы, өз алдынча эмес калыптанган курчап турган дүйнөнүн маанилүү системасы. Кайсыл бир салт же ырым-жырым, диний түшүнүктөрдүн гана негизинде келип чыккан деп, сунуштоо көп катачылыкка жол ачат, – деп баса белгилеп көрсөтөт [427, 174, 183-б.]. Чындыгында, кандай гана маданият болбосун белгилүү бир буюмга өз алдынча маани берилип, ошонун артында түшүнүктөрдү жаратышкан. Бир эле буюм түрдүү этникалык салттарда бири-бирине дал келбеген түшүнүктөргө ээ болушу мүмкүн. Аны териштирүү үчүн ошол буюмдун семантикалык маанисин сүрүштүрүп чыгуу керек.

Семиотика жаратылыштагы түрдүү белгилердин топтомунун өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө алат. Бул системага табигый тилдер, оозеки жана жазма, түрдүү жасалма тилдер, формалдуу логикалык тилдерден, тамгалардан жана сандардан түзүлгөн тил искусствосу кирет. Жогорку ыкманы илимге Ч.С. Пирс жана Ф. де Соссюрлор киргизген. Ошондой эле бул ыкманын андан ары өнүп-өсүшүнө француз этнологу К. Леви-Стростун кошкон салымы өтө чоң. Жогорку ыкмалар аркылуу тери буюмдарына түшүрүлгөн оюулардын маанисин түшүнүүгө болот.

Көп мезгилдер бою окулбай, маанилери чечилбей келген жазуулардын, чиймелердин жоопторун К. Леви-Строс киргизген коддордун жардамы менен ачууга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Мисалы, жазма эстеликтерге катылган жазууларга символикалуу маанидеги белгилер түшүрүлгөн. Албетте, аларды түшүнүү үчүн өткөн доордун этнографиялык маданиятын, дүйнө таанымдарын, ошондой эле алардын мифтик түшүнүктөрүн дагы кайсыл бир деңгээлде түшүнүү керек. Мына ушул коддор жазма эстеликтерде берилген сырлар менен тыгыз байланышта жүргөн. Семиотико-семантикалык ыкма менен мифтердин ички маанисин, алардын

чечмеленишин географиялык, космостук «коддордун» жардамы менен «сүйлөтүүгө» жол ачылды [258, 81-82-б.; 183, 20-б.].

Түзүмдүк ыкма (структурализм) кайсыл бир салттын, үрп-адаттын же ырым-жырымдардын келип чыгыш, пайда болуш себептерин түшүндүрүп берүүгө жардам берди. Алсак, кыргыз элине таандык болгон боз үйлөрдүн жыгачтарынын кызыл түскө боелушу же оюулардын кайсыл бир буюмга түшүрүлүшүнүн келип чыгышын, маани-маңызын түшүндүрүп берүүдө түзүмдүк ыкма колдонулду. Анткени түзүмдүк ыкма байыркы мезгилдеги болуп өткөн тарыхый фактыларды салыштырып кароону сунуштайт.

Салттык маданияттын өзгөчөлүгүнүн дагы бири – синкретизм. Буюмдар кандайдыр бир деңгээлде майда элементтерге бөлүнбөгөнү менен, анын көп түрдүү аткарган кызматы практикалык жактан эле эмес, символикалык маанилерге дагы ээ. Мисалы, турак-жай, кийим-кечек, тамак-аш ритуалдарында кайсыл бир нерсенин түрү эмес, өз алдынча символикалуу маанилер системасы катары кабыл алынат. Себеби аткарылып жаткан жөрөлгөлөр күнүмдүк нерселерден тышка чыгып, сакралдуу дүйнөгө, мифологиялык түшүнүктөргө аралашат.

Символдордун, белгилердин маанисин чечмелөө, алардын дүйнө түшүнүгүндө ээлеген орду – салттык маданияттын элементтерин чечмелөөдө синкретизим негизги ыкмалардын бири. Анткени символдор, белгилер өзүнөн өзү эле жарала берчү нерселер эмес. Алар ой жүгүртүүнүн, акыл калчоонун жыйынтыгы же түшүмү. Символдор зат сыяктуу жашоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ эмес. Бирок руханий дүйнөдө алардын мааниси жана орду өзгөчө. Адамдардын баштапкы ой жүгүртүүлөрү менен белгилердин так маанисин түшүнүү кыйынга турган [183, 24-б.]. Себеби алар символдордон сыйкыр же өзгөчө күчтөрдү күткөндөй көрүнүшкөн. Байыркы доорлордо тууларга, байрактарга, энчилүү заттарга түшүрүлгөн эн тамгалар, өзгөчө белгилер кайсыл бир уруунун колдоочу сыйкыр күчүнө айланып, айрым жамааттарга, элдерге коркунуч, коркуу сезимдерин түшүргөн. Ошондуктан символдордун маанисин түшүнүү, чечмелөө үчүн ошол мезгилдеги дүйнө тааным, ой жүгүртүү деңгээлдерине жетиши керек.

Карама-каршылык жана сандар ыкмасы. Семиотикалык жол менен изилдөө жүргүзүүдө сөзсүз түрдө чоң карама каршылыктар кездешет. Алсак, «жаратылыш жана адам», «адам жана маданият» деп карама-каршылыктуу жактар көрсөтүлсө, кичине дүйнө түшүнүгүндө да кош тараптар: «асман – жер», «жер – тигил дүйнө» ж.б. көрсөтүлөт. Ошондой эле кичине дүйнө түшүнүгүндө семиотикалык карама-каршылыктар адамзатты негизги багыт көрсөтүүчү каражат катары карашат. Мисалы, жынысына – «эркек – аял», жашына «улуу - кичүү», тарабына – «оң -сол», катмарына – «тышкы – ички» ж.б. жараша абалдары көрсөтүлөт. Күндөргө карата дагы ишенимдер келип чыккан [219, 5-б.]. Ушул сыяктуу эле семиотика түстөргө карата дагы карама-каршылыктардын: «ак – кара», «сары – кызыл» маанисин табууга аракет жасайт. Мындан тышкары мифтик, тотемдик колдоочуларды «ата – эне», «аял – эркек» (Кыдыр Ата, Камбар Ата, Чолпон Ата, Дөөтү Ата, Умай Эне, Мүйүздүү Эне, Жер Эне; Сур Эчки, Кайберен, Солтонсары ж.б.) формасында берилиши дагы изилдөөгө алынды.

Салттык маданиятта, өзгөчө кол өнөрчүлүктө сандардын мааниси өтө чоң орунду ээлейт. Анын жыйынтыгында «ыйык сандар» пайда болгон. Алсак, 1, 3, 4, 7, 9, 12, 13, 40, 121, 364 ж.б. сандарын кыргыздар касиеттүү сандар деп аташкан. Ал эми сандардын теориясын иштеп чыккан окумуштуулар сандарды жуп жана так сандарга бөлүп карашат. Анткени бул жерде да сандарды бири-бирине карама-каршы (эркек – аял, ачык – кара, чектүү – чексиз, жакшылык – жамандык) коюу ыкмалары көрүнүп турат. Так жана жуп деп бөлүү, аталык жана энелик башталыштардын белгиси катары каралган. Алардын көз караштары боюнча кайсыл гана жуп санды албайлы, аны так же жуп санга бөлүп коюуга же тең экиге бөлүүгө болот. Ал эми так сандар тең бөлүнүү касиетине ээ эмес [231, 29-б.]. Диссертациялык иштин жүрүшүндө кол өнөрчүлүктө колдонулган сандардын маанисин табуу, ой жүгүртүү көптөгөн табылгалардын ачылышына түрткү болду. Мисалга алсак, кыздардын себине даярдалган ат жабдыктарда, анын ичинен тердикке бекитилген көрчөгөлөрдүн 84 санда болушу же көрчөгөлөрдүн дайым жуп санда жасалышы көбөйүүнүн маанисин түшүндүргөн.

Салттык маданияттагы тигил же бул буюмдун практикалык жактарынан тышкары таанып-билүүчүлүккө байланыштуу маанилерин чечмелөө, алардын түпкү маңызын, элдин тарыхый өнүгүү доорлорун ачууга жердам берди [468, 15-б.]. Бул ыкмалар аркылуу салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн чыныгы баалуулугун, тарыхый маанисин түшүнүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, жогорудагы аталган ыкмалардын бардыгы кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн, анын ичинде тери иштетүү өнөрүн изилдөөдө негизги ролду ойноду. Албетте, илимий изилдөөлөрдүн башка дагы ыкмалары белгилүү жана алар түрдүү эмгектерде колдонулуп келет. Ал эми биздин изилдөөлөрүбүздө жогорку ыкмалардын колдонулушу натыйжалуу жыйынтыктарды бергендигин белгилейбиз.

**Экинчи баптын жыйынтыгы.** Көптөгөн этнологиялык эмгектерде теориялык маселелерге көңүл бурбастан дароо эле методологиялык ыкмалардын негизинде изилдөө иштерине кирип кетүү өнөкөтү калыптанып калган. Ошондуктан бул бапта көчмөн же салттык маданияттын, анын ичинде салттык кол өнөрчүлүктүн пайда болушуна, калыптанышына жана өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурулду. Көчмөн кыргыз маданиятына таандык кол өнөрчүлүк өтө көп мезгилди басып өткөнү менен, табигыйлуулукту сактап, жай жана туруктуу өнүгүү жолун басып келген. Мына ушуларды түшүнүп алуу үчүн теориялык-методологиялык негиздер, алардын түрлөрү, колдонуу ыкмалары аныкталып алынды. Белгилей кетүүчү жагдай, кыргыз кол өнөрчүлүгүн теориялык жактан изилдөө тажрыйбалары өтө аз жүргөндүгү аныкталып, кийинки изилдөөлөрдө бул маселелерге сөзсүз түрдө көңүл бурулуш керек экендиги көрсөтүлдү.

## III БАП. ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮ ЖАНА БУЮМ АТАЛЫШТАРЫНЫН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

### § 3.1. Териден жасалган буюм аталыштарынын түшүндүрмөлөрү

Кыргыздардын материалдык маданиятынын өзөгүн түзгөн көркөм кол өнөрчүлүктөгү колдонулган сөздөрдүн айрымдарынын келип чыгышы, азыркы кездеги колдонулушу өтө кызыгууну туудурат. Анткени күндөлүк турмушта айтылып, колдонулуп жүргөн буюмдардын, сөздөрдүн аталышынын дагы тарыхы, басып өткөн жолу бар [419, 523-б.]. Башкача айтканда, этимологиялык изилдөө жолу аркылуу колдонуудан чыгып же туура эмес пайдаланылып жүргөн, ошондой эле унутта калган сөздөрдүн маанисин чечмелеп, аларды орду-ордуна коюуга, тектеш элдер менен этногенетикалык жана этномаданий байланыштардын окшоштуктарын, жалпылыктарын, өзгөчөлүктөрүн табууга болот. Чындыгында эле, этнографиялык терминдердин этимологиясын изилдөөнү негизги милдеттердин катарына киргизсек, албетте, илимий иштердин баалуулуктарын мындан дагы жогорку деңгээлге чыгарууга бир топ мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Түрк тилдүү элдерге, анын ичинде кыргыз элине, таандык болуп келген сөздөр башка тилдерге ооп, кайра кайтып колдонууга киргенде, аны башка тилден кирген кириндиу сөз катары карап жаткан учурлар кездешип келе жаткандыгын баса белгилеп кеткибиз келет. Мисалга алсак, «тамга» – орус тилине «таможня» деп кирген. Ал сөз бизге кайра колдонууга киргенде, аны «бажы» деп, иран сөзүнө алмаштырылып калган. Ошондой эле «ыштан» (ич тон – сөзүнөн кыскарып кирген), колчан, кандалы, каблук, толмач (тилмеч), башмак ж.б. көптөгөн сөздөр кыргыз, түрк тилдеринен орус тилдерине өткөн. Дал мына ушул таалуу маселе боюнча өз кезинде академик К.К. Юдахин: Иран сөздөрүнүн бардыгынын түпкү чыккан булагын персиялык деп көрсөтүүнү биз адат кылып алганбыз. Мисалы, менин сөздүгүмдө башка тилдерден кирген сөздөр, кайсыл тилден киргендиги көрсөтүлгөн. Башка тилдерден кирген сөздөрдүн түпкү тегин белгилөөдө, мен адат болуп калган ката жол менен кеткем [458, 328-б.], – деп, колдонуп жүргөн сөздөрдүн түпкү теги катары араб, перси тилдери деп көрсөтүлө бергендигине токтолгон. Демек, кыргыз тилине араб, перси тилдеринен өздөштүрүлүп кирди деген сөздөрдү кайрадан кароо

же ал сөздөрдүн өзөгүн башкыр, тува, алтай, татар, якут ж.б. тилдеринен издеп табуу замандын талабы жана милдети. Ошону менен бирге академик К.К. Юдахин өзүнүн сөздүгүнүн кириш сөзүндө: ... Алдын ала айтып кое турган нерсе, мен, практикалык жактан өзүн актай алган, ушул өңдүү сөздүк тараптык экендигимди билдирем. Ошондуктан аны алмаштырууну эмес, кээ бир жактарын жакшыртууну ойлонуш керек [360, 7-б.], – деп туура белгилеген.

К. Дыйканов кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүндө кеңири пайдаланылып жүргөн буюмдардын аталыштарын талдоодо: «Чет сөздөр тыбыштык жактан төл сөздөн өздөштүрүлсө, анын бөлөктүгү таанылбай калат. Мисалы, орус тилине өтүп кеткен *сани* сөзү кыргыздардын *чана,* казактардын *шана,* татарлардын *сана* сөзүнөн кирген. Бирок бүгүнкү мезгилде эки башка сөз сыяктуу сезилип жүрөт. Кыргызча *чанач*, казакча *шанаш* (чан-ач) аш куя турган идиш. Монгол тилинде *цана* «лыжи», башкыр тилинде *саң* «большой колокол», монгол тилинде *цан* (г) музыкальные тарелки. Махмуд Кашгари-Барсканиде чаң «музыкалык аспап». Албетте, бул буюмдар чана, цана, сана, чаң – ийлеп ышталган чың териден жасалган заттар. ... Кыргыз тилиндеги: чан-дыр, чан-а, чан-ак ж.б. деген сөздөрдүн уңгусу чан «тери», булар башында бир болгон [165, 11-б.], – деп, «чан» сөзү алгачкы башатында терини түшүндүргөндүгүн көрсөтөт.

Кыргыздардын салттуу кийимдеринде жаргак тон, жаргак шым, жаргак өтүк, жаргак баш (чачы жок, кашка баш адамдарга тамаша ирээтинде айтылган) деп аталган жаргак сөзү да көп учурайт. *Жар* сөзү дагы тери маанисин түшүндүргөн. Ал эми -гак мүчөсү -ак деген кичирейтүүчү мүчөнүн бир варианты катары кызмат аткарып, «териче», «кичирейтилген» маанисин туюндуруп калган [369, 90-б.].

Музейлик экспонаттарга айланып, чарбачылыкта колдонуудан калган *көнөк, көнөчөк, көнчөк* термини «уйдун, төөнүн терисинен ашатылып, ийленип, чорго чыгарылып, жасалган идиш», башкыр тилинде *күнек* деп аталат. Бул сөздүн биринчи бөлүгү *көн* башында аз алдынча колдонулган сөз болгон. Түрк тилинде *гөн*, уйгур тилинде көн, башкыр тилинде *күн*, Махмуд Кашгари-Барсканиде *күн* болуп учурайт [22, 1027-б.]. Кыргыз тилинде бул сөз айрым гана айкалыштын курамында кезигет: көн (ң) өтүк, көн (ң) тери, көн идиш, көн буюм ж.б. Сөздүн экинчи бөлүгү – өк (– эк)

байыркы куранды мүчө [165, 14-б.]. Ошентип көнөк, көнөчөк, көнч (ыштык), конч, көнчөк, көйнөк териден жасалган буюмдардагы сөздүн уңгусу, терини түшүндүрөт. Булардын ичинен көйнөк жана көнчөк боюнча кененирээк түшүндүрмө берсек, көн сөзүнө – лак (көн + лак) кошулуп, көйнөк термини келип чыккан. Азыркы учурда деле казактар көйнөктү көйлек деп аташса, Кызыл-Суулук кыргыздар акчаны көй деп аташат. Себеби акча дагы аялдардын көйнөгүндөй кызыл-тазыл, же кооз жасалгасына карата айтылган.

Ал эми түрк тилдеринде көнчөк «шым» маанисин түшүндүрсө [165, 94-б.; 192, 223-б.], «көн» Махмуд Кашгари-Барсканиде адамдын териси катары берилет [418, 128-б.]. Жогоруда көрүнүп тургандай, орто кылымдарда көн деп адамдын териси айтылып, мал, аң терилери: *күрк, көрпө, кандир* деп теринин баалуулугуна, түрүнө жараша айталган.

«Көн» термини К.К. Юдахиндин сөздүгүндө «булгаарынын жөнөкөй түрү» [360, 422-б.] катарында гана сыпааттама берилип, туура эмес которулган деп айтууга негиз бар. Анткени мыкты деңгээлдеги иштетилген терилер сапаты боюнча *чем, чигирим, курум, булгаары,* андан кийин эң жогорку иштетилгени көн аталган. Ал эми көн, тери кармаган усталарды *көнчү* атап келишкен. Азыркы мезгилде уйгурлар, татарлар, казактар тери менен иштеген усталарды теричи эмес, көнчү деп атап келишет. Чагатай улусундагы жоокерлердин арасында алардын булгаарыдан керек-жарактарын камсыздап берип туруучу көнчүлөр болгондугун А. Мокеев өз эмгегинде көрсөтүп кеткен [301, 141-б.].

К. Дыйканов: «Орус тилине өтүп кеткен сөздөрдүн бири тулуп «тон», бул сөздүн уңгусу «тул»; монгол тилинде *тулам* «тулуп», кыргыз тилиндеги: тул, тон, түлө, тулку деген сөздөрдүн уңгулары «тул, тон» бир негизден таралган» [165, 53-б.], – деген аныктамасын берет. Жогорудагыларга кошумча ирээтинде тулга, тулаң, тулпар, түлкү, түлүк ж.б. сөздөрдү дагы кошуп кетсек болот. Себеби аларга мүчө уланганда башка бир нерсени түшүндүргөн заттын аталышы келип чыккан.

Кыргыз элинде «бирөөнүн элинде султан болгончо, өз элиңде ултан бол» деген макал белгилүү. Мына ошол «ултан» сөзү азыркы учурда таман маанисин берет. «Ултар» сөзү бут кийимдерди тигүүнү түшүндүргөн. М. Кашгари-Барсканиде улдаң

«койдун буттары же шыйрактары», ул «негизи, таман», байыркы монгол тилинде ула «таман», монгол тилинде ул «таман, бучкак, негизи, башаты» бул сөздүн уңгусу «ул» бардык түрк, монгол тилдеринде орток экендиги далилденип жатат [165, 99-б.].

*Постун* иран сөзүнөн кирип, ичик, тон маанисин берип, Кыргызстандын түштүк аймактарында кенен колдонулат. Тажик тилинде пос (пост) «тери» + тон кыргызча «кийимдин аты» – төл сөз; демек, постун иран-кыргыз эки сөзүнөн түзүлүп жатат. Кыргыз элинде бос сөзү катышкан бостек сөзү бар. Ал көлдөлөң же талпак деп да аталып келет. Биз муну дагы жогорудагыдай талдай турган болсок, тажик тилинде пуст «тери» + такь «тек, түп жагы» алдыга же жерге салынган тери деген маанини берет. Батек: тажик тилинде по «бут» + такь, «тек, түп жагы»; байпак: тажикче по «бут», пак (кеп метатеза); демек – байпак «буттун кеби» дегенди түшүндүрөт [165, 17-б.]. Ошондой эле жылкынын туягы менен бакайынын ортосу байтек деп аталат. Демек, буттун түп жагы.

«Манас» эпосунда баатырлардын, жоокерлердин кийген кийими катары *бадана* зоот, бадана тон, бадана шымга кеңири көңүл бурулат. Ошондой эле зоот кийимдердин тордолгон көздөрүнүн чоңдугун көркөмдүү, элестүү берүү үчүн чиркейдин тумшугунан тартып, чымчык, торгой, бөдөнөнүн көздөрүнө чейин салыштырылып айтылган. К. Сейдакматов мына ошол *бадана* сөзү *бөдөнө* сөзүнөн өзгөрүп кирген деп белгилейт [369, 41-б.].

Енисей кыргыздарынан бери XX кылымдын биринчи жарымына чейин бай адамдар, алардын балдары *жылбырска, даакы (27-сүрөт), кулун тон (36-сүрөт)* деп аталган азем, тыш кийимдерин кийип келишкен. Булардын ичинен жылбырсканын (курсактан өлүп түшкөн кулундун, музоонун, козу-улактын терилери) жүндөрү өтө тегиз, жумшак жана сыйдаң болгондугунан жана тайлардын даакысынан [255, 179-б.] (жазгы жүнү түлөй элек тайлардын тыбыттуу жүнү) тулуп, ичик, күрмө, чыптама, тон, ичиктер жасалган. Бул терминди К. Сейдакматов монголдордун *зулбаска* сөзүнөн кирген деп көрсөтөт [369, 111-б.]. Бул жерде маани бере турган жагдай, курсактан жаңы түшкөн (кандай түстө болбосун) козу-улак, кулун-музоонун жүндөрү жалтырап, жыбырап же жылтылдап, жарыкка чагылышып турган (36-38-сүрөттөр). Памирлик кыргыздар «жылбыс, илбис» деп аташкан [505, 2-б.]. Ушул

жагына дагы карап, тектеш тилдерден окшош сөздөрдү издөө жагына да көңүл бурулушу керек.

Кыргыз тилинде *кам* уңгусу менен башталган бир нече сөздөрдү да тизмектөөгө алсак болот. Мисалы, камчы, кампа, каман, камыр, камылга сөздөрүнүн уңгусу -кам сөзүн иран, тажик тилдеринен кирип, чийки, чала маанисин берет деген түшүнүк бар. Бирок ошол эле учурда енисей кыргыздарында бакшыларды *кам* деп аташкандыгы дагы белгилүү. Алар өздөрүнүн «сыйкыр күчүн, жардамчысын» чакырыш үчүн камчы, дап (бубен), аса таяк, бычак өңдүү буюмдары менен отту айланып тегеренишип, алкага (транска) түшүшкөн. Демек, камчыны бакшынын «тышкы күчтөр» менен байланыштыруучу символикалуу куралы катары дагы кароого болот.

Көчмөндүк, жоокердик заман мал-жаныбардын бардык мүчөлөрүн иштеткенге, пайдаланууга түрткөн, мажбурлаган. Алсак, малдын терилеринен тышкары эркек малдын куулуктарынан, ургаачы малдын желиндеринен идиштер, калталар жасалган. *Көөкөрлөр* алгач бээнин желинен жасалып, кийинчерээк жылкы терисинен тигилген шартта дагы бээнин эки эмчегинин элесин берген формада жасоо салтка айланган. Калмак тилинде «көкүр» упчу маанисин түшүндүрөт [369, 157-158-б.]. Ал эми кыргыздарда эмчекти жалпы жонунан көкүрөк деп дагы атап келишкен. Демек, көөкөр кыргыз-монгол элдеринде бирдей кездешкен сөздөрдөн деп кабыл алууга болот. Эгер, көөкөр сөзүн уңгу-мүчөгө бөлүп карап карасак, көө+көр, көө – карайтылган, көөлөнгөн, кара деген маанини берип, -көр мүчөлүк милдетти аткарган. Мисалы, нөкөр, үркөр, төкөр ж.б.

Кайыш байыркы түрк тилинде казыш деп дагы аталат. Ошол эле учурда кадыз сөзү кабык, кабыкча маанилерин берген. Демек, кад, каз «жыгачтын кабыгы териси» же «малдын териси» дегенди түшүндүрүп, кийинчерээк кайыш маанисине өзгөрүп кеткендигин көрүүгө болот. Жыйынтыгында, кайыш ийленген тери маанисин берип калган [369, 130-б.].

Көмөлдүрүк – аттын көкүрөккө келүүчү бөлүгү, ээр токулганы аттын соорусуна жылдырып жибербеши үчүн тагылган жабдык. Бул сөз «көмөл – дүрүк» деген эки морфемадан турат. «Көмөл» деген сөздүн баштагы мааниси (этимосу) азыр унутулган. Бирок чуваш тилинде кемел «күмүш». Байыркы түрк жазууларында

көмөл. Ошентип, көмөл менен кемел бир негизден жаралган. Сөздүн экинчи бөлүгү: – дурук, – дүрүк; мунун дагы этимосу унутулган. Байыркы түрк тилинде сагалдырык «завязка шабки», кыргыз тилинде сагалдырык «подбородник», капкалдырык «клапан кармана», көзүлдүрүк «очки», якут тилинде мойтурук «ошейник»; булардын уңгулары сагал (сакал), капка, көз, мой (мойун). Монгол тилинде дөөрөн «стремя, педаль»; дөрлөх «обуздать, выдевать кольцо в наздры быка»; хөмөлдрег «нагрудный ремень». Буга салыштырсак: «– дурук, – дүрүк, – дөрөө» деген сөздөрдүн этимосу «тарткыч боо» деген маанини берип турат [79, 130-б.; 165, 14-45-б.].

Казак окумуштуусу бул сөздүн этимологиясын монгол тилиндеги эмээл «седло» деген сөзгө байланыштырып, казакча емелдирик «ээр тарткыч» дейт. Көмөлдүрүк – күмүштөп жасалган ээр тарткыч, эмелдирик – жөнөкөй тарткыч. Ушундай ыкма менен сөздүн унутулган бөлүгүн табууга мүмкүн болот [165, 14-45-б.].

Көмөлдүрүк сөзүн уңгу-мүчөгө бөлүп караган Н.А. Баскаков, К. Дыйкановдор «көмөл» деген сөздүн баштагы мааниси (этимосу) азыр унутулган. Бирок чуваш тилинде кемел «күмүш». Байыркы түрк жазууларында көмөл «күмүш» маанисинде болгон [79, 130-б.; 165, 14-45-б.], – деп, көмөлдүрүккө каңдалган же чапталган күмүштөргө байланыштуу аталгандыгын көрсөтүшкөн. Э.В. Севортян, А.И. Кононов, С.Н. Муратовдор да жогорку пикирлерге кошулушкан. Бирок *көн, көмөк, көмөкөй* сөздөрүнүн негедир уңгу-мүчөсүнө бөлүп карашкан эмес. Мисалы, *көн* жасалган буюмдун жердигин түшүндүрүп турса, *көмөк,* ээрдин жылып кетпешине жардамдашып турат. Үчүнчүдөн, көмөлдүрүк чынында эле жылкынын көмөкөйүнүн же көкүрөгүнүн алдынан кетет. Мына ушуга байланыштуу дагы көмөлдүрүк аталып калышы толук мүмкүн.

Жүгөн – байыркы түркчө *йүгүн,* алгачкы түгүн сөзүнөн келип чыгып, сөздүн уңгусу түгдөн түй болуп, өзгөрүп кирген. Башкача айтканда, түгүн сөзүнөн түйүн, кийинчерээк жүгөн формасына өтүп кеткен [369, 106-б.].

Куюшкан байыркы түрк тилинде кудурук, азыркы куйрук маанисин түшүндүргөн. Мына ушул эле тувалыктардын кудурга сөзү куюшкан маанисин туюндурат [369, 165-б.].

Суусар сөзү суу + сар эки сөздөн түзүлүп, эки сөзү иранча – сар мүчөсү, кыргызча – луу мүчөсүн түшүндүрүп, суулуу деген маанини берип жатат. Демек, суулуу жерде жашаган, балык менен күн көргөн майда жандыкты атап калышкан өңдөнөт. Ошондой эле, иранча санг сөзү кыргызча таш маанисин берген. Таштардын арасында жашагандыктан аларды сансар деп аташкан [369, 106-б.]. Байыркы Тянь-Шанда жашаган кыргыздар булгунду самур, кундузду сувсамуру деп аташкан. Суусамыр калмакча аталышы, кыргыздар Миң-Булак деп аташкан деген дагы көз караштар бар [522, 40-б.].

Түлкү сөзү алгач, түклү, түктүү деп айтылып жүрүп, кийинчерээк түлкү сөзүнө өтүп кеткендигин тилчилер белгилеп өтүшөт [369, 230-б.].

Кумура – териден жасалган идиш дегенди түшүндүргөн [165, 93-б.]. Бул жерден ачык көрүнүп тургандай «кум» уңгу сөзү алгач, тери маанисин берип, андан жасалган идиштер кумура, кумган идишдери териден жасалган. Кийинки доорлордо жез, коло, күмүштөрдөн жасалганына карабай алгачкы аты менен калган. С.М. Муратов «кум», «ком», «гом» ээр маанисин берет деп жазат [311, 27-б.; 418, 183-б.]. Ошол эле учурда калмактар жаныбарлардын терисин ком деп аташкан. Ал эми ирандыктардан кирген «кам» сөзү, алгач, чийки, ийленбеген тери маанисин берген. Демек, кумура ийленбеген, чылгый териден жасалгандыктан жогорудай ат берилген.

К. Дыйканов: «Көйнөк «рубашка, платье», Махмуд Кашгари-Барсканиде көңлекленди «одел рубаху», көңлек «рубаха», көн «адам териси» шкура, демек, бул сөздө эки морфема бар: көн «шкура», – лек («-лык» деген куранды), демек, көйнөк «терилик», адам терисин жаба турган буюм. Мына ушуга салыштырсак көрпө «кой баласынын териси» экендиги ырасталат. Алсак, кө-р-пө үч морфема. Үчүнчү морфемасы – пө иран тилдеринде по, пост «тери», мында талаш жок. Биринчи морфемасы кө – (ко) «кой»; байыркы түрк тилинде кон «овца», монгол тилинде хонь «овец» (эрхон «эркек кой»). Көрпө деген сөздүн экинчи морфемасы –р– байыркыда «з» менен түгөйлөш (салыштыр: козу – ко «кой», зу «сын» баласы), демек, козу «койдун баласы», кө-р-пө деген сөз «койдун баласынын териси» болуп чыгат» [165,

94-б.], – деп көйнөк сөзүнүн келип чыгышын, түшүндүрмөсүн татаал жол менен алып келип жыйынтык чыгарат.

Буюм менен аты айкалышпаган идиштердин бири *аяк* деп аталат. Бул идиштин келип чыгышы, аталып калышы дагы териге байланыштуу. Себеби негизги жашоо мүнөзү мал чарбачылык менен байланышкан кыргыздар малдын терилерин иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Алсак, союлган малдын шыйрак, балтыр, жоон сан терилерин туюк сыйрып алып, жүнүн жыдыткандан кийин, дароо эле анын ичке түп жактарын кайрып, тарамыш менен тигип, майлап, ыштыкка коюп, кайра, койдун куйрук майы менен майлап, идиштердин бир нече түрүн жасап алышкан. Ошентип, аяк терисинен жасалгандыгы үчүн аяк аталып калгандыгы көрүнүп турат [369, 38-б.].

*Баштык* сөзү кара же бодо малдын баш терисинен жасалгандыктан баштык аталган. Баштык сөзү баш деген сөзгө -лык мүчөсү жалгануу аркылуу жасалган. Тилдик мыйзамдарга ылайык, акырындык менен баштык аталып, баш терисинен жасалбаса деле, баштапкы атын сактап калган [369, 48-49-б.].

Жапайы жаныбарлардын ичинен аюунун, аркар-кулжанын жана кой-эчкинин терилеринен жерге төшөлүүчү *талпак* жасалып, бүгүнкү мезгилде дагы кенен пайдаланылып келет. Албетте, талпак даярдалуучу терилердин ички бети ашатылып, андан кийин кол талкууга салынып же кол менен ийленген. «Өтөгөндүн (аюунун) териси өзү жатып ий болот» дегендей териси калың, өтө майлуу болгондуктан, аюунун териси ийленген эмес. Мына ошол эле талпактын аталышы дагы көп кызыгууну жаратат. Бул боюнча К. Сейдакматов: «талпак, талпай, талпагай» сөздөрү жалпак, жалпай, жалпагай сөздөрү менен маанилеш келет» [369, 212-б.], – деп, тыбыштык алмашуулардан улам талпак аталышынын чыккандыгын көрсөтөт. Мындай көрүнүш кыргыз тил мыйзамында көп кездешет. Алсак, капшыт – каптыш; чачпак – чачкап, казанбак – казанкап, каймак – кайкам, чарбак – чаркап ж.б. сөздөрдү мисал келтире берсе болот.

Т. Чоротегин: «айрым түрк кийимдери «Диванда» сөзгө алынат. Байыркы «кафтан», «тон» сөздөрү азыркы кыргызчада «чепкен», «тон» деп, ичик болсо «ичик» түрүндө сактылып жетти. Мындагы «кафтан» сөзү адеп «кап (тама) тон» деп

туюнтулса керек. Кийим-кечек менен байланыштуу эскерилген бир аспап – үтүк болуп саналат. «Үтүк» сөзүн айрым кабарсыз адамдар кыргызчага «утюг» деген орус сөзүнөн өттү деп эсептеши мүмкүн. А чынында XI кылымда эле Теңир-Тоолуктарда үтүк болгон. «Диван» аны шыбак аспабы таризиндеги, кийимдин бырышын жазууда ысытып колдонулуучу темир буюм катары сыпаттайт. Мында «үтти» деген «күйдүрдү, куйкалады» деп түшүндүрүлөт. Демек, үтүктөөчү темир алгач тери жүнүн куйкалоодо, жаргак жасоодо пайдаланылып, бара-бара гана үтүктүн азыркы касиетин өздөштүргөн болуу керек [445, 254-б.], – деп азыркы мезгилде орус тилинде көп жолуккан «кафтан», «утюг» сөзүнүн түпкү маанисин ачып берет.

Жыйынтыктап айтканда, салттык кол өнөрчүлүккө кирген айрым сөздөрдүн илимий талдоолорго алынышы кыргыз этнографиясынын материалдарын байытат. Илимий иштин бул бөлүгүндө болжолдуу 50 жакын гана сөздүн же аталыштын түпкү маанилерин ачып берүүгө аракет жасалды. Бирок жогорудагы сөздөрдөн тышкары кыргыз тилинде байма-бай колдонулуп жүргөн кеменгер, кемеге, кемер, камчы, калпак, ээр сыяктуу ж.б. сөздөрдүн маани-маңызы азыркы учурда деле толук ачылып бериле элек. Ошондуктан кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнө байланышкан сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү түзүлүп, бул багытта тилдик жаңы изилдөөлөр жүргүзүлүшү керек.

## § 3.2. «Манас» эпосундагы тери иштетүү көркөм кол өнөрчүлүгү

Кыргыз элинин тарыхын, материалдык жана материалдык эмес маданиятын жана жасалга-колдонмо өнөрүн чагылдырган, элдик оозеки чыгармалардын ичинен «Манас» эпосуна бир дагы чыгарма тең келбейт. Ошондуктан кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн түшүнүү үчүн «Манас» эпосунда кездешкен териден жасалган буюмдардын түрлөрүн, аткарган кызматтарын жана жасалуу өзгөчөлүктөрүн кароо, аларды тизмектөө менен бирге талдоо иштерин жүргүзүү илимий иштин баалуулугун арттырат. Илимий эмгектерде терилердин түктүү жана түксүз иштетилгендиги тууралуу кыскача маалымат берилип келет.

«Манас» эпосунда көн буюмдарынын ичинен кандагай өзгөчө сыпатталат. Мисалга ала турган болсок, Жусуп Мамайдын вариантында хан Кошойдун кандагай шымына берген сынын караңыз: Күрөшкө чыксам киерге / Күдөрү (өтө жумшак ийленген ак кайыш) шымым жок эле [283, 146-б.]. ... Алып көрүп, алп Кошой: / Бир-эки булкса айрылбас / Үч булкканга чыдабас / Ашы өтүп бул тери / Кеткен экен көп жумшап... / Көрүнүшү башкача / Көз тайгылткан тамаша [283, 146-б.]. Ушул эле кандагай шым Сагынбай Оробаковдун вариантында төмөндөгүдөй сыпатталат: Катыным чоркок киши эле / Кылдыратып көтүмө / Кылып берген иш эле / Арык эчки териси / Атасынын көрүсү / Ашаткыга жатыптыр / Чыгы менен катыптыр / Ийи катып калыптыр / Кылдыр ийлеп салыптыр [274, 200-, 201-б.]. ... Кандагай маа таап берчи деп / Чоюлса токтоп айрылбас / Бош турганда жайылбас / Тартып көрсө чоюлган / Кое берсе жыйылган [274, 201-б.]. ...Кургатканда терисин / Күндүн көзүн чалдырбай / Кургатканын кундуйтуп / Ак сандыкка каттырып / Ашаткысын эринбей / Аярлык менен Каныкей / Жез челекке жаткырып / Алма кабык алдырып / Алты ай малма салдырып [274, 208-б.]. Ийи чала калат деп / Алтымыш беш балбанды / Алым салып ийлетип [275, 94-б.]. Жеке башы бир шымдын / Жети тайлык баркы бар [275, 95-б.], – деп сүрөттөлө берет.

Бул жерден атайын эки манасчынын вариантын бердик. Анткени кандагай шымдын сүрөттөлүшү, жасалышы тууралуу эки манасчынын варианттарынан кызыктуу маалыматтарды алабыз. Мисалга алсак, Жусуп Мамайдын вариантында Кошой баатыр теринин ашатканда өткөрө ашатып койгондугун баса белгилеп жатат.

Тагыраак айтканда, ашаткыда көп жаткан теринин сапаты начар болуп, тузга күйүп кеткен [496, 4-б.]. Ал эми Сагынбай Орозбаковдун вариантында Кошой баатыр өзүнүн кандагай шымы тууралуу айтып жатып, «арык эчкинин терисинен» шымдын жука болоорун, андан тышкары аялынын тери ашаткыга көп кармап койгондугун жана чала ийленгендигин өзгөчө белгилейт. Демек, эки вариантта тең көрүнүп тургандай тери ийлөө ой келди эле жасала бере турган иш эмес экендигин баамдоого болот.

Сагынбай Орозбаковдун вариантынын түшүндүрмөсүндө кандагай тууралуу төмөндөгүдөй маалыматты келтирет. Кандагай (тунгус, манчжур, монгол тилдеринде хандагай – багыш [385, 372-б.]) – тоо текенин, багыштын ж.б. терисинен жасалып, баатырлар, балбандар жоого, балбан күрөшкө, эр сайышка, оодарышына кийиш үчүн тигилген шалбар шым. Калың териден, булгаарыдан жасалып, жоо куралы өтпөй турган согуштук ат жабуу да кандагай деп аталат. Кээде калың тигилген жоо кийимдери, чарайна соот деп аталган [282, 541-б.]. Демек, жогоруда көрүнүп тургандай, кандагай шымынын жаралышы енисай кыргыздарынын маданиятына барып такалаарын божомолдоп айтса болот. Себеби багыш токойлуу, саздуу жерлерге байыр алган жаныбарлардын катарына кирип, Теңир-Тоонун тегерегинде болбойт. Балким, башка кошуна элдер менен болгон этномаданий байланыштардын негизинде кириши толук ыктымал. Же болбосо кандагай шым деп атап олтурбастан багыш шым, тоо теке шым деп эле аталмак.

Эпостон ушул эле багытта, «күрөөкө тон» тууралуу да баалуу маалымат жолугат. Күрөөкө тон – эпосто баатырлардын тышкы жоо кийими, ошондуктан көбүнчө соот менен катар айтылат. Х. Карасаев: «Күрөөкө тон – (кыргызча эскиче, байыркы түрк тилдеринде күрөкө – ургаачы аюу) – асыл кездемеден жасалаган сый тон, кийим», – дейт [212, 173-б.]. Бирок, күрөкө (ургаачы аюу) менен асыл кездемеден жасалган сый тондун байланышы ачылбайт. Байыркы түрк элдеринин негизги тыш кийимдери үй жана аң жаныбарларынын терисинен жасалган [382, 56-57-б.]. Жакшы иштетилген терилер ар кандай кездемеден бышыктыгы, жоо куралына көбүрөөк туруштук берген бекемдиги (ал турсун алгачкы учурларда калкан, туулга, чарайна ж.б.у.с. калканыч куралдар, кийимдер териден жасалып, кийин гана темир менен

алмашылган) жылуулугу (жүнү алынбаганы) менен айырмаланган. Экинчиден, айрым жаныбарлардын терилери жалаң практикалык жактан эмес, ошол кездеги элдердин көз карашында магиялык касиетке ээлиги менен да (тотемдик жаныбарлардын катарында) өзгөчөлөнгөн.

Байыркы Сибирь, Борбордук Азиядагы көпчүлүк элдерде аюу ыйык эсептелген. Демек, жогоруда келтирилген мисалдарга салыштырганда аюунун терисинен тигилген тон магиялык касиетке ээ болгон. Байыркы түрк тилинде күрк – түктүү тери, кийим, ичикти билдирген. Мындай тонду жасоо үчүн үч жыл талап кылынган. Бул сөздүн күрөөкө менен тамырлаш экенин далилдөө анча деле кыйынчылык туудурбайт. Семантикалык жактан төмөндөгүдөй болуп өзгөргөн. А дегенде күрөкө аюунун терисинен жасалган тон аталса, кийин маанисин кеңитип, жалпы эле тондор ошол ат менен аталган [280, 745-б.]. Жогорудагы түшүндүрмөдөн көрүнүп тургандай, теринин жакшы-жаманы, калыңы-жукасы, арыгы-семизи гана каралбастан диний, тотемдик ишеними дагы эске алынганы белгиленип жатат. Демек, кийип жүргөн кийим, өзгөчө тыш кийимдердин жылуулук, көркөмдүктөрүнөн тышкары «колдоочу», «пири» сыяктуу же «анын күчү кошо кирет» деген ишенимде болушкан. Же болбосо: – «Тон, эмне себептен аюунун ургаачысынын терисинен жасалышы керек? Эркек аюунун териси жараган эмеспи?, – деген табигый суроо жаралышы мүмкүн. Биздин оюубузча, кандай гана жаныбар болбосун анын ургаачысы, өзгөчө балалуу жаныбар кайраты, алгырлыгы, жүрөктүүлүгү менен айырмаланып, тукуму үчүн чоң эрдиктерди көрсөтүп келгендиги бизге караганда, байыркы көчмөндөргө жакшы белгилүү болгон. Ушул себептерден улам аюу, анын ичинен ургаачы аюу айрым көчмөндөрдүн, мергенчилердин тотемдик жаныбарына айланган. Муну О. Каратаев дагы төмөндөгү изилдөөлөрү аркылуу ырастайт: Аюу дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк тилдеринин диалектилеринде бул сөз «aziq», «adiq» формаларында айтылганы маалым. Азыркы тува жана хакас тилинин айрым диалектилеринде «адыг», «азыг» түрлөрүндө айтылат. Түштүк Сибирь түрк элдеринде, өзгөчө саха-якуттарда аюуга байланыштуу табу («тыюу салуу») сөздөрү кенен таралганы анык. Мындан тышкары, аюуга байланышкан бир

топ эвфемизмдер белгилүү. Мисалы, саха-якуттар аюуну – «өхө» (чоң ата), хакастар – «аба» (ата), алтайлыктар – «абага» (таяке, ага), тувалар – «ава» (эне, апа) деп аташат. Тунгус-манчжур элдеринде (эвенктерде) «манги» аюу келбеттүү адамды элестетип, ата-бабалардын духунун мифологиялык символу, шамандардын башкы колдоочусу деген түшүнүктү билдирет. «Манги», «мөнгүн» [224, 25-б.] сөзү «аюу», «ата-бабалардын духу» маанисин да туюндурат. «Тайганын кожоюну» деген ат менен белгилүү болгон аюу бүгүнкү күндө да бугу, жолборс, бүркүт сыяктуу кайберендер менен бирге тотемдик ыйык жаныбар катары эсептелет. Изилдөөчүлөр адамзат коомунун өнүгүүсүнүн энелик доордогу коллективдүү чарба жүргүзүү (коллективдүү аң уулоо) менен байланышына токтолушат. Сибирдин көпчүлүк элдеринде аюуга байланыштуу жамааттык түлөө өткөрүү жөрөлгө-майрамы сакталып келери маалым. Айрым изилдөөчүлөр Түштүк Сибирде тунгус-манжур урууларына чейин «манги» (аюу) аттуу уруу жашаганын далилдеп келишет [213, 27-б.], – деп терең илимий изилдөөгө алган.

Кыргыз элинде аюунун териси же талпагына айрым жерлерде уруунун бийи, баатырлары гана олтурууга акылуу болуп келсе, жаш балдарды жаткырса, аруукабайт (жин-шайтан жолобойт, оорубайт деген мааниде) деп алдына аюу талпак салып жатууну жакшы көрүшкөн (108-сүрөт) [67, 103-б.].

«Манас» эпосундагы тыш кийимдердин бири – ичик. Атайын иштетүүдөн (ашатуу, өңдөө, ийлөө) өткөн малдын, өзгөчө кара козунун же баалуу жаныбарлардын көбүнчө илбирс, карышкыр, түлкү, кашкулак терилеринен тышын калың, бышык кездеме менен тыштап, ошол эле териден чоң жака салып тигилет. Ичикти аял же эркек киерине байланыштуу тышталган кездемеден, кээде ичтелүүчү териден да айырма болот. Ичиктер ичтелген теринин түрүнө жараша көрпө ичик, түлкү ичик, карышкыр ичик, илбирс ичик (35-сүрөт) ж.б. деп аталат [280, 425-б.].

Тогуз ичик булгундан / Топо жукпас кулпунган [284, 143-б.]; Ичин суусар ичтетип / Тышын буулум тыштатып [275, 91-б.], – дейт. Бул жерден көрүнүп тургандай, бүгүнкү күндө териси өтө баалуу болгон аң териси – булгундан, суусардан ошол кездерде эле ичик, тыш кийимдери жасалгандыгы маалым болуп жатат [436, 8-85-б.].

Кыш киериң бир бөлөк / Түлкү байпак жоролуу [275, 97-б.], – деп түлкүнүн терисинен кызыл ашыкка ченеп тигилген байпактары жөнүндө сөз болот.

Бизге сүлөөсүндүн терисинен жасалган баш кийим, бөрк абдан кызыгууну туудурду. Себеби «Манас» эпосунда сүлөөсүндүн терисинен тебетейди Манас баатырдын акылманы Бакай жана кырк чоронун эң мыктылары гана кийишкендиги төмөнкү саптар менен тастыкталып турат: Кырк чоронун мыктысы / Көк сүлөөсүн бөрк кийип. ... Койкое кийип суусар бөрк / Жыргап жаткан чоролор [278], – бул жерде, көк суусардын терисинен жасалган бөрктү чоролордун мыктылары, ал эми катардагы чоролор суусардан тебетей кийгендиги баса айтылып жатат.

... Ичин суусап иштетип / Тышын буулум тыштатып / Үч талаа кылып бычтырып / Жаактыгын түшүрүп / Туулганын тышынан / Тумчулана кийсин... / ... Башынан түшпөй жүрсүн деп / Кырк чорого кырк тумак [277, 48-б.], – деп баатырдык доорлордо эле кыргыздардын тумактарды кийип келишкендигинен кабар берет.

Киш – Сибирдин токойлорунда жашоочу, териси кара-күрөң түстөгү кичине жаныбар. Аны монголдор булгун деп аташкан. «Манас» эпосунда «булгун-киштин» териси деген кош сөз түрүндө да учурайт. Кээ бир жерлерде: «Киш ичик», «Киш жака», «Киш телпек» деген туюнтмалар дагы колдонулат [281, 637-б.]. Карсак – түлкү, кээде бөрү, түлкү сыяктуу жойлоп жүрүүчү жырткыч айбандардын жалпы аты [278]. Демек, башындагы бөрк аркылуу алардын коомдогу ээлеген даражалары аныкталган же коомдун башка өкүлдөрү алардын баш кийими аркылуу даража чинин таанышкан. Андан тышкары, думаналардын «күлө» деп аталган баш кийими дагы кездешет. Ал куу деп да аталган. Териден, төбөсү бийик шоңшогой жасалып, башка баса кийилген [36, 217-б.; 279, 489-б.]. Өтө жупуну, жөнөкөй терилерден орсок жана комсо тигилген.

Эпосто жай турмушта жана коргонууга кийилген баш кийимдерден тышкары колго түшкөн туткундарды жана душмандарды жазалоо үчүн башка кийгизилген ширилер дагы берилген. ...Башына шири салалык / Үйгө алып барып кыйнайлык [281, 205-б.], – деген саптардан көрүнүп тургандай, шири салуу – кыйноонун өзгөчө түрү, чачты устара менен алып, жылаңач башка чылгый терини (көбүнчө жука, абдан бышык жана кургаганда өтө тез кичирейип жыйрылуу сапатына ээ деп эсептелген

төө терисин) каптап кийгизип коюшкан. Тери кургаганда башты кысып, өтө катуу оорутуп, азапка салган. Жогорудагы жаза башка шири кийгизүү, шири салуу, башына тери кийгизүү түрлөрүндө кездешкен. Мындай жазалоо эпос боюнча калмактарга мүнөздүү (кыргыздар арасында муну колдонгондугу тууралуу көп эскерилбейт) [279, 520-б.]. Дагы бир түрү «коок» деп аталган. Ал төөнүн ширисинен жасалган баш кийим. Туткундарды кыйнаш үчүн баштарына кийгизилген.

Көчмөндөр үчүн өтө маанилүү болгон кемер, кур, бел курчоонун дээрлик бардыгы тери, булгаары, көндөн же ак кайыштан жасалган [281, 482-б.]. Муну биз төмөндөгү саптардан көрсөк болот: Бото куру моюнда / Эки колу боорунда... Саймалуу калпак, сары шым / Шалдыркан кисе, бото кур [281, 76-б.].

Кемерден тышкары «кисе» деп аталган, түрдүү майда буюмдар тагылган кайыш кур дагы кездешет. Ошол эле учурда анын экинчи түрү оттук жана милте салынуучу кайыш курдун милдетин аткарган [278]. Дагы бир түрү «жекене» деп аталат. 1-түрү баатырлардын кемер куру. 2-түрү мылтыктын огун сологон кур [278]. Атактуу баатырларга атайын арналып жасалган.

Эпостон бут кийимдердин көптөгөн түрлөрүн кездештиребиз: Бутунда кош-кош өтүгү / Келгири бар тепейген. «Келгир» – калың булгаарыдан тигилген апкыттуу кепич [282, 482-б.]. «Накер» деп аталган бут кийимдин дагы бир түрү кездешет. Анын 1-мааниси – тумшугу шуштугуй келип, өйдө кайкалаган, оюу-чийүү менен кооздолгон азем өтүк, 2-мааниси – ошол эле өтүктүн баатырларга ылайыкталып иштетилген ок өтпөс үлгүсү [280, 499-б.]. Ал эми «өкчө» деп бут кийимдин апкыты аталган.

Туюк өтүк, кончу кең / Чобдор өтүк такасыз [275, 68-б.]. Бул жерден көрүнгөндөй, такасыз өтүк бир эле учурда «мөкү» деп дагы аталган (51-52-сүрөттөр). Мөкү адамдарга ысым катары дагы берилген.

«Манас» эпосундагы шири идиштери тууралуу: Жети саба кымыз бар / Тилекбай сенин үйүңдө [284, 27-б.]. ... Үч жылдан бери камданып / Даярдаган Акбалта / Үч өгүздүн терисин / Кермегин жакшы кандырып / Карагай менен төндүрүп / Жел киргизбей көмдүрүп / Орду менен тиктирип / Жык толтура койдуруп / Бишкек менен токмоктоп / Талкуулатып урдуруп / Эр жагында сабасы / Баш көтөрүп Балта дөө / Ал

балдарды карады / Сен экөөң жаш, мен каары / Тартынбай ич, деп кымыздан / Көрсөтүп койду сабаны [284, 28-б.]. ...Алты жүз меште кымызды / Аял кылбай таптырды [275, 146-б.], – деп баатырлардын сабадан кымыз ичкендиги берилет.

Меш – серкенин терисинен жасалган чоң чанач. Кээде чоң чанач, жалпы эле чанач маанисинде да айтыла берет [280, 496-б.].

... Көкөөргө куйган арактан / Көкөөрү менен үчтү ичти [284, 40-б.], – бул жерден байкалып тургандай көкөөргө кымыз эмес, арак куюлган. Демек, көкөөр кымыз үчүн эмес, кымыздан тартылган арак үчүн кооздолуп жасалган идиш деп бүтүм чыгарсак туура болот.

Архыттагы аракты / Ата уулулап таратты [281, 29-б.]. Архыт – суюктук куюлуучу териден жасалган идиш – саба, чанач, көнөк, көнөчөк ж.б. [281, 629-б.]. Дагы бир «куп» деп аталган идиш кездешет. Ал бодонун терисинен жасалган идиш.

«Манас» эпосунда териден жасалган кийим-кечек, идиш-аяктардан тышкары Манастын курал-жарактарынын сүрөттөлүшү жана жасалышы тууралуу дагы кенен баяндалган. Алсак, сыр найзанын, көөрүктүн, камчынын жасалыштары тууралуу: Жайдын күнү болгондо / Колу тердеп кетпеске / Коло менен чырматам / Кыштын күнү болгондо / Колу үшүп кетпеске / Кой макмал менен каптатам / ... Как ыргайга саптаймын / Пил терисин каптаймын [284, 46-б.]. Төрт жерден тебет көөрүктү / Төрт жердеги көөрүгү / Сегиз өгүз териси / Күнү түнгө чыдабайт / Өгүздөрдүн териси [284, 50-б.]. ... Алтымыш эркеч сойдурду / Жыдытып түгүн кердирди / Алтымыш көктөн бердирди / Өзөгүн толгоп бурдурган / Өткөрө чапкан кишисин / Саргартып кулак тундурган / Чокусуна чок койду / Түшкүнүнүн учуна / Сомдоп карыш ок койду / Алаканын бек кылды / Душманды карай бек кылды / Табылгыга саптады / Бүлдүргө такчу жерине / Чулгур салып көзөткөн / Күдөөрү кылган ак кайыш / Чаян түйүп, терс байлап / Бүлдүргөсүн тактырды [284, 50-б.], – деп камчылардын эң мыктысы аталган булдурсун, анын жасалышы тууралуу сүрөттөлөт. Жогоруда келтириген ыр саптарынан пил терисин дагы колдонушкандыгы айтылып жатат. Эгерде, биз «Манас» эпосунун башында эле «жарымы төгүн, жарымы чын» деген сөздөрүнө ишене турган болсок, пил кыргыздар байырлаган жерлерде жашаган эмес. Бирок соода-сатык байланыш жакшы өнүккөндүгүн жана усталардын изденүүсүн (төкөр

уста Бөлөкбайдын) эске алганда терини атайын алыс жактардан алдырышкан. Манас таануучу Т. Тургуналиев дагы өзүнүн иликтөөлөрүндө ат жабдыктар, камчы, ээр каптаган чылгыйлар пилдин терисинен жасалгандыгын белгилейт [409, 100-б.].

Дагы бир өтө кызыгууну туудурган буюм – көөрүктүн жасалышы. Себеби Манас баатырдын курал-жарактарын жасап жатканда сегиз өгүздүн териси бир күнгө чыдайбай, айрылып жарабай калып жатат. Мындай учурларда калың терилүү жаныбарларды издешкен. Тактоону талап кылган божомол бар. Жаныбарлардын ичинен териси калыңы, бул – керик (носорог). Көөрүк жасоого кериктин териси гана жарап, алгач ошонун терисин пайдаланып, «кериктин териси» деп жүрүп кийин көөрүк аталып кеткен деген божомолдор да бар. Бул ойдун дагы кайсыл бир деңгээлде чындыкка жакындыгы бар экендигин кандагай шымынын аталышы, пилдин терисинин пайдаланышы менен дагы ырастоого болот.

Чарайна – калың булгаарыдан, кийинчерээк металлдан жасалган, денеге кынапталган соот [281, 517-б.]. Төшкө найза шак этип / Чарайнага шак этип [282, 303-б.], – деген саптар менен кезигет. Куяк – согуштук жоо кийимдеринин бир түрү – калың, катуу териден, булгаарыдан жасалган төшкө тартылуучу калканыч [280, 749-б.].

Саадак – жебе салынуучу кутуча. Кээде жаанын бардык турпаты да саадак деп атала берген [255, 617-б.; 312, 54-б.]. Саадак алгач тери, кайыш, таардан, кийин металлдан жасалган. Кол башчылардын, баатырлардын, атактуу мергенчилердин саадагынын бети жана ооз жагы түрдүүчө аземделип, четтери чычаланып коолдолгон [281, 642-б.].

Коломсок – калың булгаарыдан же төөнүн терисинен түбү куушураак, ооз жагы кең кылып жасалган, ичи көңдөй, жаанын огун салуучу куту, баштыкча, саадак деп дагы айтылат [283, 547-б.].

... Соорусунун баарына / Жолборс үртүк тактырган / Дилде жүгөн каттырган / Куранды ээр токутуп / Кундуз көрпө тарттырып / Мамык жаздык арттырып, – деп үртүктүн жолборс терисинен ийленип жасалгандыгы баяндалат. Бизге белгилүү болгондой, жолборстун териси башка буюмдарды жасоодо кездешпейт.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосу кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүн жогорку деңгээлде сүрөттөгөн тарыхый булактардан болуп берет. Анткени бут кийимдерден баш кийимдерге чейин, ат жабдыктарынан баштап, булгаарыдан жасалган курал-жарактардын сүрөттөлүшү, алардын кандай баатырлар пайдалангандыгы өзгөчө көркөмдөлүп, сүрөттөлүп берилген. Эң негизгиси азыркы учурда унутулуп калган баш жана бут кийимдерди эпостогу саптардын негизинде кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү бар. Ошону менен бирге эле эпостогу кездешкен буюмдарды этнографиялык жана тарыхнаамалык адабияттардагы маалыматтар менен окшоштуруп-салыштырып талдоо ыкмалары аркылуу салттуу буюмдардын жалпы санын дагы аныктап алууга болот. Мисалга алсак, биздин изилдөөлөрүбүз боюнча «Манас» эпосунда баш кийимдин – 19, тондун – 7, ичиктин – 6, бут кийимдин – 22, суусундук куюлган идиштердин – 9, курал-жарактардын – 8 түрү аныкталды. Андан сырткары эпосто тери иштетүүнүн өзгөчө үлгүсү, алмадан жасалган малманын түрү да сакталып калган.

## § 3.3. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмалары жана түрлөрү

Кыргыздардын салттуу буюмдарынын дээрлик көпчүлүгү боз үйдүн ичинде жасалгандыктан, көчүп-конууда көп деле кыйынчылыктарды туудурган эмес. Биринчиден, көчмөн элге ылайыкташтырылып жасалган салттуу буюмдар жылдын айрым гана мезгилдеринде жасалган. Мисалга алсак: жыгаччылык жаз, күз; темир устачылык жаз, жай, күз; жүн иштери жаз, күз айларында, ал эми көнчүлүк иштеринин бардыгы болбосо дагы, айрымдары жыл ичи иштетиле берген [497, 4-б.]. Экинчиден, салттуу буюмдар өтө жөнөкөй курал-жарактардын жардамы менен жасалып, көчүп-конушканда өздөрү менен кошо ала жүрүшкөн (1-5-сүрөттөр). Үчүнчүдөн, малын жайлоого көчүрүп койгондон кийин, эгерде, кайсыл бир буюмду жасоо үчүн буйрутма келип түшкөн учурда, уста же уз шаймандарын жүктөнүп алып, кардардын үйүндө узанган [41, 89-б.].

Кыргыздын алгачкы этнограф-тарыхчысы Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде: «Бүткүл ат жабдык, ээр токумду өздөрү иштеген, үзөңгүнү мүйүздөн, көбүнчө кайыңдан ийип алган...» деп сүрөттөйт [383, 12-б.]. Күнүмдүк турмушта көп пайдалана турган жасалашы жөнөкөй буюм-тайымдарды, териден жасалган идиш-аяктарды, кийим-кечелерди бардык катмардагы адамдар өздөрү жасап алгандыгын белгилейт. Тери буюмдарын жасоону, аны иштетүүнү билбеген адамдарга өтө кыйын иш болгону менен, ошол мезгилдеги көчмөн эл үчүн жөнөкөй эле иш экендигин эскерте кетебиз. Териден жасалуучу буюмга өтө деле көп адамдар катышкан эмес [496, 2-б.]. Алсак, терини ашатуу, ийлөө, бычуу, тигүү, ыштоо иштерин бир-эки адам эле аткарган.

Белгилүү тарыхчы-окумуштуу А.Н. Бернштам өзүнүн эмгегинде мындай деп белгилейт: Көчмөндөр жыгач жана малдан алынган жүн, терилерди иштетүү менен мыкты тааныш болушкан жана мал чарбачылык, согуш иштери, соодагерчилик менен катар эле үйдөгү кол өнөрчүлүк формасын өнүктүрүшкөн [89, 38-б.]. Эгерде биз тери иштетүүчүлүктүн тарыхына карай турган болсок, тери адамзаттын колдонгон эң байыркы жердиктеринин каражаттарына кирери шексиз [226, 81-б.]. Себеби аңчылык менен жашаган адамдардын тобу, сөзсүз түрдө, колго түшүрүлгөн же өлтүрүлгөн олжосунун этинен тышкары алгач, сөөгүн жана терисин иштетүүнү

өнүктүрө башташкан. Демек, терини иштетүүнүн алгачкы этабы эң байыркы доорго барып такалат. Албетте, коомдун өнүгүшү менен бирге терини иштетүүнүн дагы жаңы ыкмалары, андан жасалган буюмдардын саны дагы арта баштаган. Анткени кыргыздар колдонгон буюмдардын арасынан кездеме, лакка [89, 38-б.] окшогон каражаттардын табылышы көчмөндөрдүн Байыркы Кытайдын же Чыгыш Түркестандын маданияты менен тыгыз байланышта болгондугун ырастайт.

Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнүн дагы себептеринин бири кыргыз элинин малды көп санда кармашы да чоң мааниге ээ болгон. Мисалы, колго багылган койдун бардык нерсеси толугу менен иштетилген. Алсак: жүнүнөн – кийим-кече, жууркан-төшөк, кийиз-шырдак; терисинен – тон, ичик, талпак, көлдөлөң, жаргак шымдар; эти – желген; сөөгүнөн айрым учурларда бешикке шимектер жасалган; кыгы – көң болуп, отко жагылган. Демек, кыргыздар малдын кайсыл түрү болбосун анын бардык нерселерин иштетүүнү өздөштүрүшкөн же малдан артык баш, керексиз эч нерсе чыкпайт.

Көн, булгаары буюмдарын жасоодо бардык кол өнөрчүлүктүн түрлөрү сыяктуу эле жердигинен мурун курал-жарактар негизги орунду ээлеген. Кыргыз элинин салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө курал-жарактарды негизги жана жардамчы жарактар деп шарттуу бөлүүгө болот. Анткени теринин өзүн иштетүүдө *устара, бычак, кестик, шибеге, темене, оймок, искек, искене, токмок, ороктун, чалгынын же күрөктүн курч миздери, оюунун калыбы же үлгү, сындырык, кеп жыгач, керме (жаа), көмүркөй* куралдары колдонулган (1-5-сүрөттөр). Булардын ичинен *с*ындырык катуу, түз жыгачтан, учу учталып жасалган. Аны менен теринин бир учуна сайып, өзүн жаткырып, ошого карата бычак менен түздөп кесип алышкан [388, 181-б.].

Андан тышкары терини ийлөөдө эң маанилүү курал катары талкуу, кол талкууну пайдаланышкан (6-сүрөт). Жардамчы курал-жарактарга булгаары менен темир, жыгач, сөөк, мүйүздөр пайдаланылган. Усталардын жалпы куралдарына кирген бак-дарактарды кыюучу: *балта, чот, керки, теше;* кырууучу: *кырма кол дүкөн, ийги;* урма: *балка, барскан;* араалоочу, тешүүчү: *араа, көзөөч, үшкү*; жасалгалап көркөмдөөчү: *тарткы, кобул салгыч тарткы, искене, түрпү* ж.б. зергерчиликте же

темир усталардын темир эритүүдө колдонулган *көөрук* дагы кенен колдонулган (7-8-сүрөттөр).

Ээрдин уңгусу жыгачтан тургандыктан, аны иштетүү үчүн усталар байтеше, керкилерди колдонушкан. Керкилер дагы өз учурунда *«чот керки», «аталгы керки», «байтеше керки», «аштама керки»* деп бөлүнсө, тешелер «*чуңкур теше», «карк теше же узун теше*» деп бөлүнгөн (4-сүрөт). Чуңкур тешенин ичи бир аз иймекей келип, керки өңдүү, бирок андан чоңураак жасалган. Чоң тешенин сабы күрөктөн узун, өзү чот кетмендей болгон да, кудум керкидей болуп көрүнгөн. Ал эми курама ээрлерди жасоодо атайын жасалган калыптар колдонулган (11-сүрөт).

*Талкуу* өтө катуу жыгачтардан алма, кара жыгач, кайыңдан жасалган. Жумуру, жоон жыгачтын ортосун кенен кылып оюп, кырларын учтуу, аранын тишиндей кылып жасашкан. Айрым учурларда ачакей жыгачтар дагы керектелген. Тил жыгачы колго баткандай жоондукта, узундугу бир жарым, эки метрге чейин жетип, анын дагы алдыңкы бетине «тиш» чыгарылган. Бул теринин басканда мыжыгырып (кысып) туруусуна шарт түзгөн. Талкууга алганда, сөзсүз түрдө эки адам катышкан. Бир адам тил жыгачты басып, ал эми экинчи адам теринин улам-жылдырып берип турган. Мындай шартта тери бат ийленген [48, 209-б.; 202, 88-б.]. Тувалыктарда талкууну *далгыг* [155, 82-б.] деп аташса, алтайлыктарда «идрык» деп аталган. Тил жыгачы кичине ийилип, кармай турган жеринин аягы тегерек кылынган, кырларына араанын тиши сыяктуу тиштер чыгарылган [343, 213-б.].

XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын тери иштетүү ыкмасын, тери буюмдарын жана алардын жасалыштары тууралуу алгачкы маалыматты саякатчы, орус аскери Г.С. Загряжский берет. Анын сүрөттөсү боюнча, талкуу ачакай жоон жыгачтын (эки ачасын) үстүңкү тарабынан учтуу кылып тиш чыгарып алат жана тиштүү жоон союл даярдалган. Союлдун бир учу ача жыгачка артылып байланат. Себеби жыгач өйдө-ылдый кыймылдаганга тоскоолдук болбошу керек. Андан кийин ачакай жыгач тигинен жерге кыймылдабай тургандай бекитилген. Ийлене турган терини сол колу менен кармап берип, экинчи колу менен өйдө-ылдый кылып ийлейт. Кайыш жумшак болуп калганга чейин талкууга салынган [465; 105, 76-77].

М.Т. Айтбаевдин эмгегинде талкуунун сүрөтү берилген. Бирок тилекке каршы, талкуу тууралуу маалымат келтирилбейт. Бизди кызыктырганы ошол сүрөт. Анткени талкуу эки ача жыгачтан эмес, тулкулуу жыгачтан жасалып, анын баш жагынын (ичке жагы) ортосу оюлуп алынган. Бирок аягына чейин алынбаса керек, тил жыгачтын ортосунан көзөп, талкуунун эки жагы дагы көзөлүп, ал жерге жыгач менен, кенен айлангандай карматылган. Алды жагы жерден тоголонуп кетпегендей кылып, түздөлүп чабылган. Узундугу 1,5 м калыңдыгы 25-30 см чейин жеткен [41, 86-б.].

Талкуу чоң-кичинесине карата: талкуу жана кол талкуу деп экиге бөлүнгөн. Кол талкуу менен боз үйдүн ичинде деле колдонулган. Кол талкуунун жардамы менен иштетилген кайыштардан булгаарылар алынган. Катып калган кайыштар, терилер талкууга салынган эмес. Себеби арaанын тишиндей болуп турган талкуунун тиштери терини сындырып, жараксыз кылган. Ошондуктан каткан терилерди сууга салып жибитип, кайра тоборсутуп, андан кийин жылкынын, койдун куйрук май менен же жылкынын сорпосу менен сугарып (тери тулку боюна сиңирип алганча) алгандан кийин талкууга салынган [202, 87-б.]. Талкуу менен жыдытылган бодо малдын терисин ийине жеткенге чейин талкууга салганда гана теринин түрүнө жана сапатына, жараша төмөндөгүдөй: 1) чылгый; 2) кайыш; 3) чем; 4) булгаары 5) курум; 6) чегирим; 7) көн түрлөрү пайда болгон [500, 9-б.].

Тувалыктардын дагы талкуусу *далгыг* аталып, ал 25-30 см жоондуктагы 1,5 м устундан ортосу оюулуп, жээктеринин ички бетине тиш салынат. Анын ичине 1 м узундуктагы *дыл* аталган таяк-союл жасалып, анын дагы ички бетине тишке окшоштуп оюлган. Терини экөөнүн ортосуна сол колу менен улам-улам оодарып, ал эми оң колу менен басып турушкан. Чыгыш Тувада ири жаныбарлардын терисин ийлеген чоң көлөмдө дагы бир талкуунун түрү жасалган. Ал үчүн жоон устунду жерге орнотуп, ага туурасынан жаткырылган эки жаздык жыгач тегеренип тургандай бекитилген. Ошондо ийлене турган теринин бир жагын устунга, экинчи жагын жыгач жаздыктарга байлашкан. Андан кийин жыгач жаздыктарды тегеретип, чоюп ийлешкен. Эки жаздык жыгачтын ортосуна таякты салып алып, аны бир киши деле

ийлей алган. Талкуунун мындан тышкары *ирылге* же *эригулге* деп аталган түрлөрү дагы кездешкен [113, 258-б.].

*Устара* – бул атайын чач алуучу, терилердин жүнүн ала турган бычактын бир түрү. Муну жасоодо усталар курч темирден (ак курч, кара курч) жердигин тандап, чоктун табы менен сугарып, аны бүлөөлөп курчутушкан. Устаранын сабы катуу жыгачтан тандалат да, түп уңгусу иймейиңки болот. Мунун мизи менен тышы балык сымал эндүү келет да, темири жана сабы үшкүлөнүп, астына жука темир коюлуп, эки тарабы биротоло бекитилип, бүктөп коюуга же мизин ачууга ылайыкташтырылган. Кээде устаранын уңгусундагы илмекейи өзүнчө шакекчеге чыйратылган жиптен же кайыштан боо тагылат. Чеберлер устарага көндөн (кол булгаары), кап (тыш), же жыгачтан куту жасашкан.

Ээр, сандык, кебеже, үкөк, уук, керега, түндүк ж.б. жыгачтарын көзөп алуу үчүн *үшкү* пайдаланылган. Үшкү ичке, узундугу бир карыштай жана жумуру темирден жасалган. Анын бир учу шибегедей учтуу курч болгон. Бир учу ичкертилет да жоондугу билектен ичкерээк, узундугу жарым кулачтай келген жыгачтын бир учуна бекитилген. Жерге эки казык кагылып, бийиктиги бир метрге жеткен. Эки казыктын баштарына үшкүнү туурасынан жаткырып бекитишкен. Үшкүсү казыктын тышына калган. Узундугу эки кулачтай, жазылыгы үч эли келген кайыш үшкүнүн казыктарына бекитилген жыгачына айланта эки оролгон. Бирөө отуруп, кайыштын эки учунан кармап ары-бери тартканда, үшкү айланат дагы, жардамчысы үшкүнүн жанында керектүү буюмду үшкүгө такап кармап турган. Экинчиси үшкүнү айландырган, үшкү керега, уукту тешип чыккан [527; 48, 264-б.; 104, 27-б.; 202, 43-б.]. Мындан тышкары жөнөкөй темирден көзөөч жасалган. Ал учтуу келип, буралып турган. Ал эми кармай турган жагы ага туурасынан бекитилген. Аны тешиле турган жерге басым менен басып, бурoo жолу менен тешишкен.

Шири идиштерине оюу түшүрүүдө пайдалануучу курал *оюм шибеге* деп аталган. Мунун бир түрүн *ойгуч* деп да аташкан. Ал көркөм буюмдун бетин оюп, чуңкурайтууда колдонулган. Жөнөкөй шибеге бут кийимдерди, ат жабдыктарды ултарууда өтө ыңгайлуу жарак болгон. Ал теменеден жоонураак келип, учу шиштүү болот. Аны чеберлер жумуру жыгачка, мүйүзгө колго ылайыктуу кылып

саптап алышкан [48, 285-б.].

*Ийрек* кол өнөрчүлүктө терини иштетүүдө эки башына жумуру жыгачтан сапталган узундугу бир метрдей келген, ортосунда быдырлуу алты-жети тиши бар аспап. Аны чеберлер өзүлөрү эки башын жумуру [48, 80-б.] жыгачтан саптап (50-60 см), ортосуна быдырлуу тишин чыгарып, жасап алышкан. Ийрек чылгый же ашатылган теринин бетиндеги этин, челин, тазалоого пайдаланылган. Бодо малдын союлган терисин кол менен тазалоо өтө кыйын. Ошондуктан ийректи пайдаланышкан. Керилген териге бир адам ийректи такап турат. Ал эми экинчи жардамчысы жип менен байланган ийректи алдыга тарткан. Мындай иш-аракет жумушту тездеткен жана жеңилдеткен. Чеберлер – ийректин ичке жана жоон түрүн колдонушкан. Бул куралды оюм түшүрүүдө да колдонуп келишкен. Жон ийректи болжолунан тайдырбай ысытып туруп, тартылган оюм-чийимдин үстүнөн катуу бастырат. Ошондо көркөм оюм булгаарыга түшкөн. Аны чеберлер териге тырмак изи түшкөндөй кургаган чакта жүзөгө ашырышкан [48, 81-б.].

*Көөрүк* (көрүк) – усталардын көмүрдү үйлөтө турган аспабы (7-8-сүрөт). Көмүрдүн күчөп күйүп турушу үчүн, усталар ичине жел толтурулган көөрүктү үйлөп турушкан. «Кол көөрүк» же «ала көөрүк» деп бөлүнгөн. Эки туюк териден, ача жыгачтан, түтүк темирден турган. Кош багалектүү көөрүктүн тышы түктүү, жаргактуу да жасалат. Ага эчкинин, койдун, кийиктин, музоонун жана кулундун терисин колдонушкан. Көөрүктүн жерге тийип турган эки жагында кармай турган казыкчасы болгон. Колго алуучу тарабында «жуушаңча» жыгачы бар. Анда баш бармакка илүүчү, төрт салаага кирүүчү кайыштары ачылып-жумулуп турат. Жел «ууртатууда» көөрүктү алмак-салмак көтөрүш керек. Көөрүк жыйырылып, жел чыкпай калбаш үчүн анын алаасын керип туруучу казыкча орнотулат. Көөрүктүн учундагы бирөөнүн жоондугу билектей кош жыгач адегенде темир бурама аркылуу тешилген [48, 135-б.].

*Кайчы* – 1). Чеберлердин уздук жана устачылык куралы. Анын эки жаагы калыңыраак темирден тандалат да, бир аз катуу келип, ал элпек кайчылоого шартташкан. Кайчынын кармай турган жагы баш бармак менен сөөмөйгө илингендей шакекче кылынган. Муну зергерлер «күмүш кайчы» деп да аташкан.

2). Узчулук куралы. Жумшак нерселерди (кийиз, кездеме, тери, таар) кесүүчү кайчылардын жаагы элпегирээк келет да, сыйдараак жасалат [48, 84-б.].

Кермек же жаа – өрүмчүнүн камчынын түшкөндөрүн өрүүдө пайдаланган негизги куралы (71-72-сүрөттөр). Аны усталар жумуру бутактардан жарым айча түрүндө ийип, ага кайыштан өзөк тартылат. Керме жаа жапайы текелердин мүйүзүнөн да жасалган [504, 3-б.; 48, 102-103-б.].

Усталар өздөрү пайдаланган курал-жарактарына өтө аяр мамиле жасашып, ысык-сууктан, жаандан алыс жана чогуу турушу үчүн жыгачтан атайын көмүркөй сандыкча жасап алышкан. Ал темирден да, жыгачтан да, шириден ар кандай көлөмдө жасалган [496, 7-б.; 48, 138-б.].

Терини иштетүү жыгач, темир кол өнөрчүлүктөрүнө салыштырмалуу жөнөкөй көрүнгөнү менен, анын дагы көп сырлары бар. Терини табуу көчмөн кыргыз эли үчүн көп машакатты жараткан эмес. Ошентсе да, сөзсүз түрдө, теринин сапаты, иштетүү өзгөчөлүктөрү эске алынган.

А.Н. Бернштам тери иштетүү кол өнөрчүлүгү, ага байланышкан иштер аялдарга таандык экендигин белгилесе [89, 38-б.], Н. Зеланд тонго, ичикке ылайык терилерди ашатуу, ийлөө, бое иштерин аялдар жасаса, калган малдын терилерин ийлөө иштерин алар аткарган эмес [179, 24-б.], – деп белгилеген. Майда жандыктын же кой-эчкинин терисин жыдытуу, ийлөө, тигүү жана ыштоо иштери анча чоң күчтү талап кылбагандыктан, аялдар өздөрү эле жасап алышкан. Ал эми кара же бодо малдын: төөнүн, уйдун, жылкынын терисин алар иштеткенге, ийлегенге күчтөрү жеткен эмес. Бул ишке эркектердин же аны иштетүү үчүн кошумча курал-жарактардын күчү керек болгон. Тагыраак айтканда, бодо малдын терисин иштетүүдө талкуу [202, 204-б.] пайдаланылган.

Терилерди жасай турган буюмуна жараша жаргак же жүнү менен кошо иштете беришкен. Жылкынын же буканын терилеринен жасалган идиштер өзгөчө ыкмалар менен даярдалган. Жүнү тазаланып, кырылып терини тиешелүү өлчөмдө кесип, ага форма берип, аны жүндөн ийрилген жипке тарамышка кошуп, ошону менен бириккен жерилерин тигишкен. Даяр болгон идиштин ичине топурак толтуруп, ал өзүнүн формасын так кармап калганга чейин эки-үч күн кармашкан. Эгерде шири

идишке оюу түшүрүлүшү керек болсо, ушундай шартта оюу салуу ыңгайлуу болгон. Оюуну тукур темир же жыгачтан жасалган атайын курал менен түшүрүшкөн. Андан кийин шири идиштерин ыштоо иштери башталып, ал сегиз-он күнгө чийин созулган. Ышталган идиштерди май же куйрук менен тегиз сүртүп чыгышкан [423, 6-7-б.].

Терини жыдытуу, ийлөө иштери, көрпө, кун, жаргак терилеринен жасалган жана колдонулган буюмдарды классификацияга ажыратып карай турган болсок, төмөндөгүдөй бөлүүгө болот: 1) Териден жасалган кийим-кечектер – тон, ичик, чапан, доолдай, малакай, тебетей, тумак, күрмө, жаргак, кандагай шымдар, кол кап, кур, кемер ж.б.; 2) Териден жасалган идиш-аяктар – көөкөр, чака, кол чанач, чанач, саба, көнөк, көнөчөк, моюнча, тулуп ж.б.; 3) Ат жабдыктар – ээр, жүгөн, нокто, тизгин, чылбыр, тердик, үзөңгү боо, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл, канжыга, камчы, шапалак ж.б.; 4) Үй буюмдары – талпак, көлдөлөң, көк, учук, туз баштык, жапкак ж.б.; 5) Бут кийимдер – мөкү, чокой, батек, чарык, маасы, өтүк ж.б.; 6) Үндүү аспаптар (жардамчы каражат катарында кошулат) – добулбас, доол, комуз, кыл кыяк, аса, урма таяк, тай туяк, чилдирман ж.б.; 7) Согуштук жана аңчылыктагы курал-жарактар – саадак, жаа (кошумча жердик катары пайдаланылат), канжар, бычак, маки жана кылычтын кындары,  октук, бел кур, куш боо, туур ж.б.

Ал эми теринин өзүн дагы шарттуу түрдө үчкө: 1) Үй жаныбарларынын (жылкы, уй, топоз, төө, кой-эчки) терилери; 2) Тоо жаныбарларынын (эчки, теке, аркар, кулжа, элик, бугу, кийик, кулан, суур ж.б.) терилери; 3) Жырткыч жаныбарлардын (жолборс, илбирс, сүлөөсүн, мадыл, карышкыр, түлкү, кундуз, суусар, кашкулак, аюу, калтар ж.б.) терилери деп бөлүп караса болот. Анткени үй жаныбарлары менен тоо жана жырткыч жаныбарлардын терилеринде өтө чоң айырмачылыктар бар. Мисалга ала турган болсок, жырткыч жаныбарларынын терисинен көбүнчө баш кийимдер жана тыш кийимдер жасалган. Алсак, илбирс, карышкыр ичиктер; түлкү, суусар, кундуз тебетейлеринин түрлөрү; жолборс, аюу талпактар эл арасындагы кадыр-баркы, бийлик мансабы бар адамдардын колдонгон аземдүү, сыйлуу кийимдеринин, буюмдарынын катарына кирген [500, 8-б.]. Демек, жөнөкөй карапайым элдин кийген кийимдери дагы жөнөкөй жаныбарлардын терисинен жасалган деп бүтүм чыгарууга болот. Ошол эле учурда кун терилеринин боз үй

ичинде илиниши дагы практикалык маанилерге ээ болгон. Алсак, Кызыл-Суу кыргыздарында сакталып калган адаттардын бири боюнча, түлкүнүн терисинин илиниши – ал үйдө бойго жеткен, сөйкө салынбаган же кудалана элек кыздын бар экендигин; карышкырдын терисинин илиниши – үй баатыр же мерген жигиттин үйү экендигин; сүлөөсүндүн терисинин илиниши –үйдө ажаан, тажаал келиндин бар экендигин түшүндүргөн сыпайы иш аракеттери болгондугун биздин талаа материалдар ырастайт [500, 9-б.]. Бул жөрөлгөлөр Теңир-Тоо кыргыздарында сакталбай калган. Аң терилери көп үйлөрдө илинип турганы менен, алардын философиялык мааниси эбак унутулган.

Жергиликтүү көнчүлөр терини төрт жол менен иштетишкен. 1). Ачыткы жана куйруктун майы менен сүртүү – чылгый, жаш кайыш; 2). Ачыткы жана ийлөө – эчкинин жана койдун терилеринен жасалган таман. 3). Туздоо жана ыштоо – упадай жумшак кылынып ийленген тери (чалбар, кандагай жана жаргак шымдар); 4). Туз жана жездин кычкылы – шору (чигирим) [101, 39-б.].

Терини жыдытууда эң маанилүү иштердин бири *малмага салуу* деп аталган. Малманы даярдоодо чуңкурдагы суу агып кетпегендей, жерге сиңбегендей болушу үчүн керексиз терилерди бири-бирине каттап, астына таштап, чуңкур даярдалган. Үстү жабыла тургандай өтө чоң эмес өлчөмдө жасалышы керек. Малма устанын чыгармачылыгына, көргөн-билген ыкмаларына жараша жасалган. Алсак, «Манас» эпосунда малмага алманын кабыгы салынган. Демек, жер-жемиштин бардыгы ачыгандыктан чеберлер чыгармачылыктарына, топтогон тажрыйбаларына жараша аларды колдонгонду билишкен.

Арийне, салттуу эсептелген кебек, улпак, айран, сүзмө, тузга окшогон, тез ачып, ылдам терини жыдыта ала турган нерселерди аралаштырып малма жасашкан. Малма даяр болгон учурда каңырсып, ачуу жыттанган [501, 5-б.; 48, 225-б.]. Ал үчүн малма жылуу жерде турушу керек.

Малмага салынган терини мезгил-мезгили менен аралаштырып турбаса жүн текши жыдыбай, ала болуп, малма жеткен жерлер гана жыдып, калган жерлери кургак болуп калышы мүмкүн. Ошондуктан малманын суусу, ичиндеги ачыткылардын курамын, жылуулугун текшерип турат. Тери малмада он беш-

жыйырма күнгө чейин жатып, даяр боло баштаганда, кадимкидей калың тартып, көбө баштаган. Жүндөр толугу менен териден ажырап түшкөн. Малмадан алынган тери таза сууга жуулуп, чайкалышы керек. Бул иштерди кылып жаткан уста, сөзсүз түрдө, өзүнүн коопсуздугун дагы эске алган. Себеби ачып-кычыган малма адамдын колунун терисин күйгүзүп жибериши толук ыктымал болгондуктан, кычкач, аттиш, тиштээк [501, 5-б.; 257, 205-б.] өңдүү куралдарды пайдаланган. Жогоруда берилгендей, терини ашатууга жумшалган айран менен эзилген куруттун айырмасы дагы чоң роль ойногон. Куруттун көпкө сакталышы, көгөрүп кетпеши үчүн ага тузду көбүрөөк салышкан. Ал эми айранга туз азыраак кошулган. Туз көп кошулган курут терини күйгүзүп жибериши мүмкүн.

Таза сууга жуулган чылгый терини көлөкөдө эки күндөй тоборсутуп, сергиткенден кийин талкууга же кол талкууга салынган. Этнограф А. Мурзакметовдун маалыматы боюнча күдөрү кайыш, ак кайыш деңгээлине жеткириш үчүн катуу жыгачтардан жасалган токмок менен дагы сабашкан [501, 1-б.]. Албетте, терини ийлөө, ийине жеткирүү көп убакытты алган. Кошумчалай кете турган жагдай, негизги маселе кийим жасала турган теринин бычылып-тигилишинде эмес, теринин ийленишинде. Анткени начар ийленип калган тери сууну көтөрө албайт. Ал кургагандан кийин куудурап, кийип жүргөн адамга ыңгайсыздыкты жаратып, «куу тон», «кодуракай шым» аталып, денени да жаралантып, андан тышкары ашаткынын жыты дайым чыгып турган. Мына ушул жытты батыштын, орустун саякатчылары, изилдөөчүлөрү бир нече жолу эскерип өтүшкөн.

Кыргыздар терини жыдытуунун дагы бир жөнөкөй түрүн пайдаланышкан. Агып жаткан сууга же көлчүктөргө жаңы сыйрылган терини бүктөп, таш менен бастырып коюшкан. Көбүнчө агын сууну пайдаланылган. Жыдыган жүндөрдү агызып, жыдыганы көрүнүп турган. Терини жыдытуунун дагы бир түрү терини жүнүн ичине каратып, төрт бүктөп, көлөкөдө жаткырып жыдытышкан. Албетте, мындай жөнөкөй ыкмалар малмага салынгандай сапаттуу болгон эмес. Анткени теринин ичиндеги туз чыкпай калат дагы, жасалган кандай гана буюм болбосун сапатсыз болот. Теринин ичиндеги өзүнүн туздары чыкпай калса, суу тийген сайын кодурап катып кала берген.

Койдун терисин иштетүүдө алгач, союлган койдун терисинде калган майларын жана эттерин атайын жасалган бычактын жардамы менен кырып, тазалайт. Этин жана челин дыкат тазалап бүткөндөн кийин түз жерге керип, жайылган териге туз аралаштырылган айран куюп, текши жайып чыккан соң аны 4-5 күнгө чейин калтырышат. Теринин үстүндөгү айран кургагандан кийин, кайрадан туздуу айран менен үстүнөн шыбап чыгат. Бул иш тери жупжумшак болуп калганча чейин аткарыла берген [465]. Андан соң териге кургап калган айранды орок же маңгелдин (сынып калган чалгынын баш жагынан ийилип жасалган чөп оруучу курал) жардамы менен кырып алышат. Тери мындан дагы жумшак болушу үчүн колдун жана буттун жардамы менен ийлешкен. Тери качан гана колго жумшак болуп урунуп калган учурда аны бор менен акташкан [41, 85-б.]. Кыргыз кол өнөрчүлөрү табиятта кездешкен тоо тектерин жана борду бышырып, акиташтарды да алууну өздөштүрүшкөн. Ал үчүн акиташты сууга чылап, кайнатып алган соң, ачык жерге төгүп коюшкан. Күнгө күйгөн калдыктарын тери ашатууда колдонушкан [501, 3-б.].

Ири мүйүздүү малдын, жылкынын жана төөнүн терисинен бут кийимдерди, жумшак кайыштарды, ат жабдыктарын, идиш-аяктарды жасашкан. Терилер төмөнкү тартиптерде иштетилген: терини сууга салып, жыдыганча күтүшкөн. Териден каңырсыган жыт чыгып, теринин түктөрү кол менен тартканда жулуна баштаган. Ошол учурда гана аны алып чыгып, жүнүн кырышкан. Андан соң айран аралаштырылган сууда 3-4 күн кармап, кайра суусун сарыктырып, кургаткандан кийин кайыш боо кылып кесип, аны кол менен, кээде тепселөө жолдору менен дагы ийлешкен [465].

Төөнүн, топоздун, уйдун, бугунун, жылкынын терисин иштетүүдө, малдын териси сыйрылаары менен майда туздан сээп, терини төрт бүктөп, далдоо жерге таштапкан. Айрым учурларда бүктөлгөн боюнча шар аккан сууга таш менен бастырып коюшкан [48, 128-б.]. Ал эми теринин өңүн буруу үчүн казанга чыланган темирдин даты пайдаланылган. Сары-Колдуктар топоздун терисин иштетүү үчүн, алгач, сыйрылып алынган терини шар аккан сууга салып, бир нече күнгө калтырышкан. Андан соң калган жүндөрүн бычак менен кырып, тазаланган терини шор жерлерге көмүшкөн. Бул убакытта тери өзүнө тузду соруп, жумшарып калган. Туз теринин курамынан

майдын тышка чыгышын камсыз кылган. Топоздун териси калың болгондуктан, аны ташка чапкылап ийлеп жумшартышкан. Ал жумшара баштаганда май сүртүп, дагы улантып ийлей беришкен [170, 100-101-б.].

Чийки терини же жаш кайышты алыш үчүн терини жүнүн ичине каратып ороп, атайын казылып даярдалган чуңкурга салып, үстүнө акиташтын суусу менен аралашмасы толтурулат. Ал жети күндөн он күнгө чейин турат. Андан кийин аны чуңкурдан алып, жүнүн иймек менен кырып алгандан кийин, устундардын үстүнө жайып, таза суу менен шакары (акиташтын майда бөлүкчөлөрү денеге, колго тийсе күйгүзүп жиберет) кеткенче тыкыр жууп чыгышкан. Атайын казылган чуңкурга арпанын унунан жасалган аталага салып, үстүнөн оор нерсе менен бастырып коет. Аталада бир күн кармап, андан соң алып чыгып, теринин челин иймек же атайын жасалган кыргыч менен сүрүп тазалап алат. Бул учурда теринин чылгый жагы калып, чели толугу менен тазаланган. Чылгый терини тартылган жипке же башка нерсеге илип, койдун куйрук майы менен текши сүртүп чыккандан кийин жыгач илмектин жардамы менен ийленет.

Тулуп, таман, эчкинин жана койдун териси ушул жол менен эле ийленип, куйрук менен сүртүлөт, малмага салынат. Малмадан алып, атайын казылган аңга жылуу суу куюлуп, ага майда ундай майдаланган керметкин (көп жылдык чөп, анын тамырынан сары түстөгү боек алынат) тамыры чылангандан кийин терини ага чөктүрүп коюшкан. Боекко салынган теринин эки адам бир күндө 5-6 жолу малып, кайра алып чыгып турат. Малмадан алынган тери кургап бара жатканда куйруктун майын жукараак кылып майлап, жыгач иймек менен текши сүртүп коет. Эчкинин терисин бузгунчанын (жаңгак дарагынын кара жашыл жалбырагы) маңызы жана темирдин даты менен сүрүп чыкканда кара түскө ээ болот. Мында көбүнчө жеңил бут кийимдер жасалган.

Төөнүн жана топоздун терисин иштетүүдө, аны акиташтын кошундусу чыланган шакар сууга малып коюшат. Ал 7-10 күн шакар сууда же малмада турган теринин жүндөрү кадимкидей эле жыдып калган. Аны кайнатылган шордуу суу менен шакардын калдыктарын калтырбай таза жууп чыккандан кийин суусун кургатып, туз менен ары-бери сүргүлөп теринин челин ажыратышкан. Андан кийин гана атайын

жасалган ыштыкка салып, ыштоо иш аракети башталган (9-сүрөт). Ыштыкка кургаган чөптөр жана саман жагылган. Ичкилик уруулары ышталган теринин буудайдын уну менен бир сыйра сүртүп чыккан соң, суу менен жууп, кайра ириген сүткө аралаштырылган күрүчтүн унун сүртүшкөн. Терини ачык абага кургатып алгандан кийин тукур (учтуу, шиш эмес) ийректин жардамы менен ийленсе, теринин бет жагын курч ийрек менен терини кесип кетпегендей салмакта кырып, челин тазалап алышкан [101, 40-б.].

Терини иштетүүнүн дагы бир ыкмасы кайык, бул ат жабдыктарын жасоодо колдонулган тигүү ыкмасы. Ал жүгөнгө, көмөлдүрүккө, басмайылга, куюшканга булгаарыны кайышка же ак кайышты ак кайышка беттеп, чыйратылган тарамыш же шоона жиптер менен кайып тигилген. Каптаган ээрге дагы кайып тигүү ыкмалары айрым учурларда колдонулган. Өтүк, маасы, көк жеке, мөкү, кепич өңдүү бут кийимдерди, жагдан, чыны куту, көөкөр, көнөчөк, көнөк, саба, көлдөлөң (107-сүрөт) өңдүү тери, шири идиштерин тигүүдө да кайык ыкмасы кеңири пайдаланылган [48, 84-б.].

Койдун терисин же көрпөнү иштетүүнү Г.С. Загряжский төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: Алгач терини же көрпөнү кургатып алышат. Андан соң тегиз жерге жайып, териде калган майдан жана эттен тазалап чыккандан кийин айранды же эзилген курутту тегиз сыйпашат. Негизинен ачыган айран жакшы болоорун белгилешет. Аны күнгө коюп кургатышат. Эгер кыш мезгили болсо, аны тегиз кылып тоголоктоп, боз үйдүн ичине калтырып коюшат. Теринин чели сыйрылып түшкөнгө чейин, улам-улам айран менен сүйкөп, кайра күнгө жайып турат. Мындай кайталоо иши төрт-беш жолу аткарылган. Качан гана тери жупжумшак болуп калган учурда токтотуп, аны колго алып ийлеп башташат [464, 118-б.].

Терини челден жана майдан арылтуу түрдүү ыкмада аткарылган. Аны тегиз жерге керип алып же баш жагын жерге бекитип, экинчи жагын колу менен тартып, учу тегиз, курч курал менен кырылган. Малмага салуунун негизги максаты терини түктөн арылтуу, экинчиси теридеги майды чыгаруу. Тери өтө майлуу боло турган болсо, карагайдын таарындысынан ачыткы жасап, аны калың сүйкөп, убактылуу

таштап коюшкан. Ошондой эле теринин майын соруп алыш үчүн чопону дагы колдонушкан [130, 12-13-б.; 131, 6-22-б.].

Тери ката түшсө, кыртышы сынат. Эгер тери нымда жатса, майды тез кабыл алат. Чеберлердин колдо терини иштетүүсүнүн дагы мындай ыкмасы бар: уйдун терисин сыйраары менен бетине акиташ себет. Анан жүнүн жыдытат. Эгер бычакты тийгизсең, теринин кыртышы, сапаты бузулат. Андан кийин тери «малмага» салынат. Ал кадимкидей ачып, каңырсып жыттанып чыгат. Малмага салынган тери калыңдалат. Убактысы жеткенде (20 күндөй) алып, көлөкөдө эки күнчө сергитет (күн көрсө, ал дароо курушуп кетет). Ийине канчалык келип, тери жумшак болсо, аны пайдалануу ошончолук жеңил келет. Мында да ак кайыш пайда болот.

Орус келгиндеринин келиши менен терини иштетүү ыкмалары өзгөрө баштаган. XX кылымдын башында сапаттуу, бышык булгаарыны алуу үчүн жыгач челекке салынган териге ун, туз кошуп, ачытуу ыкмасы колдонула баштаган [41, 86-б.].

Тери идиштери ышталган жай ыштык деп аталган. «Ыштык» деп тереңдиги 1 м, көлөмү (диаметри) 3-4 м түзүп, аралыгы 4-5 м болуп, узунан кеткен аңчаны айтышкан. Казылган аңдын үстүн катуу, күйүп кетпеген нерселер менен жаап, түтүн чыгып кеткенге ыңгайлаштырышкан. Ыштык жасалып жаткан жердин дагы ыңгайын жакшылап баамдап билгенден кийин гана же жантыгыраак, эңкейиш, жардын жээктерине, алды суу болуп турган, шамал ойнобогон жерлерге салышкан. Түтүн чыккан жагынан даярдалган идишти таякчаларга илип, түтүн чет жагынан чыгып кетпеши, ышка жакшы кармалышы үчүн эки жагын түрдүү кездеме же башка нерселер менен тумчулашкан. Отту жалындатып күйгүзбөстөн, түтөп тура тургандай кылып, кызыл куурай, саман өңдүү чөптөр менен, малдын тезектери менен тынымсыз түтөтүп жагышкан. Ыштоо 10-15 күнгө чейин созулган учурлар дагы катталган. Ыштыктагы идишти бир жумадан кийин башка жагына, ышталбаган капталына оодарып, кайрадан бир нече күнгө калтырган. Идиш толук ыштылып бүткөндөн кийин аны ыштыктан алып, койдун куйрук майы менен майлашкан [41, 85; 48, 304-б.]. Ыштыкты Алай аймактарында мор түрүндө ылайдан тургузуп, кереге, ууктук жыгачтар менен кошо ыштап алышкан [502, 4-б.].

Тувалыктар ыштыгын *ыштаар* деп аташкан [113, 258-б.]. Башкырлар ыштыкты жер түлөө сыяктуу жерди казып, үстүн бактын кабыктары менен жабып, топурактан таштап, бир бурчунан түтүн чыга турган мор калтырышкан. Ыштыктын ичине жип тартып, ошолорго терилерди илип коюшкан. Ыштыктын от жагыла турган жагынан бактын чириндилерин түтөтүп жагышкан. Ыштала турган терилер анын ичинде эки-үч жумага чейин турган [62, 38-39-б.].

Терини ашатуу, ийлөө жана ыштыкка салуу башка элдерде кандай ыкмаларда жүргөндүгүн салыштырып-окшоштуруп талдоого ала кетели. С.П. Поляков Орто Азия жана Казахстандын этнографиясын карап жатып: мал чарбачылык менен жашаган элдердин турмушунда терини иштетүү жана ийлөө иштери өзгөчө орунду ээлеген. Чийки иштетилбеген терилерди даяр булгаарыларга, көп учурларда кайра эле малга алмаштырып алышкан [339, 66-б.], – деп жазган. В.В. Радлов казактардын кол өнөрчүлөрүнүн терини иштетүү же жыдытуу, ашатуусун төмөндөгүдөй сүрөттөйт: койдун же козунун терисин сыйрып алгандан кийин аны кургатып, жыгач челекке айран, айрандын сары суусу жана ун аралаштырылган *иигe* алты-жети күнгө чейин жаткырышат. Жүн жыдып, кол менен эле алып коюуга болуп калган мезгилде терини малмадан алып, тазалап, кургатып, ороктун же чалгынын сыныктары менен теринин ички бетин челдеп, жумшарып калганга чейин колу менен ийлешет. Музоонун териси дагы кол менен ийленген. Бул терилерден тон жана тебетейлер тигилген. Жаш музоонун ийленген териси *элтир* деп аталган. Музоолордун, койлордун терилери дагы казак талааларынан көп сандап Россияга жөнөтүлүп турган. Теринин баалары: чоң койдун териси – 40 тыйын, козу же токтунун териси – 30 тыйын, алты айлык козунун териси – 20 тыйынга бааланган [351, 267-268-б.]. Көрпөнүн сапатын мыкты кылганы алардын жүндөрү тармал болуп, анын жазылып кетпегенинде болгон. Өзгөчө козулардын терилери өтө жогору баалангандыктан, аларды туулары менен союп, терилерин алышкан [139, 128-б.].

В.В. Радлов казактар уй терисин өтө сейрек иштетишкен деп белгилейт. Уй терисинен торсук жана саба даярдалган. Туздуу сүткө чыланган терини алып чыгып, аны тегиз жерге жайып, казык менен кердирип, токмок менен жумшаргыча сабап, андан кийин шоонаны тарамыш менен аралаштырып мойнунан башка жагынын

баарын бир калыпта тигип чыккан. Тигилген торсукту алгач кургатып, андан соң ыштыкка салышкан. Бул ыкма биринчиден, куюлган суу агып же сарыгып кеткен эмес. Экинчиден, кымыз, кымыран өңдүү суусундуктарга өзгөчө даам берген [351, 273-б.].

А. Шишов сарттардын кол өнөрчүлүгүн карап, тери иштетүүсүн, тагыраагы, терини жыдытуу үчүн эки түрдүү чуңкурча даярдаарын белгилейт. Биринчиси, чункурча жасалып, анын ичин чопо менен шыбап коерлугун, экинчиси, ичине жыгач тактайлар менен каланаарын жазат. Сарттар дагы терини өтө жөнөкөй жол менен иштетишкен. Ал үчүн терини жылуу суу менен жууп, бычак менен теринин ички бетинин этин, челин кырып, чыкпай калгандарын чыгарыш үчүн 4-5 күн ачыган, туздалган сүттө калтырышып, андан кийин күнгө жайышкан. Кургаган терини кол менен ушалашкан [453, 272-б.].

Өзбектер жылкынын же эшектин терисин сууга салып, суулап алгандан кийин казанга салышып, үстүнө шор туздан кошуп, бир күн жылуу сууда жаткырып, улам аралаштырып турушкан. Убакыты жеткенден кийин казандан алып, ички бетин эт, челден, тышкы бетин түктөн тазалап чыгышкан. Бул иштер бүткөндөн кийин, таза сууга жууп, жумуру алкакка же төрт бурчтуу кергичке керип, курч курал менен челин кайра бир сыйра тазалаган. Даяр болгон, бирок чийки териге эми кунактын уруктарын (бора-Setaria italica) ички бетине калың кылып сээп, үстүнөн кийиз төшөп тепселешкен. Анткени катуу уруктары ным теринин беттерине ныгырылып, ага одуракай, бодуракай издерди калтырган [517, 22-б.].

Сарттарда *«гузар»* деп аталган теринин дагы бир түрү жасалып келген. Кол өнөрчүлөр жайгашкан аймактарды да гузар деп аташкан. Гузар төөнүн, буканын жана топоздун ийленген терилери. Жогорудагылардын ичинен эң мыктысы катары топоздун териси таанылган. Мындан жергиликтүү эл кемер, курларды жасашса, ал эми төөнүн жана буканын терисинен көбүнчө өтүктүн тамандары жасалган. Ыштыкка кармоо өзгөчө аткарылган. Себеби ыштыкка эрте күйүп кетүүчү, бирок жалыны күчтүү чөптөрдү, куурайларды жагышкан. Морго теринин эт жагы менен салып, улам алмаштырып, калап турган. Ыштоо иштери бүткөндөн кийин, буудайдын улпагы менен сүртүп коюшуп, аны кайра жуугандан кийин күрүчтүн уну

ачыган сүткө аралаштырылган боткого сүртүшүп, аны менен кургатышып, теринин ички бетин мокок курал менен сүрүп, ал эми тышкы бетин курч бычак менен кырышкан. Бул учурда анын бети жалтырып калган. Мындай булгаарынын түрү кымбат бааланып, кайыш буюмдары, кемер жасалган [235, 240-б.].

Л.Ф. Костенко өзбектердин *ишкаръ* деп аталган өзгөчө чөптүн күлүнөн жасалган шакар сууга жети күндөн он күнгө чейин терилерди чылап коюшкандыгын жазат. Жалаң гана тери ашатуу, ийлөө, тиричилик буюмдарын жасоо менен алектенген кол өнөрчүлөр ал чуңкурчаларга бир учурда эле бир нече терилерди жаткырып, ийи келген терилерди алып, сууга чайкап, анан тоборсутушкан. Андан кийин койдун куйрук майы менен майлап чыккан соң, жыгачтан жасалган сүрткү менен теринин тышкы бетин тегиздеп сүрүшкөн. Мындай ыкма менен даярдалган булгаарылар теринин көлөмүнө жараша 1 рубль 50 тыйындан 3 рубль 50 тыйынга чейин сатылган. Үпүкө өтө эле арзан бааланган. Алсак, бир даанасы 35, 40 тыйындан эле сатылган [235, 241-б.].

Түркстандык көнчүлөр бугунун же багыштын терисин иштетишип, андан алынган терини *гузяр* деп аташкан. Малмадан алып чыккандан кийин аябай ийленген тери колго жагымдуу, жупжумшак болуп калат. Андан соң аны кызыл же сары түскө боеп коюшкан. Мындан жаргак, чалбар шымдарды тиктирип кийишкен. Ошондой эле түркестандык көнчүлөр жылкынын терисинен тышкары эшектин дагы терисин иштетишкен [101, 41-43-б.].

И.Г. Георги башкырлардын терилерди суулап алып, ички бетине ачыган сүт, малдын мээлерин сүйкөп, андан кийин бор менен сүртүп чыгышкандыгын жазып калтырган. И.Г. Георги терилердин ийленишин: мүйүздөй болуп калганча ыштай беришкен, – деген жыйынтык баасын берген [139, 101-б.].

Башкырлар майда жаныбарлардын – козу, музоонун терилерин кол менен ушалап, ийлешкен. Ал эми бодо малдын терилеринин майларын, челдерин мокок бычак менен кырып алышкандан кийин кургатышкан. Кургаган терини курут менен сүрүп, терини ичине каратып ороп, эки-үч күнгө ашаткыга салышкан. Малмадан алынган терини атайын жасалган *кирге* менен жумшартышкан [358, 124-б.].

Башкырлардын тери ийлегендигин саякатчы И.И. Лепехин төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: жаңы сыйрылган терини күн алдына, ич жагынан тегиз жерге бардык тарабынан чойдуруп, казык менен бекем каккандан кийин жүнүн такыр кылып кырып, кургаганга чейин калтырышкан. Тери жазга чейин сакталып, жазында ыштыкка салынган [262, 38-39-б.].

Ногойлордо койдун терисин көбүнчө аялдар иштеткен. Ал төмөндөгүдөй аткарылган: союлган койдун терисине туз сээп, кургатып алып жуушкан. Андан кийин тепшиге же жыгач челекке ачыган ширелердин суусуна же туздалган жемиштердин суусуна – *эрикке* салышкан. Малманы жогорудагыдан тышкары айран, камыр тууруш, ун салып, өтө коюу эмес аралаштырып, терини 5-6 күн ташташкан. Убактысы келгенден кийин, малмадан алып, таза сууга жууп, таза абада кургатышкан. Теринин ички челин тазалаш үчүн ногойлук чеберлер туз жана улпак кошулган айрандан калың сүртүп, эки-үч күн жаткырып, андан соң күрөк менен кырып тазалашкан [134, 86-б.].

Тувалык малчылар жаңы сыйрылган койдун же эчкинин терисин бир-эки күн жаткырып кургатып алышкан. Жайында аны жерге тери челин жогору каратып жаткырып, ар тарабынан керип, жыгач казыктар менен жерге бекитишкен. Кыштын күндөрү суукка бир-эки күн тоңдурушуп, андан соң жерге орнотулган эки ачакай жыгачка жаткырылган жыгач чабакка же *арткыга* арта салып кургатышкан. Кургатылган терилерди үй ичинде сакташкан. Терилер тийиштүү деңгээлде чогулганда ийлөө иштери башталган. Теринин эт-чели жагын чай менен суулап, тизесине коюп, эт-челден тазалап, *эдирээ* аталган куралы менен ийлешкен. Эт-чели тазаланган терини жерге тегиз жайып, *божа* деп аталган ачыган сүттөн тартылган сары суу менен бир күндө бир нече жолу сүртүп турушкан. Божа болбосо ириген сүттү дагы пайдаланышкан.

Сууланган терини боз үйдүн ичине жүнүн жогору каратып төшөп коюшат. Бир күн өткөрүп, андан соң гана *хедерге* менен ийлеп башташат. Төрт-беш күндөн кийин ыштыкка (тувалыктарда *бартаар* деп аталган) салып, ышталган соң, сууга бышырылган боордон эзип, ага сүттүн сары суусун жана коюу демделген чайды

аралаштырып, ботко кылып, теринин ички бетин тегиз сүрүп чыгышкан. Терини ийлөө *эдирээ* кол талкуусуна салуу менен аяктаган [113, 259-б.].

Тувалыктар ат жабдыктарын жасоо үчүн буканын, багыштын жана бугунун терилерин иштетишкен. Жаңы сыйрылган теринин бучкак, моюн, куйруктарын кесип тегерек формага келтирип, аны спираль түрүндө тасма кылып кесип алгандан кийин гана бычак менен жүндөн тазалоо иши башталган. Жүнү тазаланган тасмаларды чоюп, кургатып, аларды алты жарым кулачтан өлчөп кесишкен. Чыгыш тувалыктарда ал кайыш тасмаларды жумшартыш үчүн бир нече саат *далгыгга* салып, жыгач балка *докпак* менен жанчышкан. Андан кийин ириген сүт, сары май же куйрук май менен кенен сүртүп, боз үйдүн ичинде алты-сегиз күн ышташкан. Ал эми Туванын башка аймактарында *тээрме* аталган талкуусуна салышкан. Тээрме үч узун устунду үч бурч жерге бекитип, алардын учун арчындаштырып, төбөсүнөн илмекке байлашып, төмөн (жерге) жагына оор ташты ар тарабынан жип менен арчындап коюшкан. Эшиле турган кайышты саландатып илип койгондон кийин союл *ээргиштин* жардамы менен 25-30 жолу тегеретип эшишкен [113, 260-б.].

Шорлор терини ашатуу, ийлөө иштерин үй шарттарында аткарышып, териде калган эт жана челди күлгө аралаштырган малмадан алып чыккан соң кырып, көк жаңгактын майда үбүлөндүсү же тарындысы менен сүрүп, сөөктөрдүн кайнатылган сорпосуна карайып кеткенге чейин чылашкан. Андан кийин теринин эки жагын тең жылкынын майы менен сүрүп, бир айга кургоого ташташкан. Кургаган терини эки күн түтүнгө кармашып, ышташкан. Буларды аткарган соң терини тоголоктоп *талык* аталган талкууга салып ийлеп, кайра күл аралаштырылган сөөктүн шорпосуна чылашат. Шорлор терини эч качан боешкон эмес. Терини ийлөөгө эркектер сыяктуу эле аялдар дагы аралашышкан. Аңдын терилеринен тигилген каптарды *аннык каба, талкан каба* деп аташып, аларга дан азыктарын, жаңгак өңдүү жемиштерди сакташкан [227, 271-б.].

Алтайлыктардын жумшак булгаарыны алууда колдонулган ыкмалары өзгөчөлөнүп турат. Ал үчүн сууга чыланган терини атайын даярдалган мокок ийрек менен жүнүн жука чели менен кошо кырып, кургаткандан кийин кол менен ийлешкен. Айрымдар тери жакшы ийлениш үчүн балыктын же малдын майын

пайдаланышкан. Мындай ыкмалар менен даярдалган терилерден кол каптар (мээлей) жана чалбар жасалган. Кол каптар багыштын, эчкинин, маралдын, эликтин терилеринен жасала берген [147, 148-б.].

В.М. Мендешева алтайлыктардын тери иштетүү өнөрүн кенен кароого аракет жасаган. Анын макаласында бодо малдын терисинин эт-челдерин мокок бычак же чалгынын сыныктары менен тазалаарын, себеби курч куралдар терини кесип, жараксыз кылып коерун белгилеген. Эт-челден тазаланган терини агымы күчтүү сууларга бекем байлап салып коюшкан. Тери сууда жүндөрдөн толук тазалмайынча байланып тура берген. Суудан алып чыгып, керип-чоюп, кургатышкан [300, 133-134-б.]. Алтайлыктар ийленген терилерди жылкынын, аюунун же кашкулактын майы менен сүрүшкөн. Жайында сыйрылган терилерди алтайлыктар кыкка көөмүшкөн. Ал жерде нымды өзүнө соруп алган терини ийлешип, суурдун, жылкынын же аюунун майын сүртүшкөн. Андан кийин жер төлөөлөрдөгү ыштыктарга салып ышташып, ыштоо бүткөндөн кийин, кайра ийлешкен. Эгер терини ийлегилери келишсе, кызыл карагайдын кабыктары чыланган малмаларга салышкан. Ал малмада тери кызгылт күрөң түскө келген.

Алтайлыктар теринин бетин *«күрүп»* аталган ачакай жыгачтын орто ченине курч темирдин кесиндиси бекитилген курал менен тазалашкан [300, 134-б.]. Ийлегенде теринин ички бетин үй жана жапайы жаныбарлардын боорлорун кайнатып, аны эзип, ботко кылып, ошону менен сүрүп чыгышкан. Бул *«буурлап жат»* деп аталган. Ийленген эчкилердин терисинен чыптамаларды, шымдарды жана жууркандарды тигишкен.

С.И. Вайнштейн тувалыктардын кийим, тиричилик буюмдарын тигүүдө жиптин эки түрүн даярдашкандыгын белгилейт. Жип чыйратуу жана ийрүү жолдору менен даярдалган. Ал малдын моюн, бел, шыйрактарынан алынып, кургатылган тарамыштарынан чыйратылып алынган. Аларды кургатуу үчүн түтүн чыккан мордун жанына беш-алты күн жаткырып, каткандан кийин таштын үстүнө коюп, жыгач токмок менен жанчышкан. *Каткан сиирдин* жанчылган тарамыштын тарамдарын экиге бөлүп алышкан. Майда бөлүнгөн жагы *ээн сиир* деп аталып, андан *чинге сиир* даярдалып, аны менен тебетейлер, тумактар, шири идиштери тигилсе,

экинчи жоон бөлүгү *даяк сиир* деп аталып, андан *чоң сиир* алынып, бут кийимдер тигилген [113, 256-б.].

Тувалыктарда деле тери буюмдарын жасоо алгач теридеги майлардан, эттерден, челинен тазалоодон башталган. Тери челгини *хыргы* деп аташып, аны жалпак темирден жасап, арткы жагын ийип койгон. Ага ылайыктуу сап тагылган. Хыргыны эки колу менен кармап, өзүнө карай тартып эт-челинен тазалоо ишин баштаган. Терини ашатуу үчүн кызыл карагайдын чириндилерин ысык сууга аралаштырып ботко сымал ашаткы *ирик* жасашып, териге тегиз сыйпап чыккандан кийин орошкон. Эртеси терини учу түз, *сыы* айрым жерлеринде *соо* деп аталган курал менен кайрадан кырышкан. Терини тактайга жайып, *эдирээ* (буряттар, монголдор – эдроног деп аташкан) деп аталган талкуу менен узунан, айлантып сүрүп ийлешкен. Эдирээ кыргыздардын талкуусуна окшош жасалган [113, 257-б.].

Т.А. Хлебникова булгаары жаш малдын терисинен алынгандыгын белгилеген. Тагыраагы, кунажын же кунан букалардын терисинен көп даярдалган [433, 242-б.]. Булгаары аталышы дагы буканын аты менен байланыштуу болуп калышы толук мүмкүн. Булгаарыны ийлөөдө алар мажрүм талдын кабыгынан малма жасашса, даяр болгон чылгыйлар жумуртканын агы менен майланган. Булгаарылар кызгылт-күрөң же кара түстүү боекторго боелгон [433, 243-б.].

Ногойлордун терини иштетүүсүн төмөндөгүдөй топторго бөлүп кароого болот: эркектер жана аялдардын салттуу бут кийимдери (оюу жана сайма түшүрүлгөн такалуу, такасыз, кончтуу, кончсуз ж.б. бут кийимдер); өзүнө жана үйгө керектелүүчү буюмдар (капчык, азык-түлүк сакталган баштыктар, аялдардын баштыктары, кисет, чанач, чака, тери идиштер ж.б.); ат жабдыктар, жоокердик курал-жарактар, атрибуттардын жасалышы. Жогорудагы керектүү буюмдарды жасоо үчүн алар уйдун, буканын, өгүздүн, торпоктун, төөнүн, бөкөндүн, койдун, эчкинин терилерин пайдаланышкан. Ф.Ю. Канокова: ногойлор жука терилерди өздөрү иштетишкен эмес, аларды башка жактардан алып келишкен. Бирок алардын арасында жука терилерди иштетишкендер болушкан [201, 31-б.], – деп ногойлордун жука терилерди иштетүүнүн ыкмаларын билбегендигин белгилейт.

Ногойлордо койдун терисин көбүнчө аялдар иштеткен. Союлган койдун терисине туз сээп, кургатып алып жуушкан. Андан кийин тепшиге же жыгач челекке ачыган ширелердин суусуна же туздалган жемиштердин суусуна – *эрикке* салышкан. Малманы жогорудагыдан тышкары айран, камыр тууруш, ун салып салып, өтө коюу эмес аралаштырып, терини 5-6 күн чылап, убактысы келгенде, малмадан алып, таза сууга жууп, таза абага кургатышкан. Теринин ички челинен тазалаш үчүн ногойлук чеберлер туз жана улпак кошулган айрандан калың сүртүп, эки-үч күн калтырып, андан соң күрөк менен кырып тазалашкан [134, 87-б.].

Калмактар терини ийлөөдө айрандын ордуна ачылтылган бозону колдонушкан. Калмак чеберлери дагы жыгачтан жасалган *«эдрингди»* (талкуу) колдонушкан. Терини талкууга салып жатканда бор же чоподон себип, аны агартып, ошондой эле ойдогудай жумшартып алышкан. Мындай көрпө терилерден тон, ичиктерди тигип кийишкен. Эчкинин терисинен чалбар шымдар тигилген [287, 1087-б.]. Ал эми идиш жасалуучу терилерди сууга жыдытып, андан кийин тышка алып чыгып кургатып, керектүү көлөмдө кесип, тарамыш жиптер менен тигип алышат. Оттун ышына коердон мурун аны үйлөп, ичине кум же күл менен толтуруп, эки бооруна түрдүү чиймелерди түшүрүшкөн. Суусундук куюла турган идиштердин моюндарын узун жана кенен кылышкан [80, 60-61-б.].

Жогоруда башка элдердин терини иштетүү жана сапаттарга бөлүү ыкмаларынын көптүгү, алардын терини мыкты өздөштүрүшкөндүгүнүн жыйынтыгы эмес, окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн аларды изилдөө предметтерине айлантышкандыгына байланыштуу экендигин белгилейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү, анын ичинде тери иштетүүнүн ыкмалары, турмуш-тиричиликке өтө керектүү өнөр катары өнүгүп, бир нече этаптарды басып, өзүнүн өнүгүү жолунда башка кол өнөрлөр сыяктуу эле жаңыланып, бирде башка элдердин таасирине өтүп турса, бирде алар чыгарган ыкмалар жана буюмдар дээрлик Борбордук Азиянын элдерине тарап, адамзаттын өнүгүү жолуна тикелей таасир этип келген.

Чындыгында эле терилерди ашатуу, ийлөө, бычуу, майлоо, ыштыкка салуу сыяктуу иштери жөнөкөй көрүнгөнү менен, көптөгөн тажрыйбаларды жана узак

убакытты талап кылган. Жогорудагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, сапаттуу терини алыш үчүн, эң алды, теринин өзүнүн ички касиеттерин түшүнүп алуусу керек. Анткени теринин курамындагы чел, кан, шор өңдүү илешкек заттарды сыртка чыгарып албаса, жасалган буюмдар колдоюп, ийкемсиз, ылайыгы жок болуп калган. Эң негизгиси, чала ийленген терилерден жагымсыз жыт дагы чыгып турган. Усталар мына ушул нерселердин бардыгын эсине алган. Ошондой эле табияты, аба ырайы катаал аймактарда жаан-чачындарга чыдамдуу, сапаттуу болушу үчүн шири буюмдар ийленгенден сырткары ыштыктарга дагы салынган. Албетте, бул ыкмалардын иштелип чыгышы да көптөгөн мезгилдерди талап кылгандыгы шексиз.

Кыргыздар жана ага тектеш элдердин тери иштетүү ыкмаларын салыштырып-окшоштуруп көрүүдө, кыргыз усталары терини 30дан ашык ыкманын түрү менен ийлеп, ашатып келишкендиги белгилүү болду. Кыргыз ийчилери кун терилерин ийлерден мурун, аны алуунун жолун, тагыраак айтканда, жырткыч жаныбарлардын түлөгөн, жыдыган, тыбытуу мезгилдерин жакшы билип, ошол учурларда гана аларга аңчылыкка чыгышкан. Ал эми терилерди ашатууда Түштүк Сибирь, Алтай элдеринен айырмаланып, дарактардын кабыктарын пайдаланышкан эмес.

**Үчүнчү баптын жыйынтыгы.** Тарых булактары көрсөтүп тургандай, кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендиги талашсыз. Ушул доорлор аралыгында кыргыздар өзүнүн көчмөндүк жашоо мүнөзүн туруктуу сактап, көчмөн кыргыз цивилизациясын жаратып, аны көптөгөн аймактарга таратууга үлгүрдү. Бирок тилекке каршы, айрым кыргыз окумуштууларынын бут тосууларынын, каршылыктарынын айынан тилдин, маданияттын аты жер аталышына же кийинки элдерге байланыштуу аталып келе жаткандыгы дагы белгилүү. Ошондуктан кийинки изилдөөлөрдүн (тилдик, маданият таануучулук ж.б.) максат, милдеттери буюм аталыштарын ар тараптуу талдоо аркылуу тилдин, маданияттын аталыштарына адилет баа берүү болуп саналат.

Бул бапта байыркы көчмөн кыргыздардын оозунан жана колунан жаралган көөнө сөздөрү, буюмдары жана кол өнөрчүлүк ыкмалары талданып, түшүндүрмөлөр берилди. Изилдөөнүн жыйынтыктары көптөгөн табылгаларды ачуу менен бирге эле изилденбей, көңүл бурулбай келе жаткан көйгөйлөр да бар экендигин көрсөттү.

# IV БАП. ТЕРИДЕН ТИГИЛГЕН КИЙИМДЕР, АЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

## § 4.1. Кун жана көрпө терилеринен тигилген баш кийимдер

Борбордук Азиядагы элдердин салттуу маданияты, тери иштетүү кол өнөрчүлүгү алардын жүргүзгөн чарбасына, коомдук өзгөрүүлөрүнө жараша кийген кийимдеринин кээ бир түрлөрү өзгөрүп турган. Бирок бут кийимдерге салыштырмалуу баш кийимдер баштапкы абалын жоготкон жана өзгөрткөн эмес (бул жерде «калпак» жөнүндө кеп болуп жатат) [515, 3-б.]. Калпак – көчмөн кыргыз элинин идентик өзүн-өзү таануучу, бириктирип туруучу негизги материалдык каражаты жана белгиси болуп, ал өзгөрүүгө учурабайт.

Көчмөн элдерде кийимдердин эң даражалуусу баш кийим эсептелип, «бөрү атаар баланы бөркүнөн тааны», – деп байыркы мезгилдерден бери эле баш кийим жөн гана жылуулук же көркөмдүк үчүн кийилбестен, ал кийген адамдын коомдогу ээлеген ордун, даражасын аныктаган. Тагыраак айтканда, баш кийим жасалган кун же көрпөнүн териси, пайдаланылган нооту, кездемелер дагы маанилүү болуп келген. Алардын өңү-түсү кийген адамдын жаш өзгөчөлүгүн да аныктаган.

Кун терилеринен жасалган баш кийимдер тууралуу негизги маселеден мурун XIX кылымда Кыргызстандын аймагында жашаган жапан жаныбарлар тууралуу маалыматтарга токтолуп өтүү зарылчылыгы бар.

Ч. Валиханов: тоолорунда үйүр-үйүрү менен маралдар, тоо текелер, аркарлар жана эликтер, сайгак жана жейрендер (кыргызча – кара куйрук) жүрүшөт. Жырткычтардан жолборс, барс жана илбирстерди кездештирүүгө болот. Аюу, карышкыр, түлкүнүн эки түрү кара күрөң жана кызыл, суусар, арс чычкан, түштүк токойлорунда сүлөөсүн көп. Мындан тышкары кундуз дагы бар [119, 25-26-б.], – деп кыргыздар жашаган аймактардагы жырткыч жаныбарларды санап өтөт.

Фергана, Чүй өрөөндөрүндө жолборстор дагы байырлашкан. Алар бийик тоолорго чыкпастан, тоонун этегиндеги токойлордо, өрөөндөрдөгү камыштуу, суулуу жерлерди мекендешкен. 1880-жылдары Чыйырчык ашуусуна жакын жерлерде жолборстун жүргөндүгүн медицина доктору И. Яворский дагы өзүнүн диссертациялык ишинде белгилеп өткөн. Ал Түркстанда жалпысынан 37 жаныбарды, анын ичинен 11 – жырткыч жаныбарды; 10 – үй жаныбарын; 4 –

кепшөөчү жаныбарды; 3 – кемирүүчү жаныбарды; 9 – аралаш жаныбарлардын тобун атаган [519, 139-141-б.].

Жолборсту кармоонун жөнөкөй түрү катары букмага же буктурмага түшүрүү. В. Кушелевский 1889-жылы Анжиан уездинен капканга түшкөн жолборстун капканды тиштеп чыгып кетүүгө аракет жасап, тиштерин сындырып алгандыгын, бирок чыга албагандыгын, жыйынтыгында өлтүрүлгөндүгүн жазат. Ошону менен бирге эле кыргыздардын жолборстун этин жешпегендигин, бирок майы бут, сөөк ооруларына дары болоорун, ал эми териси талпак иретинде үйдө төшөлөөрүн, базар баасы 15-25 рублдан ашаарын белгилеген [245, 304-306-б.]. В. Кушелевский ак илбирс, тоо илбирсти же барсты жергиликтүү эл кабылан аташаарын билдирет. Ошол эле учурда жөнөкөй илбирс дагы болуп, ал кабыландан кыска болгону менен, буттары жана куйругу узун болуп турат. Териси жолборстукуна салыштырмалуу кыйла эле арзан бааланган. 5 рублга сатып алса болгон [245, 304-306-б.]. Ал эми эпостук чыгармаларда Манас баатырдын кабыланга салыштырып айтылышы, илбирстин эркеги кабылан деп аталгандыгынан кабар берет.

Сүлөөсүн көбүнчө Кыргызстандын бийик тоолуу аймактарынын баарынан кездешкен. Кыргыз эли, өзгөчө мергенчилер сүлөөсүндү эки түргө «жылкы сүлөөсүн», «кой сүлөөсүн» деп бөлгөн. Анткени өңү көк сүлөөсүн, кой же сары сүлөөсүнгө салыштырмалуу чоң жана кыраан болуп, бодо малдардын балдарын алганга күчтөрү жеткен. Алсак, майда жылкыларды, кунан, тайларды алгандыктан жергиликтүү эл аны – жылкы сүлөөсүн, экинчиси кой-козуну көбүрөөк алып, ошолорго көп залал келтиргендиктен кой сүлөөсүнү деп бөлүшкөн (105-сүрөт) [505, 2019. 2-б.].

Саякатчы Т.Э. Гордон Памир тоолорунда сүлөөсүндүн бар экендигин, ошондой эле мергенчилер жапайы жаныбарлар менен тамактанышып, аларды көп зыянга учуратаарына токтолгон [349, 34-б.]. Ал эми В. Кушелевский өз күчүнө ишенген сүлөөсүн кызыл кийиктерге дагы үстүнөн секирип басарын жазат. Бирок сүлөөсүн алган олжосунун этин азыраак гана жеп, калганын калтырып кете берген. Териси 5 рублдун тегерегинде бааланган [245, 307-б.].

Жырткыч жаныбарлардын дагы бири – кашкулак. Ал ийинди терең казып кирип, андан кийин гана капталдата каза баштайт. Бирок ийиндин оозун бир нече жерден чыгарып алган. Анын тырмактары өтө жоон жана күчтүү болгондуктан, таштуу жерлерди деле казып кирип кете берген. Жүнү өтө кылчыктуу жана катуу болгондуктан, сандыктардын бет жагын каптаганга жана башка өтө маанилүү болбогон нерселерге керектешкен [245, 308-б.]. Ошондуктан арзан баада эле сатылган. Бирок аймактык өзгөчөлүктөргө байланыштуу ичиктер дагы жасалган.

Аюулар өтө чоң эмес, калың жана узун түктүү, сары-күрөң түстүү болуп, майда жандыктарды алып жешкен. Аюунун териси тартуу катары сыйлуу адамдарга берилгендиктен, анын териси сейрек сатылган. Баасы 7-10 рублдун тегерегинде болгон. Этин жешпегени менен майы көп колдонулган [245, 308-б.].

Карышкырды жергиликтүү элдер (ферганалыктар) бөрү деп аташкан. Бул өрөөндөгү бөрүлөрдүн териси кызгылт болуп кеткендиктен, тоонун кызыл бөрүсү деп аталган. Бирок териси анчалык деле бааланбайт, – дейт В. Кушелевский [245, 308-б.]. Бирок биздин пикирибизче, бул жерден сөз бөрү жөнүндө эмес, чөөлөр тууралуу кеп жүрүп жатат. Себеби карышкыр жалаң гана майда жандык эмес бодо малдарга дагы кол салып, өзүнүн чоңдугу жана күчтүүлүгү менен айырмаланат. Бул боюнча россиялык аскер чыгыш таануучу Л.Ф. Костенконун Ташкент шаарында карышкырдын териси – 15 рублга бааланганын, ал эми кызыл түлкүнүн (чөөнүн) териси болгону 60 тыйын тургандыгын келтирген мисалдан эле көрүүгө болот [235, 238-б.].

В. Кушелевский кадимки түлкүнүн териси 80 тыйындан 1 рублга чейин, кара-күрөң түлкүнүн териси 3 рублдан кем эмес сатылат деп келтирсе, Л. Костенко тоо түлкүсүнүн ийленген териси – 26 рубль, тоо түлкүнүн терисинин ийленбегени – 1 рубль 40 тыйын, талаа түлкүнүн териси 1 рубль 20 тыйын турат деп, ийленген жана ийленбеген терилердин бааларын так көрсөтөт [235, 238-б.].

В. Кушелевский Фергана өрөөнүндө, тоолорунда жана өзөндөрүндө суусардын үч түрү жашагандыгын белгилейт. Мисалы, суусар (martes abietum), тоо суусары (martes foina) жана түркстандык суусар (martes intermedia) [245, 310-311-б.].

Кыргыз тоолорунда жашаган дагы бир жаныбарды жергиликтүү эл сасык күсөн (Foetorius putorius) деп атаган. Териси суйдаң, кооз болгондуктан, терисине кызыккан аңчылар капкан салып кармашкан. Териси баалуу болгон кичинекей жаныбардын бир түрү арс чычкан (Mustek erminea). Булар бийик тоолуу жерлерде чоң таштардын арасында жашашат. Арс чычкан ач күсөнгө салыштырмалуу кайраттуу келип, айбатын көрсөтүп, тиштеп, тыткылап өзүнүн кыраандыгын көрсөткөн. Терисин бузуп албаш үчүн мылтык менен эмес, тузак, капкан өңдүү куралдар менен кармашкан.

Аң терилеринин ичинен өзгөчө орунда турганы кундуз (Lutra vulgaris). Кундуз өзүнүн тамак-ашын суудан да, кургактан да таап жегендиктен, көбүнчө суунун баш жактарында, көлдөрдүн тегерегинде жер астынан жолдорду салып, өтө сактанып жашайт. Балык таппай калган учурларда бака, келемиш, чычкан, көл үстүндө сүзүп жүргөн өрдөк, каз, чулдук менен дагы тамактанган [245, 311-312-б.].

Териси жана эти пайдаланылган майда жандыктардын бири – коен жана суур. Фергана чөлкөмүндө жашаган суурлардын өңдөрү кызгылт-сары болсо, Борбордук Теңир-Тоодо жашагандарынын өңдөрү көгүш болгон.

Памир тоолорунда жана ага жакын тоолордо аркарлар (Ovis Кагеlini) жана кулжалар (OvisPolii) да мекендешкен. Жергиликтүү эл аркардын эркегин кулжа деп аташкан. Алардын терилеринен тыш кийимдер, ошондой эле жамынықтар жасалган [245, 316-б.].

Марал (Cervus maral) же түштүк-сибирдик бугусу. Кыргыздар бугунун ургаачысын марал, ал эми эркегин булан деп атайт. Анын чоңдугу аттын бийиктигине жеткен. Соёчорлорунун (жаш бугу) мүйүздөрү кытайлыктар үчүн өтө баалуу дары каражаты болгон. Жергиликтүү мергенчилер ошол мүйүздөрдү алыш үчүн чыгышкан. Базарларда эки мүйүз 230 рублга бааланган. Өтө баалуу делген аң же кун терилеринен бир нече эсе жогору турганын жогорку баадан эле көрүүгө болот. Кыргыздар бугунун терисинен кандагай шымдарды жасашкан. Ошондуктан анын териси салыштырмалуу жогору бааланган [245, 318-б.].

Териси жана эти үчүн аңчылыкка чыккан тоо жаныбарынын бири элик аталган. Анын баласы чаарчыктын териси ала болуп, кичинесинде өтө кооз болгондуктан

мергенчилер кээ бир учурларда кичинекей балдарына чапан тигип берүү үчүн атып алышкандыгы да белгилүү. Кыргыздар аларды жалпы жонунан элик деп атаганы менен эркегин куран, ал эми ургаачысын телки дешкен.

Кыргыздар текени (Capra sibirica) кызыл кийик деп атап келишкен. Теке Кыргызстандын тоолуу аймактарынын дээрлик бардыгына тараган. В. Кушелевский текелердин чоң мүйүздөрүн жана анын аткарган милдетин абдан кызыктуу кылып сүрөттөгөн. Мергенчилердин ага айтып берген маалыматы боюнча чоң мүйүз алардын коргонушунан сырткары, жогортон ылдый карай алыстыкка секирген учурунда өтө керек болгон. Алыс жана катуу секиргенде, алгач мүйүзү менен асканы сүзүп, ылдамдыкты азайтып анан алдыңкы буттарын койгон. Бул анын алдыңкы буттарын сынып калуусунан сактаган [245, 318-б.].

Фергана өрөөнүндө бөкөндөр (Cervicaprа Saiga) дагы көп жүрүшкөн. Алар өтө сак болгондуктан, мергенчилерди жакын жолотушкан эмес. Кыргыз мергенчилери аны кармоонун дагы өзүнчө өзгөчө ыкмаларын ойлоп табышкан. Ал үчүн алар күндө өткөн жерде ташка же калың чөпкө жашынып, жакын келгенде таяк же таш менен эле чаап өлтүрүп алышкан. В. Кушелевский кыргыздардын бөкөндүн этин өтө жакшы көрүп жешээрин, өзгөчө тумшугун музоонун шыйрагындай даамдуу болот дешип жакшы көрүшөөрүн жазат. Белгилей кетүүчү нерсе теке, элик, бөкөндөрдүн эттерин кууруп жээрден мурун анын этин сууга бир сыйра кайнатып алышкан. Антпесе алардын жыты тамакка чыгып, анчалык жегиликтүү болбой калган [245, 319-б.].

Жырткыч жаныбарлардын терисин байыркы кыргыздар кун атап келишкен. К.К. Юдахин тарабынан түзүлгөн сөздүктө анын иран тилинен киргендиги көрсөтүлгөн [255, 445-б.]. Адамдар кимдир бирөөлөр тарабынан өлтүрүлгөндө өлгөн адамдын наркы, куну баалуу терилер менен бааланган. Ошондой эле енисайлык кыргыздарга баш ийген уруулар суусарлардын жана тыйын чычкандардын терилери менен салык төлөшкөн [36, 282-б.; 19, 224-б.]. Аңдын терилери товардык эквивалент катары жүргөн. Кыргыздын тыйын деген сөзү тыйын чычкандын териси баалуу болуп, эквивалент болгондуктан кийинки мезгилге чейин ушул сөз менен бизге жеткен.

Л.Ф. Костенко Ташкент базарларында сатылган кун терилеринин баасын жазып калтырган. Мисалы, карышкырдын териси – 15 рубль; тоо түлкүсүнүн териси – 26 рубль; кой терисинен жасалган жөнөкөй ак тон – 3 рубль; иштетилбеген же ийленбеген карышкырдын териси – 1 рубль 50 тыйын турса, тоо түлкүнүн териси – 1 рубль 40 тыйын, талаа түлкүнүн териси – 1 рубль 20 тыйын турган. Буларга салыштырмалуу суусардын териси – 3 рубль 25 тыйын; көк көрпө (сапсаң) – 3 рубль, кара көрпө – 2 рубль 75 тыйын, илбирстин териси – 7 рубль 50 тыйын болуп кымбат бааланган. Ал эми чөл түлкүнүн (корсак) териси болгону 60 тыйын турган [235, 1870:238-б.].

Кыргыз уздарына салыштырмалуу казак уздары кашкулактын терилерин көп иштетишкен. Анын базардагы баасы 40-50 тыйын турган [357, 275-б.]. Суурдун жүз даанасы – 2 рубль 50 тыйындан 3 рубль 50 тыйын, 100 күсөндүн териси – 5-7 рубль, арс чычкан – 6-8 рубль, карышкыр жана түлкүнүн териси – 2-3 рублдан, коендун бир даана териси – 15-30 тыйын, карсактын териси – 1 рубль, эгер болуп калса, жолборстун териси – 50-60 рублга бааланган. Алтайда аюунун териси – 15-30 рубль, илбирстин териси 10-15 рублга сатылган [357, 276-б.].

Кыргыздардын баш кийимдери тууралуу алгачкы маалыматтарды эпостордон, дастандардан, андан тышкары жазма эмгектерден жолуктурабыз. Алсак, «Кийиз калпактар кыюуланып, төбөсү бийик жасалганы жөнүндөгү маалымат», – Тарых музейине (Фрунзе шаары) 1946-жылы сатылып алынган ак калпак ырастап турат. Ал XVIII кылымдагы кыргыз жол башчыларынын биринин калпагы болгон. Анын төбөсү өтө шуңшугуй жасалган жана аталышына караганда (кары бою киш калпак), киштин териси менен кыюуланган. ... «Тан Шу» династиялык хроникасы да байыркы кыргыздардын баш кийими тууралуу маалымат калтырган [6, 352-б.; 63, 144-145-б.; 36, 89-б.; 19, 223-б.; 271, 38-б.; 24, 25-б.]. Кошумчалай кетүүчү нерсе, ушул маалыматтарда байыркы кыргыздар кичинекей балдарын бешикке бөлөгөндө шимек ордуна малдын ичегилеринен жасалган «түпөктөрдү» колдонушкан [182, 242-б.].

Н.В. Кюнер жергиликтүү элдин салтында бул аймактагы жашоочулар чачтарын өрүп, жылаңбаштанып жүрүшкөндүгүн, кийимдери туцзюэлердикине окшош. Кыш мезгилинде киштин терисинен баш кийим тигишсе, жайында калпактарынын

төбөсүн бийик, жээгин түрүп, алтын менен кооздоп кийишет. Букаралары ак кийизден калпак тигип кийип жүрүшөт. Анын тигилиши жогоркулардан эч айырмаланбайт [20, 58-б.], – деп жазат.

С.М. Абрамзон: Бардык курактагы эркектер менен жаштар кыргагы көрпөдөн жасалып, төбөсү төрт бурчтуу болгон тебетей кийишет; улгайган адамдардын тебетейинин төбөсү боз, кара баркыттан, кыры суурдун же түлкүнүн терисинен жасалат [36, 610-б.], – деп тебетейлердин түрлөрүн, эң негизгиси түлкү тебетейлерди кары адамдардын кийгендигин айтат.

С.М. Абрамзон ошондой эле кыздардын баш кийими тууралуу төмөндөгүлөргө токтолот: Бойго жеткен жана кичинекей кыздар эркектердин тебетейине окшош баш кийим кийишет, анын кыры «кундуз» же көрпө болот да, төбөсү кызыл же көк баркыттан тышталган. 10-11 жаштан тартып кыздардын тебетейлерине сөзсүз түрдө үкүнүн жүнүн тагып коюшат [36, 611-б.]. Кыздардын тебетейи суусардын, ал эми байлардын кыздары кундуздун терисинен жасалган тебетейлердин төбөсүнө мыкый (жапалак) үкүнүн же үкүнүн канаттарын кооздоп сайып коюшкан, айрым учурларда төбөсүнө чок тагылган (тумардын кызматын аткарган) [31, 37-б.; 41, 112-б.].

Улгайган аялдар баштарына кун кармалган топу кийишип, анын үстүнөн кисея жоолук салынып, же тескеринче, жоолук салынып, анын үстүнөн топу кийишет. ... Койдун же түлкүнүн терисинен жасалган кыры жазы чоң тебетей да кийилген [36, 612-613-б.]. Белдемчилеринин жээктерине колунда барына жараша баалуу аң териленен кундуз, суусарларды салып алышкан [31, 37-б.].

В.М. Кушелевский: бай колуктулар баштарына шөкүлө кийишет. Ал ичинен жана тышынан кызыл, кара материалдар менен чапталган жана кундуздун, суусардын же түлкүнүн териси, алтын, күмүш, каухар, берметтер менен кооздолгон кийизден жасалган бийик конус түрүндөгү баш кийим. Байларынын көйнөктөрү, шымдары, чапандары, тондору түлкүнүн, кундуздун терисинен жасалган тумактары болот [246, 350-б.], – деп андан сырткары жаш балдардын чекелеринин жара болуп кеткендигин, тебетейдин чала ийленген териден жана анын начар тигилиш себебинен келип чыккандыгын, кыздардын узун чачы жара кылбай сактап калгандыгын баса белгилеп көрсөтөт.

Орус сүрөтчүсү, жазуучу Н.К. Рерих өзүнүн экспедициялык иштеринде Кытай өлкөсүнүн аймактарында жашаган кыргыздарынын турмуш-тиричилиги тууралуу эскерме-күндөлүгүндө: Кызыл түстүү, төбөсү учтуу келген чакан малакайчан кыргыздар [354, 1002-б.], – деп кыргыздардын кийимдери, үйлөрү, тамак-аштары туурасында азыраак маалымат берген.

Ф.А. Фиельструп кыргыздарды кыштын күндөрү баштарына кой терисинен же көрпөдөн тигилип, төбөлөрүнө чачык тагылган тебетейлерди кийишээрин, жылуу мезгилдерде тебетейлердин жээктерин тышын карай кайрып алышаарын жазат [423, 2-б.].

Ю.А. Шибаева: Кыргыздардын эркектери жайында чачтары алынган баштарына кийизден жасалган төбөсү шукшуйган калпактарды, кышында тебетейлерди (малакай, калакчын) кийишет [450, 28-б.], – деп бир нече баш кийимдин түрүн атап өтөт.

Кыргыздарда хан шайланган учурда башына төбөсү кызыл тебетей кийгизишкен. Калгандары хан шайлоо учурунда ага толук баш ийгендигин жана кечирим сурап келгендигин билдириш үчүн курларын моюндарына салып келишкен. Ошондой эле баш кийимдин үстүнөн аттаганга тыюу салынган [176, 55-б.].

Н.С. Момунбаева: Тебетей оң, сол жана ичкилик кыргыздарынын дээрлик бардыгы кийген баш кийимдердин бири. Ал жалпы жонунан, жасалган терисине байланыштуу: көрпө тебетей, сүлөөсүн тебетей, кундуз тебетей, каракүл тебетей, түлкү тебетей, карышкыр тебетей, суур тебетей, илбирс тебетей [303, 100-101-б.] – деп бөлүнөөрүн белгилесе, белгилүү советтик этнограф К.И. Антипина: аймактык өзгөчөлүктөргө байланыштуу кашкар тебетей, телпек (13, 39-сүрөт), тебетей [60, 235-б.], – деп тебетейлерди үчкө бөлгөн.

Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, кыргыз элинин териден жасалган улуттук баш кийимдери тууралуу маалыматтар өтө эле аз. Кыргыздардын көрпөдөн жана аң терилеринен жасаган баш кийимдери төмөндөгүдөй бөлүнгөн: тебетей, малакай, тумак, кулакчын, телпек.

Эми ирети менен баш кийимдердин жасалыштарына жана алардын түрлөрүнө токтолсок, тебетейдин бычылышы негизинен төрт талаадан турган. Аларды бири-

бирине бириктирип тигишкен. Бети даяр болгондон кийин кебез же жүн төшөлүп, ичин кездеме менен бирге беттештирип, капшыра тигилгенде төбөсү төрт бурч болгон. Андан соң баш кийимди кийе турган адамдын башына өлчөп алган. Тигилиштери бүткөндө, анын жээктерин жасап, ага атайын даярдалган козунун, койдун же кайсыл бир аңдын терисин каптап чыгышкан. Бириктирип тигүүдө кездеменин тышына келген жээги ичин көздөй кайрылып тигилген. Экинчи жээгин кездеменин астына келтирип, ичинен бекитишкен. Тигилиштери тышына көрүнбөшү үчүн ички бетине кеткен [48, 212-б.; 303, 102-б.]. Тебетейлер көбүнчө кышында кийилгендиктен, тышкы бети катуу кездемеден капталган. Тебетейдин төбөсү жасалып жаткан адамдын жашына жараша тандалган. Кыргыздарда көбүнчө төбөсү бийик тебетейлерди колунда бар адамдар кийишкен [31, 36-б.].

«Кашкар тебетейге» койдун териси керектелген. Анын төбөсү жана ички беттери ноотудан же пахтадан жасалган кездеме менен шырылып жасалган. Албетте, бул тебетей дагы төрт талаалуу тилкеден бириктирилет. Тебетейге салынган кыргак үч элүүдөн (4-5 см) ашырылган эмес жана эки түрдүү териден тигилген. Кашкар тебетей кайрылма кайрыктуу тебетейлердин катарына кирет. Аны кайрып дагы, кайрыбай кулакка түшүрүп кийип жүрөшкөн. Кайрыгын түшүргөн мезгилде башка кенен болуп калган [60, 235-б.]. Мындай баш кийимдер Кыргызстандын түштүк-чыгышындагы аймактарына кенен тараган.

Ал эми Е.И. Махованын белгилөөсү боюнча кашкар тебетейге окшош баш кийимдер Талас, Жумгал, Тогуз-Торо өрөөндөрүндө да көп кездешкен [297, 50-б.]. Чындыгында эле кашкар тебетейдин малакайга өтө окшош жасалгандыгы көрүнүп турат. Ал эми «кашкар тебетей» аталып калышынын себеби кашкарлык кыргыздар көбүрөөк кийгендиктерине байланыштуу эле жогорудай ат берилген.

Тебетейдин тигилиши тууралуу: төбөсү ак кездеме, түрүмү орточо, кара көрпө, чогу шайы (чекир саяк уруусу: чоро Тянь-Шандын Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондору, жарым-жартылай Куланак району); мытаам тебетей төбөсү ар түрдүү түстөгү чыттан жана баркыттан шырылган, чогу жок, түрүмү кара, кызыл, көк түстө, орточо чоңдукта, ар жагы түшүрүлөт (кулжыгач, курманкожо уруктары, Жумгал району); тебетей: төбөсү кара же күңүрт түстөгү баркыт же кыжым, бийик жана далдагай,

чогу кичинекей (черик уруусу Ат-Башы, Нарын районунун бир бөлүгү); тебетей: төбөсү чакан, шырылган, (ак түстөгүдөн башка) ар кыл кездеме тышталган кызыл көрпөдөн (Солто уруусу, Чүй өрөөнү); малакай: түгү ичине каратылып туюк тигилген, четтерине кездеме кыюу салынган (базыс, саяк жана чекир саяк урууларынын бутактары жана башка топтор, Тянь-Шандын Тогуз-Торо району) [36, 94-95-б.; 297, 50-б.; 60, 235-б.], – деп советтик окумуштуулар кыргыз урууларынын арасындагы тебетейлердин айырмачылыктарын эң сонун белгилеп өтүшкөн.

Тебетей жалпы Кыргызстанга тараган улуттук баш кийим болгону менен, анын көлөмүнүн, кайрыктарынын жана төбөсүнүн формаларында локалдык аймактык өзгөчөлүктөр бар. Бул боюнча К.И. Антипина төмөнкүлөрдү белгилейт: түштүк кыргыздарга таандык мындай тебетейдин бир гана түрү жасалган. Тебетей жалпы эле калың нооту же кездеменин башка түрлөрүнөн астар (ич) салынып, төрт талаалуу тилкеден бириктирилет. Бул төрт тилке бири-бирине тигилген учурда төрт бурчтуу болуп калган. Баш кийимдердин бардыгы тең эле түбү кенен, төбөсү кууш тигилген. Тебетейдин түбүнүн же кайрыгынын тышын чебердин атайын даярдалган көрпө, түлкү, суусар же кундуздун териси менен тышталган [60, 235-236-б.]. Жогорку тебетейлердин кайрыгынын эни 15-25 см чейин жеткен. Айрым тебетейлердин чокусуна калпактарга тагылган бапик (иран сөзүнөн кирген [212, 58-б.]), чок же чачык да тагылган [48, 213-б.].

*Көрпө тебетейди* эркектердин бардыгы кийген. Бул тебетейди коомдун калың катмары, жаш балдар, ал тургай, коомдук жана чарбачылык артыкчылыктарына карабастан бийлер, болуштар, байлар, манаптар дагы кийишкендигин орус оторчулугу мезгилинде (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) түшкөн сүрөттөрү далилдеп турат.

А.Ф. Бурковский: Үч-төрт айлык козулардын көрпөлөрүнөн баш кийимдер тигилгендигин белгилейт [105, 76-б.]. Көрпө тебетейди кичинекей балдар өз алдынча тың басып калган мезгилден 3-4 жаштан баштап кийе башташкан. Б.з.ч. 4-миң жылдыкта шумерлердин хандары дагы көрпө тебетейлерди кийишкендиги маалым. Бул баш кийим хандын таажысынын кызматын аткарган [5, 208-б.]

А.С. Акматалиев: «Өзгөчө тармал кара козунун терисинен жасалган көрпө тебетей өзүнүн жылуулугу, жеңилдиги жана олуттуу түрү менен айырмаланган. Тебетейдин көрпөдөн тышкары кездемеси дагы өтө маанилүү. Алсак, кичинекей балдарга кызгылт, көк, ачык күрөң, жашыл кездемелерден жасалса, бозой, улан, жаш жигиттерге кара жашыл, кочкул кызыл түстүү төбөлөр салынган. Ал эми кыздардын кундуз тебетейине кызыл манат, жашыл, көк баркыт менен тышталган» [48, 212-б.], – деп тебетейлерге астарланган жана тышталган кездемелерге, кийүү өзгөчөлүктөрүнө токтолуп өткөн.

Тебетейлердин тигилиштери тууралуу Кыргызстандын түштүгүндөгү материалдык маданиятын, анын ичинде улуттук кийимдерди изилдешкен этнографтар К.И. Антипина [60, 235-б.], Н.С. Момунбаевалар [303, 103-б.] тебетейлердин формасында жана тигилишинде өзгөчө айырмачылыктар жок экендигин белгилешкени менен С.М. Абрамзон: көрпө тумактар дагы көп түрдүүлүгү менен, айырмалангандыгын көрсөтөт [36, 93-б.] деп белгилеп, бирок алардын айырмачылыктарына токтолгон эмес.

*Сүлөөсүн тебетей.* «Манас» эпосунда берилгендей көк сүлөөсүндүн терисинен жасалган бөрктү чоролордун мыктылары Бакай, Алманбет, Чубак, Серек, Сыргак баатырлар кийишсе, ал эми Кыргыл чал баштаган чоролор суусардан тебетей кийгендиги айтылат. Манас баатырдын баш кийими киштин же булгун терисинен тигилген. Демек, башындагы бөрк аркылуу алардын коомдогу ээлеген даражалары аныкталган же коомдун башка өкүлдөрү алардын баш кийими аркылуу аскердик даражасын таанышкан. Бул жерде кун терилеринен жасалган баш кийимдер биринчи жолу аскердик даража катары каралып жатат.

Сүлөөсүн тебетейди, негизинен, колунда бар, бай адамдар кийишкен. Бирок бул баш кийим күндө эмес, аш-тойлордо, курултай-жыйындарда, өзгөчө кырдаалдарда кийилген. Ошол эле учурда баш кийит катары кудаларга [303, 103-б.] же кадыр-барктуу адамдарга тартууга кеткен.

*Суусар тебетей* дагы баалуу баш кийимдердин катарына кирген (15-сүрөт). Жогоруда белгилендей, баатырдык доордо бул тебетейлерди Манас баатырдын чоролору кийген [278, 257-б.]. Замандын өтүшү, этностук баалуулуктардын

өзгөрүшү менен баатырлар кийген кийимдерди, баш кийимдерди коомдун башка өкүлдөрү дагы кийе баштакан. Тагыраак айтканда, бийлер, манаптар, байлар суусар тебетейлерди тиктирип кийишкен. Суусардын терисинен жасалган тебетейлердин жаш өзгөчөлүктөрүнө каралбаганы менен, тебетейдин төбөсүнүн бийиктиги, кездеменин өңү-түсүндө чоң айырмачылыктар байкалган. Мисалга алсак, жашыл, кызыл түстү жаштар кийсе, күрөң, кара түстөрдү жашы улуу адамдар кийип жүрүшкөн.

Кыз менен аялды айырмалоочу негизги буюм же кийим – бул баш кийим. Кыздар дайыма баштарына эркектердин тебетейлерине окшош кемчеттин, кундуздун, суусардын терилеринен тигилген тебетейлердин төбөсүнө үкүнүн тал жүнүн же шуру тагып алышкан [424, 3-б.].

*Кундуз тебетейди* негизинен бойго жетип калган кыздар кийген. Тебетейге керектелүүчү терини бычып тигүү башка тебетейлерден айырмаланган эмес. Бардык эле тебетейлер сыяктуу анын кыргактары толумдуу көрүнүшү үчүн ичине кебез же жүн салынган. Кундуз кичинекей көлөмдөгү жаныбар болгондуктан, бир тебетейге төрт-беш кундуздун териси керектелген. Себеби түктөрүнүн бирдей жатышы, куралышы тыкан жана ырааттуу болушу анын көркөмдүүлүгүн арттырган. Аймактык айырмачылыктарга жараша чачык, папик же чок түшүрүлсө, Лейлекте тебетейдин төбөсүнүн дал ортосуна териден томпок түрүндө коoздук жасап тагышкан [303, 105-б.].

Кыргыз элинде карышкырдын терисинен, ичиктен тышкары тебетей дагы тигилген. Карышкыр көлөмдүү болуп, анын терисинен бештен алтыга чейин тебетей чыккан. Карышкырдын терисинен тебетейлер эки түрдүү: күнүмдүк кийилүүчү жана азем тебетейлер жасалган. Бирок тери канчалык ийленип, ашатылып, жуулганы менен, анын жыты калып, анын үстүнө иттердин жыт сезүү сезими жакшы өрчүгөндүктөн, аларга коркуу сезимин салган. Ошондуктан эл арасында да «ит бөрүсү бар» деген сөз келип чыккан. Анткени ал карышкырдын терисинен жасалган баш, тыш кийимдеринин кийбесе дагы анын жыты калып, иттерге бүлүк түшүргөн [504, 3-б.].

*Түлкү тебетей* аземдүү баш кийимдердин катарына киргендиктен, тебетей жаш түлкүнүн терисинен тигилген. Ошол эле учурда түлкүнүн жүнүнүн түлөшү дагы эске алынган. Ал кышында эки-үч кар жааган учурда тыбыттары тегиз чыгып, жүндөрү кулпуруп, өзгөчө көркkө келген. Ал эми жайындагы жана күзүндөгү кылчыктуу терилеринен жылуу мезгилдерде кийиле турган тебетейлер жасалган. Түлкү тебетейдин башка тебетейлерден айырмачылыгы кыргактары тоголок жана төбөсү кыргак менен тегиз жасалып, жапыз тигилген.

Териси баалуу аң терилеринен тышкары кашкулактын, суурдун, коендун, арс чычкандын жана кийиктин терилеринен дагы тебетейлер тигилип, аларды көбүнчө жылкычылар, малчылар, жалчылар, жатакчылар күнүмдүк баш кийим катары кийип жүрүшкөн.

Кыргызстандын түштүгүндө кенен тараган кышкы баш кийимдердин бири *«телпек»* деп аталган (13-сүрөт). Телпектин эски түрү койдун терисинен жасалып, ага астар (ич) салынбайт. Болгону жука кездеме менен гана ичтелген. Мунун дагы кайрыгы «кашкар тебетей» сыяктуу 4-5 см тышка чыгарылган. Телпектин төбөсү көбүнчө үч бурчтуу болуп чыккан. Төрт тилкеден, айрым учурларда алты тилкеден дагы куралган. Үч бурчтуу тилкелер бириктирилгенде, телпектин төбөсү учтугуй болуп калган. Кесилген тилкелерди бириктирип жатканда, териси тышына каратылып, жүнү ички бетинде калат. Жүнү үч элидей ээндикте тышын көздөй кайрылган. Ал жээктин кызматын аткарган. Телпекти кыргыз элинен тышкары өзбек, тажик, казак элдери дагы кийип келишкен [390, 331-б.; 303, 107-б.].

Малакайдын байыркы кыргыздардын баш кийимдеринин бири экендиги «Манас» эпосу аркылуу дагы тастыкталат. Бул баш кийимди А.С. Акматалиев көбүнчө улуу муундун өкүлдөрү же карыялар күндүзү жана түндөсү башына кийип жаткан баш кийим экендигин жазган. Анткени малакай тебетейге салыштырмалуу жука, ошондой эле кайрыгы жок жасалган [176, 55-б.]. Малакайга эч кандай кездеме тышталбастан, ышкын, чүкүрү, анар жана башка өсүмдүктөр менен өңдөлүп, түгү ичине каратылып тигилген. Айрым малакайлардын түбүнө 3-4 см көрпөдөн кыюу салынса, кээ бирине кездемелерден дагы кыюу салынган [48, 155-б.; 303, 107-б.]. Малакайды даярдоодо салынган тилкелерине жараша айырмачылык чыккан. Алсак,

айрым малакайлардын төбөсү төрт бурчтуу болуп чыкса, кайсыл бири үч бурчтуу болуп дагы тигилген.

С.М. Абрамзон XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башынан тартып *тумак* же *кулакчын* көбүрөөк кийиле баштагандыгын белгилеп өтөт (14-сүрөт). Тумактар күндүз гана кийилбестен, уктаганда да кийилген [36, 612-613-б.].

Тумактын генезисине этнограф-окумуштуу А.С. Көчкүнов кайрылып: «Кыргыздарда *тумак* деп адатта койдун, карышкырдын, түлкүнүн жана башка баалуу аңдардын терисинен жасалган, кулакчындары (жаакчалары) бар жылуу баш кийимди айтып келишкен. Аба ырайы жылуу болуп турганда, анын кулакчындарын, желкесин төбөгө көтөрүп байлап коюшкан. Ал эми ызгаардуу суук, борошо мезгилдери аларды түшүрүп, кулакчындарын керек болсо ээктин астынан бүчүлөп алышкан» [238, 44-б.], – деп тумактын мааниси, аткарган кызматы тууралуу кенен маалымат берет. Чындыгында эле тебетей, телпек, калпак баш кийимдерине салыштырмалуу тумак практикалык жактан өтө ыңгайлуу. Сууктун күндөрү кулак-башты бүчүлөп алууга, андан тышкары согуштарда, көк бөрү оюндарында кийип жүрүшкөн. Тумак булдурсун, камчыдан, союл-бакан өңдүү куралдардан башты жакшы сактаган.

А.С. Көчкүнов тумактын кыргыздарда кийилиши же кийилбегендиги тууралуу да өтө кызыктуу маалымат келтирип, анын Алай өрөөнүндө этнограф Э. Сулайманов тарабынан табылып, сүрөткө тартылгандыгын, тумактын өзгөчөлүгү катары артында куйрукчасы бар экендигин белгилейт. Ошондой эле К.И. Антипина менен бирдикте кыргыздардын улуттук кийимдеринин альбомунун түзүп жатышканда, бул тумакты альбомго киргизүү же киргизбөө тууралуу чоң маселе жаралган. Жыйынтыгында К.И. Антипина кыргыздардын тумакты кийишкендигин мойнуна алган. Себеби Орто Азия элдеринин этнографиясынын ири өкүлдөрүнүн О.А. Сухарева, И.В. Захарова, Р.Дж. Ходжаевалардын тумактын казак элине таандык экендигин белгилешип, этнография илиминде куйруктуу тумактар казактарга гана таандык деп келишкен. Куйруктуу тумактардын алыскы Алай тоолорунун арасында жашаган кыргыздардан табылышы алардын пикиринин төгүн экендигин ырастаган.

2008-жылы Талас районуна жасаган экспедициябыздын жыйынтыгында кушчу уруусунун өкүлү 95 жаштагы эне куйруктуу тумактарды кыргыздардын байыркы мезгилдерден бери эле кийилип келе жаткандыгын, өзгөчө мергенчилер кийишкендигин, бирок XX кылымдын 50-60-жылдарынан кийин көп кийилбей калгандыгын билдирди [496, 2-б.]. Бул боюнча А.С. Көчкүнов дагы респонденттердин маалыматына таянып, мергенчилердин кийишкендигин тастыктайт.

А.С. Көчкүнов бул баш кийимдин тумак аталып калышын: «Кыргыз тилинде бул сөз качан пайда болгону жөнүндө тарыхый- лингвистикалык изилдөөлөр азырынча жок деп айтсак жаңылышпайбыз. Бирок бул терминдин азыркы кыргыз тилинде, ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыкта активдүү колдонуларына көңүл бурсак, анда анын тарыхы бир топ мезгилди камтырын баамдайбыз. Башка түрк жана монгол тилдеринде тумак деген сөз так ушул мааниде казактарда «*тымак*», кээде «*тумак*», көчмөн өзбек элинин бир этникалык компоненти болгон кыпчактарда «*тумок*», уйгурларда «*тумак*» деген аталышта колдонулат. Кыргыз тилинде бул баш кийимдин экинчи аталышы *кулакчын.* Ушул аталыштын варианттары Урал-Волга түрк элдеринде, атап айтсак башкырларда «*колаксын*», татарларда «колакчын» формасында таралып, алар көрпөдөн, карышкырдын, түлкүнүн ж.б. аң терилерден куйрукчасы, жаакчалары бар баш кийимди туюнткан» [238, 49-б.], – деп лингвистикалык так аныктама болбогондугу менен башка параллелдерде же түрк тилдүү элдерде тыбыштык гана өзгөчөлүктөргө карабай бирдей аталышта экендигин белгилеп өтөт. Тумактын аталышы эле айтып тургандай, жалпы түрк тилдүү элдерге бирдей тараган, бирдей колдонулган баш кийимдин түрү экендиги көрүнүп турат. Ошондой эле Махмуд Кашгари-Барсканинин сөздүгүндө кездешкен тумак терминин талдап: «Махмуд Кашгари-Барсканинин сөздүгүндө «тумак» термининин келип чыгуу жагдайына көңүл бура турган эң кызыктуу лингвистикалык ачкыч бар. Ал «*тум*», «*тумлуг*», «*тумагу*», «*тумли*» сөздөрү. Бул сөздөр аба ырайынын «суук», «муздак» мезгилин туюнтат жана суук тийүүдөн келип чыккан ооруну билдирет. Азыркы кыргыз тилинде бул сөздөр «*тумоо*», «*сасык тумоо*» түрүндө сакталып, алар негизинен адамдын суук тийүүдөн келип чыккан сыркоо абалын туюнтуп турат.

Демек, «тумак» сөзүнүн уңгусу орто кылымдагы «тум» сөзү менен түздөн түз байланышып, ага «ак» же «ок» мүчөсүнүн жалганышы менен кыргыз, уйгур, кыпчак, казак тилдеринде кийинчерээк сууктан сактануучу баш кийимди туюнтуп калганында шек жок», – деп өтө кызыктуу жана негиздүү ойду сунуштайт. Чынында эле тумак башты сууктан сактап жүрүүчү кийим. Ошол эле учурда тумактын төбөсү октун формасын берип турат. Мына ушундай окшоштуктардан же эки сөздөн келип чыккандыгы көрүнүп турат. Кыргыз тилинде мындай көрүнүштөр өтө эле көп кездешет. Махмуд Кашгари-Барсканинин эмгегинде тумактын эки кулакчынын, ээктин алдынан байланган жип сакалдырык деп аталган [22, 484-б.].

Тумак бир гана койдун терисинен жасалбастан, түлкүнүн, кызыл түлкүнүн (чөөнүн), карышкырдын терисинен дагы жасалган. Тумактын төбөсү төрт бурчтуу болуп чыгышы жана кулактан ылдый ээкке чейин түшүрүлүшү үчүн төрт тилкеден курашкан. Койдун кыркылган терисинен жасалган тумактын алдыңкы жана арткы жагы төбөсүнө жабыштырылып тигилген. Ал эми эки капталы кулакты, жаакты жаап турган [500, 4-б.]. А.С. Көчкүнов: «Мындан тышкары анын тышына, төбөсүнө, капталдарына *баргек* – темирден, күмүштөн жасалган ар кандай түрдөгү зер буюмдардын чоктолушу тумакты салтанаттуу учурларда жана ошондой эле жоого кийүүчү жарак катары пайдаланганын көрө алабыз» [238, 218-б.], – деп тумакка кошумча баалуу металлдарды кошо тиккендигин, ошол эле учурда жоокердик кийим катары да сыпаттайт. Демек, бул жерден тумакты дагы тебетей сыяктуу эле кайсыл бир деңгээлде аскердик даражаны туюнткан кийим катары кабыл алсак туура болот.

Аң териленинен жасалган тумактар төрт тилкеден, түгү ичине каратылып тигилет. Айырмачылыктары алды жагын төбөсүнө кайрып тигип койсо, ал эми арткы бөлүгү бош коюлган. Тумактын тышына күңүрт түстүү баалуу кездемелер тышталган. Тумактын тышы негизинен кара, күрөң түстүү кездемелер менен тышталып, тигиши көп билине бербегендей өтө чеберчилик менен тигилген. Кээ бир кулакчындардын көркөмдүү болушу үчүн кызыл түлкүнүн, карышкырдын куйругу туш келгендей кылып ыңгайлатып тигишкендиги белгилүү (22-25-сүрөттөр).

Кыргызстандын аймагынан кездешпеген жаныбарлардын териси менен аталган баш кийимдер дагы кездешет. Мисалы, киш – Сибирдин токойлорунда жашоочу,

териси кара-күрөң түстөгү кичине жаныбар. Аны монголдор «булгун» деп аташкан. «Манас» эпосунда «булгун-киштин» териси деген кошмок сөз түрүндө учурайт. Кээ бир жерлерде: «Киш ичик», «Киш жака», «Киш телпек» деген туюнтмалар дагы колдонулат [281, 637-б.]. Карсак – түлкү, кээде бөрү, түлкү сыяктуу жойлоп жүрүүчү жырткыч айбандардын жалпы аты. Мына ушул аң жаныбарлардын аты менен «киш тумак», «карсак тумак», «бөрү тумак» деп атала бергендигин маалымат берүүчүлөр белгилешет.

Салттуу баш кийимдерден тышкары думана-дербиштер, туткундардын баштарына кийгизилген баш кийимдер (баш кийим деп шарттуу атадык. Себеби алар колго түшкөн туткундарды кыйноо үчүн кийгизилген) дагы белгилүү. Алсак, И.Б. Молдобаев өзүнүн эмгегинде төөнүн терисинен жасалып, туткундарга кийгизилген *коок* деп аталган баш кийим жөнүндө кеп кылат. Ал эми ушул баш кийим хакастарда *хоох парик* деп аталып, жомоктордогу кулдар кийгендигин мисал келтирет [302, 121-б.; 401, 43-б., 278, 1013-б.]. Албетте, бул баш кийим биздин хронологиялык алкакка кирбегени менен, баалуу материал катары киргизилди.

Ошондой эле «күлө» деп аталган думаналардын баш кийими бар. Кээ бир аймактарда «куу» деп аталган. Териден, төбөсү бийик шоңшогой жасалып, башка баса кийилген [280, 489-б.].

Эми кыргыз элине параллель жашаган түрк тилдүү элдердин баш кийимдериндеги окшоштуктарга жана айырмачылыктарга токтолуп өтсөк. Телеуттардын кышкы «турпа бөрүгү» Ош облусунун түштүк бөлүгүндөгү кыргыздар кийүүчү телпекке окшош: төбөсү 4 талаадан туруп, түрүмүнө ичке көрпө кармалган [36, 98-б.]

Каракалпактардын эркектеринин кой терисинен жасалган салттуу баш кийими *шогирме* деп аталган. Ал *кураш* деген ат менен да белгилүү болгон. XIX кылымдын жарымына чейин бөрүк же телпек аталган баш кийимдерди дагы кийишкен [456, 75-б.]. Териден жасалып, эки кулагын түшүрүп койгон баш кийим *кулакшын* аталган. Ал биринчи кийизден жасалып, андан кийин ага ийленген тери капталган. Андан тышкары төбөсү бийик, түлкүнүн терисинен жасалган малакайды кийишкен. Ошондуктан кийизден жана териден жасалган баш кийимдердин бардыгы жалпы бир ат менен *бөрүк* деп аталган [456, 76-б.].

Шогирмеден (курага) тышкары баркыттан тегерек, кичинекей, жээктерине тери капталган тумакча *соопас*; ачык түстүү түлкүнүн терисинен, төбөсү бийик, кулакчыны түшүрүлгөн *малакай*; төбөсү жапыз, төбөсүнө нооту же түстүү баркыт капталган кара жана көк каракүл тумак – *дегелей*; бийик төбөлүү тумактар *телпек* жана *папак*; жээктери тери менен жээктелген *кулакшын-тумак*. Бирок баш кийимдердин бардыгын жалпысынан бөрик дешкен [456, 76-б.].

Казактардын жазгы жана күзгү баш кийими – тумак-борык деп аталган. «Борык» – эң байыркы сөз, бөрү сөзүнөн келип чыгып, байыркы түрк элдеринин тотеми катары белгилүү [288, 115-б.]. Махмуд Кашгари-Барскани өзүнүн жыйнагында кымбат баалуу тумакты «камач борык» деп атаган. Ал эми «камач» жана «камшат» сөздөрү XI кылымда эле белгилүү болгон. «Камшат» сөзү азыркы кемчет сөзүнө өзгөргөн [288, 116-б.]. Бөрккө байланышкан Махмуд Кашгари-Барсканинин эмгегинде төмөндөгүдөй дагы макал кездешет: «Татсиз түрк болмас, башсиз бөрк болмас», кыргызча котормосу: «Шакексиз түрк болбойт, башсыз бөрк болбойт» [22, 336-б.].

Казактардын баш кийимдерине алтын, күмүш кошо тигилип, жээктери кундуз, суусар жана көрпөнүн ийленген териси менен жээктелген. Тумактары көбүнчө кара-күрөң жана кызыл түлкүлөрдүн терисинен жасалган. Кыздар дагы бөрүк тумактарды кийишкен. Болгону алардын айырмачылыгы шуру, үкүнүн жана башка канаттуулардын канаттары менен кооздолгон. Казактар башына *аракчин* аталган баш кийим, анын үстүнөн *бөрктөрдү* кийишет [357, 210-б.]. Баштарына малакай аталган баш кийимди дагы кийишет. Бирок башка көчмөндөрдөн айырмасы малакайга узун кулакчын жана желкелик салынган [357, 211-б.].

Казахстандын борбордук жана түндүк аймактарында түлкүнүн бучкактарынан тигилген баш кийимди *такия* деп аташкан. Казактарда тумактардын ичинен эң баалуусу түлкүнүн терисинен жасалганы эсептелген. Ал жылуу жана көркөмдүү болуп көрүнгөн [308, 83-б.].

С.М. Дудин 1907-жылдары казак балдарын жана кыздарын тартып кеткен сүрөттөрүндө кыздардын башында кундуз жана суусардын терисинен тигилген

тебетейлер турган болсо, балдардын баштарында көрпө жана малакайлар турат [387, 89-92-б.]

Өзбектер топунун үстүнөн кийген көрпө баш кийимин *телпак* деп аташкан. Бухаранын аймагында жашаган өзбектердин тебетейлеринин төбөсүн конус үлгүсүндө чыгарып, ал каракүл койлорунун терисинен тигилсе, тебетейдин кыргактарына кундуздун терилери колдонулган. Ташкенттик өзбектер тебетейлердин кыргактарына суусар, түлкү, кээ бир учурларда кой терилерин салышып, көпчүлүк учурда тебетейлеринин үстүнөн чалма салып алышкан [415, 278-279-б.].

XVI кылымдагы дашти-кыпчактык өзбектердин белгилүү ак сөөктөрү, султандары, атактуу кол башчылары күрпөң козунун же кара каракүл козулардын терисинен тигилген көрпө тебетейлерди кийип жүрүшкөн [313, 74-б.; 335, 48-б.].

В.П. Дъяконова баш кийимдерди: Теленгиттер сыяктуу эле алтайлыктардын салттуу баш кийими «бөрүк депе» аталат. Ал түлкүнүн жана киштин бучкагынан тигилет. Бул баш кийимге керектүү терилерди табуу өтө кыйынга турат. Тери, көрпө, бучкактарды табуу, аларды ийлөө, иштетүү көп убакытты, эмгекти талап кылгандыктан мындай баш кийимге каалагандын баары эле ээ боло берген эмес. Ошондуктан башка айбанаттардын терисинен тигип кийишкен [163, 99-100-б.], – деп берет.

Алтайлыктардын баштарында кемчеттин терисинен жасалган тасмалуу баш кийим, буттарында калың, тогуз кабаттан турган тамандуу булгаары өтүктөрдү кийишкен. Салгылаш, уруш учурунда баштарына *тулга бөрүк* аталган өзгөчө баш кийимин кийип жүрүшкөн.

Түштүк алтайлык аялдардын салттуу баш кийими *«кураан борук»* деп аталган. Мындай баш кийимди эркектер дагы кийшкен. Ал көбүнчө кара көрпөдөн жасалган. Кара түс бардык кийимге жана жаш өзгөчөлүктөрдүн баарына туура келген [50, 116-б.; 52, 20-б.]. Эркектер жана аялдар дагы *алтай бөрүк* деп аталган баш кийим кийишкен. Түштүк алтайлыктар эки баш кийим даярдашкан. Биринчисин, күнүмдүк турмушунда кийип жүрүшсө, ал эми экинчиси майрам күндөрү кийилген. Түштүк

алтайлыктардын аялдарынын революцияга чейинки көрпө башка кийимин *«сөрү бөрүк»* дешкен [341, 37-б.]

Алтайлыктардын аялдарынын кийген баш кийимдеринде айырмачылыктары, кыздарга сеп катары берилип жатканда баш кийим сөзсүз түрдө кошулган. Кадимки кара козунун терисинен тигилген тебетей *«кураан бөрүк»* аталса, төбөсү бийик же узунураак тигилсе *«сүрү бөрүк»* деп аталган. Бул тебетейлер тегерек болгону менен, арт жагына кичинеден тартылып үч бурчтуу, желке жагы шиштүү чыгарылган. Ал эми төбөлөрү тегиз жана түз чыккан. Маңдайкы төбөсү бийик көрүнгөн. Ушундай баш кийим теленгиттерде «седен бөрүк» делген. Мааниси жагымдуу, кооз баш кийим дегенди түшүндүргөн. Андан тышкары түштүк алтайлыктарда *«козо бөрүк»* кымбат баалуу аң терилеринин жасалып, төбөсү кыя бурчтуу болуп чыгарылган. Кышындасы кийиле турган баш кийим *«бычкак бөрүк»* аталып, ал түлкүнүн бучкактарынан (шыйрак терилеринен) тигилген. Бирок бул баш кийимди түштүк алтайлыктардын эркектери гана кийип жүрүшкөн [398, 106-б.].

Тувалыктарда өтө кенен тараган баш кийим *«калбак бөрт»* аталып, аны эркектер, аялдар дагы кийип келишкен. Калбак – кенен деген маанини берген. Анын төбөсү кенен чыгарылып, кулакчындары желкесине байланып, моюнду жаап турган. Салтанаттуу күндөрү бул баш кийимдин артына эки кызыл сызма байлап, ал эми төбөсүнө кызыл кездемеден томпок өрүмдү тигип коюшкан [115, 166-б.]. Батыш тувалыктардын баш кийимдеринин түрлөрү: *«калбак бөрт», «маактыг бөрт», «бүйүдэлге», «товурзак», «капор», «иви бажи бөрт»* [115, 168-б.] деп бөлүнгөн.

Чыгыш тувалыктардын үч бурчтуу сыяктуу жасалган баш кийимдери жапайы аңдын баш терисине байланыштуу аталган. Мисалы, багыштын баш терисинен жасалса – *буур бажы бөрт*; бугунун баш терисинен жасалса – *иви бажы бөрт, ошондой эле элик бажы бөрт.* Бул баш кийимдердин аттары эле айтып тургандай, алар жапайы жаныбарлардын баш терисинен тигилген.

Өтө кызыгууну туудурган баш кийим, бул өрдөктүн териси менен канаттарынан жасалган – *онгук кежи бөрт.* Аны тигиш үчүн өрдөктү кармап, өлтүрүп алгандан кийин мойнунун терисинен башка жагын сыйрып алып, калпактын формасында тигип кийишкен [115, 169-б.].

Дагы бир баш кийимдин түрү XX кылымдын башына чейин пайдаланылып келген тебетей өңдүү *товурзакты* (довурзак же доорзак) атоого болот. Ал ача туяктуу малдын терилеринен же төрт тилке кылып бычылган терилерден тигилген. Ушул эле баш кийим кийизден жасалса, ал *кидис бөрт* деп аталган [115, 171-б.].

Тувалыктарда кара киштин терисинен тигилген баш кийимди белгилүү, ак сөөк адамдар, аялдар кийишкен. Жөнөкөй элдер түлкүнүн терилеринен баш кийим тиктиришкен [148, 92-б.].

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында ногойлордо кылоолуу кун терилеринен жасалган баш кийимдер бөрк аталып, аны 2-3 жаштан баштап эле кие башташкан. Бөрк кой, козунун терилеринен жасалган *элтир бөрк*, *бухара көрпө* деп аталаган. Бирок алардын чоң жана оор жасалгандыгын С.Ш. Гаджиева белгилейт. Ошондой эле *ногой бөрк, кумык бөрк* деп дагы аташкан [134, 116-б.].

Ногойлор жүнү ичти каратылып, тыш салынып тигилген малакай формасында тигилген баш кийимди *ятак (жатак) бөрк* же *капашты* пайдаланышкан [134, 119-б.]. Бул баш кийимдин аты айтып тургандай эле, жылдын суук мезгилдеринде башка кийип жатуу үчүн ылайыкталып тигилгендиги көрүнүп турат. Албетте, ногойлор жалаң эле кой-козунун терилеринен баш кийимдерди тигип кийбестен, кундуздун, түлкүнүн, мышыктын, ал эми кедей үй бүлөлөр коендун терилеринен тиктирип кийишкен [134, 143-б.]. Дагы бир кызыгы ногойлор турмушка жаңы чыгып жаткан кызга же келинге текенин терисинен төбөсү анча бийик эмес баш кийимди – *теке бөрүктү* тиктирип беришкен [134, 145-б.].

Н.В. Кочешков монголдордогу баш кийим кийүү эрежеси жана алардын мааниси тууралуу маалымат берет. Монголдордо баш кийимди басып алуу, аттап кетүү, тирүү адамдын башын тепсеп кетүү же аттап өтүү менен тең каралган. Баш кийимди ыргытуу, андан дагы ыргытканда төбөсү менен жерге түшүп калуусу чоң күнөө катары саналган. Салтанаттуу иш чараларда: салам айтууда, сөз алып, сөз сүйлөөдө, даражалуу мүчөнү устукандоодо, аны алып баруудa ж.б. маанилүү иштерде баш кийимди кийүү айлана-чөйрөгө, коомчулукка карата сый көрсөтүү болуп эсептелген [467, 134-б.].

Башкырларда койдун, түлкүнүн, кемчеттин терисинен тебетейлерди кийишкен. Ал тебетейлерди жайы-кышы бою кийип жүрүшкөн. *Төлкө бүрек* кыш мезгилинде гана кийилген. Кундуздун же кемчеттин терисинен тигилген баш кийимди *камчат* же *кама бүрек* деп аташкан. Козунун терисинен чакан кылып тигип кийген баш кийим *тире кепес* аталган. М. Баишевдин белгилөөсү боюнча башкырлардын жаштары кара койдун терисинен баш кийимдерди тигип кийишсе, кары адамдары ак койдун терилеринен тиктиришкен [72, 9-б.].

Башкырлар төбөсү учтуу жана кездеменин түрлөрү каптапталган *колаксындарды* (кулакчын) да кийишкен. Анын эки кулагы ээктен ылдый түшүп турса, маңдай жагы өйдө түрүлүп, илмек салынган. Ал эми арт жагы айрым учурда кулагы менен тең чыгарылып, моюнду, желкени жаап турган. Кулакчын аң терисине карабай же табылганына жараша тигиле берген [358, 146-147-б.]. Жылуулукту өтө жакшы кармагандыктан бул баш кийимдин түрү кыш күндөрү кийилген.

Качиндер баш кийимдерин *пөрик* атап, түрдүү жаныбарлардын терилеринен тигип кийишкен. Качиндер кара койдун, иттердин, коендордун терилеринен, төбөлөрүнө баркыт салдырышкан. Байлары кемчеттин, кундуздун ж.б. баалуу терилерден баш кийимдерди тиктиришкен. Качиндерде кулактарын жана желкесин жапкан баш кийимдер, аларды орустар *малахай* аташса, белтирлер *хулактыг пөриг* деп аталган [452, 67-б.].

Качиндердин кыздары кийген баш кийим *ах копак* аталып, анын кыргактары албуга (булгун) же кара күрөң түлкүнүн терилеринен салынган. Турмушка чыгып жаткан качин кыздары үйлөнүү-үлпөт тумагы катары түлкү тумакты – *«түлкү пөрикти»* кийишкен [452, 69-б.]. Бул баш кийим качиндердин эң сыймыктуу буюму болгон.

Л.П. Потапов: качиндердин Пурут уруусунун шаманы «төсюга» (уруунун колдоочусуна) сыйынууда башына түлкү бөрүктү кийип алган. Балким, бул тумак мурун енисейлик кыргыздарга мүнөздүү болушу мүмкүн. Анткени Пурут сеоктору өздөрүн енисейлик кыргыздардын урпактарыбыз дешкен [344, 175-216; 452, 70-б.], – деп алардын кыргыздарга жакындыктарын баш кийимдер аркылуу ырастап өтөт.

Буряттарда түлкүнүн терисинен жасалган баш кийим «түлгү пөрик» деп аталып, аны буряттардын аялдары дагы кийишкен [163, 82, 85-б.]. Буряттардын тебетейлери булгундун же кемчеттердин терилеринен жасалып, түбү кууш, төбөсү кенен болуп, тебетейдин кыргагы менен төбөсү бирдей чыгарылган. Буряттар да ачык түстөрдү жакшы көргөндүктөн, тебетейлердин төбөлөрүн кызыл, жашыл, көк, сары кездемелерден тиктиришкен. Мындай тебетейлер өтө кымбат бааланган. Кыш күндөрү тебетейлерге атайын түлкүлөрдүн бучкактарынан тигилген кулакчындарды тагышкан [106, 24-б.].

Буряттардын аялдары түрдүү жаныбарлардын терисинен тигилип, ичине койдун жүнү салынган, төбөсүнө кемчеттин териси кармалган тумактарды кийишкен. Колунда жоктору кундуздун терилери же түлкүнүн куйруктарын тагып алышкан. Тумактын төбөсү шиш чыгарылып, кулакчалары желкесине байланган. Андан тышкары түлкүнүн терисинен тигилип кулакчалары ылдый түшүрүлгөн тумактарды дагы колдонушкан. Ал *чибак* деп аталган [326, 197-б.].

Тектеш элдердин баш кийимдерин кароодо, алардын кыргыздардын баш кийимдери менен өтө жакындыктары бар экендиги, ошол эле учурда чоң айырмачылыктары дагы бар экендигин баса белгилейбиз. Мисалга алсак, кыргыздар аң терилеринин бучкактарынан баш кийимдерди тигип кийишкен эмес. Бучкактар тыш кийимдердин этектерине, жабууларга кошумча иретинде гана колдонулган (106-сүрөт).

Корутундулап айтканда, жогорудагы материалдык маданияттын параллелдери көрсөтүп тургандай, баш кийимдердин аталышынан баштап колдонгон ыкмалары, пайдаланылган терилерине чейин өтө жакындыктарды көрүүгө болот. Баш кийимдердеги жалпылыктар жана окшоштуктар Түштүк Сибирь, казак, каракалпак, өзбек ж.б. элдердин ортосундагы этногенетикалык жана этномаданий байланыштардын тыгыз өнүккөндүгүнөн таасын кабар берип турат.

Кыргыз эли колдо кармалган малдын, жапайы аңдын терилеринин бардыгынан жылдын бардык мезгилине туура келген жеңил жана бышык баш кийимдерди жасаганды мыкты өздөштүрүшкөн. Албетте, баш кийимдер күнүмдүк жана сый-тамашаларга кийилүүчү деп бөлүнгөндүктөн, аң терилеринин, кездемелердин

сапаттуулугу сөзсүз эске алынган. Ошол эле учурда адам денесинин эң улугу катары баш эсептелгендиктен, баш кийимди көрүнгөн кишиге тартуу кылбоо, тебеленди жерге таштообо сыяктуу ырым-жырымдар көчмөн элдерде катуу сакталган.

Кыргыздарда жалпысынан 20 жакын баш кийимдин түрү тигилген. Кыргыздар баш кийимдерди ысык-суукtан коргонуучу кийимдин бир түрү катары гана колдонбостон, баш кийимдер алардын коомдогу абалын түшүндүрүп турган каражатка дагы айланган. Коомдун колунда бар өкүлдөрү, байлары, манаптын тукумдары кун терилеринен, айрыкча, илбирс, бөрү, суусар, сүлөөсүн, түлкү терилеринен тигилген тебетейлерди кийишсе, коомдун калган өкүлдөрү суур, коен өңдүү баасы төмөн бааланган жаныбарлардын терисинен тебетей тиктирип кийишкен. Албетте, тебетейлердин төбөсүн салып жатканда, алардын жаш өзгөчөлүктөрү дагы эске алынып, кездемелер тандалып алынган. Тагыраак айтканда, жаштарга жашыл, орто муунга кызгылт, улуу муунга кара түстүү кездемелерди салышкан. Кыргыздарда башка тектеш элдерден айырмаланып, кун терилеринин эң баалуусу саналган кундуз тебетейди кыздар гана кийишкен.

## § 4.2. Ичик, тон тыш кийимдери

Коомдук-экономикалык, этномаданий байланыштардын таасиринде кийимдердин формаларында, аталыштарында көптөгөн өзгөрүүлөр, жаңылануулар, кошумчалар табигый түрдө жүрүп келген. Алсак, байыркы мезгилдерде күрөөкө тон – алгач ургаачы аюунун гана терисинен жасалып келсе, убакыттын алмашы, кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү менен зооттон, башка металлдардан жасалса деле күрөөкө деп аталып кала берген. Ошондой эле кандагай багышты түшүндүргөнү менен, тоо текелердин терисинен жасалган жоокердик шым аталган. Мына ушул сыяктуу эле кыргыз элинин чеберлеринин колунан жаралган азем тыш кийимдеринин бири ичик дагы аңдын териси же ага тышталган кездеменин аты менен аталып, кээде өзгөрүп турган.

К.И. Антипина: түштүк кыргыздары түндүк кыргыздары сыяктуу эле чапанды Борбордук жана Орто Азияда байыркы мезгилдерден бери кенен тараган ат менен *тон* деп эле аташат. Анын келип чыгышы, биздин пикирибиз боюнча, тери ичик менен байланыштуу. Ошондуктан чапандын кандай түрү болбосун тон деп аталган. Болгону алар ичиктин тышына капталган кездеменин түрүнө жараша: *пашайы тон, кымкап тон, зарбарак тон* ж.б. деп атала берген. Көбүнчө айтылганда тон сөзү түшүп калып, *пашайы, кымкап, зарбарак* деп гана айтылган [60, 218-б.], – деп тонду эмес ичиктин түрүн санайт. Себеби көпчүлүккө маалым болгондой, тонго эмес ичиктерге кездеменин түрү тышталган. Ал эми тон деп аталып калышын ал түштүк жергесиндеги туруктуу элдер чапан, ичик, кемселдин баарын бир эле ат менен тон деп атай беришкендиги менен түшүндүргөн. Ичик тышына капталган кездемелердин атынан башка аңдын териси: карышкыр, түлкү, кундуз, суусар, илбирс, сүлөөсүн, киш, арс, кийик (аркар-кулжанын терилеринен 20-сүрөт) жана көрпө ичик деп атала берген. Мындан тышкары жылбырскынын (курсактан өлүп түшкөн кулундун, музоонун, козу-улактын терилери) [255, 70-б., 279-б.] жүндөрү өтө тегиз, жумшак жана сыйдаң болгондугуна байланыштуу, тайлардын даакысынан (жазгы жүнү түлөй элек тайлардын тыбыттуу жүнү) [255, 179-б.] дагы ичиктер жасалган.

Кыргыз элинде тон, ичикти жасоого тери тандоо өтө жеңил болгон. Мисалы, жаш күрпөң козунун, жазгы же күзгү жүндүү койлордун терисинен, андан тышкары

жылбырскыдан, ошондой эле аң терилеринен (аюу, карышкыр, түлкү, илбирс, сүлөөсүн (34-сүрөт), кундуз, киш, кашкулак (26-сүрөт), суусар, арс, чаар күсөн, коен, суур, арыс, мадыл ж.б.) дагы ичиктер жасалган. Ошондуктан батыш саякатчылары кыргыздардын тон, ичиктерине суктанышып, аларды кийип сүрөттөргө түшүшкөн (19-25-сүрөттөр).

XIX кылымдын экинчи жарымынын аягында кыргыздарга жана казактарга антропологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн В.Д. Тронов: Кыргыздардын эң негизги байлыгы – анын малы. Кандай гана буюм же башка нерсе болбосун ал малдын саны менен аныкталган [408, 12-б.], – деп белгилеп өткөндөй, жасалган ичик тартууга берилип, ичик, тондун баасы мал менен өлчөнгөн.

Орус падышачылыгынын аскер кызматкери, окумуштуу Н.А. Аристов: байыркы кыргыздардын байларынын кийимдери киштин жана сүлөөсүндүн терилеринен жасалса, кедей-кембагалдарынын кийимдерин жасоодо көбүнчө койдун терилерин пайдаланышкан [63, 144-б.], – дейт.

Ичик кыргыздардын тойлорунда, көбүнчө салтанаттарында кийиле турган сырт кийими. Ичиктерди эркектер сыяктуу эле аялдар дагы кийишкен. Бирок ал адамдын ийининде эмес, салыштырмалуу сандыкта көбүрөөк жаткан. Ошондуктан ичик кыздын кийити катары саналган [60, 229-б.], – деп К.И. Антипина өзгөчө белгилейт. Анткени ичикке аңдын терисинен тышкары баалуу кездемелер тышталгандыктан, аларды сатып алуу ар бир эле каалоочунун колунан келе берген эмес.

С.М. Абрамзон дагы ичиктин өңүрү-кыргактары койдун, түлкүнүн, карышкырдын ж.б. аңдардын терилери [31, 35-36-б.] менен кыргакталгандыгын жазат.

Е.П. Воронин жана Т.Ф. Нифантьев кара кыргыздардын ичиктери Кытайда, Кокондо жасалган кашкар кездемелеринен, ак бөздөрүнөн капталарын жазышат [128, 148-, 150-б.].

КЭР Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунун, Ак-Тоо ооданында XIX кылымдарда Курманжан даткага арналып тигилген ичик сакталып калган. Ичиктин өзгөчөлүгү, 300 кийиктин кулагынын терисинен жасалган (32-сүрөт) [500, 5-б.]. Кыргызстандын түштүк аймактарында түлкүнүн терисинин бучкактарынан жасалган ичиктер дагы кездешкен. Ал «бучкак ичик» деп аталган [529, 6-б.].

А. Левшин кыргыздар ичиктеринин тышын түрдүү кездемелер менен тыштап, жаандуу, шамалдуу мезгилдерде жаргак, тери жана даакы кийимдерин кийишкендигин жазган. Жаргак кулундун жана эчкинин терилеринен кылоолорун же жүнүн тышты каратып тигишкен. Жаргактан суу жана шамал өтпөгөндөй кылып ийлешкен [260, 44-б.].

Этнограф М.Т. Айтбаев ичиктин түлкүнүн жана карышкырдын терисинен жасалгандыгын, тышы бөз же баркыт менен тышталган ичиктерди бай адамдар кийип жүрүшкөндүгүн көрсөтөт [41, 111-б.].

Свен Гедин кыргыздардын тыш кийимдерин сүрөттөп жазбаса дагы анын тартып алган сүрөттөрү өтө баалуу маалыматтарды берет. Памир кыргыздарын тартып алган сүрөттөрдөн, алардын тон, ичик жана чапан, баштарында малакай, тебетей, кулакчын кийип тургандарын көрөбүз. 1893-1897-жылдарда тартылган сүрөттө ичиктин тигилүү формасы, жакасынын түзүлүшү, тышталган кездеменин түрүн ачык баамдоого болот. Башкача айтканда, узун жакалар салынган эмес. Кыргактарына же өңүрлөрүнө 3-4 эли эндикте гана чыгарылган. Белдеринде кур эмес, белбоо тартылган [137, 122-, 141-б.].

Ал эми А.А. Асанканов Кызыл-Суулук кыргыздар тууралуу тарыхый-этнографиялык монографиясында: ... илгери эл башчысы башына суусар тебетей, алтын кыргактуу кайырма ак төбөсү бийик ак калпак, үстүнө ичи жана тышы ичтелип, жакасы аң териден жасалган жибек ичик кийсе, жөнөкөй элдер жакасы тери, калган бөлүгү булгаары кыюуланган тон кийишкен [68, 193-б.], – деген маалымат берет. Бул жерде төмөнкү нерсени тактап кетүү керек. Алсак, кездемелер ичтелгенде жана тышталганда бири-бирине беттелгенби же тондук териге эки тарабынан тең кездеме менен ичтелип-тышталганбы? Албетте, бул кошумча сурамжылоону талап кылат. Ошондой болсо дагы биздин оюубуз боюнча, мунун эки түрү тең жасалган. Андай болгон шартта биринчиси тон же ичик эмес кемсел, чепкен, сарпайы, кымкап деп аталышы керек эле.

Окумуштуу изилдөөчүлөр негизинен ичикти төрт түргө бөлүп карашкандыгын белгилешкени менен, аларды санап өтүшпөйт. Биздин этнографиялык экспедиция учурунда Чоң Алай районунун Ачик-Суу (Ачуу-Суу же Шор-Суу деген мааниде)

айылынын тургуну кожо-найман уругунун өкүлү 82 жаштагы Салибаев Маматиса ажынын айтуусу боюнча койдун терисинен ичик үч түрдүү жасалгандыгы белгилүү болду. Жазгы териден – бул койдун жүндөрү узун келип, тыбыттуу болгондуктан, көбүнчө кыш мезгилинде жылкычылар үчүн тигилген [502, 2-б.]. Ичиктин алдыңкы өңүрүнөн арткы жагы бир укум узунураак жасалган. Анткени ээрге олтурганда артка тартып калбай, эки тизени кымтылаганга дагы ыңгайлуу болгон. Демек, тизеге суук тийгизбеш үчүн ар дайым ичиктин этектерин тизе менен ээрдин ортосуна кыстарып алышкан (17-сүрөт). Экинчиси, күзгү териден – бул учурда койдун жүнү кылчыктуу болгон жана жазгы териден жасалган ичиктерден салмагы, жеңилдиги менен айырмаланган. Мындай ичиктер көбүнчө жаз жана күз мезгилдеринде кийилген. Үчүнчү, күрпөң алты айлык козулардын терисинен жасалган көрпө ичик. Бул ичиктер көбүнчө тизеге чейин жасалып, той-топурга, салтанаттуу иш чараларга арналган [502, 11-б.]. Ал эми аңдын терилери боюнча болжолдуу он беш түрүн, ичине ичтелген кездемелердин алты-жети түрүн, башка мал баласынын терисинен: бото, тай, кулун, музоо, мамалактын терилерден беш түрүн жасашкан.

Жогоруда белгиленгендей, ичиктер жалаң гана той-топур, тамашаларга эмес жылдын мезгилине карата, аткарган жумуштарына жараша дагы жасалгандыгын баса көрсөтөбүз [105, 92-б.].

Эми ичикке жумшалган терилер, алардын жасалыштары тууралуу маалыматка токтололу. Н.С. Момунбаева өзүнүн чогулткан талаа материалдарына таянып, төмөнкүлөргө токтолот: Карышкыр ичикти жасоодо карышкырлардын чоң-кичинесине жараша алтыдан сегизге чейин карышкыр терилери жумшалган. Ичикти жасап жаткан уз карышкырлардын терисин бирине-бирин курап жаткан учурда, анын кылоосунун жатышын, сөзсүз түрдө, эске алган. Н.С. Момунбаева өзүнүн эмгегинде ичикти күнүмдүк кийимдердин катарына кошпой, салтанаттуу, майрам күндөрү, аш-тойлордо гана кийилүүчү кийим катары жыйынтык чыгарат. Кыздын кийитине деп арналып алынган ичикти ал турмушка чыккандан кийин гана кийишкен. ... Кийимдери колдонулбай калгыча өзүнүкүн эле кийип жүргөн. Андан кийин гана барган бүлөнүн эсебинен кийине баштагандыгын баса көрсөтөт [303, 54-

55-, 127-б.]. Карышкыр ичикти карачайлар жана балкарлар *«желпегей»* деп аташкан [240, 20-б.].

Аялдар кийген ичиктердин тышы тукаба, баркыт, кыжым менен тышталып, көбүнчө түлкү, суур өңдүү аң терилери, козу-улактардын терилери менен ичтелген. Кыргыз элинин салтында ичик баш кийит катары бааланган. Ушуга карата «ичик тиккендин ичи ооруйт»,– деген макалдар да жаралган.

Аялдарга арналып жасалган ичиктердин эң баалуусу кундуз ичик. Бирок мындай ичиктер сейрек кездешкен. Себеби кундуз сууда, кургакта жашоочу, бир жерде үйүр албай, дайыма жер которуп жүрүүчү териси баалуу жаныбар болгондуктан, аны кармоо көчмөндөр үчүн кыйынчылыкты туудурган. Экинчиден, кундуз кичинекей болгондуктан, бир ичикке анын жыйырмадан ашык териси керектелген [303, 56-б.].

Ал эми түлкүнүн териси ашатылып, ийленип, жууп-тазалангандан кийин баш-куйрук, буттары тегиз кесилип даярдалган. Кийе турган адамдын жана түлкүнүн чоң-кичинесине жараша сегиз-тогуз тери керектелген. Кээ бир түлкү ичиктин жакасы, жон бөлүгү териден болуп, ал эми калган бөлүктөрү кездемеден жасалган [303, 59-б.]. Албетте, бул ичиктин чоң кичинесинен тышкары түлкүнүн терисинин өңү түсү, кышкы же жазгы тери экендиги дагы чоң мааниге ээ. Себеби көпчүлүк мергенчилер түлкүнү эки же үч кар жаагандан кийин, тыбыттуу жүндөрү чыкандан соң кармашкан. Мындай ичиктин наркы өтө жогору бааланган (33-сүрөт).

Ичиктин кара, күрөң, боз өңдөрүн улгайган адамдар кийишкен. Жаштар, кыз-келиндер кызыл, көк, жашыл, күлгүн кездемелер менен тышталган ичиктерди кийип жүрүшкөн [254, 387-388-б.].

Кундуздун жана суусардын иштетилген терилери менен аялдардын ичиктеринин жака, жең этектери жээктелген. Ичикке салынган жаканын эни он беш см бычылган. Маңдайкы бети көкүрөктөн киндик тушка чейин түшүрүлгөн [105, 96-б.].

Чарбалуу, жылкысы көп бай адамдар ичиктерди тигүү үчүн кулундардын терилерин пайдаланышкан. Ичик үчүн өңү каралжын жана жүнү жумшак терилер пайдаланылган. Бул ичиктердин терисинин жүнү тышына каратылып жасалган [105, 75-б.].

Г.С. Загряжский кулундардын терисинен жасалган ичиктер тууралуу: Бай кыргыздар кулундун терисинен жасалган ичиктерди абдан жакшы көрүшөт. Ичиктин түсү ар түрдүү болуп калбашы үчүн, окшош терилерди тандашат. Көбүнчө кара түстү кулундун терисин көбүрөөк пайдаланышат. Кулундун терилерин курап жатканда, жүндүн кайрылган жагы бирдей же көркөмдүү болушу үчүн өтө чеберчилик менен иштешкен. Ичиктин жакасына, этегине жана жеңдерине кызгылт түстүү баркыт же нооту жээктелген [465; 61, 154-, 228-229-б.], – дейт. Бай адамдардын кийими деп өзгөчө белгиленип жаткандыгына караганда, ичтен өлүп чыккан кулун эле эмес, терисине карап, атайын эле кулундарды дагы союшкан.

Кыргыз эли өздөрү жашаган аймактагы кандай гана жаныбар болбосун аларга аңчылык кылып, этинен тышкары терилерин иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Кун терилеринен тышкары, элик, марал, кара куйрук (жейрен), бөкөн, тоо эчки, аркар, телкилердин терилеринен чыптама, бешмант, күрмөлөрдү тигишкен. Казак элинен айырмаланып кыргызда ичиктерге оюу-саймаларды түшүргөн эмес. Айрым учурларда гана ичиктердин көркөмдүү болушу үчүн жеңдерине, өңүрлөрүнө ак, кара койлордун терисинен узун тилкелерди салышкан.

Ю.А. Шибаева мургабдык кыргыздардын кийим-кечектерин карап, алардын аңчылыктан алып келишкен аркар жана кийиктердин, колдогу малдын терилерин ийлеп кийим кийишээрин белгилейт. Мургабдык кыргыздардын тонун, ичигин сүрөттөөдө аны орустардын тулупуна окшоштурат. Ичик түз жана кенен бычылат. Көбүнчө тигилиштери кыр арка жана колтуктун алдыларынан кезиккен. Атка минип жүрүү жана кымтыланып алуу үчүн этек жагы кенен салынып, жеңи түз, жакалары кыйгач жана тик чыгарылган. Ичиктин оң тарабы сол капталы менен бастырылып тумчуланган. Жакадан жана жеңден тармал жүндөр чыгып тургандай тигилген. Мындай жүндүү тери *көрпө* деп аталган. Айрым учурларда ичиктерди кооздоп тигишкен. Тондун же ичиктин жең, өңүр жана этек жээктерине *көбө* аталган кыюу жээктерин салып чыгышкан. Ал үчүн ак териден тигилген тондун бардык жээктерине кара узун тилкелүү көрпө кошулган. Ичикке кошумча кездеме салынып, ага түрдүү саймалар салынган.

Мургабда аялдардын ичиктерин *наптичик* деп аташкан. Напти – Орто Азиянын кол менен, үйдө өндүрүлгөн жибегинин аты менен аталып, ичикке капталгандыктан жогорудагыдай атап коюшкандыгы көрүнүп турат. Наптичиктин бычылышы, тигилиши жогорку ичиктин дал өзүндөй эле аткарылган. Айырмачылыгы жеңи кыскараак жана кууш салынса, жакасы ачык жана жантая тигилген. Жеңине жана жакасына кездеменин башка түрлөрү жээктелген. Аялдардын ичигинин оң жагына чоң топчу кадалып, сол тарабындагы илмекке илинип, эркектердики сыяктуу эле оң өңүрүн сол өңүрүнө бастырып кийишкен [450, 27-28-б.].

Куштун терисинен тигилген кийимдер кыргыз элинде колдонулуп келгендиги бизге кенже эпостордон улам белгилүү. Алсак, «Жаныш, Байыш» эпосунун А. Күйүковдун айткан вариантында өрдөктүн жүнүнөн жасалган ичик жөнүндө кеп болот [526, 5-б.].

Кыргыз элинин кайсыл бир мезгилдерде куштун терисинен ичиктерди жасап келгендигин И.Б. Молдобаев да өз изилдөөлөрүндө белгилеп кетет. Атып же кармап алган куштардын (өрдөк, каз, ак куу ж.б.) ири канаттарын гана жулуп алгандан кийин калган майда жүндөр менен кошо терисин сыйрып алышкан. Сыйрылган терини ичиктин үлгүсүнө ылайыктап, бычылган кездемеге жүндөрү тышка калгандай кылып тигишкен. Тери тигилген кездеме куштун жүндөрүн денеге сайдырбай сактаган. Куштун мындай жүнүнөн айрыкча аялдарга чыптамалар, балдарга ичиктер тигилген. Маалымат берүүчүлөрдүн ою боюнча мындай кийимдер көбүнчө ак кажырдын, ак жорунун жана ак куунун терисинен жасалган [302, 227-б.; 139-б.; 200, 227-б.; 405, 133-б.; 504, 4-б.]. Анткени бул канаттуулар башка куштарга салыштырмалуу чоң жана ыйыктык касиетине ээ болгондугуна байланыштуу. Көчмөн тажиктер да жапайы канаттулардын тыбыт жүндөрүнөн тыш кийимдерди токуп кийишкен [454, 128-б.].

Анжиан кыргыздары бөрүгө байланышкан бир нече ырым-жырымдарды колдонуп келишкен. Денелерине кызамык жана бөрү жатыш чыккан учурда, бөрүнүн тырмактарынан билерик жасап, колдоруна тагынышса, дагы бир түрү бөрүнүн өтүн эзип сүйкөп айыктырышкан. Атбашылык кыргыздар балдарына тумар катары бөрүнүн тизе сөөктөрүн, терисинин кичинекей үзүндүсүн ийленген

кайыштарга салып, аны тигип, моюндарына илип беришкен же бөрү ичиктин ичине жаткырып ары-бери тоголотуп коюшкан [499, 2-б.; 83, 23-б.].

Эми ичиктердин тектеш элдерде жасалгандыгына кыскача токтолсок, карапайым казактар ичиктерин карышкыр, түлкү, сасык күсөн, күсөндүн терилеринен тигишсе, тоолук казак феодалдары кымбат баалуу кундуз, булгун өңдүү аң терилеринен тигип кийишкен. Кыска ичиктери көрпөдөн тигилип, жакаларына жапайы жаныбарлардын же каракүл козуларынын көрпөлөрү салынган (31-сүрөт). Ал эми колунда жоктор коендун, майда жаныбарлардын терилеринен курап, жакасына көрпөлөрдү колдонушкан [197, 83-84-б.].

Казак элинде аң терилеринен жасалган ичиктердин ичтери бөз, бархыт, жибек кездемелери менен ичтеп, кездемени аты же түсү менен гана айырмаланган. Көк кездеме менен ичтелип, ичиктин этек жээктери кемчеттин терисинен жээктелген *көк тондорду* атактуу адамдар гана кийишкен [288, 109-б.].

Казактар тору жана кара кулундун терисинен жүнүн тышты каратып ичтелген ичиктерди жасашса, тайдын терисинен койчу-чабандар үчүн ичтелбеген «тай жака» ичигин жасашкан [105, 83-б.]. Курсактан өлүп түшкөн кулундардын терисинен жасалган тон жаргак тон деп аталып, кенен жана узун этектүү кылып тигилген. Мындай тондор көбүнчө белек катары берилген. Өзгөчө кара териден жасалган тон өтө баалуу тыш кийим катары бааланган [288, 109-б.].

Казактар куландын, сайгактын жана жолборстун терисин жогору баалашкан. Базарларда жолборстун терилери сатылган [364, 69-б.]. Ошондой эле сары күрөң түстөгү токой жаныбары еноттун, териси кымбат чычкандын бир түрү [360, 13-б.]), киштин, суусардын, арс чычкандын, сасык күсөндүн терилерин пайдаланышкан. Башка жаныбарлардын терисинен киштин жана суусардын терилери жогору бааланган. Жануттун терисинен – *жанат ишик*, кара күрөң түлкүнүн терисинен – *кара тулуп*, алтай кызыл түлкүсүнүн терисинен – *алтай кызыл тулуптар* жасалган. Эң кымбат баалуу ичик күйөөлөп бара жаткан кызга арналып жасалган, ичи жогорку сапаттагы жибек менен ичтелген ичик – *бас тон* деп аталган [50, 115-б.].

XVI кылымда дашти-кыпчак өзбектеринин султандары жана жоокерлери түлкүнүн, кызыл түлкүнүн (чөө), суусардын, арс чычкандын, тыйын чычкандын, киштин терилеринен тигилген тондорду, ичиктерди кийишкен [313, 72-б.].

XIII кылымда Монголия аркылуу түндүк Крымга келип кыпчак талааларын аралап өткөн Вильгельм Рубрук ногойлордун кийимдери тууралуу: ... алардын бай адамдары кышында түрдүү кымбат баалуу терилерден ичиктерди кийишет. Негизинен алар ичиктин эки түрүн жасашат. Биринчиси жүнү ичине каратып жасалса, экинчиси тышына каратылып тигилген. Жүнү тышына каратылган ичик, тондор көбүнчө карышкырдын, түлкүнүн жана маймылдын терилеринен жасалган. Ал эми колунда жоктору иттин жана эчкинин терилеринен тон тигип кийишкен [134, 95-96-б.], – деп ногой элинин жогорку жана төмөнкү катмарынын тыш кийимдери тууралуу баалуу маалымат берет. Бул жерде алардын теринин ичине жана тышына каратып тигилиши жана маймылдын, иттин терилерин дагы иштетишкендиги бизде өтө кызыгууну жаратты. Демек, кандай эл болбосун өздөрү жашаган аймактарда жашаган түрдүү жаныбырлардын, ал тургай канаттуулардын терилерин дагы иштеткенди мыкты өздөштүрүшкөн. Бирок кыргыздар айрым түндүк элдеринен айырмаланып иттин, чөөнүн терисин эч качан пайдаланышкан эмес.

Г.Н. Потанин монголдордун кышкы кийимдерин сүрөттөп жатып төмөндөгүдөй кызыктуу маалымат берген: Монголдор кыш мезгилинде тышы түстүү кездемелер менен тышталган ичиктерди кийишип, ичиктин сол өңүрү, оң өңүрүнүн үстүнөн кымтыланат же 3 жерине топчу кадаларын белгилеген. Тонду мындай кийүү үчүн анын эки этеги бирдей эмес, тагыраак айтканда, үстүндө калчу жагы узунураак жана төмөн карай кыйгач тигилген [340, 102-б.].

Кыргызстандын түштүк аймагында жашаган кыргыз урууларынын материалдык маданиятын жана колдонмо өнөрүн изилдеген К.И. Антипина: Борбордук жана Орто Азиянын көп элдери сыяктуу эле кыргыздар дагы кыштын суугунда жана бийик тоолордо кийип жүрүүгө ыңгайлуу болгон тон, постундарды пайдаланып келишкен. *«Тон»* деп түштүк кыргыздарынын адигине тобу, түндүк кыргыздар, казактар, алтайлыктар, башкырлар аташса, Фергана өрөөнүн элдери, анын ичинде ичкиликтер, каратегиндиктер *«постун»* деп аташкан [60, 227-б.; 38, 140-б.], – деп тондун

аталышы тууралуу маалымат келтирет. «Постун» сөзү кыргыз тилине иран сөзүнөн ооп кирген [255, 611-б.]

И.В. Кушелевский кыргыздардын ботонун терисинен жасалган чолок тондордун Сибирдин 30-40° суугунда да суук өткөрбөгөндүгүн жазган (21-сүрөт) [245, 393-б.].

Тон жаш-карысы, аял-эркегинин тең кийе берген баарына таандык кийимдердин бири болуп саналат. Ал эми колунда жок адамдар, өзгөчө, эркектер жайы-кышы дебей кийип жүрүшкөн. Койдун терисинен жасалган тонду жаш балдарга үч жаштан баштап кийгизе баштаткан. Өткөн мезгилдерде тон боз үйдө жашаган көчмөн элдердин күнүмдүк турмушунда эң маанилүү буюмдарынын бирине айланган [60, 227-б.].

М.Т. Айтбаев: Колунда жок жарды-кембагалдар койдун терисинен жасалып, мажрүм талдын кабыгынан алынган боекко боелгон, күрөң түстүү тондорду кийип жүрүшкөн. Койдун өтө жакшы ийленген, бирок боелбогон ак тондорду колунда бар адамдар деле кийишкен (40-сүрөт). Тондун өңүрү кара койдун териси менен жээктелип, жакасы үч бурч сыяктанып, артка кайрылып ташталган [41, 111-б.], – деп тондун кийилишинен тышкары, анын боелушуна да токтолгон.

Тондун жайы-кышы дебей кийилип жүрүшүнүн себеби ошол кездеги социалдык-экономикалык абалга толук көз каранды эле. Анткени көчмөнчүлүк жана жарым көчмөнчүлүк менен кесиптенген элдин басымдуу бөлүгү кездеме менен камсыз болгон эмес. Ошол эле учурда ал мезгилдеги товардын жалгыз гана эквиваленти – мал [241, 28-б.] дагы аз болгондуктарына байланыштуу керектүү буюмдардын бардыгын айырбаштап алууга мүмкүнчүлүктөрү жок эле. Ошондуктан кенен жана бекер болгон терилерден өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө, чеберчиликтерине жараша тигилген тондорду жайдыр-кыштыр кийип жүрүшкөн.

Тон эки түрдө: жакасыз жана кайырма жакалуу деп экиге бөлүнгөн, – деп тондун жакасына карата анын бөлүнүшү тууралуу этнографтар С.М. Абрамзон, К.И. Антипина, Н.С. Момунбаевалар [36, 364-б.; 60; 303] токтолушат. Ошол эле жерде К.И. Антипина: Байыркы мезгилдерде тондор жакасыз жасалса, кийинки мезгилде гана жакалуу тондор жасала баштаган. Тондун кыргактары 4-5 см көрпө менен узунунан жээктелсе, айрым учурларда ак, кара түстөгү көрпөлөр менен эки катар

узунунан жээктелген. Экинчи ак тилкесине ак серкенин териси керектелген [60, 227-б.], – деп жакалуу тондордун кийинки мезгилдерде жасала баштагандыгын белгилейт.

К.К. Юдахин тон тууралуу төмөндөгүдөй маалыматтарды берет: Кыргыз элинде тондун бир нече аталыштагы түрлөрү кездешкен. Алсак, *жакалуу тон* – бай адамдар, ак сөөктөр кийишкен; *жакасыз тон* – колунда жок жакыр адамдар кийишкен; *куу тон* же *куур тон* – териси жакшы ийленбей кудурап үн чыгып тургандыктан аны жылкынын май менен майлап *май тон* деп дагы аташкан [255, 748-б.]. Памир тоолорунда жашаган кыргыз-кыпчак уруусунун ичинде куу тон деп аталган урук дагы кездешет [174, 250-б.]; *кыска, чолок тон же чолок жең тондор* – көбүнчө жөө жүргөн учурларда кийилген. Ичкилик тобунун кыпчак уруусунда калта тон аталган урукту да белгилөөгө болот [174, 248-б.]; *көрчөө тон* – өтө эскирип, мурунку ак же сары түсүн жоготуп каралжын тартып кеткен тон жогорудагыдай аталган; *кыз-күйөөнүн сый тону* – аты айтып тургандай эле үйлөнүү-үлпөт тоюнда, кыз оюнунда кыз-күйөөнүн кийген сый кийими; *борумдуу тон* – сый, урматтуу адамдарга арналып тигилген же тартууга берилген тон. Сый тондордун бардыгы жакалуу тонго кирген. *Чен тон* – түндүк кыргыздарда XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин орус оторчулугу мезгилинде орус администрациясы тарабынан чин, даража алган мезгилде жонуна жабылган тон аталса, түштүк кыргыздарда жеңдери, кыргак, этектери коодолуп жасалган тон [255, 748-б.]. Булардан тышкары «Манас» эпосунда күрөөкө тон дагы кездешет [281, 745-б.]. Албетте, бул жерде күрөөкө тонду ичикке да, жоокердик кийимге да кошсо болот. Бирок аты тон деп аталып жаткандыктан биз, тондордун санына коштук.

Өзгөчө белгилей турган нерсе, оогандык кыргыздар кемселдеринин үстүнөн жеңи чолок, сары түскө боелгон тондорду кийишкен (25-сүрөт).

Этнограф Ч.К. Өмүрбеков каттама тондордун түштүк аймактарда 1970-80-жылдарга чейин кийилип жүргөндүгүн айтат [505, 5-б.]. Каттама тон аты эле айтып тургандай көрпөлөрдүн бири-бирине кааттталып, беттелип тигилгендигинен улам жогорудагыдай аталган. С.М. Дудин өзүнүн экспедициясында мына ушул каттама тончон, кыякчынын сүрөтүн тартып алган (29-сүрөт). Ушул эле каттама тондорду

бугунун терисинен алтайлыктар (30-сүрөт), түндүк элдери [446, 68-71] дагы кийишкен.

Жогорудагылардан көрүнүп тургандай, көптөгөн окумуштуулар белгилеп өткөн тондун эки түрү эмес, он түрү жасалып келгендиги белгилүү болду.

Г.Н. Грумм-Гржимайло өзүнүн эмгегинде кыргыздар эч качан кыска тон кийүүсү мүмкүн эместигин белгилеп өтөт. Себебин тондун үстүнөн тартылган кемерге курал-жарактардан тышкары кестик жана бүлө же кайрак кындары менен илүүгө мүмкүн болбогондугу [153, 176-б.; 532] менен түшүндүрүүгө аракет кылат. Бирок териден жасалган ошол эле бешмант, күрмөлөргө дагы кемер же кур курчалган [48, 95-б.]. Анткени кур көкүрөктүн жагдайып ачылып калбай тыкан жүрүшүн жана жылуулукту камсыз кылган. Албетте, курчалган кемерге кестик, бүлө, оттук таш өңдүү күндө колдонулуучу буюмдарды илип алуу ыңгайлуу болгон [502, 5-б.].

Тондун, ичиктин узун жана кыска тигилиши да чоң мааниге ээ (16-26-сүрөттөр). Кыштын күнү атчан жүргөн адам, жылкычылар, чабандар узун этектүү тондорду кийишкен. Себеби узун тон же ичик атка олтурганда эки тизесин жаап, кымтыланганга өтө ылайыктуу болсо, кыска тондор жөө жүргөн адамдарга ыңгайлуулугу менен айырмаланган.

А.А. Асанканов дагы Кызыл-Суулук кыргыздардын койдун терисинен ар кандай узундуктагы, четтери чүпүрөк менен кыюуланган тондорду тигишкендигин белгилеген (18-сүрөт) [68, 195-б.].

Тыш кийимдердин ичинен «каба» аталган тон дагы учурайт. Л.З. Будаговдун сөздүгүндө «каба» көйнөктүн үстүнөн кийилген тыш кийим деп берилген [103, 25-б.; ]. Р.Г. Мухминова «Каба тыш кийими пахта же жибек кездемесинен тигилген болуш керек» [313, 71-б.] деген божомолун айтат. Ал эми кыргыз санжыраларында «каба» деген ат кайберендерге тийиштүү айтылган. Кыргыздар аңдын, кийиктин түлөгөн даакысын «каба», кайберендин мыктысын каба, андан кийин кайберендин терисинен жасалган тонду дагы каба деп аташкан. Демек, каба жапайы жаныбарлардын, тагыраагы, аркар-кулжалардын терисинен тигилген тон же ичик.

Эми тондун жасалышы, колдонулган ыкмалары тууралуу маалыматка өтсөк. Орточо жасалган тонго беш же алты койдун териси жумшалса, чоңураак жасалган

тондорго сегиз-тогуз койдун териси керектелген. Бул жерде тондун арткы бөлүгүнө, алдыңкы өңүрүнө, жеңдерине жана жакасына ар бирине бирден төрткө чейин койдун териси жумшалган. Ушундай эле ыкманы хакастар да пайдаланышкан. Алардын тонуна тогуз койдун териси керектелген: далысына – үч, ар бир жеңге бирден – эки, алдыңкы бөлүгүнө экиден – төрт [107, 38-б.].

Тонду ар бир эле аял тиге берген эмес. Себеби анын этек-жеңин, колтук-башын, көкүрөгү-далысын ченеп бычканга тажрыйбасы бар бычмачылар гана керектүү бөлүктөрүн бычып берген. Ал эми бычылган, даяр терилерди кошуп, тигип алуу жеңилге турган. Уздар тонду жүндөн атайын ийрилип жасалган шоона жиби менен тигишкен. Тондун эки ийини кичине жантайыраак бүрүлүп, жеңдери кенен жана бош, этеги жайык тигилген. Кыргызстандын түштүгүнүн чыгыш аймактарында мурун тондун эки капталы туюк жасалып келсе, кийинки мезгилде жырык түрүндө жасала баштаган. Ал эми этеги жырык тондор батыш аймактарында мурунтан эле жасалып келген [60, 227-б.], – дейт К.И. Антипина. Демек, тон этегине жараша дагы туюк жана жырык түрүндө жасалып келгендиги белгилүү болуп жатат. Тондон жыт чыгып тургандыгын көптөгөн этнографтар, экспедиясынын катышуучулары баса белгилеп өтүшөт [110, 186-б.; 60, 227-б.].

Тонго ылайыкталып жуулуп, ийленип, төрт тарабы тегизделген тери тон кийими бир канча бөлүкчөгө бөлүнүп бычылган. Чебер аялдар тондун этек бөлүгүн өзүнчө тигишкен. Этек бөлүгүн төрт тилкеге бөлүп бычылган. Анын ар бир бөлүкчөсүнүн этеги жазы, бел бөлүгү ичкерип кеткен. Төрт бирдей бөлүкчөнү шоона же жылкынын жалынан алынган кылдар менен бекемдеп чыгышкан. Андан кийин астыңкы көкүрөгү, далысы бириктирилген. Көкүрөк жана далынын бөлүктөрү биригип этегине кошулган. Кийимдин тулкусу чыккандан кийин эки жеңи ийиндерге тигилет. Тигиштери бекем болушу үчүн кайтарма ыкмасын пайдаланышкан [303, 125-б.].

1951-жылдагы этнографиялык экспедицияда: ... XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып эркектердин тондору койдун терисинен жасалып, тондун өңүрү жана жээктерине аңдын терилери жээктелбей, кара койдун териси жээктелип,

жакасы чоң кайырма түрүндө тигиле баштаган [110, 176-б.], – деп орустардын келиши менен тондордун жасалышында да чоң өзгөрүү болгондугу баса белгиленет.

Тондун этегине, жеңине үч-төрт эли жоондукта баркыт, чий баркыт же тукаба кездемесинен жээк салынган. Антпесе, биринчиден, жеңдеги жүндөр булайып чыгып, жумуш кылып жаткан адамга чоң тоскоолдуктарды жараткан. Экинчиден, колду, билекти өйүп коюушу мүмкүн болгон. Үчүнчүдөн, көркөмдүк жагы дагы каралган. Тондун этек, жеңи узун түрдө жасалып, астыңкы ачыгына боо байланган. Боо көкүрөк тараптын жабык болуп турушун камсыз кылган. Тондун жакасы өзүнчө бычылып, эң артында тигилген. Айрым учурларда жеңдин көркөмдүү жана сыйлуу болушу үчүн аны айланта кара же ак жүндүү, иштетилген тери менен жээктешкен. Мындай тон сый тондордун катарына кирген [501, 5-б.; 303, 125-126-б.].

Чеберлер тондун чен өлчөмүн алууда беш манжа менен өлчөшкөн. Алсак, бир эли, эки эли ... (манжанын эни); укум – бармак менен сөөмөйдү кергендеги аралыгы; карыш – бармак менен ортон манжанын аралыгы. Ушундай жөнөкөй ыкмалар менен өлчөп алышкан. Мындай ыкманы хакас элдеринин чебер аялдары дагы колдонушкан [107, 38-б.].

Өңдөлгөн тон – бордолгон тон (19-сүрөт). Ышкын түпкө боелгон тондорду негизинен жаштар кийишкен. «Тон жылуусун ээси билет», «Тогуз катар торкодон, Токту акемдин түгү өттү», – деген тонго байланышкан накыл кептер да чыккан [254, 388-б.].

Түштүк кыргыздары тонду эки түргө: ак жана саргыч түскө боеп келишкен. Биздин оюбузча ар бир топтун өзүнүн жакшы көргөн түстөрү болгон. Мисалы, Фергана өрөөнүн түштүк аймактарындагы кыпчак жана ават урууларын алсак, кыпчактар ак түстүү тондорду кийип жүрүшсө, аваттар саргыч түстөгү тондорду кийишкен. Ал эми мунгуш жана адигине топтору ак түстөгү тондорду кийүү адатын сактап келишкен [60, 227-б.].

Аңчылыкта териден жасалган тондор басып бара жатканда же бактын бутактары тийген учурларда катуу үн чыгарып турган. Себеби жакшы ийленбей, тузу көп же суу тийип кайра кургаган учурда каткан тери тон калдырап калган. Албетте, бул үн мергенчини олжосуна жакындоосуна тоскоолдукту жараткан. Көк жана ала тондор

жердин өңүтү, аска-зоосу менен бир түспөлдөшүп, аларга аралышып кеткен [520, 72-б.].

Аркар, кулжанын терилеринен, жүндөрүнөн дагы тыш кийимдер тигилген. Бугунун жүнү эмес, териси өтө баалуу буюмдардын катарына кирген. Анткени анын терилеринен өтө ийкемдүү жана жагымдуу болуп, кийимдерге, ат жабдыктарына ж.б. нерселерге жумшалган [245, 317-318-б.].

Ю. Шибаева кыргыздардын жапайы жаныбарлардын терисинен тон тигип кийгендигин белгилейт. Жапайы терилерден кичинекей балдарына тон жасап берип келгендиги оозеки элдик чыгармалардан, тагыраагы «Карагул ботом» дастанында, Карагул мергенчи жалгыз баласына эликтин баласы чаарчыктын терисинен тон тигип бергендигин көрүүгө болсо, элдик санжыраларда жаңы төрөлгөн баланы кийиктин терисине атайын ырымдап ороп алышкан.

Кыргыздарга жакын элдердин тыш кийимдерине токтололу. Казактарда эчкинин терисинен дагы тондор жасалган. Ал кылка тон деп аталган [288, 110-б.]. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында эчки тондорду кийишкендиги тууралуу саптар кездешет [374, 37-б.].

Төө баласы ботонун терисинен ийленип жасалган тон *бото тон* деп аталган. Ийленген тери төрт бурчтуу кылып кесилип, оюу түрүндө куралган. Жакасы кайырма түрүндө жасалган. Жакадан этегине чейин оймо-чийме түшүрүлгөн узун үч тилке түшүрүлүп тигилген. Четине «ботонун изи», ортосуна «өсүмдүк» оюму, ички бетине катары менен ири «үтүр» оюму түшүрүлгөн [288, 109-б.].

Казактар шамалдан жана жаандан коргонуу үчүн *жаргак тондорду* же *дахыларды* кийишкен. Биринчиси кулундун жана эчкинин терилеринен жасалып, жүнү тышты карап тигилсе, экинчиси эчкинин жүнү жыдытылган, жаргак терисинен тигилген. Мындай тыш кийим суу өткөргөн эмес [259, 44-б.; 428, 143-б.; 411, 142-143-б.].

Казактар да терини ар бир үй бүлө иштетишкен. Ийлөө иштерин көбүнчө эркектер аткарышып, ал эми аялдар аларга жардамдашкан. Үй жаныбарларынын, аң жаныбарларынын терилеринен тыш кийимдерди тигишип, аларды: алты айлык козунун терисинен тигилгенин – *сеңсең тон*; эки-үч айлык козунун терисинен тигилген тонду – *элтери тон* деп аташкан. Ошондой эле ичи койдун терисинен

болуп, жакаларына кымбат баалуу терилерден же каракүл козулардын терилеринен жакаларды салышкан. Колунда жок адамдар көбүнчө коендун, сокур чычкандардын терилеринен тон тигип кийишкен. Бирок ал тондор бат эле жыртылып калган. Ошондуктанбы кой терилеринен көп тигип кийишкен [308, 82-б.].

Казактар бешманттын үстүнөн түлкүнүн же карышкырдын терисинен жасалган кыска жеңдүү тондорду кийип (айрым учурларда тондорго күмүштөн, жезден куюлган топчулар кадалган) жезден же күмүштөн куюлган кемер баштары бар курларды тагынышкан. Аялдардын кийимдери эркектердикинен анчалык деле айырмаланбайт. Болгон айырмасы топчулары чоң өлчөмдө салынган. Эри бар аялдар жоолуктарынын жээктерине аң терилерин кыргак кылып тигип алышса, кыздар түлкүнүн терисинен тигилген тебетейлеринин төбөсүнө шуру, тыйындарды тагып алышкан [111, 7-8-б.].

Өзбектердин орто жана улуу жаштагылары кой терисинен ийленип жасалган пустиндерди кийишкен. Тондордун түгү ичти каратылып тигилип, тышы саргыч түскө боелгон. Тондорду кушагы же боолугу жок эле кийип жүрүшкөн [415, 276-б.]. Ташкенттик өзбектер кой терисинен жасалган тондорун ак түскө боетуп алышканды жакшы көрүшкөн [183, 127-, 167-б.].

В.Я. Бутанаев хакастардын салттуу кийимдери тууралуу илимий эмгегинде тондун кийилиши жөнүндө: ... Балким, байыркы мезгилдерде койдун терисинен жасалган тон бардык мезгилде кийиле берген кийим болсо керек. ... Мисалга алсак, жакыр адамдар тонду жай мезгилинде дагы кийип жүрүшкөн. Күн өтө ысып кеткен мезгилдерде колдорун жеңден чыгарып киндикке чейинки жылаңач денесин көрсөтүп жүрө беришкен. Тонду белге курчалган кур кармап калган. Тондун мындай кийилиши *«пилтирик»* деп аталып, бул Түштүк Сибирь элдеринин бардыгында кездешкен [107, 38-б.], – деп тондордун бардык мезгилдерде кийиле беришине токтолгон.

Хакастык чеберлер дагы тондун жеңдерин эң артында тигишкен. Этектеринин алдыңкы жана арткы бөлүктөрүнүн узундугу дагы каралган. Алдыңкы жагына караганда арткы бөлүгү согончокко тийип тургандай узунураак жасалган. XIX кылымдын биринчи жарымына чейин хакас эли тондоруна жаканы тик салышкан.

Кайырма жакалар кийин гана салына баштаган. Мындай кайырма жакалуу тондор тувалыктарга, алтайлыктарга жана башка түрк-монгол элдеринин бардыгына эле мүнөздүү [107, 39-б.]

Ю.А. Шибаева хакастар менен кыргыздардын генетикалык байланыштарын табуу үчүн алардын материалдык маданияттарын дагы тыкыс карап чыгуу керек экендигин сунуштаган. Бирок кыргыз эркектеринин кийими көнөк, жегде сыяктуу көйнөктөрү байыркы убактарда туюк тигилсе, акыркы мезгилдерде гана көйнөктөрүнө кайырма жака сала башташкан. Ал эми качиндер XVIII кылымдарда деле кездемелерден тигилген көгенектерди билбестен жылаңач денелерине тондорду кийип жүрүшкөн [329, 460-461-б.; 452, 44-б.].

Хакастардын *ах тонуна* койдун сегиз териси керектелип, тондун этек жактарына бучкактар тигилген. Ал үчүн койдун бучкактарын көп убакытка чейин чогултушкан [452, 29-б.]. Хакастарда тыш кийимдер *теер тон, доха, кинче* деп аталган. Доха кийими иттердин терисинен дагы тигилген. Ал үчүн атайын иттерди да багышкан. Хакастар аялдардын тонунун артына же көкүрөктөрүнө оюуларды, гүл өсүмдүк оюуларын үзбөй түшүрүшкөн [452, 39-б.]

XVIII-XIX кылымдарда орус-казактарды келиши менен алар ала келген кездемелер менен тышталган тондорду *«хазах тон»* дешип, жака – мойдырых, жең – нии, сол этек – солбара, оң этек – онбара, оң, сол каптал кыйыктар – нансаби (нан – каптал, сабығ – кыйык) деп аталган. Аталган тондун көкүрөгү ачык тигилген [452, 9-б.].

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Тоолуу Алтайдын Чүйүндө башка аймактарга салыштырмалуу кой-эчкини көп кармагандыктан алардын терисин иштетүү, тон жасоо жагынан бир кыйла чеберчиликке жетишкен. Тонду жасоо өтө жөнөкөй ыкмалар менен ишке ашырылган. Терини иштетүү жана ийлөө – 30 тыйын турса, багыштын жана эликтин терисин ашатуу жана ийлөө – 1 рубль 50 тыйынга жеткен [147, 146-б.].

*Дох* деп аталган тон же ичик эчкинин жана бөкөндүн терилеринен жасалган. Бир дохко 6-7 эчкинин териси жумшалган [147, 148-б.].

Алтайлыктардын кыздарынын тыш кийими *«терлик тон»,* аялдардын тыш кийими *«каптал тон»* деп аталган. Бул жерден кыздардын турмушка чыкканга чейин *«терлик тонду»* кийип жүрүшкөндүгү, ал эми турмуш кургандан кийин «каптал тон кийүүгө» милдеттүү болгондугун байкоого болот. Кышкы тондор *«тере тон»* деп аталган [398, 104-105-б.].

С.К. Алымкулова кыргыздар менен алтайлыктардын тондорунун үлгүлөрүндө, тигилишинде гана окшоштуктар болбостон, аталышында да өтө жакындыктар бар экендигин белгилейт. Алсак, этек (алтайлыктарда – эдек), тери (алтайлыктарда – тере), жең, ийин, арка, көйнөк, жаргак, тон, чепкен, кур, мээлей, топчу ж.б. [53, 346-б.] бирдей аталаарын мисал катары көрсөткөн.

П.А. Голубев Тоолуу Алтай аймагында жөнөкөй терини ийлөө 12 тыйын турса, кызыл, жумшак булгаарыны ийлөө 13 тыйын турган. Өтүкчүлөр жана кайышчылар болгону менен, алар өздөрүнүн айылдарында, жашаган кыштактарында иштеп, күнүмдүк гана жумуштарды аткарып, көпчүлүк үчүн, базар үчүн буюмдарын алып чыга алышкан эмес. Аларга салыштырмалуу кой терилеринен тон, ичиктерди тигип, жасоо чоң кол өнөрчүлүккө айланган. Тонду кара түскө боенун арзан жана жеңил түрлөрүн өздөштүрүшүп, натыйжада ишканалардын ээлери абдан байышкан [144, 102-б.], – деп токтолот.

С.Ш. Гаджиева ногой кедейлерлеринин жылаңач терисине эле койдун терисинен жасалган топчу кадалбаган бешманттарды кийип алышкандыгын жазат [134, 95-96-б.]. Ногой чеберлери бир тонду тигиш үчүн алты-жети койдун терисин керектешсе, козунун терисинен тигилген учурларда 30 даанага чейин тери жумшалган. Кичинекей 9-10 жаштагы балдардын тондору кооз болушу үчүн түрдүү түстөгү козулардын терилери кеткен [134, 109-б.].

Ногой аялдарынын кылоолуу ичиктери – *тон, күртө тон, зыбын тон* деп аталган. Андан тышкары жүнү кыркылган койдун терисинен жасалган тери тон, күрпө териден жасалган – *элтир тон же көрпө тон* деп аталган [134, 138-б.].

А. Павлов кара ногойлордун тыш кийимдерин жазып жатканда, алардын койдун, өзгөчө кара күрпөң козулардын терилеринен мыкты жана жылуу тондорду жасоону жакшы билишкендигин белгилеп, алардын базардагы наркын: адамдын бою менен

тең жасалган тон 8 рубль, ал эми күрпөңдөрдүн терисинен жасалган тон 15-16 рубль турарын көрсөтөт. Тондор жасалган терилерине жараша ногойлордо жалпы жонунан тери тон деп аталганы менен, алты айга чейинки козулардын терисинен жасалса, *көрпө тон* курсактан өлгөн козулардын терилеринен тигилгендер *элтир тон* деп аталган. Ногойлор кулундун терилеринен дагы тондорду тигип кийишкен [328, 12-13-б.].

Тувалыктарда тондун бөлүктөрү дагы өзүнчө аталыштарга ээ болгон. Алсак, жака – моюндурук, көкүрөктөгү тепкичтүү оюк – өөлет, жең учу – уштук, жең – чең, өңүр – эдек, өңүрдүн этеги – эдектинадаа, сол же үстүңкү өңүр – алаңгы эдек же улуг хой, ички же оң өңүр – соңгу эдек же иштий хой; топчулук – дижи, түстү кездемеден кыюу же жээк – оорук, топчу – өөк, сол өңүрдүн узунан тигилген тилкеси – кыдыг, анын жанынан кеткен тилке – каш кыдыг, туурасынан кеткен кездеме тилке – шаланы, анын ылдый жагынан кеткен экинчи тилке – адаккы кыдыг, коюн – хой. Алардын жакшы көргөн түстөрү кызгылт-көк, көк, сары, кызыл, жашыл болгон [115, 158-б.].

XIX кылымда тожиндик мергенчи-малчылар, батыш тувалыктар жайында тышталган *терлик тон* сыяктуу *чирик тон* кийишкен. Тондун этегине кыйык койбостон тилик боюнча калтырышкан. Чирик сөзү тегиз эмес, түз эмес деген маанини берген. Ошондой эле тондордун бири хаш тон (хаш – жука ийленген тери) деп аталган. Ал эскирген, бугунун же эликтин көп колдонулган күзгү терилеринен тигилген.

Тувалыктар өтө жакшы көрүп кийген кийимдердин бири кыска, көкүрөгү ачык, кең жеңдүү күрмө – *хүрме*. Ал кездемелерден, жибектен, териден тигиле берген. Бирок карышкырдын терисинен түктөрү тышына карап тигилген күрмөлөр кенен тарагандыгын белгилешет.

Алардын дагы бир тону *ой тон* аталып, ал кыска жүндүү койдун терисинен тигилип, ага алгач кездеме капталып жүрсө, кийинчерээк терини өңдөп калышкан. Бул тондун ар бөлүгү ар башка, тагыраак айтканда, жон, жака, жең, этектери өз-өзүнчө тигилген. Айрым учурларда мындай тондорду *алгы тон* деп дагы аташкан. Алгы – тери, булгаары маанисин түшүндүргөн [115, 159-б.]. Алгы тон, кышкы тон,

ой тондорго 5-7 койдун териси керектелген. Далысы же жон бөлүгү бүтүн териден бычылган. Ал эми алдыңкы жагы, капталдары, жең, жака, этектери курама терилерден курала берген.

Бугу баккан тувалыктар багыштын же эликтин терилеринин жүндөрү ичине карай тигилген *дүктүг* (кыргызча – түктүү маанисин берет) тонун кийишкен. Бул тондун жакасы койдун, бугунун же эликтин терисинен тигилип, жакасы тик салынган. Жаканын тышынан тыйын чычкандын терилери менен тилке-тилке кылып беттеп, тондун сол этегине жана жеңдерине узун тилкелүү түстүү кездеме салып коюшкан. Айрым учурларда тондун сол капталына багыштын баш терисинен же кара түстүү кездемеден чөнтөк чыгарышкан. Ал *орук же оорук* деп аталган. Бул орукту (чөнтөк) аялдар эле эмес эркектер, кичине балдар дагы салдырып алышкан.

Тувалыктарда тыш кийимдерин кийип алыска басып бара жатканда, иш учурунда тондун учтарын курларга кыстарып коюу өнөкөтү сакталган. Аны *эдек астыр* деп аташкан [115, 164-б.].

Кышында, тоо-таштарда кийип жүрүүгө ыңгайлуу кыска же чолок тондорду *чолдак тон*, батыш аймактарында *хөректэээш* деп аталган. Ал койдун, эчкинин жана эликтин терисинен тигилген. Жакасы тик чыгарылып, жеңдери кездемеленип, этегинин эки капталына жарым ай сымал оюк чыгарылган. Кыштын күндөрү, кар же жамгыр жааган учурларда кийе турган даакыны (жүнү тышты карап тигилген) *чагыны* кийишкен. Бугучулар аны бугунун же эликтин терисинен тигишсе, башка малчылар колдо багылган эчкилердин терилеринен тигишкен. Жакасы тик салынып, жеңдери жана тондун этегине ычкы салынып, кийгенден кийин этегин байлап жүрүшкөн. Кичинекей балдарга майда малдын терилеринен алды туюк, арт жагы ачык кылып тыш кийимдерди тигишип, аны *чучак* деп аташкан [115, 165-166-б.].

Тон монгол тилинде *дээл* деп аталат. Монголдордо тон менен кошо кийилип жүрүүчү кийимдин же жарактын түрү катары курду атоого болот. Ал курга тамеки мүштөк, калта, оттук таш илинген. Оттук таш кур чечилген учурда түшүп калбашы үчүн курга тигип коюшкан жана көркөмдүү болушу үчүн анын үч жеринен ичке чынжыр менен курга бекитип, ал эми анын тышкы бетине жез бастырышкан. Басып

жүргөн учурда эки жакка көп кыймылдабасы үчүн курдун астына бастырып коюу адаты дагы сакталган [340, 107-б.].

Башкырларда кышкы тон *тире тон* аталып, ал аял-эркектерге бирдей формада тигилгендиктен, аларды айырмалап билүү баш кийимден гана билинген. Тыш кийимдерден кой терисинен тигилген *тун* (тон), *биле тун* (кыска тон), жылкынын терилеринен тигилген *йылкы тун* (жылкы тон), *кулун тун* (кулун тон) кийишкен. Кулун тондордун жүнүн тышты каратып тигишкен. Башкырлардын кулун тонун В.М. Черемшанский жана С.К. Руденко сүрөттөп жазууда жылкынын жалы кыр аркага келе тургандай тигишкендигин, алардын шамал жүрүп турган учурунда кызыктай көрүнүп кала тургандыгын да белгилешкен [441, 154-б.; 358, 142-б.].

П.С. Паллас башкырлардын ичик жасала турган кой терилеринен жамгыр суулары өтүп кетпеши жана сууга чыдамдуу болушу үчүн ышташаарын белгилеген [329, 157-158-б.].

Г.М. Осокин буряттардын тыш кийимдерин жайкысын кийген чапаны *тырлык,* кышкы тыш кийими *дэлэни* кийишээрин, чапанын же тонун тышын кара түстүү кездемелерден, ал эми аялдар көк жана жашыл түстөрдү жакшы көрөөрүн жазат. Аялдардын тырлык тону эркектердикинен айырмаланып турган. Алардын белине майда бүктөмдөр салынып, ийиндери жогору тартылып, уч чыгарылган. Кышкы тырлыктарга тыш салынбай, тетирисинче, ышка карматылган. Тырлыкты ачык түстөгү курлар менен курчанып алышкан [326, 196-б.]. Буряттардын кыштын күндөрү кийген тондору *доху* аталып, теринин үстүнөн кездемелер тигилген. Айрым учурларда дохуларды «саба» деп дагы аташкан [106, 24-б.].

Тыш кийимдерге, дегеле эркек адамдардын кийимдерине кыргыз эли байыркы мезгилдерден өзгөчө мамиле кылып келишкен. Алсак, тепсенди жерге таштообого, аттоого тыюу салып, мындай ырымдарды бекем сакташкан. Хакас элдеринде да тонду жерге коюунун дагы өзүнчө ишеними, ырымы болгон. Тонду жаткан адамга туурасынан жаап, жакасын дубалга каратышкан. Башын жакасы менен жабууга тыюу салынган. Анткени өлгөн адамдардын гана башына жабылгандыгын В.Я. Бутанаев белгилеп өтөт [107, 38-б.]. Ошондой эле хакастарда эркектин кийимин аялдардын кийүүсүнө, үстүнө олтуруусуна, ал тургай үстүнөн аттап өтүүгө да тыюу

салышкан. Кимдир бирөө бул туюларды бузса, ооруп калат деп ишенишкен [107, 37-б.]. Ал эми кыргыз элинде кичинекей балдар чикирттеп же ноокастап калган учурда, атасын көптөн бери көрбөй куса болгон жаш балдарга атасынын кийген тонун же ичигин жабышкан.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин салттуу тыш кийимдери казак, өзбек, каракалпак, алтай, хакас, тува, башкыр, ногой, качин ж.б. элдер менен өтө тыгыз этногенетикалык, этномаданий байланышта болгондугун, алардын жасаган жана кийген кийимдериндеги жалпылыктар, окшоштуктар жана айырмачылыктар дагы бир жолу тастыктап жатат. Алсак, кыргыздардын жана ага тектеш элдер тонду суудан сактоо үчүн боекко салып жатышса, алтайлыктар ыштыкка салышкан. Демек, бир топ айырмачылыктар да бар экендигин белгилесек болот.

Ичиктин жана тондун көчмөндөрдүн жашоосунда өтө маанилүү орунду ээлегендиги ичиктин 27, тондун 21 түрүнүн жасалып келгендигинен дагы бир жолу көрүнүп турат.

Ичик, тон көчмөн элдерди жылдын бардык мезгилинде сууктан, күндөн, шамалдан коргогон ишенимдүү кийимдердин бири болуп келген. Ошондуктан ичик, тонду жасоодо теринин ашатылышына, ийленилүүсүнө, жууп-тазаланышына, боелушуна, бычылып-тигилишине, узун-кыскалыгына, жака, жең, этектеринин көркөмдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулган. Анткени кандай гана кийимдин түрү болбосун, алар адамдардын коомдугу ордун жана ролун кайсыл бир деңгээлде аныктап турган.

## § 4.3. Териден жасалган шымдар жана анын түрлөрү

Кыргыз элинин материалдык маданиятын изилдешкен окумуштуулар, саякатчылар тери шымдар тууралуу жалпы гана маалымат берип, үстүртөн өтүшөт [380, 18-б.]. Ал тургай шымдардын аталыштарында да көптөгөн адаштырууларды беришкен. Мисалы, Россия империясынын аскер кызматкери, майор Г.С. Загряжеский: Жаргакты жасоо үчүн козунун, улактын, музоонун жана кулундун териси керектелет. Ал эми чембар (чалбар) койдун жана эчкинин терисинен жасалган [465; 104, 76-б.], – деп жазса, М.Т. Айтбаев койдун терисинен жасалган шымды жаргак шым [41, 110-б.], – деп атайт. Ысык-Көл облусунун Чычкан жана Дархан айылдарынан этнографиялык маалыматтарды топтогон экспедициялык топтун изилдөөчүлөрү: тоо теке, тоо эчки, аркар, кулжанын терилеринен жасалган шымдар жаргак шым деп аталган. Кышкы шымдар койдун терисинен жасалып, жүнү ичине каратып тигилген [110, 173-б.], – деп белгилешсе, ушундай эле ойду С.М. Абрамзон: Көбүнчө тоо эчкилеринин териси жыдытылып, ийленген жаргак шым кийишкен. Жүнү ичти каратып тигилген тери шым, ал эми түгү ийленип жасалганын жаргак шым деп аташкан [31, 35-б.]. – дейт. А.С. Акматалиев: Кең багалектүү тыш кийим, чалбар. Мунун жердиги кездемеден да, териден да, таардан да болот. Ошондуктан, кездеме шым, тери шым, таар шым деп айтышкан. Кой, эчки, теке, аркар, кулжа, жейрен өңдүү жандыктардын жана башка кайберендердин терисинен жаргак шым, тери шым, теке шым жана чалбар шымдар тигилген (44-сүрөт). Тери шым (чалбар шым) ичи түктүү келет да, суукта кийилген. Ал көбүнчө кой-козунун терисинен болот [48, 235-б.], – деп чалбар менен жаргак шымдын айырмасын аныктаганга аракет кылат.

Б. Солтоноев: «Өздөрү териден иштеп, тон, шым, тебетей, жүндөн чепкен, калпак, кементай жамынчу, кийиз өтүк, түрдүү, түрсүз кийиз, кыл аркан, жип-шуу иштеген. Тоо теке, жаки үй теке, жаки серкенин терисинен сары жаргак шым жасап, багалегин кең жырмач кылып, бай-феодалдары болсо саймалап, кундуз кармап, «кең багалек – келбер шым» деп кийишкен. Кементай тондон башкасын шымданып алган. Мындай шым беш-алты жылга чыдаган» [383, 12-б.], – деп жазат. Шымга сайма салынгандан тышкары шымдын эки багелегине кундуздун териси жээктелген. Себеби кундуздун

коюу, кубулжуган, өтө узун эмес кылдуу болуп, жалтыраган жүндөрү аны өтө кооз көрсөткөн. Ошондуктан шымдын багелектерине бардык аңдын терилери (суусар, түлкү, карышкыр ж.б.) иштетилген [199, 158-б.]. Катуу суук болгон учурда чапандарын ичинен кийип, анын этектерин шымдарына киргизип алышат деп Н.Л. Зеланд белгилейт [179, 19-б.]. В.И. Масальский жылкынын терилери дагы базарларда сатылаарын же болбосо анын терисинен турмуш-тиричиликке керектүү болгон буюмдар, андан тышкары кулундун терисинен кышкы мезгилге жумшак бут кийим, чалбар, жаргак тондорду тигип кийишээрин жазган [292, 494-б.].

Ф.А. Фиельструп XX кылымдын 20-жылдарында кыргыздардын кийген кийимдери, анын ичинде кыш мезгилинде кой терисинен жүнү ичине каратылып тигилген шымдарды, ал эми жай мезгилдеринде жаргак шымдарды кийишээрин, болгон айырмачылыгы катары мурункуларга салыштырмалуу таар шымдарды кийип баштагандыгын көрсөтөт. Дагы бир өзгөчөлүгү багелектин эки жагы толук тигиле баштаган. Ошондой эле тоо текелердин терисинен тигилген шымдарга сайма саюу дагы өтө сейрек кездеше баштаган [423, 2-б.].

К.К. Юдахин тарабынан түзүлгөн сөздүктө: «Чалбар – шымдын багалегине оюу түшүрүлгөн тери шым. Бирок бул атты көбүнчө Теңир-Тоолук кыргыздар колдонушкан [255, 839-б.]; Жаргак – жүнү жыдытылып, тазаланган жана ийленген тери. Бул ийленген териден жасалган шымдар жаргак шым деп аталган. Бул аталыш жалпы кыргыздарга таандык» [255, 234-б], – деп берген. Бул жерден белгилүү болуп жаткандай, тилдик өзгөчөлүктөр дагы эске алыныш керек. Анткени келбер (багелегинин кең жасалгандыгына), жырмач (багелегинин эки капталынын жырыктыгына байланыштуу) айтылган. Бирок ошондой болсо дагы каратегиндик кыргыздар кой терисинен тигилген шымдарды тери шым деп аташаарын А.Ш. Абышкаев изилдөөлөрүндө көрсөтүп өткөн [38, 140-б.].

Г.С. Загряжеский бай кыргыздардын бир түстөгү кулундардын терилеринен, жүндөрү бир тарапка жаткырылып, чеберчилик менен жасалган жаргак шымдарды жакшы көрөөрүн белгилейт [465]. Ошентип, жаргак шымдар түктүү жана түксүз териден жасалгандыгы белгилүү болуп жатат. Бул шымдардын жүнү тышына карап тигилген. Ошондуктан жаргак шымдар күдөөрү териден гана жасалган деген ой

туура эмес. Жогорудагы окумуштуулардын билдирген маалыматтарынын дээрлик бардыгы туура. Бирок алар, тилекке каршы, терең изилдөөгө алышкан эмес.

К.И. Антипина Кеңкол байыркы көрүнөн А.Н. Бернштам тарабынан табылган [90, 37-б.] койдун терисинен жасалган шымды талдап, түндүк жана түштүк кыргыздарынын шымдарына салыштырып, алардын бирдей формада жасалгандыгын [60, 222-б.] аныктаган.

XIX кылымдын аягында Кыргызстандын айрым аймактарын кыдырып, көргөндөрүн, ойлорун кагаздарга түшүргөн саякатчы, этнограф Е.Л. Марков чалбар (чомбар) шым тууралуу кызыктуу ойлорун айткан. Ал өзүнүн эмгегинде кыргыздар кийиктин терисинен жасалган кийимдерди өтө жогору баалагандыгын белгилеген. Анткени анын терисинен бышык жана суу өтпөгөн кийимдер жасалаарын жазат. Ал: Башка терилерден жасалган чалбардын (чомбар – орус тилине чалбар сөзүнөн оошуп кирген, мааниси шымды туюндурат) бардыгы жаанга эле суу болуп калат. Ал эми кийиктин терисинен жасалган чалбарлар сууну кечип өткөн учурда да бутка суу өткөрбөйт. Ошондуктан, башка терилерден жасалган кийимдер бир же эки рубль турса, ал сегиз рублдан он рублга чейин бааланат. Чалбар кыргыздардын жол жүргөнүндө жана жоокердик учурда эң негизги буюму. Мен бул шымды алгач Түркменияның текин урууларынан көрүп алып, жеңил ойлуулук менен, «көчмөндөрдүн табитинин начардыгын кара, «деңиздин кеңдигиндей» чоң кылып кийип алышыптыр» деп шылдыңдадым эле. Кантип эле ушулар сыяктуу байыркы эл, өмүр бою согушту, талап-тоноону баштан кечирип, ат же төөнүн үстүндө төрөлүп, ээр үстүндө өлгөн эл, өзүнүн миңдеген согуштук-тоноочулук жашоосунда жоокерчиликке ылайыктуу кийимдерди ойлоп таба алышкан эмес. Ал эми бул, ар бир кыймылга тоскоол болгон, узун этектүү тондор, эки адам батып кетчүдөй тигилген, кыжырды келтирген чалбарды көрүп таң калганым чындык. Бирок бул жакта, кыргыз менен тоого чыгып бара жатып, жазгы тынымсыз жааган жамгырдын алдында анын кандай баалуу экендигин ошондо гана түшүндүм. Узун этектүү чапан ат үстүндө өтө ыңгайлуу, арткы этегин алдына тартып олтурса, алдыңкы эки этеги менен эки тизесин жаап алууга болот. Ал эми жөө жүргөндө үстүңкү чапаны тоскоол болбошу үчүн аны шымдын ичине киргизип, белбоосу менен бекем байлап алган.

Бул анын тоо, бадал арасын аралап жүрүүсүнө өтө ыңгайлуу болгон. Кыргыз бекем тартылган белбоосуна кындуу бычагын, булгаары каптуу аягын жана башка баалуу буюмдарын илген. Узун этектүү чапан заматтын ортосунда кыска күрмө болуп, өзү жоокердин турпатына айланган [291, 144-145-б.], – деп жогорку баасын берип сүрөттөйт.

Ал эми Л.Ф. Костенко: Чапандар эң начар эби жок бычылган: өтө эле кенен жасалат, жеңдери колдон эки эсе узун, түрүп алса, чоң-чоң түрүмдөр болуп, иштеген адамдын, конокто олтурган адамга аябагандай ыңгайсыздыкты жаратат [235, 47-б.], – дейт. Бирок тышкы кийимдердин этек-жеңдерин эмне үчүн узун кылышкандыгына токтолуп, кызыкпайт. Чапандардын жеңдери узун, чалбар шымдардын кенен жасалышы климаты оор аймактарда колдордун үшүбөй жүрүшүн камсыз кылса, кенен шымдар менен жука чапандарды шымданышкан. Бул баскан-турганга жеңил болгон. Эң негизгиси чапанды, шымды адамдардын чоң-кичинеси бардыгы кийе берген. Ал эми шымдардын багалектеринин кенен жасалышынын дагы бир себеби өтүктүн тышына түшүрүлгөн [60, 22-б.].

Эми ар бир шымдын аталышы, жасалышына орун берсек, кыска жүндүү териден жуулуп-тазаланып, ашатылып жана ийленген териден жасалган шымдар көбүнчө кыштын күндөрү кийилген. Мындай тери шымдар сары түскө боелгон (өңдөлгөн). Бул шымдарды, негизинен, малчылар, мал менен иштеген адамдар көп пайдаланышкан. Шымдын жүнү дене үчүн жылуулукту камсыз кылып турса, териси шамалды, сызды, суукту өткөрбөйт.

Г.С. Загряжеский шым жасала турган терини иштетүүнү төмөнкүчө сүрөттөп жазган: Козунун жана улактын териси эки-үч күн сууда жаткан, андан кийин аны бычак менен кырып чыгышкан соң, кайрадан аны айран, ун жана туздан жасалган малмага эки-үч күн жаткырып, убагы келгенде аны жууп-тазалап, тоборсугандан кийин кол менен ушалап ийлешкен. Музоонун жана кулундун терисинен жасалган жаргак шым да ушундай эле ыкмада иштетишет. Кулундун, өзгөчө кара түстүү кулундун терисинен жасалган шымдар өтө көркөмдүү көрүнгөн. Бул шымдар, негизинен, суудан жана сыздан коргоо кызматын аткарган. Ошондой болсо да катуу жааган жамгырдан кийин тыш кийимдердин бардыгын бир сыйра укалап чыгууга

туура келгендигин белгилеп өткөн [465]. Жогорудагы эки изилдөөчү эки башка жыйынтыктарды айтып жаткандыгын дагы белгилей кетебиз.

*Теке шым,* аты айтып тургандай эле тоо текенин, эчкинин, үй жаныбарларынан серкенин жана эчкинин ашатылып, ийленген терилеринен жасалган. Көбүнчө тоо текелердин терисинен жасалгандыктан жалпы жонунан гана теке шым деп аталып калган. Кийик, музоо, кулундардын жүндүү терилеринен жасалган шымдар жыдытылып ийленген териге салыштырмалуу сууга чыдамдуу болгондугу менен айырмаланган. Чалбар шым, теке шым, жаргак шым булардын тигилиштери бирдей эле болгон. Көбүнчө, эки териден тигилип, экөөнүн кошулган жери кадамдын кенен шилтенишине жана атка минип жүрүүгө ылайыктуу болушу үчүн ала салынган [503, 1-б.].

Шымды тигүү өтүк ултарган сыяктуу шибегенин жардамы менен, эки учуктап алып, ички жипти тышка илип чыгып, ага тыштагы жипти өткөргөндөн кийин теңдеп тартып же илмекти тигиштин ичинде калтырышкан. Бул тигүү ичинен, тышынан караганда да өтө тыкан көрүнгөн, ошол эле учурда бекем дагы болгон. Ал эми тери шымды тигүүдө тигиле турган жерлеринин жүндөрүн бир эли өлчөмүндө териге чейин такырайтып кыркылган. Койдун териси жука болгондуктан, аны тигүүдө теменени жана оймокту пайдаланышкан [503, 1-б.].

Чалбар, жаргак, теке шымдын тизеден ылдыйкы бөлүгүндөгү капталдарына кооздук жана дүйнө таанымдарына ылайык диний, тотемдик, өсүмдүк оюулары түшүрүлгөн. Колунда бар эркектер кең багалектерине толкун, гүл жалбырак, кобул оюулары түшүрүлгөн саймалуу шымдарды кийишкен [31, 35-б.; 32, 178, 179-б.]. Казактын уз-чеберлери дагы өсүмдүк: жалбырак, ачыла элек гүл, ийри сызык оюуларын түшүрүшкөн [288, 111-б.]. Сайманы түшүрүүдө анын бардык түрлөрү колдонулган. Айрыкча, шымдын каптал жагына гана оюу-саймалар түшүрүлүп, секиртме, илме, илмедос (илме – кыргыз сөзү, дузе – тигүү, тажик сөзү [60, 110-б.]) ыкмалары көбүрөөк пайдаланылган [60, 118-, 222-б.].

Жаратылышы катаал Мургабдыктар, Кичи памирликтер кой, эчки терилеринен тигилген чамбар, жаргак, теке шымдарды кийип келишкендиги жана аңчылыктары,

соода-сатыгы тууралуу орто кылымдардагы саякатчылар азыраак маалыматтарды келтирип кетишкен [8, 161-б.; 451, 28-б.].

Тери шымдар кошуна элдер арасында дагы кийилип келген. Сарттар көбүнчө эчкинин терисине чалбарларды тигишип, аны кызгылт же сары түстөргө боеп кийишкен [453, 272-б.].

Түркстанда койдун жана эчкинин терилеринен чалбарлар көп жасалган. Айрым учурларда Россияга да алынып кеткен. Алар жогорку сапатта болгондуктан, орус аскерлеринин жоокердик жана кызматтык кийими катары 1868-жылдан расмий түрдө бекитилген. Кой терисинен тигилген чалбар базарларда 3-4 рубль туруп, үч жылга чыдаган. Анын артыкчылыгы ат үстүндө кийүүгө ыңгайлуу болгон. Чалбардын көркөмдүү болушу үчүн жибек жиптер менен оймо-чиймелер салынып, саймаланган [235, 242-б.].

Казактар кыштын суук күндөрү буттарына кой терисинен же ийленген териден (жаргак) тигилген түрдүү түскө боелгон шымдарды кийип жүрүшкөн [230, 25-б.]. Кой терисинен тигилген шымдарына ала-була ачык-түстүү сүрөттөрдү түшүрүп алышкан. Аялдары деле ушуга окшош кийинишкен [235, 40-б.].

Хакастар шымдарын шубур, чубур деп аташкан. XIX кылымдын аяк чендерине чейин койдун, үй эчкилеринин, жапайы эчкилердин, музоо, кулун, багыштын жана бугунун терилеринен түгүн ичти каратып тигип кийишкен. Кой терисинен тигилген шымга койдун эки териси керектелген. Аны 6-7 жылга чейин кийип жүрүшкөн. Бул шымдар кышкы ыстан (ыштан) деп аталган [451, 47-б.]. Шымдардын аталыштарындагы айырмачылыктарды карасак, башкырлар салбар, тувалыктар – чупур, алтайлыктар – ыстан, түндүк алтайлыктар – чампар, телеуттар – чамбар деп аташкан [451, 49-б.].

Кара ногойлор кыштын күндөрү кие турган койдун терисинен тигилген шымды тери шалбыр дешкен. А. Павлов: Кара ногойлор мыкты чеберлер. Эгерде жылкынын терисин куйругуна чейин сыйрып алса, аны эч бир тигүүсүз эле иштеткенди өздөштүрүшкөн [328, 12-б.], – деп терилерди туюк иштетишкендигин маалымдайт. Чындыгында эле, байыркы чеберлер шым же бир идиш тигүүдө мүмкүн болушунча азыраак тигиле тургандай кылып малдын терисин сыйрып алышкан.

Ал эми чапандарын шымданып алуусу кыргыздарда эле эмес казак, өзбек элдеринде көп кездешкендигин окумуштуулар Л. Костенко [235, 242-б.], А. Хорошкин [435, 100-б.], Б. Солтоноев [383, 12-б.], Ю. Головнина [142, 61-б.], К. Антипина [60, 222-б.], А. Левшиндер [259, 43-б.] дагы белгилешет.

Кыргыз элинин алгачкы этнограф-тарыхчысы Белек Солтоноев: «Багыштын терисинен жасалган кандагай шымын колдонгонго чейин кыргыздар тоо текенин же эчкинин, аркар-кулжанын терисинен жасалган шымдарды пайдаланып келишкендиги маалым. Ал көбүнчө теке шым, кең багалек келбер шым, айрым учурларда жаргак шым деп аталган» [383, 12-б.], – деген кыскача маалымат берет. Бул жерде көрүнүп тургандай, баатырдык, эпикалык доорлордо багыштын терисинен жасалган же кандагай деп аталган баатырдык шымдарды эпостордон гана кездештиребиз. Балким, мунун сыры кандагай шым, күрөөкө тондор өзүнүн мурунку тотемдик күчүн жоготуп, элдин ишениминдеринде көп сакталбай калгандан да болушу ыктымал...

Кандагайдын жасалышы кенен, согончокко жете узун, кашатынан карышча жери эки катталып, шырылып, тигиштерине башка түскө боёлгон жаргактан милте коюлуп, кош тарамыш менен тигилген. Кашатына тигилген бүгүшкө кайыштан ычкыр өткөрүлгөн. Бул шымдар өзүнүн өтө сапаттуулугу менен айырмаланган. Кандагай атчан адамдардын кийип жүрүүсүнө өтө ыңгайлуу болгону менен, жөө басып жүргөн адамдар үчүн өтө ыңгайсыздыкты жараткан [67, 117-б.]. Ошондуктан дүйнөлүк окумуштуулар шымдын жаралышы алгачкы ирет Борбордук Азиядагы көчмөн элдерде, анын ичинде жылкыны колго эрте үйрөткөн көчмөндөрдө пайда болуп, кийинчерээк гана отурукташкан элдерге өткөндүгүн моюнга алышкан.

М. Толубаев «кандагай» тууралуу жазган макаласында анын маанисин карап жатып, эвенк жана манчжур тилдеринде «кандагаа», «кандаха», байыркы монгол тилинде «кандагаа», «кандахан», ал азыркы монгол тилинде «хандагай», бурят тилинде «хандахай» бүгүнкү мезгилде да багыш деп аталаарын белгилейт. Сөздүн этимологиясына келсек, кыргыздардын «кандагайы» моңголдун «кандагасы» [341, 372-б.; 252, 138-б.] – багыш деген атка түздөн-түз байланышкан [36, 99-б.].

Андан тышкары азыркы мезгилдеги Тувада Кандагайты деп аталган аймак бар. Эгер мааниси менен которсок «багыштуу жер» деп которулат. Ошентип кандагай сөзү монголдордо багышты, якуттарда токойдун жана жаныбарлардын колдоочусун, тувалыктарда аймактын аталышын, ал эми кыргыздарда баатыр жоокерлердин шымын түшүндүргөн [404, 107-б.], – деген оюн айтат.

И.Б. Молдобаев түрк тилдеринин ичинен кыргыз тилинде гана «кандагай» сөзү кийимди билдирип, башка жаныбардын терисинен жасалган күндө дагы «кандагай» аты сакталып кала бергендигин белгилеген [302, 227-б.].

Макелек Өмүрбай дагы өзүнүн изилдөөлөрүндө: «Кандагай» деген уй-бугу-багыш түрүндөгү жаныбар болгон. Анын терисинен ийленип жасалган баатырлардын шымын кандагай деп аташкан. Кандагайдын териси абдан калың жана бышык болуп, андан үртүк, саадак, кээде тонго тыш жасоого да колдонулган. ... Кандагай шым жөн эле тери шым болуп калбай, анын багалектерине кундуздун терисин кармаган көркөм шым [268, 472-б.], – деген.

А.Ж. Муратов: «Манас» эпосунда тери кийимдер баатырларды көп жолу өлүмдөн сактайт, ургаачылардын уздугун сындан өткөрөт, согушту жеңүүдө дал ушул кийимдер себепчи болот. Алсак, кандагай шым чоюлса айрылбайт, бош турганда жайылбайт, «тартып көрсө чоюлат, кое берсе жайылат» [309, 65-б.], – деп кандагай шым биринчиден, коргонуучу курал, экинчиден, согушта жеңишке жетүүгө себепкер болгон ыйык буюм катары сыпатталса, үчүнчүдөн, уз аялдардын мыктылыгын сынаган көркөм буюм катары баалаган.

Ал эми С. Орозбаковдун «Манас» вариантынын түшүндүрмөсүндө кандагай тууралуу төмөндөгүдөй маалыматты кезиктиребиз: «Кандагай – тоо текенин, багыштын ж.б. терисинен жасалып, баатырлар, балбандар жоого, балбан күрөшкө, эр сайышка, оодарышына кийиш үчүн тигилген шалбар шым. Калың териден, булгаарыдан жасалып, жоо куралы өтпөй турган согуштук ат жабуу да кандагай деп аталат. Кээде калың тигилген жоо кийимдери, чарайна соот деп аталган» [282, 541-б.]. Демек, жогорудагы маалыматка таянып, кандагай шымынын жаралышы байыркы енисей кыргыздарынын маданиятына барып такалаарын айтууга болот. Кандагай шым боюнча эң мыкты тарыхый-этнографиялык булак «Манас» эпосунда:

... Жеке башы бир шымдын / Жети тайлык баркы бар [282, 95-б.], – деп кандагайдын анык наркы айтылат. Буюмдун баасына жараша ага жумшалган эмгек, анын кадыр-баркы жана орду аныкталган. Эгерде кандагайды бүгүнкү күндүн наркы менен баалай турган болсок, тайдын орточо баасы 30 миң сомду түзсө, шым 210 миң сомго бааланмак.

К.И. Антипина кандагай шымы тууралуу төмөндөгүдөй өтө кызыктуу маалыматты келтирген: Аксакалдардын айтуусу боюнча, кандагай шым үйлөнүү-үлпөт тойлордо, көк бөрү оюндарында жана мергенчилик учурунда кийилген (28-сүрөт). Анын баасы аттын баасына барабар [60, 223-б.]. Демек, теке шым жалаң гана согуш, кармаш учурунда кийилбестен, салтанаттуу күндөрү дагы кийилген. Ал эми анын баасын бүгүнкү күнгө которсок 70-80 миң сомдун тегерегегинде бааланган. Бул маалымат «Манас» эпосунда айтылган маалыматка өтө жакын экендигин белгилөөгө болот.

Дагы бир эске алуучу жагдай, кыргыз уруу бирикмелеринде, уруктардын аталышында багыштын аты менен аталган бир нече урууларды дагы мисалга тарта кетели. Мисалы, багыш, сарыбагыш, карабагыш, чоң багыш, ак багыш, көк багыш, арык багыш, жыланач багыш, үч багыш, куу багыш ж.б. уруу, уруктар азыркы мезгилде да көп жолугат.

Багыш уруусу болуп аталып калуулары боюнча О. Каратаев төмөнкүлөргө токтолот: Этникалык аталыштын параллелдери кыргыздардан чоң багыш (сол канат), сары багыш (оң канат), кара багыш (адигине уруулук тобу), ак багыш (тынымсейит), куу багыш, кызыл багыш формаларында кездештирүүгө болот. Биздин пикирде, жогоруда аталган «багыш» энчилүү атына байланышкан уруулар, уруктар байыркы жана орто кылымдардагы күч-кубаттуу багыш уруусунун бөлүктөрү болуусу мүмкүн. Ак, кара, сары, куу ж.б. түстөр байыркы доорлордо жашап өтүшкөн түрк-монгол тилдүү элдеринде, анын ичинен кыргыздарда жердин географиялык багыттарын аныктаган [252, 30-б.].

Демек, уруунун багыш аталышы тотемдик ишенимдеринен, дүйнө таанымдарынан, жашоо-тиричилигинен тышкары алардын аймактык жайгашууларын дагы көрсөткөн.

«Багыш» сөзү тууралуу С. Закировдун эмгегинен: «Чагатай кыргыздардын турган жерин багышка (аймакка) бөлгөн»; «Алтын Ордого – 92 багыш карап турган экен» [177, 80-б.] – деген кызыктуу түшүнүктү кездештерибиз. Бул жерде «багыш» сөзү: «аймак же өрөөн» дегенди түшүндүрүп жатат.

Алтай элдеринин кийим-кечектерин изилдеген окумуштуу Л. Потапов: Алтайлыктардын эркектеринин кийим-кечесинин ичинен кыргыздардын кулундун же эликтин терисинен жасалган жайкы тыш кийимине өтө жакыны «дрьаргак», анан эликтин терисинен аңтара тигилип, тондун үстүнөн кийилүүчү «дьака» кийими. Кыргыздар дагы даакы кийип жүрүшкөн. Алар малдын (бөтөнчө тоо эчкисинин жана эликтин) жүнү жыдытылып иштетилген терисинен шым кийишкен. Шымдардын бычылышы, башка бөлүктөрүнөн айырмаланып, тигилерде да, буларда да бирдей болгон [341, 15-б.; 36, 98-б.], – деп алтайлыктардын дагы жапайы жаныбарлардын терисинен шым жасашкандыктарын, алардын жакындыктарын белгилеп өтөт.

Жыйынтыктап айтканда, көчмөн элдер үй жаныбарларынын ичинен: кой-эчкинин, музоонун, кулундун, ботонун; тоо жаныбарларынан: кийик, кайберен, жейрен, бөкөн, ак куйрук жана башкалардын терилерин эң жогорку деңгээлде иштетип, шымдын бир нече түрүн жасап келишкен. Жогорудагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, кандагай, чалбар, жаргак, теке, кеште, сайма шымдардын кенен тигилип жасалышынын практикалык мааниси чоң болгондуктан, аны кичирейтип, тыкыс кылып жасоого ашыгышкан эмес. Ошондой эле шымдардын багалектерине саймалардын, кештелердин түшүрүлүшү, алардын алтай элдеринде дагы кездешиши, байыркы мезгилдерде эле пайда болгондугун айгинелеп турат.

Шымдар баш кийим, тон, ичиктерден айырмаланып, көбүнчө коомдук-экономикалык жана жоокерчилик шарттарга ылайыкталып даярдалган жана колдонулган. Баса белгилөөчү жагдай, кыргыздардын дүйнө таанымында жалпы эле кийимдерди аземдей берүүнү «сылаңкороздонуп» дешип жактырышпаган. Тагыраак айтканда, башка элдерге салыштырмалуу коздукка көп көңүл бурушкан эмес. Ошондуктан сайма, кеште шымдар дагы сейрек жасалып, аларды коомдун жогорку өкүлдөрү гана кийишкендиги белгилүү болуп жатат.

## § 4.4. Салттуу курлар, анын түрлөрү

Советтик археолог, окумуштуу А.Н. Бернштам: Кыргыз элинин чындыгында өзүнүн байыркы тарыхы менен сыймактануусуна негиз бар. Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элден болуп туруп, алар бизге маданияттын жана искусствонун шедеврлерин калтырышкан. Айрым фактылар аны эң сонун далилдеп берет алат. ... Енисейдин Копен айылында табылган буюмдарда: Байыркы белгисиз сүрөтчү чебер колодон томпок рельефтүү жасаган кемердин жазы тогоосуна, ээрдин тердигине токойлуу тоонун башына жакындаган булуттун алдында текиреңтаскактатып бараткан атчан, аттын тизгинин кое берип, жалына өбөктөй, өзүнө карай секирип келе жаткан барсты кайрылып, жаасы менен атканы турган атчандын турпатын түшүргөн. Атчан мергенчиден үрккөн жапайы жаныбарлар, бугунун жай чуркашы, учкаяк текечер, жаалдуу камандар чеберчилик менен берилген [90, 519-521-б.], – деп кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн бийик деңгээлде өнүккөндүгүн кемердин мисалында баса белгилеген.

«Манас» эпосунда жоокердик курал-жарактардын аталышы, жасалашы жана алардын Енисей кыргыздары жашаган аймактардан табылышы, иш жүзүндө далилдениши окумуштуулардын кызыгуусун туудурган. Алсак, алгач жоокердик коргонуучу жабдык катары таанымыл болгон белдемчи жыгач, булгаары, кеч мезгилде металл купалардан жасалып, белди, кабыргаларды жаанын огунан, кылычтын мизинен коргоп турган. Ошондой эле бадана тон, чопкут, ак олпок тулку бойго кийилсе, ийинди коргош үчүн карыпчы колдонулган. Ал, алгач жыгач, булгаарыдан жасалып келсе, кийинчерээк металлдардан жасала баштагандыгы белгилүү [302, 70-, 122-б.].

«Манас» эпосунда: Алеңгир жаа, сыр жебе / Колосокто огу бар [272, 255-б.] / Күчүгөн жүндүү сыр жебе / Киричине салышып [273, 132-б.] / Калмак ээр кашы деп / Как жүрөктүн башы деп / Алтын кемер чети деп / Айбалка төштүн бети деп [274, 250-б.]. ... Табарсыкты чаптаган / Жогору жагы жүрөктүн / Ай балкасын каптаган / Жаркыраган карк алтын / Жигин бенде таппаган / Карк алтындан өзү бар / Көөхар таштан көзү бар / Кызматым билсең мунум бар [275, 97-б.], – деп кемер, бир чети

коргонуучу курал катары сыпатталса, экинчи четинен аздектүү, баалуу буюм катары сүрөттөлөт.

Чындыгында эле кур, кемер катуу металлдан жасалып, ошол эле учурда көпкө сакталуу касиетине ээ болуп, баалуу буюмдардын катарына киргендиктен азыркы мезгилге чейин жетип, аларды талдаганга, кол өнөрчүлүктүн жана башка элдер менен этномаданий байланыштарын аныктаганга жол ачып олтурат.

Кур тагынуу болжолдуу б.з.ч. 2-миң жылдыктын аягында көчмөн элдердин маданиятында жаңыдан пайда боло баштаган. Албетте, андан бери курдун жасалуу формасы көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Ошентсе дагы анын негизги өзөгү сакталып, орто кылымдарда кемердин тароо ареалы кененирээк жайылып, Борбордук Азиядан Батыш Европага, Амурдан Австрия, Германия чөлкөмдөрүнө чейин  жеткен. Ал эми XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында ал Сибирь, Орто Азия, Казахстан, Кавказ, Кичи Азия жана Чыгыш Европа элдерине тараган. Көптөгөн изилдөөчүлөр кемер-курдун Евразия аймагында пайда болушун көчмөндөрдүн жылкыны колго үйрөтүшкөндөн кийин жоокерлердин жаңы тобу (атчан жоокер), курал-жарактардын жаңы түрлөрү жасала башталган мезгилден баштап  жасалгандыгын белгилешкен [331, 302-, 303-, 306-б.]. Теңир-Тоонун көптөгөн аймактарынан байыркы мезгилдерге таандык кемерлердин жазы купаларынын бир нече түрлөрү табылгандыгын К.Ш. Табалдыев эмгектеринде көрсөтүп өтөт [393, 302-303-б.].

Малчы-көчмөндөрдүн маданиятында кур, эң биринчиден, куралдын бири түрү катары белгилүү болуп, ага саадак, окчонтой (99-сүрөт), кестик, канжар, кылыч өңдүү куралдар илинген. Мына ушундан улам, ошондой эле археологиялык казуулардан табылган кемерлердин түрүнө карата, ал бир эле учурда жоокердик, аңчылык, көпчүлүк колдонушу үчүн жөнөкөй курлар жана жасалгалуу курлар катары белгилүү боло баштаган.

Курду тагынуунун маданиятынын өзү бир нече кырдуу болгондуктан, аны түрдүү жактарын изилдөөгө алса болот. Алсак, кийимдин түрү, керектүү куралдарды илүүчү буюм, кооздуктардын жыйындысы, жоокердик же кол өнөрчүлүктөгү куралдын

элементи, социалдык символ, бийлик системасынын белгиси жана жөнөкөй караганда кооздук, көркөм каражаты катары кароого болот [169, 172-б.].

Кур-кемерлер элдик маданияттын негизги элементтеринин бири, ошондой эле өзүнчө өзгөчө касиетке ээ. Себеби кемерлер, алардын жасалышы, тагынуунун өзгөчөлүктөрү аркылуу алардын кайсыл бир уруунун өкүлү экендигин аныктап коюуга мүмкүн [169, 173-б.]. Ошол себептен курду этнобелгилик каражат катары таанууга да болгон. Бирок бул аныктамага айрым окумуштуулардын тобу макул эместигин билдиришкен.

Кемерге берилген түшүндүрмөнү келтире кетели. Кыргыз тарыхы энциклопедиясында: *Кемер* – тышкы кийимди белге кыса байлоочу кур. Ал жогорку сапатта иштетилген кайыштан жазылыгы алакандай жасалган. Кемер кыргыздардын салттуу турмушунда адамдын бир курактан экинчи куракка өткөнүнүн билгизет. Аны жигит курагына киргенден баштап тагынышкан. Ал – жигиттик намыстын, жоопкерчиликтин, тайманбастыктын белгиси. Жасалышына карай жөнөкөй *кемер, күмүш кемер* деп бөлүнгөн. Тогоосу темирден жазы жасалып, ичинен илгич менен илинет. Кайыштын тышкы бетине ар кандай түрдө оюлган кооздуктар басылып, алар күмүш менен жалатылат [253, 226-б.], – деп кемердин өзүн, аткарган кызматын, кайсыл куракта тагынаары айтылган. Жогорудагыдан тышкары байыркы мезгилдерде кыргыздар курчанган күмүш оймо-чиймелер менен көркөмдөлгөн кур *бөдөнө кемер* деп аталган. Ал тон, ичиктин үстүнөн гана курчалган. Мындай кемер түштүк кыргыздарда XIX кылымга чейин пайдаланылып, негизинен, бай-манаптардын, белгилүү адамдардын кийим-кечектеринин бири болгон. Бул боюнча маалымат берүүчүлөр да ушул пикирди билдиришет [503, 2-б.]. Кошумчалай кете турган жагы, кыргыздарда эркектер үйлөнгөн күндөн тартып, кемер тагынууга уруксат алган.

Кур, кемерди так жана далилдүү талдоо үчүн окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн эмгектерин, сөздүктөрдү, чет жакта жашаган кыргыздардын кийим-кечектерин, ошондой эле салыштармалуулук үчүн башка элдердин дагы кур тагынуу, күтүү маданиятын кароого аракет жасадык. Алсак, К.К. Юдахин кыргыздардын айрым жерлерде илгичи бар кайыш курлардын (мурда кооздолуп

жасалган) пайдаланылып келгендигин белгилейт [255, 299-б.]. Бул жерде баса белгилеп коюучу нерсе, кур тогоодон жана тогоого тагылган тилинен турган. Өтө жөнөкөй жасалганы жана оюу түшүрүү мүмкүн болбогону менен тогоонун үч тарабына ийри, толкун сызык, үч бурчтук, ит куйрук өңдүү оюулар рельефтүү түшүрүлгөн [504, 2-б.].

Каратегиндик, Жерге-Талдык кыргыздарды изилдеген Б.Х.Кармышева: ... Мурунку мезгилдерде колунда бар бай адамдар күмүш менен жасалгаланган булгаары курларды (камар) тагынышкан. Мындай курларды Жерге-Тал районунда Кулябдык уста жасаган [216, 143-б.], – деп булгаары кур тагынышкандыгы тууралуу маалымат берип өтсө, С.М. Абрамзон: Какшаал кыргыздарында аксакалдары чаар кездемеден белбоо тагынышып, аны *дүнгө кур* деп аташса, ал эми жаштары саймаланган жоолуктарды кырынан эки бүктөп тагынып жүрүшсө, бай адамдары булгаарыдан жасалып, оюу-чийме түшүрүлгөн жазуу тогоолуу кемерлерди тагынышкан. Чоң багыш уруусундагылар белбоо тагынышпайт, күмүш шөкөттөлгөн булгаары кемерлерди тагынышат [34, 356-б.], – деп Кызыл-Суулук кыргыздардын кур тагынуусу боюнча маалымат берген.

Тыш кийимдерин жоолук менен курчануу XIX кылымдын 80-жылдарынан тартып кенен жайылса, ага чейин чоң жазы тогоолуу кемерлер колдонулган. Алай кыргыздарынын саймаланган жоолуктун үстүнөн булгаары кемер курчанып келишкендигин С.М. Дудин дагы белгилеген. Тыш кийимдин үстүнөн кайыштан жасалган кемер курларды курчанышкан. Ага, сөзсүз түрдө, бычактары илингендигин С.М. Абрамзон дагы белгилейт [31, 36-б].

К.И. Антипина дагы курга кайрылып: Кемер, кур, кушак менен эркектер тыш кийимин, сөзсүз түрдө, курчанып жүрүшкөн. Акыркы жүз жыл ичинде кушак, күмүш менен коздолгон эндүү булгаары (же баркыт) кемерлер менен курчанышкан. Аксакалдар ак, орто муундагылар кара, жаштар кызыл, жашыл түстөгү бото кур, белбоо курлар менен курчанышкан (46-47-сүрөттөр) [60, 230-б.], – деп токтолуп өтөт. Бул жерден көрүнүп тургандай курдун түсү дагы маанилүү болгондугун көрсөткөн.

Кемер жасалуучу тери биринчиден тандалып алынган. Семиз уйдун, буканын терисинен жасалган кемерлер мыкты болуп эсептелген. Кемердин кайыш бөлүктөрү

3-4 элидей эндикте кайыштан же жакшы ийленген күдөөрү булгаарыдан эки каттай тигилген. Анын бетине түркүн түспөлдө жазы жашык темир чабылып, күмүш жалатылган. Кемер тогоосу калкандуу келип, ал ичинен темир илгич менен курчалат. Мындай кемер, *күмүш кемер* деп аталган. Тогоолор көбүнчө эки түрдө: сүйрү жана төрт бурчтуу турпатта жасалган. Алардын кооз болушу үчүн асыл таштарды дагы чөгөргөн. Тогоонун тегереги майда күмүш зым жипчелери менен торчолонгон [48, 94-б.]. Кемердин жазы тогоосуна «тогуз төбөлөө» же акак, баалуу таштарды чөгөрүү сыяктуу эле кайышына дагы төрт чарчы түрүндө же жээктерине бирдей аралыкта күмүш, жез, акак таштарды бөрктөп чыгышкан. Адис усталар зер буюмдарга салынган оюулардын баарын сала алышкан [48, 95-б.].

В.И. Кушелевский өзүнүн Орто Азия элдеринин, анын ичинде сарттардын (өзбектердин) жана кыргыздардын этнографиясын, кийим-кечектерин карап жатып кур, кемерлерге дагы токтолгон. Сарттарда бардыгы кемер тагынышып, анда көптөгөн буюмдар илингендигин айтат. Мисалга алсак, чакмак таш (өзүнчө булгаары калтага салынган), калта (күмүш тыйындар салынган), арчадан (тиш чукур салынган), тарак (сакал тарак) кисеге салынган [246, 338-б.].

Жогоруда изилдөөчүлөр кур же кемер деп эки аталышын, түрүн жазып келишсе, кийинки кеч мезгилден баштап, кисе аталышы дагы байма-бай айтыла жана жазыла баштаган. Байыркы мезгилде мааниси башканы билдирип, ал эми азыркы мезгилде башка мааниде колдонулуп жүргөн сөздөрдүн бири «кисе».

*Кіса* – байыркы түрк сөзү, азыркы мааниге которгондо «капчык», «калта» болуп которулган. Кисенин аталышына жана маанисине академик В.В. Радлов дагы кайрылып: Капталга бекитилген булгаары чөнтөк, ага ок, ок дары салынган [350, 872-б.], – деп жыйынтык чыгарган. Бул жерден белгилүү болуп тургандай эле, кисе – баштык, капчык, калта, чөнтөктүн кызматын аткарып, ага күнүмдүк турмушка же аңчылыкка керектүү майда буюмдар салынган (48, 49, 50-сүрөттөр).

А.С. Акматалиев кисени оттук, кын, окчонтой, баштык, кылыч кестик өңдүү мергенчилик, жоокерчилик аспап-куралдар кыстарылуучу жазы кур катары сыпаттап: Илгерки көчмөн, жоокерчилик заманда кисеси жоктор эр бүлө катары эсептелбеген (26-сүрөт). Бул буюм да чебер коолдолуп жасалган. Киселер баалуу

мүлк катары атадан балага мурас катары өткөн. Мыкты кисе жана ага илинген ар түрдүү буюмдар ээсинин турмуштук абалына жараша алтын, күмүш, жез сыяктуу асыл заттар чөгөрүлүп коздолгон [48, 105-б.], – деп кошумчалайт.

Байыркы Енисейде *кеш* сөзү – кемер, саадак, ал эми *кешене* короо-сарай маанисин түшүндүрсө [90, 40-б.; 36, 97-б.; 302, 122-б.], «Манас» эпосунун түшүндүрмө сөздүгүндө кешене (кешене, кеште) ир. кеште – сайма, түр, саймаланып кооздолгон, же алтын, күмүш жип менен саймаланган, түр түшүрүлгөн кездемени билдирген. Көбүнчө «кештене кур», «кеште кур» түрүндө айтылат. Ошол кездемеден белге курчанган курду же жоолукту туюнтат [285, 133-б.], – деп берилет. Ал эми Х. Карасаев дагы бул сөздүн иран тилинен киргендигин моюнга алуу менен, аны сайманын бир түрү [212, 153-б.] катары карайт.

Кыргыздардын байыркы мезгилдерден бери ойнолуп келе жаткан чатыраш, тогуз-коргоол, топ таш сыяктуу интеллектуалдык оюндарынын катарына кишге оюну дагы киргизилген. Бирок ал кандай оюн болгондугу тууралуу түшүндүрмө берилбейт. Ошондой болсо дагы төмөндөгү саптардан кандай оюн экендигин болголоп билсе болот: ... Кишисинен кырк-элүү / Киштеге кирип калыптыр [273, 308-б.]. Кишге оюнун шахмат оюну экенин белгилеген авторлор С.А. Раимбеков, С.Г. Харламов, И.М. Макиевскийлер анын кээ бир фигураларынын гана башкача жол менен жүргөндүгүн, андан тышкары Орто Азиянын жана Казахстандын аймагында жашап келген элдердин көпчүлүгү эң байыркы мезгилдерден бери эле ойноп келишкендигин, болгону аталыштары гана «кише», «кишге» деп өзгөрбөсө, оюндун эрежеси жана маңызы өзгөрбөгөндүгүнө токтолушат [352, 90-б.; 302, 263-б.].

Ф.В. Поярков өзүнүн күндөлүгүндө мындай маалымат келтирген: Кыргыздардын эркектеринин курунда оттук, шибеге, сакал тарагы жана башка буюмдар кыстарылган. Мурда курчанышкан кисе-кур эни 2ден 3 укумга жакын тилинген кайыштын жээктеринен көзөнөктөр чыгарылат, курдун оң кол жагына катуу кайыш баштыкча бекитилип, ичине таралган тарамыш, ээр-токумдарга керектелген буюмдар салынган. Ал эми сол жагына бычак жана башка жабдыктар кыстарылган. Мурда булардын баарысы күмүш, жез, калай жана темир менен кооздолуп, кисеге майда буюмдар илинген. Анткени шымдарында, тыш кийимдеринде чөнтөк

болбогондуктан, күнүмдүк турмушка зарыл болгон нерселердин бардыгы кисе-курга же чөнтөктүү курга салынган. Кыргыздарда улуу муундагы аялдар белдемчиге окшошкон түктүү териден же кийизден жасалган белдиктерди тагынышкан. Ал белдикке күнүмдүк турмуш-тиричиликке керектүү болгон оттук таш, кестик, ийне, темене, жип-шуу өңдүү буюмдарын салышкан [60, 245-б.]. Албетте, белдикти бардык эле аялдар тагынышкан эмес.

Ушундай эле «кисени» сүрөтчү П.М. Кошаров курга илинүүчү ок-дарылуу баштык менен оттук салынган булгаары баштыктын сүрөтүн тартып калтырган [32,. VIII табл].

Ч.Ч. Валихановдун казактардын курал-жарактарын сүрөттөп жатканда кисе-кур жөнүндө: Жебелер салынган курамсак (кыргыздарда – коломсок), жаа салынган саадак кемерге тагылган. Коломсок сол жакка тагылса, саадак оң жагында жүргөн. Бул согуш учурунда колдонууга өтө ыңгайлуу болгон. Коломсок, саадактар дагы теринин жакшы ийленген түрүнөн жасалгандыктан, ээсинин колунда бар-жогу коломсоктон улам билинип, алардын коомдук абалын көрсөтүп турган. Алсак, колунда барлар булгаары, көндөн же орустардын заводунан чыгарылган сапаттуу кызыл булгаарылардан жасашса, жөнөкөй, карапайым жоокерлердин саадак, коломсоктору өтө сапаттуу болбосо дагы, колго ийленген уйдун, төөнүн терилеринен алынган булгаары, курумдардан жасалган [117, 37-б.], – дейт. Албетте, алар оюу-чийме, андан тышкары жез, коло, алтын-күмүш оймолонгон көрчөгөлөр менен шөкөттөлгөн.

Кисе-курду тагынуу, жарактардын оң жана сол жактарга илиништери дагы өтө маанилүү. Мергенчинин куруна сол тарабына кисе (калтача), оттук таш, чакмак таш, милте, мылтык май, артына ок-күкүрт салгыч, ал эми оң жагына ок салынган окчонтой жана кыны менен бычак тагылган. Окчонтой көркөмдүү болушу үчүн оймолонгон жез, күмүш менен коозголгон [117, 39-б.].

Н.В. Кюнер байыркы жана эрте орто кылымдар учурундагы жашаган кыргыздардын аскердик куралданышы тууралуу: Алардын аттары да буттарына чейин калкаланган. Андан тышкары көкүрөк, бел жактарына атайын жыгачтан калканчалар жасалып байланган. Тактадан жасалган калканчаларды жаанын октору

жарып кеткендиктен каттап жасашкан [20, 59-60-б.]. Жогорудагы сүрөттөмөдөн көрүнүп тургандай, катталган жыгачтарды тери тасмалар менен бекитишкен. Андан тышкары, жыгачтан жасалган калканчалар аттын басышына, жоокердин ат үстүнө согушушуна да кайсыл бир деңгээлде тоскоолдуктарды жараткан. Ошондуктан каатталган терилер, уртүк жабуулар менен аттарды жаанын огунан, кылычтын мизинен жана найзанын учунан коргогон. Ал эми алардын археологиялык казуулардан табылбагандыгын чирип кеткендиги менен түшүндүрүүгө болот.

С.В. Киселев өзүнүн археологиялык казууларынын негизинде VI-XIII кылымдарга таандык Байыркы Енисей жана Алтай аймактарында табылган кемерлердин түстүү металлдардан жасалган жазы тогоолоруна, чопо идиштерине, чүкөлөргө, мөөрлөргө эн тамгалардын [249, 435-б.] түрдүү оюулардын геометриялык, өсүмдүк, гүл жалбырак, жана тотемдик оюулардын түшүрүлгөндүгүн, тагыраак айтканда, ичке торлуу чийме, гүл желекчеси, ийри сызык, кесик сызык, өрүм, дан, ай, үч бурчтук, кыя кесик, толкун, томпок жылдызчалар, мүйүз, умай, кочкорду жара тартып жаткан жырткычтын сүрөттөрү [249, 583-585-б.], кочкордун башы ж.б. оюу-чиймелер түшүрүлгөндүгүн белгилейт. Ушул эле оюулардын түрлөрү 1938-39-жылдары жүргүзүлгөн археологиялык казууларда Талас өрөөнүн Шаповаловка жана Өрнөк айылдарынан сөйкө, мончок, шакектерде жана чопо идиштеринде табылгандыгын А.Н. Бернштам да ырастап өтөт [84, 15-б.; 90, 490-б.]. Ферғананын түштүк-батышында жайгашкан Тура-Таштан табылган чопо идиштерине да геометриялык оюулар түшүрүлгөндүгү аныкталган [78, 54-б.].

Л.А. Евтюхова тарабынан казылган Енисей кыргыздарынын археологиялык (хакас) табылгаларынан арасынан Копендик Чаатас маданиятына таандык оозуна балык тиштеген буудайык куш (грифон), моюндары бири-бирине айкалыштырып турган куштар, балык жана короз, жомоктогу канаттуу айбанаттын турпаттары, өсүмдүк оюулары түшүрүлгөн кемерлердин жазы тогоолору табылган. Алард байыркы кытайдан жана ирандан табылган керамикалык идиштерге, медальондорго, жибек кездемелерге ж.б. нерселерге түшүрүлгөн оюуларга өтө жакын экендиги белгиленген [168, 44-45-б.].

Казак элинде да кисенин баштапкы мааниси өзгөрүп, курдун бир түрү катары аталып, ага атайын жасалган бекем, бирдей аралыкта кайыш илмектер бекитилген. Кисенин оң тарабына оттук таш, чакмак таш, кошумча биликтер, мылтыкты майлаган май салынган калталар, ок дары салынган мүйүздөр илинсе, экинчи тарабына тегерек же сүйрү формада тигилген ок салынган окчонтой жана бычактын кыны илинген. Ал эми артына, кыр арканын тушуна ок дары салынган куту тагылган [244, 92-б.]. Мындай окшоштуктар коман-кыпчактарда болгондугун жана анын «каптаргак» деп аталгандыгын голландиялык саякатчы Г. Рубрук белгилеп өтөт [10, 96-б.]. Ушундай эле киселерди алтайлык мергенчилер «кайыш кур» деп аташкан [341, 24-б.; 244, 93-б.].

Казактарда курдун дагы бир аталышы белдик деп аталган. Жакшы курду, кемерди жасоого алар болгон байлыгын жумшаганга аракет кылышкан. Өзгөчө эркектердин кемерлери өтө көркөмдөлгөн. Кемерге: капчык, окчонтой (окшантай), оттук таш, куу (билик, кургак, жумшак чөп, кайыңдын тамыры, жыгачтын тарамыштары, тытылган кебез ж.б.), кын илинип жүргөн. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, айрымдары жогорудагы буюмдардын зарылдыгы болбосо дагы көркөмдүгү үчүн илип алышкан. Алардын ичинен өтө кооздолуп, кошумча алтын, күмүш, жез жана баалуу таштар, айрым учурларда мүйүз, сөөктөн жасалган оюм-чийимдер кадалып, оймолонуп жасалганы окчонтой болгон. Ок салгыч үч жеринен майда чынжырчалар менен кемердин кайышына илинген.

Кемерлердин жазы тогоосуна гүл өсүмдүк, жылдыз, учуп бара жаткан куш, гүл, шоона, карышкырдын башы, көпөлөк, аары, кумурска, андан тышкары үч, төрт, алты бурчтук, ийри, сынык, толкун, чагылган сызыктар, чекит, үтүр геометриялык фигуралары майда жана ири көлөмдө түшүрүлгөн. Ал кемердин булгаарысынын узата эки жээги жашыл түскө боелгон. Ок чалгыч жалаң гана булгаарыдан жасалбастан сөөктөн, мүйүздөн жана кездеменин колдогу түрүнөн жасалып, биринчи жана экинчисине кочкор мүйүз, учкан куштарды элестеткен оюулар түшүрүлсө, кездемелерге тотемдик мүнөзгө ээ оюулар саймаланган.

Жаш балдарга жасалган кемерлерге жарактардын айрымдары гана илинген. Кемердин жазы тогоосу жүрөк үлгүсүндө жасалып, ага дагы өзгөчө оюулар: куштар,

бугулар, карышкырдын башы, кочкор ж.б. оюулар түшүрүлгөн. Аялдар дагы курларды пайдаланышкан, бирок алардын көбү кездеменин ар түрүнөн, кээде төө жүнүнөн ийрилип, токулуп жасалып келген. Ошол эле учурда кайыштан, булгаарыдан жасалган кемерлер дагы кездешкен [288, 120-123-б.].

Казактарда кайыштан же булгаарыдан жасалган кур – «кайыс белбау» деп аталган. XVIII кылымдан баштап казактарда кездемелерден кушак, белбоолор жасала баштаган. XIX кылымда казак элинде кайыштан жасалган курлар *белдик, күмүш белдик, кемер белдик* деп аталып, көбүрөөк колдонулгандыгын И.В. Захарова жана Р.Д. Ходжаевалар белгилешет. Жогорудагы аталыштар белбоо, белдиктер белге тагылган боо же кур маанисин түшүндүргөн. Дагы бир маалымат боюнча В.В. Радлов калтага кара күчтөрдөн коргонуу үчүн жасалган тумар же дубалар салынгандыгына токтолгон [351, 258-б.].

Байыркы түрктөр ар кандай илгичтер кадалган курларды белге курчанып, аларга оттук жана башка майда-бараттар, кайрак, бүлөө салынуучу баштыктарды тагынгандыгы археологиялык маалыматтардын негизинде аныкталган. Түрктөр үчүн мүнөздүү мындай куралдардын жасалгалары, баштыктары Кыргызстандын Чүй жана  Талас өрөөндөрүндө да табылган [124, 88-б.].

Алтайлыктардын баатырлары узун этектүү, киштин же арс чычкандын терисинен жасалган жакалуу ичиктерди кийип, *курдак* деп аталган кур менен курчанышкан. Баштарында кемчеттин терисинен жасалып, тасма тагылган тумактарды, буттарына калың булгаарыдан жасалган тогуз кат тамандуу өтүктөрдү кийишкен. Жоокердик коргонуучу кийими куяк деп аталып, ал кыска этектүү тигилген [341, 9-б.]. Монголдордо куяктар узун жеңдери менен, андан тышкары ийиндерин коргоо үчүн металлдан купа түрүндө жасалган.

Байыркы мезгилдерде алтайлыктарда, монголдордо кемердин сол тарабында кындалган бычактын түрлөрү, устара, шибеге, оттуктарды салып жүрүү салттары сакталган. Булардын бардыгы атайын жасалган кын, баштыкчаларга салынып, кемерге тагылган. Булгаарыдан жасалган баштыкты дагы илип алышкан. Ал баштыкка туз, кургак кебез, кургак чөп өңдүү керектүү майда буюмдар сакталган [60, 231-б.].

Алтайлыктарда кемердин оң тарабына жарым ай түрүндөгү калта үч жеринен боочо чыгарылып, кемерге тагылган. Сол жагына анчалык чоң эмес баштыкча илинген. Албетте, кемерлер жөнөкөй жана коолдолгон түрдө жасалган. Көркөмдөлүп жасалган кемердин жазы тогоосу жезден тегерек *көз* же алты учтуу чолпон *жылдызча* формасында жасалган. Теленгиттер кемердин жазы тогоосун сегиз учтуу жылдызча формасында кылып, тегерегине жашыл жана кызыл таштарды бекитип чыгышкан. Кемерге кыны менен бычак, арт жагына оттук таш илинген. Оттук таш салынган кызыл же кара булгаары калта гүл жалбырак, жалпак, үч бурчтуу оймолонгон жездер менен кооздолгон [341, 24-б.].

Алтайлыктардын аялдары дагы белдерине бел деп аталган куруна оюу-чийме наарланган булгаары калталарды илип жүрүшкөн. Андан тышкары калтанын бетине шуру, түстүү жиптер менен оюулар салынган. Учукка өткөрүлгөн шурулар жез шакекчелер менен булгаары калтага бекитилген. Аялдар өздөрүнүн балдарынын жана кыздарынын санын билдирүү үчүн курдун жазы тогоолоруна алардын кесилген «киндиктерин», кыздардыкын үч бурчтуу, эркек балдардыкын жебе формасында тигип, чач учтуктарына же курларына илип алышкан. Алар аркылуу канча балалуу, негизгиси канчасы уул, канчасы кыз экендиктерин башкалар оңой эле билип алышкан [341, 43-б.].

Н.А. Тадинанын белгилөөсү боюнча алтайлыктардын кийген кийимдери жынысына жана жаш өзгөчөлүктөрүнө карата бөлүнгөн. Алсак, 8-10 жашка чейинки кыздардын жана балдардын кийимдери көйнөктөн, шымдан жана чапандан туруп, айырмачылыктары белиндеги курдан билинген. Эркек балдар кайыштан *кур* тагынса, кыздар тасмалардан (кайыштан) өрүлгөн, чачыктуу *белдуштарды* тагынышкан. Курларына *отык* (оттук таш), *кынду бычак* (кындуу бычак же кестик) жана кур жасалгасы *шыкшерге* тагып жүрүшкөн. Оттук белдин артында, курдун астына салынган. Кыздар менен балдарды айырмалоочу дагы бир белги катары кындуу бычактардын илиниши болгон. Балдар бычакты курдун оң тарабына, ал эми кыздар сол тарабына илишкен. Илинген бычакка жараша курдун жасалгасы анын карама-каршы жагына тагылган [398, 91-б.].

Башкырлар курдун үч түрүн: белбау (белбоо), каптырга жана кемерди курчанышкан. Биринчи түрү кездемеден жасалса, экинчиси, каптырга булгаарыдан кичинекей төрт бурчтуу баштыкча формасында жасалып, белге тагылган. Каптырга кооз, ага бастырма оюулар түшүрүлгөн. Ал эми үчүнчү түрү кемер же кемер белбоо аталып, мыкты ийленген булгаарыга алтын, күмүш, жезге оюу салынган купалар бекитилген. Ошондуктан алардын баасы бир мыкты күлүк же эки букага чыккан [348, 149-б.].

Башкырларда күнүгө жана кыштын күндөрү кийилген тышкы кийимдерин кайыш белбоо же жумшак шооналардан жасалган белбоолор менен ороп, учун капталына кыстарып коюшкан. Эркектер кымбат баалуу кийимдеринин тышынан жибектен же баркыттан жасалган жасалгалуу кемерлерди курчанышкан. Ал эми чапандарынын көкүрөктөрү ачык калган [96, 130-б.].

Якуттардын тышкы кийимдеринин кошумча элементтери: бел тангыч – *баачы,* белдемчи – *бэлэпчи* деп аталган. Баачы түктүү жаргактан түгү ичти каратылып жазы жасалып, ашказандын төмөнкү бөлүгүн сууктан жана желден ишенимдүү сактаган. Ошондуктан алар кыш бою баачыны чечишкен эмес. Баачы көбүнчө коендун терисинен жасалса, бэлэпчи түлкүнүн терисинен жасалып, алдыңкы бети түстүү металлдардан жазы тогоо менен кооздолгон [334, 61-б.].

Тувалыктарда тамеки салынуучу буюм булгаарыдан жасалып, *чанчык* деп аталган. Ага саймалар салынып, кемердин сол жагына тагылган. Тувалыктардын эпосунда ок салгыч *дайза кур* деп аталат. Бирок дайза курдун чакмак таш жана бычактын жанында илингенин жамандыкка да жорушкан. Ошол эле учурда, мындай курду колунда бар байлар тагынышкан [148, 92-б.; 200, 227-б.].

Батыш Сибирь элдеринин ичинен кеттер үч түрдүү кур (кемер) тагынышкан: эркектердин, аялдардын жана кол өнөрчүлүктө пайдаланылган кур. Эң кызыгы курларды жалпы жонунан «кут» деп аташкан [169, 176-б.].

М.В. Горелик кидандардын жоокерлеринин куралданышын карап, алардын согуштук эреже-тартиптери боюнча төмөндөгү буюмдарды: ээр, жүгөн, үртүк, 4 жаа, 400 жебе, узун найза, кыска найза, чокмор, балта, кара мылтык, кылыч, найзага байрак, балка, шибеге, бычак, оттук таш, тепши, кургатылган тамак-аш, меш, илмек,

кийиз жана аттарды байлоо үчүн арканды алып жүрүүгө ар бири милдеттүү болушкандыгын белгилеген. Алардын жоокердик куралданууга өтө катаал жана кылдат мамиле кылышкандыгы көрүнүп турат.

Кемер монголдордун коомдук жана материалдык абалын билдирген негизги жарактардын бири. Кемер бир нече: металл жазы тогоодон, илгич тогоодон, үч-төрт илгичтен турган. Жазы тогоо темирден, сөөктөн, мүйүздөн, колодон, күмүштөн, алтындан жасалган. Жазы тогоого ажыдаардын, гүл чанагын, өзөгүн, эликтин ж.б. элестери түшүрүлгөн [143, 17-б.].

Жыйынтыктап айтканда, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн ою боюнча эркектердин куру-кемери кийимдин бир түрү катары гана кызмат кылбастан, бир жагынан кур ээсинин коомдук абалын, экинчи жагынан анын кесибин (жоокер, мергенчи, чабарман, элчи, соодагер) дагы көрсөтүп турган. Курлардын көчмөн жана отурукташкан элдердин арасында канчалык белгилүү болбосун алардын формасында, жазы тогоолоруна, таралгаларына түшүрүлгөн оймо-чиймелердеги локалдык айырмачылыктар сакталган. Ар бир көчмөн жоокер кур тагынып жүрүүгө укук алган. Курга тагылган илмектердин саны ээсинин коомдук абалын көрсөткөн. Курдун белден ылдый саландап турган учунун көркөмдөлүшү өзгөчө мааниге ээ болгон. Жазы тогоо жана таралганын формасы бирдей жасалып, алардын беттерине тотемдик оюулар түшүрүлгөн. Жогорудагыда белгиленип тургандай кемер өзгөчө көчмөн элдердин өзөктүү кийимдеринин жана курал-жарактарынын бири катары эсептелген.

## § 4.5. Бут кийимдер

Бут кийимдер этномаданий байланыштардын түзүлүшүнө, өнүгүшүнө жана жүрүшүнө байланыштуу өзгөрүп тургандыгын бизге жеткен маалыматтар тастыктап турат. Алсак, князь В.И. Масальский Түркстандагы, Орто Азиядагы байкоолорунда кыргыздардын кол өнөрчүлүгүн, кийим-кечектерин: терини иштетүү алгачкы жамааттык коомдогу ыкмалар менен жасалгандыктан, анчалык деле сапаттуу булгаарыларды алышпайт. Ошондуктан аларга анчалык деле суроо-талап жок. Иштетилген терилерден өзгөчө белгилеп кете турганы, одуракай (сапатсыз) ийленген тери күрөң, кызгылт түстөргө боелуп, андан кепич, өтүктүн согончогун, кылычтын кындарын, ат жабдыктардын коодуктарын жасашат. Орус бут кийимдери Орто Азияда өтө баалуу буюмдардын катарына кирет. Бирок алар шаарларда гана тараган [292, 532-б.], – деп үстүртөн гана жазып, көп токтолбойт. Г. Бардашев: ... кыргыздар бут кийимин орустардын кызыл терисинен жасайт [74], – деп эч кандай түшүндүрмө бербей эле өтүп кетет. Ушуга окшогон эле ойду С. Венюков өзүнүн эмгегинде: кара кыргыздардын кийген бут кийим ташкенттиктердикине окшош. Такалары бийик, артына кыска из калтырып кетет [123, 110-б.], – деп көрсөтөт.

В. Масальский, Г. Бардашев жана С. Винюковдун көчмөндөрдүн, анын ичинде «кыргыз элинин тери иштетүү ыкмалары өтө байыркы, алынган булгаарылары сапатсыз» деген ойлорун, Л. Потапов алтай элдеринин маданияты менен байланыштырып келип: терини ийлөө жана үй жаныбарларынын, жапайы аңдардын терилерин иштетүүдө колдонулган курал-жарактар, ыкмалар эң байыркы, салттуу жолдор менен колдонулган. Жасалган буюмдар өзүнүн эң жогорку сапаты жана ишенимдүүлүгү менен айырмаланат [345, 29-б.], – деп алтайлыктардын тери иштетүүсүнө жогору баа берет.

Кыргыздар көчмөн жана жарым көчмөндүк жашоо формасында жашап келишкендиктен улам, көлүккө (ат, топоз, төө) мингенге ылайыктуу такалуу өтүктөрдү жана басып жүрүүгө ыңгайлуулугун карап, такасыз өтүктөрдү даярдашкан (41-42-сүрөттөр). Жарым көчмөндүн жашоо мүнөзүнө акырындык менен өтүшкөн. Анткени кайсыл бир деңгээлде мал чарбачылык менен

дыйканчылыкты чогуу алып кетүү маселеси жаралган. Мындай көрүнүш бир гана кыргыздарда эле эмес, аларга тектеш элдерде дагы байкалган [509, 28-б.] Ошондой эле кыргыздар жашаган аймактардын климаты кескин континенталдуу болгондуктан, суукка ылайыктуу, аймактык өзгөчөлүктөргө жараша бут кийимдер жасалган. Жоокердик жашоо шарттарына байланыштуу согушка ылайыктуу, чыдамдуу жана коопсуз бут кийимдер тигилген.

А.Н. Бернштам 1939-жылы Кеңкол көрүстөнүнөн табылган такасыз жумшак өтүктү азыркы мезгилдеги чарыкка окшоштурган [89, 37-б.]. Ушуга окшош археологиялык табылгалар Талас суусунун жанындагы кургандардан орто азиялык типте жасалган чарыкка окшош, жумшак тери өтүк табылган [90, 39-б.].

Түргештердин эркек жана аялдардын бут кийимдери бирдей эле үлгүдө тигилип, алдыңкы жагы апкыт жагынан бийигирээк жасалган. Таласта табылган түрк курганындагы бут кийимдин таманы 5-9 каттан жасалгандыгы аныкталган [194, 111-112-б.].

Курум маасыны С.И. Руденко жана Д.Ф. Винник төмөндөгүдөй сүрөттөшөт: таманы 5-7 кат териден турат. Анын узундугу 26,5 см, туурасы 6-6,5 см. Тумшугу шиш жана азыраак жогору карай кайрылып турат. Тамандын каптал тараптарында узунунан жогорку бөлүгүнө тигилген жерлеринен тешиктер кеткен. Ички бөлүгүнүн согончок тарабына бир нече кат кайыштын кесимдери салынган. Тамандар такасыз болгон [359, 40-б.; 124, 84-85-б.]. Маасыны эркектер, аялдар дагы кийип жүрүшкөн. Кыргыздар намаркен маасыны да кийишкен. Ал бодо малдын шыйрак тамырларынан кайнатылып жасалган желим менен боелгон [501, 3-б.; 255, 551-б.]. Бул маасылардын артыкчылыгы ичине суу киргизген эмес. Башкырларда жумшак өтүктөрдү жана үй ичинде кийүүчү бут кийимди эчкинин терисинен жасашкан [432, 21-б.].

Б. Солтоноев өзүнүн эмгегине: кыз-келиндер көк шалылап ултарып, көөр чөгөлөтүп, такасы бийик өтүк кийген. Кепичти кийген «кулундуу бээдей кылат» деп жактырбаган [383, 12-б.], – деп өтүктү коздоп, бийик такалуу, оюу түшүрүп жасалгандыгы тууралуу айтат. Ушундай эле ойду этнограф Н. Момунбаева:

Булгаарыдан тигилген бут кийимдердин көпчүлүгү учу кайкайган такалуу жасалат жана сыйлуу кийимдердин катарына кирет [303, 135-б.] – дейт.

Кийимдерди, жаздык, төшөктөрдү тигүү аялдардын милдетине кирсе, бут кийимдерди жасоо же тигүү эркектердин милдетине кирген [179, 24-б.], – деп Н.Л. Зеланд белгилеп кеткендей, бут кийимдин бардык түрүн эркектер жасашкан.

И.Б. Молдобаев эпостордо, дастандарда сейрек кездешкен кийимдер тууралуу: «Жаңыл мырза» эпосунда аялдардын «*үпүкө өтүгү»* эскерилет. Ошол эле учурда эпостордун бардыгында, айрыкча, баатырлар кийип жүрүүчү, тумшуктары жогору карай ийилген «накери» деп аталган бут кийим тууралуу маалыматтар кездешет. Бирок бул кийимдер тууралуу азыркы мезгилге чейин дыкат сүрөттөлүп жазылган эмес, ошондуктан атайын изилдөөлөрдү талап кылат [471, 137-б.], – деген оюн айткан.

Эпостордо төмөндөгүдөй бут кийимдердин аталыштары кездешет: *көк жеке, жекесан, үпүкө, накери, кырмызы* булар баалуу бут кийимдер. Күнүмдүк турмушта же жөнөкөй катмардагы адамдар кийген, чылгый кайыштан жасалган (ийленбеген) бут кийимдер *чокой, чарыкка, чогдор* [40, 162-б.; 48, 185-б.] ж.б.

Тарыхчы-этнограф К. Айдаркулов эпостордо кездешкен бут кийимдерди кеңири сүрөттөөгө аракет жасаган. Ал улуттук академиянын кол жазмалар фондунан тапкан маалыматтарына таянып, эркектер кийген эң кымбат баалуу өтүк – «көк жекени» эл башкаруучулар гана кийгендигин белгилеп, «Семетей» эпосунан үзүндү келтирет: «... Кош оймолуу: көк жалдуу / Булгаары өтүк миз таман / Өкчөсү карыш «көк жеке» / Оймо така ичинде / Алтындан кылган жылаажын / Кош коңгуроо жеке сан / Козголсо үнү шыңгырап» [40, 162-б.]. Эми бул айтылган сөздөрдү чечмелеп көрөлү. Бул «*кош оймолуу*» дегени өтүктүн эки тарабына: ички жана тышкы тарабына оюу түшүрүлгөн, «*көк жалдуу*» – өтө бышык, бекем; «*миз таман*» – тегиз, чебердик менен жасалган; «*өкчөсү*» – бут кийимдин, өтүктүн апкыты айтылган [277, 315-б.]; «*оймо така*» – таканын ичи оюлуп, ага алтындан же күмүштөн жасалган коңгуроо салынган (57-сүрөт) [61, 44-б.]; *«жеке сан»* – «Манас» эпосунун түшүндүрмөлөрүндө – төөгө таккан чоң коңгуроо катары берилсе [277, 312-б.], К. Юдахин, А. Акматалиев, К. Айдаркуловдордун эмгектеринде бут кийим катары

айтылат. «Манас» эпосунун бир вариантында *«жеке»* – белге курчанган баалуу кемер, экинчи бир вариантында – ар түрдүү кайыштан куралып жасалган өтүк катары сыпатталат. Демек, жеке – бул баалуу булгаары, жогорку сапатта ийленген *«көн»*. Ал эми *«сан»* сөзү – кадыр-барктуу, даңазалуу [255, 631-б.] деген ойду берип, буюмдун баалуулугун көрсөтөт. Экинчи ой, өтүктүн таманына *«жеке сан-коңгуроо»* салынгандыктан өтүктүн аты менен аталган.

К. Айдаркулов дагы бир маалыматты келтирет: Абыке, Көбөштөн Бухараны көздөй качып бара жатышкан Каныкей, Чыйырдынын минген аттары өлүп калганда, көк жеке өтүгү менен баса албай калышат. Себеби өтүктүн кончунан баштап, тизеге чейин, тумшугунан кызыл ашыкка чейинки бөлүктөрү баалуу алтын, күмүш купалары менен шөкөттөлгөн. Өтүк өтө аземделгендиктен оор болгон. Аны ат үстүндө кийүү ыңгайлуу болгону менен, кийип басуу кыйынчылыкты туудурган. Ошондо зээни кейиген Каныкей: «Өкчөсү карыш көк жеке / Көк жеке кийип жөө баскан / Бу кайсы сөөлөт болот деп» [40, 164-б.], – деп өлгөн аттын жанына көк жекени жана башка оор буюмдарын чечип салып, аттын арткы шыйрагын чандырга чейинки бөлүгүн туюк сыйрып, андан узун конч жасап кийет. Мындай бут кийимдин түрү көбүнчө уйдун, өгүздүн же жылкынын арткы шыйрактарынан гана жасалган. Анткени малдын арткы буту жоон жана адамдын тизесине ылайыктуу. Мындай түктүү, туюк иштетилген териден жоон санга чейин жеткен кончтуу өтүктөр жасалгандыгын, көбүнчө кыштын күнү кийилгендигин Кызыл-Суулук аксакал Кален Асанакун да белгилейт [500, 9-б.]. Сибирь элдери дагы бугулардын буттарынын тизеден ылдыйкы, катуу кылдуу бөлүгүнөн бут кийимдерди жасашкан [381, 124-б.]. Бугу, багыштын тизеден ылдыйкы катуу, кайраттуу жүндүү бөлүгүн Сибирь элдери «камус» деп аташкан. Камустан жасалган бут кийимге, кол каптарга, чангыларга (лыжа) (100-сүрөт) кар жукпайт. Тофалар чангынын камус капталганын *haak*, жөнөкөйүн *кангка* деп аташкан [353, 304-б.] Сибирь элдери өтө катуу суук болгон учурларда же узакка созулган көч мезгилинде бир нече кат тондорду жана өтүктөрдү кийип алышкан [99, 88-б.].

Көк жеке өтүгүн аялдар, эркектер дагы кийишкен. Болгону күнүмдүк турмушта эмес, салтанаттуу учурларда, аш-тойлордо жана көчтүн жүрүшүндө кийилген.

«Семетей» эпосунда: «Алдында Буурул койкоюп / Көкжеке бутта чойкоюп / Асаба колдо калкылдап / Бозкисе жанда жаркылдап» [373, 185-б.], – деп берилет.

Дагы бир өтүктүн түрү «үпүкө өтүк» деп аталган. Ал музоонун терисинен жасалган [360, 480-б.]. Жаңы туулган малдын териси уяң, жумшак, суйдаң жана көркөмдүү болгондуктан, түктүү терини иштетүүдө мыкты жердиктердин катарына кирген. Көбүнчө кончтон жогорку бөлүгү жасалган. Бул терини иштетүү дагы жеңил. Териде май аз болгондуктан, кол менен ийлөөгө ылайыктуу болгон [499, 8-б.]. Теринин жүнү үлпүлдөп жакшы көрүнгөн. Тилекке каршы, үпүкө өтүктүн аталышы жана жасалышы тууралуу этнографиялык материалдарды жолуктура албадык.

«Манас» эпосунун түшүндүрмөсүндө «накери» деп аталган бут кийимдин дагы бир түрү кездешет. Анын 1-мааниси, тумшугу шуштугуй келип, өйдө кайкалаган, оюу-чийүү менен кооздолгон азем өтүк, 2-мааниси, ошол эле өтүктүн баатырларга ылайыкталып иштетилген ок өтпөс үлгүсү [280, 499-б.; 373, 320-б.]. «Накер» – сөзү К. Юдахиндин сөздүгүндө, «баалуу үзөңгү, накери теке мүйүздөн» [255, 550-б.], – деген маанини берет деп турат. Эгерде накери темирге, мүйүзгө карата дагы айтылып жаткан болсо, демек, бекем, бышык, чебер жасалган деген маанини түшүндүрөт. «Накери бутта тайпайып / Элечек башта кайкайып» [373, 153-б.], – деп Чачыкей кийген өтүк жөнүндө сөз болуп, мында накери өтүктү аялдардын дагы кийгени белгилүү болуп жатат.

... Туюк өтүк, childrenкончу кең / Чобдор өтүк такасыз [275, 68-б.]. Бул жерде көрүнүп тургандай, такасыз өтүк жөө жүргөнгө ылайыктап жасалган. Анткени такасыз өтүк үзөңгүнү темингенде ичине кирип кетип, ыңгайсыздыкты жараткан. Ал эми така буттун үзөңгүгө кирип кетишинен сактаган.

Өтүктүн дагы бир түрү катары булгаарыдан тигилген, такасыз, өтүктүн формасында апкыты катуу жасалган маасы. «Кырым маасы нөкөрлүү / Үзөңгү бутта чойкоюп», «Желим кепич, миз така / Кырмызы маасы сайпана» деп айтылган. Белгилей кетчү нерсе, Н.И. Воробьев Казань татарларына оюу түшүрүлгөн бут кийимдер алгач Орто Азиядан (Бухарадан) келгендигин, бул өнөр акырындык менен өнүгүп олтуруп, жыйынтыгында Орто Азияны бут кийим менен камсыз кылып, ири

базарларда жергиликтүү өндүрүш менен ат салышып баштагандыгын жазган. Демек, өтүктүн көркөмдөлүп, нөкөрлөнүп жасалышы Орто Азиядан башталган. Бирок акырындык менен Казандык, Крымдык татарлар техниканын жардамы менен жогорку сапатта жасоого жетишишкен [127, 272-273-б.; 226, 82-б.].

Дагы бир кызыгууну туудурганы «желим кепичтин» жасалышы. Анын жасоо төмөндөгүдөй ыкмада аткарылган. Бодо малдын терисин ийлөөнүн алдында ийректин, тарткынын жардамы менен челдеп алышкан. Ошол челденген «*эт-челден*» желим алынган. Аны казанга салып көпкө кайната берген учурда кызыл-сары уюган илешкек желим чыккан. Эгер ага жылкынын тарамышын аралаштырып кайнатса, жыгачты, терини жулуп кете албай тургандай бекем кармаган желим пайда болгон [501, 2-б.]. Бул жерде кепичтин желимден өзүнөн жасалганбы же желимделип жасалганбы, так айтуу мүмкүн болгон жок.

«Манас» эпосунда дагы бир бут кийим: «Бутунда кош-кош өтүгү / Келгири бар тепейген» кездешет. «Келгир» – калың булгаарыдан тигилген апкыттуу кепич [279, 482-б.].

Чокой, чарык сыяктуу эле бут кийимдин дагы бир түрү *келгир* деп аталып жаткандыгын көрөбүз. Демек, бул жерден өтүктүн бардыгы эле узун кончтуу болбостон, кыска кончтуу да өтүктөр жасалган [40, 165-б.]

Кыргыздардын жакыр бөлүгү чарыкты, чокойду көбүнчө уйдун же жылкынын чылгый (ийленбеген, жыдытылган) терисинен тигилген. Таманы бутка ылайыкталып, өзүнчө кесилип даярдалып, тарамыштар менен тигип алышкан. Чарык жасалган кайыш жакшы ийленбегендиктен, жылаңайлак бутка кийген учурда, буттарды жоорутуп жиберген. Ошондуктан сөзсүз түрдө, кездемеден даярдалган чулгоо менен кийишкен. Чарык бутка жеңил болгон. Бирок балтырдан ылдый сыйгалана бербеши үчүн үстүнөн тасма менен ороп алышкан. Таманы жука болгондуктан, тез эле жыртылган. Суу тийген учурда сууну өткөрүп жиберген. Таза ийленбегендиктен жыт дагы чыгып турган. Буттан чечип алуу дагы кыйынчылыкты туудурган. Себеби күнгө кийилген өтүктөр ысыктан кеңейип, сууктан тарыган. Ошондуктан жылкынын майы менен майлап койгон учурлар да кездешкен. Мындай бут кийимдер бир айга жеткен [501, 3-б.; 105, 78-б.; 60, 231-б.; 303, 132-б.].

Чарыктын дагы бир түрү териден буттун таманынан ашыкча өлчөп, жээктерин жогору карай кайрып, боо менен тартып кийишкен. Өтө жөнөкөй жол менен жасалгандыктан көзгө комсо жана жупуну көрүнгөн [501, 3-б.; 303, 132-б.]. Ошон үчүн бул чарыкты эчкинин, коендун терисинен дагы тигип алышкан. «Коендун териси бир күндүк чарыкка жараптыр», – деп кыргыз макалдарында айтылгандай, бир күндүк чарыктар дагы жасалган.

Чокойдун дагы бир түрү мөкү деп аталып, анын айырмачылыгы учу кайкайып жогору караган [60, 231-б.]. Кыргыздарда бут кийимдин аты менен аталган Чокой, Чарык, Мөкүш, Мөкүбай, Мөкү деген ысымдар да көп кездешкен.

Кыз-келиндер такалуу жана кызыл, жашыл түстүү бөдөнө өтүктөрдү кийишсе, улуу муундагылары жумшак булгаарыдан жасалган маасыларды кийип жүрүшкөн. Орто Азияда XIX кылымдан баштап булгаарыдан жасалган такалуу көлөчтөрдү кийүү кенен тарай баштаган. Мындай такалуу көлөчтөрдү кыргыздардын аялдары да кийишип, аларды турмушка чыгып жаткан колуктулар үчүн күмүш тенгелер, чачыктар, седеп, топчулар менен кооздошкон. Андан тышкары такасынын ичине басып бара жатканда үнү чыгып турушу үчүн жылаажын коңгуроолорду салышкан [60, 249-б.].

Түштүк кыргыздарда такасы жок, катуу тамандуу, учу кайрылып турган өтүк, мөкү аталып, ал кенен белгилүү болгон. Байлар тери тамандуу, бирок кончу баркыттан салынган өтүктөрдү дагы кийишкен. Жакыр жашаган бөлүгү чокой, чарыктарды пайдаланышкан [31, 36-б.]

Кыргыз элинде: «Бирөөнүн элинин султаны болгончо, элиңдин ултаңы бол», – деп айтылган макал, андан тышкары эпостордо: «Өзгөгө султан болгуча / Өз элимдин колунда / Ултаң болуп өтөйүн!» [373, 81-б.], – деген «ултаң» кошулган сөздөр айтылат. «Ултаң» деп өтүктүн таманы айтылган. Андан тышкары, «ултаң бет» түшүнүксүз, уятсыз, абийирсиз (бети өтүктүн, чокойдун таманы маанисинде) деген маанини да билдирген [255, 803-б.].

Бут кийимдер аймактык өзгөчөлүктөргө, элдин жайгашуусуна жана этномаданий байланыштарга жараша дагы жаңыланып, өзгөрүп турган. Алсак, Кыргызстандын түштүк аймагында эркектер күнүмдүк турмуш-тиричилигине кийген *пайчеки* бут

кийими белгилүү. Уйдун ийленген терисинен жасалган, таманы эки-үч кабатталгандыктан, калың көрүнгөн жана кончу тизеге чейин жеткен. Таманы калың жасалганы көпкө чыдаган [105, 78-б.; 303, 133-б.]. Мындай окшош жасалган бут кийимдер өзбек, түркмөн элдеринде кездешээрин А.С. Морозова өзүнүн эмгектеринде белгилеп өтөт [306, 219-б.].

Кызыл-Суулук кыргыздардын өкүлү, манасчы жана бий өнөрүнүн адиси Турганаалы Турсунаалы бабасы атактуу манасчы Жусуп Мамайдын улуу байбичеси Сейдимкан апанын 2001-жылдарга чейин кийип келген өтүгү «тартма» деп аталгандыгын айтат. Ал чылгый булгаарыдан жасалып бутка тартып кийгендиктен, тартма аталып калган деген пикирин билдирет. Өтүктүн таманы бат эле жыртылган. Аны тез-тез алмаштырып, бекиген жерлерин басма мыктар менен кагып коюшкан [504, 1-б.]. Башка респонденттер дагы тартма бут кийиминин болгондугун ырасташат.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап орус келгиндеринин көбөйүшү, коомдук-саясий абалдын өзгөрүшү, кыргыз аймактарынын Россиянын курамына өтө башташы менен салттуу бут кийимдерди жасоодо, колдонууда кескин өзгөрүүлөр башталган [391, 11-б.]. Кыргыздар Россиянын завод-фабрикаларынан даярдалган булгаарыларды, бут кийимдерди сатып алып пайдалана башташкан [41, 112-б.]. Албетте, өндүрүштөн чыккан бут кийимдердин келиши, элге тарашы кыргыз элинин жашоосун жеңилдеткен. Бут кийимге болгон талап азда болсо азайган. Анткени жогоруда айтылгандай сапаттуу бут кийимдер менен колунда бар адамдар гана камсыз болуп, ал эми коомдун үчтөн эки бөлүгү чынында эле иштетилбеген, чылгыйдан жасалган чокой, чарык, мөкүлөрдү кийишкен. Бирок жергиликтүү усталардын чигиримден, булгаарыдан, көндөн жасаган бут кийимдеринин үлгүлөрү, сүрөттөөлөрү тарыхый булактарда катталбай калган.

Орус өтүкчүлөрү Пржевальск шаарынын базарларында өтүктөрдү жасап, аларды кыргыздарга сатышкан. Маасыны кыргыздардын байлары Анжиандан алдырып кийип келишсе (маасыларды Анжиандык усталар ултарышкан), орус өтүкчүлөрүнүн келиши менен алардын өтүктөрү кыргыз калкынын көпчүлүк катмарына жайыла баштаган [41, 87-б.; 101, 45-б.].

Жарды кембагал мергенчилер жана аңчылыктын ышкыбоздору кышкысын ууга чыкканда аска-зоолордо жүрүүгө ыңгайлуу болушу үчүн өтүктөрүнө тай туяктарды байлап же чылгыйдан жасалган чарыктарды кийишкен. Андан тышкары кар үстүндө жүрүүгө ылайыкташтырылган жыгач алкактарга кайыштар менен арчындалган жапкактарды пайдаланышкан [43, 178-б.].

Б.Л. Тагеев аңчылыкты сүрөттөөдө: ... жумшак, чийки териден ийленип, такасы жок, бир нече кесиндиден куралып, өгүздүн тарамыштары менен тигилген өтүктү алып келди. Анын жеңилдигине жана тоодо жүрүүгө мыкты экендигин байкап, ыраазычылыгымды билдирип, канжарымды белекке бердим [396, 135-б.], – деп өзүнүн кийип жүргөн өтүгүнө караганда жергиликтүү кыргыздын өтүгүнүн аңчылыкка өтө ыңгайлуу экендигин мактап өткөн. Ошондой эле, Б.Л. Тагеев: Кыргыздардын өтүгү жумшак чийки булгаарыдан тигилип, бир нече кат таман салынат. Бирок такасы жок. Андан тышкары чийки тасмалары бар. Аны менен өтүктүн жогорку кончу жагын чырмап байлашат. Өгүздүн тарамышынан жасалган жиптери дагы бар. Мындай бут кийим менен тоо арасынан түшпөй эле жүрө берүүгө, өзгөчө кийиктерди, аркарларды кууп жүрүүгө өтө ыңгайлуу [397, 244-б.], – дейт.

Кембагалдар буттарына чийки кайыштан чокойлорду кийишсе, малчылар тоолуу, таштуу жерлерде кийип жүрүү үчүн тамандарына арчадан же тайдын туяктарын кайыш тасмалар менен алды-артынан байлап алышкан [423, 3-б.].

Жаштар жана ортоңку муундун өкүлдөрү буттарына кызыл булгаарыдан ултарылган такалуу өтүктөрдү кийишсе, кары-картаңдар таманга жумшак жана жеңил болушу үчүн маасы-кепичтерди кийишкен [110, 173-б.]. Ал эми бай адамдары буттарына маасы жана териден жасалган жумшак тамандуу, такасыз кепичтерди, жакыр, колунда жок адамдар ири мүйүздүү малдын, жылкынын жүнү тышты карап турган терисинин кесиндилеринен куралган чарыктарды буттарына кийишкен. Кыштын күндөрү же кой кайтарган мезгилдеринде кардан, муздан тайгаланбашы жана суу болуп калбашы үчүн тай туяктарды чарыкка байлап алышкан [41, 111-б.].

Каратегиндик кыргыздар дагы бодо мал, майда жандыктарды кармап, эт-сүтүн тамак-аш катары пайдаланышса, терисин бут кийим, ж.б. буюмдарды жасоого

керектешкен. ... Кармаган жаныбарлардын терилерин өздөрү иштетишип, калган терилерин соодагерлерге сатып жиберишкен [38, 29-33-б.]

Мургабдык кыргыздар бут кийимдерин топоздун терисинен тигишкен. Чарыкты өтүкчүлөр алгач таманын бычып алышкан. Аны кончу кызыл ашыктан кичине ашып, ал эми алды жагы бармактын учунан ашып жогору кайрылган. Эки капталы тамандын кырынан ашып турган. Таманга бут үстүн жапкан эки кесинди булгаары салынып, ага улай тизеге чейин жеткен кончу уланган. Кончунун тизе бөлүгү, тизе жагы бийик болуп, толорсукту карай ылдый кыйгач кесилген [452, 28-б.]. Себеби тизе ийилгенде өтүктүн кончу толорсуктун алдында калып, ийкеп койбош керек болгон.

Эми бут кийимдердин башка элдердеги параллелдерине токтоло кетели. XVIII кылымдын аягы – XIX кылымдын башына чейин казактар дагы бийик такалуу, учтуу жана тумшугу жогору кайрылган өтүктөрдү кийишкен. Анткени алар ат үстүндө жүрүүгө ыңгайлуу. Ошол эле учурда жерде басып жүрүүгө ыңгайлуу, жапыз такалуу бут кийимдерди кийип жүрүшкөн. Өтүктөр жыл мезгилине карата да айырмаланган. Жайкы өтүктөрдүн кончу тизеге чейин жетип, өтүктүн баш жагы тегиз болсо, кышкы өтүктөрдүн кончу узун болуп, өтүктүн уч жагы кенен тигилген. Анткени анын ичинен калың чулгоолор, байпактар менен кийилгендиктен с*аптама өтүк* аталган. Үй ичинде такалары жок маасыларды кийип, эшикке чыгаарда буттарына тери *«кебистерди»* кийишкен. Албетте, масынын таманы калыңыраак салынган. Ал үчүн малдын калың терилери, баштан, бутунан сыйрылган терилер керектелген. Ошондой эле малдын баш терилеринен тигилген чокойлорду колунда жок адамдар кийишкен. Чокой бут кийимин булгаары өтүктөрүнүн тыштарынан, аларды ылайдан сактоо үчүн кийишкендиги дагы белгилүү [308, 151-б.; 288, 123-б.] .

А. Маргулан өзүнүн эмгегинде казак элинин кыска кончтуу жана кончсуз, бирок күмүш көрчөгөлөр өтө коосдолгон «сүйрөмө» башмагынын сүрөтүн берген. Бирок аны изилдөөгө алган эмес. Ал сүрөттөн көрүнүп тургандай күнүмдүк бут кийимдерин дагы казак ак сөөктөрү коосдотуп жасатышкан (55, 56, 58-сүрөттөр) [288, 123-б].

Өзбектер, ферганалык кыпчактар XX кылымдын башына чейин *махси, ковуш, аки этик, мукки, тоштовон, чори, пойпуш* аталган бут кийимдерин, андан тышкары такасы бийик өтүктөрдү дагы кийишкен. Бут кийимдерди жасоо үчүн көбүнчө жылкынын же төөнүн терилерин пайдаланышкан [448, 106-107-б.; 415, 279-б.; 449, 212-б.]. Л.Ф. Костенконун белгилөөсү боюнча өзбектер саурдан (ийленген теринин түрү) көлөч, өтүктөрдүн таманын, кылычтын кынын, ат жабдыктарын жасашкан. Себеби бул булгаары өзүнүн калыңдыгы, катуулугу жана бышыктыгы менен өзгөчөлөнгөн. Бирок бутка кийип жүргөнгө оордук кылган. Саур булгаарысынан тигилген өтүктү мусулмандар, диний кызматкерлер кийип жүргөндү жактырышкан. Биринчиден, ал башка жергиликтүү бут кийимдерге салыштырмалуу катуу болуп, тикен, чөңөр өңдүү нерселердин бутка кирип кетүүсүнөн жакшы сактаса, экинчиден суу кирип кетпейт, бутту таза сактаган. Үчүнчүдөн, кыштын күнү бутту үшүк алып кетүүдөн сактаган. Саур көлөчтөрү 3 рублга сатылган. Ал эми эчки терисинен жасалган өтүктөр 1 рубль 30 тыйынга бааланган [235, 241-б.].

Өзбектерде кыска кончтуу мукки өтүктөрү таманы жок тигилип, тамандарынын арасына кыпчынды салынган. Бул таманды суу өтүп кетишинен сактаган. Айрым аймактарда жогорудагы муккини тоштовон деп дагы аташкан. Талаа иштерин же дыйканчылык кылып жатканда хом (ком – тери) кавуш уйдун же жылкынын чийки кайышынан тигилген бут кийимин колдонушкан [415, 278-280-б.]. Өзбектердин жылкынын жана эшектин терилерин иштетишкендиги кызыгууну туудурбай койбойт. Бирок аларды жогорку деңгээлде ийлей алышкан эмес. Анткени теринин ортосундагы суюктук чыкпай калгандыгына байланыштуу, тери тийиштүү деңгээлде жумшак болбой калган. Ошондуктан бул терилерден көбүнчө бут кийимдер, таман, кылычтын кыны, ат жабдыктар тигилгендигин А. Шишов көрсөткөн.

Тамандык терилерди жогорудагы төө, уй, букалардын терилерин иштеткендей эле ийлөө иштерин жүргүзүшкөн. Болгон айырмачылыгы төөнүн териси уй, буканын терилерине караганда эки эсе көбүрөөк ийленген. Төөнүн терисин өзбектер бут кийимге гана керектешсе, буканын терилери жеңил бут кийимдерге, өзгөчө, маасынын тамандары салынган [453, 272-, 274-б.].

И.И. Зарубин Бартанга өрөөнүндөгү тоолук тажиктердин дайыма кийип жүрүүчү өтүгүн *пехи* деп атайт. Бул пехи бут кийимин эркектер, аялдар жана балдар кийишкен. Ал өтө жумшак ийленген булгаарыдан тигилип, булгаары байпакты элестетип турган. Анын кончунун узундугу тигилип жаткан булгаарыга байланыштуу болгон. Эң узун кончтуусу тизеге, кыска кончтуусу апкыттан азыраак эле жогору жасалган. Пехи бут кийими бир же эки тасма булгаарыдан тигилген. Эгерде ал бир эле жазы тасмадан тигилсе, анын тигиши алды жагында болот. Алгач кончтун ортосуна чейин, андан кийин тумшуктун ортосуна чейин, соңунда таманды тегерете тигип чыгышкан. Ал эми эки тасмадан тигүү керек болуп калган шартта алгач экөөнү бири-бирине кааттап тигип алгандан кийин жогорудагы ыкмада тигилген. Пехтин башын тигүү үчүн атайын жыгачтан жасалган калып керектелген. Пехтин баасы, анын жасалган көлөмүнө, булгаарынын сапатына карап 2-7 рублдун тегерегинде сатылган. Ошондуктан ар ким өзүнө бут кийим тигип, ашык болсо дагы сатканды жактыра беришкен эмес. Пехти тигүүгө малдын жана жапайы жаныбарлардын тоо эчкилеринин, аркар-кулжанын терилерин пайдаланышкан. Пех жасала турган терини ийлөө эркектердин гана ишине кирген. Пехти кийүүнүн дагы бир нече түрү катталган. Мисалга алсак, жылаңач бутуна эле кийип алышкан. Мында кончтун үстү ылдый карай кайрылып коюлган. Экинчи түрүндө байпак, анын үстүнөн пех кийилген. Бирок байпак пехтин кончунан узун болуш керек. Пех бутуна чоң болуп калган учурда эки кат байпак кийип алышкан [178, 89-, 91-б.].

Түркстандыктар бут кийимдин эки түрүн кийишкен. Биринчиси, үйдө, үй ичинде кийилип, *маасы же ичиги* деп аталган. Ал эчкинин терисинен жасалып, такасы жок, таманына жумшак булгаары салынган. Эшикке чыгаарда маасынын үстүнө кара койдун терисинен жасалып, калың таман салынган көлөчтөрдү кийип алышкан. Ал эми алыс жолго чыкканда ак булгаарыдан учу жогору каратылган, шиш тумшуктуу, такасына ийиктей жука темир каңдалган өтүктөрдү кийишкен. Мындай өтүктөрдүн таманынын жээктерине гүлдүү, тегерек, ачык түстүү мыктар кагылган [101, 39-46-б., 45-46-б.].

Ногойлордо тизеге чейинки бут кийимдер *кончтуу көн өтүк* деп аталган. Өтүк үчүн уйдун, өгүздүн, төөнүн жакшы ийленген терилери жумшалган. Көн өтүктүн

тумшугу учтуу жана жогору кайрылып тигилген. Ал мурунку учурларда ногойлордо «мукки» деп аталган. Чарыктын эки түрүн тигип кийишкен. Биринчи түрү түз бурчтуу узун кесинди булгаарыдан эки катталып, буттун учу жана согончогунун бурчу кесилген. Тумшугунан артты карай жогору тигилген. Чарыктын тумшугу жогору карай ийилип турган. Капталына илмек жасап, боолуктардын баары ошол жакка эки-үч кабатталып байланган [134, 156-157-б.]. Ногойлор өтүктөрдү тигип кийүү боюнча өтө чеберчиликке жетишкен. Өтүктөрдү түрдүү боекко боелгон булгаарылардан курап дагы тигүүнү мыкты өздөштүрүшкөн. Өтүктүн тигиштерине колдонулган жибек, күмүш, алтын жиптерди пайдаланышып, бут кийимдердин наркын арттырышкан [201, 34-б.].

XIX кылымдын башынан тартып татар айылдарында өтүктөрдү тигүү, аны өркүндөтүү чоң кол өнөрчүлүгүнө айланган. Бул мезгилдерде Казанда 34 тери заводу иштеп, бир жылда болжолдуу 135 миңден ашык терини иштетип чыгарышкан. Өтүктөргө суроо-талаптар өтө көп болгондуктан, XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында Казань шаарынан эле бир жылда 3 миллионго чейин өтүк даярдалып чыгарылган [140, 60-74-б.; 366, 22-б.]. Өсүмдүктөрдүн ширеси менен ийленген эчкинин, айрым учурларда койдун жана музоонун жука ийленген сактыяны (орус тилине сафьян болуп өзгөрүп кирген) түрдүү түстөргө боелуп, мына ушул булгаарынын түрүнөн казандык татарлардын белгилүү өтүктөрү тигилген. Татарлардын дагы бир атактуу булгаарысы жупай, бул термин орус тилине юфть болуп өзгөрүп кирген. Бул булгаарынын түрү тай торпоктордун терисинен алынган [366, 9-б.].

Казандык оймолуу булгаарылардын жасала башташы түрк урууларынын VIII-IX кылымдарда Волга боюна келишинен кийин башталгандыгын, булгаарыны өтө мыкты иштеткен элдин, ошол кесибинин артынан Булгария аталып калган элдерден келгендигин саякатчылар белгилешет. Өтүктөр түстүү булгаарылар менен гана коздолбостон алтын, күмүш жиптери менен саймаланган [69, 489-б., 366, 14-16-б.]. Өтүктөрдүн тигишин тышка каратып тигүү, тигишин ичке каратып тигүү ыкмаларын татарлар чыгыш элдеринен үйрөнүшкөн [366, 12-б.]. Болгарлык чеберлер да өтүктөрдүн тигишин тышты каратып, жээктеп тигишкен [433, 245-б.].

В.К. Даржа тувалыктар ат үстүндө жүргөнгө ылайыкталган, өтө калың жана дордогой териден өтүктөрдү кийишип, аны «кадык идиг» же «бышык өтүк» деп аташкандыгын белгилейт. Мындай өтүк менен карышкырдын тишинен дагы корпостон, анын башынан тартынбай басууга болоорлугун өзгөчө белгилеген [154, 498-б.]. Тувалыктар бут кийимдердин бир нече түрүн жасашкан. Алсак, *идик* – өтүк. *Кара саар идик*. *Саар* – жумшак булгаарыдан тигилген. Тувалыктар өтүктөрүнө түрдүү жибек жиптер же ичке тасмалар менен саймаларды түшүрүшкөн. Андан тышкары кызыл карагайдын кабыктарынан алынган боектор менен өтүктөрүн кара күрөң түстөргө боешкон. Тувалыктар өтүктүн апкытын хончу, таманын улдуң дешкен [148, 97-б.].

*Кадыг идик* (тув. кадыг – катуу) – тумшугу учтуу болуп, жогору кайрылган, көп каттуу кийиз жана булгаары таман салынган булгаары өтүк. Өтүк жасала турган булгаарыларды кызыл-көк-күрөң түскө боеп кийишкен. Ал үчүн кызыл карагайдын кабыгынан маңыз жасап, ошону булгаарыга сүрткөндө жогорудагыдай түс чыккан. Өтүктүн working кончу уйдун жон терисинен, өтүктүн башы же тумшугу өзүнчө, калың териден бычылган. Ал эми таманы эки калың териден, эгер тери жука болсо үч-төрт, айрым учурларда 20 катка жеткиришкен. *Чымчак* идик (чымчак – жумшак) кадык идиктен айырмаланып, улдаңы (таманы) жумшак териден жасалып, кончу түз салынган. Ал үчүн өтүктү үй эчкисинин ийленген терисинен, өтүктүн тумшугу жана таманы уйдун моюн, жон терилеринен тигилген [115, 172-б.].

Чыгыш Туванын бугучулары кышында жана күзүндө кийе турган бут кийимдерин бугунун шыйрак терилеринен же бучкактарынан, жүнүн тышты каратып тигишип, аны *бышкак идик* (бучкак) деп аташкан. Улдаң үчүн бугунун же багыштын жон териси керектелген. Бышкак идиктин бычылышы өтө татаал деле эмес. Өтүктүн тумшугуна эки бучкак керектелип, аны түз бурчтуу кесип, жарым ай формасында айланта тигишсе, ал эми кончко бир же андан көбүрөөк бучкак жумшалган. Мындай өтүктүн бир түгөйүн тигүүгө чоң бугунун төрт бучкагы, багыштын үч бучкагы же алты эликтин бучкагы кеткен. Өтүктүн негизги бөлүктөрү анын формасында тигип, андан кийин ийлөөгө өтүшкөн. Айран менен майлап, укалап, ийлеп алган соң, он күн ыштыкка коюшкан. Өтүктүн кончу бийик болуп кар кирбеши, суук болбошу үчүн

эски кийимдердин кездемесин кошуп узартып алышкан. Ал эми анын бийик кончу ылдый түшө бербеши үчүн ага *түнгү* аталган эки тасма тагып, байлап коюшкан. Бул өтүк кар өтө көп жааган учурларда жөнөкөй өтүктүн тышынан кийип алууга ыңгайлуу болгон. Албетте, бул өтүктүн түрлөрүн тувалардан тышкары башка сибирь элдери: тофалар, алтайлыктар, хакастар, якуттар, эвенкилер дагы колдонушкан. [115, 172-175-б.].

Хакастардын улуттук *маймах* бут кийими жаргак жана күркү териден тигилген. Маймахка така салынган эмес. Мындан тышкары жылуу мезгилдерде кийе турган тууп маймах же хара өдиктерди кийишкен. Ал музоонун, уйдун же жылкынын ийленген терилеринен, көп учурларда алардын бут терилеринен тигилген. Тигүүгө кендирден алынган жиптер колдонулган. Маймактын ичине ултурух (батек) салынган. Ары-бери жыла бербеши үчүн таманына кошуп тигип коюшкан. Хакастардын күз жана жаз мезгилдеринде аңчылыкка, балык улоого кийген өтүгү *сагыры* аталып, ал ийленген, ышталган торпоктун, уйдун же жылкынын калың терилеринен тигилген. Сагырынын кончу тизеге чейин жетип, толоорсуктун алды жагы кыйгач тилинип, кончтун баш жагын ылдый карай кайрылган. Сагырыга кыш мезгилдерде така салынган.

Качиндер маймах же унтай аталып, ышталган, чийки кайыштан тигилген, бирок түгү калган терилерден түгүн ичти каратып тигип кийишкен. Качиндердин өтүктөрү хакастардын башка урууларынан айырмаланып, кончтун арты ичинен тигилсе, өтүктүн баш жана апкыт жактары тышынан тигилген. Өтүктүн таманы жана такасы жыгач мыктар менен кагылган. Өтүктүн тумшуктарына жибек жиптерден жөнөкөй оюулар түшүрүлгөн. Белтирлер жана сагайлар өтүктүн ичинде буттар жылуу болушу үчүн, «бугу» чөбүн калыңдап салып, ороп алышкан. Чөп чулгоонун кызматын аткарган [452, 15-б.].

Хакастарда өтүктөрдү май менен сүртүүгө болбойт, антпесе «баласынын денесине көп кал чыгып кетет» деген ыры-жырымы да сакталган [108, 206-б.]. Хакас тилиндеги: «Тууп маймах – күдөөрү териден жасалган бут кийим; хaралткан тон – кара тон; сагалдырых – сагалдырык; ултуң – таман; ултур – ултар; тууп – булгаары; тулгу порик – түлкү тумак; монгол сөздөрүнөн кирген мелей; өңүре; маймах; пай –

бут; койдун же иттин терисинен түгүн ичти каратып пойтахтарды (байпак) тигишкен» [30, 10-б.].

Шорлордо такасы жок өтүктү удук аташып, колунда жоктор кончун боз кендирден тигишип, тизеге чейин кайыш тасмалар менен арчындап алышкан. Бугунун шыйрак терисинен (камус) дагы өтүктөрдү тигип кийишкен. Өтүктү тигүү же булгаарыны бычуу үчүн жыгачтан даярдалган үлгү *өтүк үлгезини* колдонушкан. Биринчи өтүктүн баш жагын жана таманын даярдашкан. Таман үчүн малдын калың, жон териси алынса, салыштырмалуу жука жана жумшак терилери өтүктүн башы, капталдары, апкытына керектелген. Өтүктөр оң-солу деп бөлүнбөй бирдей тигилген. Тигиштерге кендир жиптер колдонулган. Эске алчу жагдай, тигиштердин ортосуна кыйык калтырышкан. Бул өтүктүн ичине суу кирип кетүүсүнөн сактаган. Кендир жипти шорлор кендир поош деп аташкан [227, 288-б.].

Алтайлыктардын салттуу эки каттуу бут кийими «кыпту» аталып, анын биринчи каты бугу, багыш, жылкылардын бут терисинен (камус), ал эми ички бети «ак кийис» менен ичтелген. Өтүк: «тумсук» (тумшук), «шал» (ичке кыйык), «таман», «ак бут» (апкыт), «кончыктан» (конч) турган. Аялдардын бут кийими «шири» деп аталган жылкынын терилеринен ултарылып, «шалду өтүк» аталган. Өтүктүн каптал жагына беш катар кылып, жалтырата боелген тасмалар бастырылган (54-сүрөт) [398, 108-109-б.]. Отурукташкан элдерде өтүк 13 бөлүктөн турган [261, 352-б.].

Буряттардын өтүктөрү *гутул*, жумшак булгаарылардан тигилип, кончу кыска, тамандары калың, учу шиш, жогору кайрылып турган. Бирок бул өтүк кийгенге, басып жүргөнгө оор болуп, бат эле керектен чыккан. Анын үстүнө нымды дагы өзүнө көп тарткан. Ошондуктан кийип жүрүүгө ыңгайлуу болуш үчүн калың эмес терилерден таман салынган, жеңил *ичигилерди* тигишкен. Бул бут кийим согушка, аңчылыкка кийүүгө да ыңгайлуулугу менен айырмаланган.

Башкырларда байыркы мезгилдерден бери кийилип келген бут кийимдердин бири *сарык* аталган. Анын таманы, апкыты жана баш жагы териден жасалып, кончу ноотудан тигилип, тизеге жеткен. Сарыкка таш таман, така дагы салынган эмес. Эркектер менен аялдар кийген сарыктын айырмасы, аялдардын сарыгынын артына кызыл түстүү ноотулар менен кооздолгон. Башкыр аялдары кийген бут кийиминин

бир түрү *ката* деп аталган. Анын таш таманы, башкы жагы жана апкыты булгаарыдан тигилип, ал эми кызыл ашыктан тизеге чейинки бөлүгү калың кездемелерден тигилип, балтыр жагына кызыл түстүү жип менен тегерете саймалар салынган. Көркөмдүү болушу үчүн томуктун үстүнө чачыктар тагылган. Катанын бир өзгөчөлүгү такасы 7-8 см чейин бийиктетилген. Башкырларда бут кийимдин дагы бири түрүн аялдар жана эркектер бирдей кийген. Түрдүү булгаарыдан тигилген такасыз бут кийим *ситекти* XIX кылымдын аяк ченине чейин кийип келишкен. Алардын айырмачылыктары аялдар кийген ситектерге көркөм оюулар, саймалар салынган [358, 141-, 170-б.].

Г.М. Василевич Сибирь элдеринин телеуттардын, хакастардын, буряттардын, тувалыктардын, алтайлыктардын бут кийимдерин, музейлик коллекцияларга изилдөөлөрдү жүргүзүп, ар бир бут кийимге кыскача мүнөздөмө берип, башкача айтканда, жасалган жердигин, түрүн, кончторун, таманын, тумшуктарын жана тигилиштерин сүрөттөгөн. Хакастар эчкинин бучкактарынан (жыдытпай) тумшугун кайкалатып, таманын эки түрдө жука жана калың салып тигишсе, тувалыктар түгүн же жүнүн ичти каратып кийишкендигин белгилейт [122, 14-б.].

Корутундалап айтканда, кыргыз усталары бут кийимдердин бир нече түрүн: кончтуу, кончсуз, такалуу, такасыз, наар түшүрүлгөн, алтын-күмүш көрчөгөлөнгөн, коңгуроолуу (жылаажындуу) бут кийимдерин жасап, көркөмдүүлүгү, сапаты боюнча дагы артта калышкан эмес. Тилекке каршы, тарыхый булактарда, адабияттарда кыргыз бут кийимдеринин иликтөөгө алынбай калышы, алардын баалуулугун бир аз төмөндөткөнү менен, оозеки элдик чыгармаларда өтүктөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн табылышы, аларды кайра калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрүнө жол ачат.

**Төртүнчү баптын жыйынтыгы.** Жогорку бап диссертациялык иштин өзөктүү бөлүмү болуп саналат. Кыргыздардын баш, бут, тыш кийимдери жана шымдары, буларга кошумча курал же буюм, негизгиси сакралдык касиетке ээ болгон кемер, киселердин практикалык аткарган кызматтарынан тышкары, дүйнө таанымдарында ээлеген ордулары да изилдөөгө алынды. Кыргыздардын салттык баш жана тыш кийимдери күндөн, сууктан, шамалдан жана курал-жарактардан коргонуучу буюм эле эмес, аскердик даражаны, коомдук абалын түшүндүргөн белги болгондугу

аныкталып, илимий чөйрөгө сунушталды. Ошондой эле эпикалык чыгармалардын жардамы менен кыргыздардын салттык бут кийимдеринин бир нече түрлөрү аныкталып, аларды кайры калыбына келтирүү сунуштары берилди. Иштин жыйынтыктары жана көлөмү көрсөтүп тургандай, бул темалардын үстүнөн дагы көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгы бар.

# V БАП. ТЕРИДЕН ЖАСАЛГАН ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК БУЮМДАР

## § 5.1. Ат жабдыктар

Кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын мал чарбасыз, анын ичинде жылкыга байланыштырбай элестетүү мүмкүн эмес. Жылкы кыргыздардын эт-сүт, көөлүк багытында же байлыктын бир эквиваленти катары гана эмес, жашоо-турмушунун айрып карагыс бөлүмүнө, маанилүү жана сыймыктуу жашоо-символуна айланган. Бул тууралуу М.Т. Айтбаев: Кыргыздардын мал чарбасында жылкы багыты эң негизги орунда турат. Кыргыз жылкысы табигый-тарыхый шарттын муктаждыгынан жаш кезинде эле колго үйрөтүлгөн. Бай адамдардын колунда жылкынын саны беш жүздөн, миңге чейин жеткен. Аларды үйүр-үйүр кылып, бөлүп багышкан. Бир үйүрдө он бештен отузга башка чейин баш болгон [41, 62-б.], – деп белгилейт.

К.И. Петров монголдор менен тянь-шандык кыргыз урууларынын жашоосунда жылкынын өзгөчө маанилүү экендигин чарбаларына байланышкан диний жөрөлгөлөрү аркылуу далилдөөгө алган. Мисалы, «монголдордо биринчи кымыз күнүн белгилешкен» дейт [333, 79-б.]. Ушул эле кымыз майрамы кыргыздарда дагы майрамдалган. Азыркы мезгилге чейин майрамдалып келе жаткан байыркы ырымдардын бири. Ал эми кыргыздарда аш-тойлордо жылкынын көп союлушун курмандык иретинде союлган деп эсептешет.

Л.П. Потапов көчмөндөрдүн жашоосунда, дегеле чарбасында жылкынын орду өтө чоң экендигин белгилеген. Биринчиден, жылкы жылдын төрт мезгилинде тең багууга ыңгайлуу жана чыдамдуу жаныбар. Экинчиден, жылкынын көбөйүшү малдын ээсинин кадыр-баркын арттырган. Жылкынын жардамы менен көчүп бара турган жерине тез жетүүгө, душмандардан коргонууга, өздөрү кол салууга, жортуулдарды уюштурууга, ушуга окшогон иштерди аткарууга өтө ыңгайлуу болгон. Жылкынын эти жегиликтүү болуп, сыйлуу азыктын түрүнө кирсе, сүтү көчмөндөрдүн эң сүйүктүү суусундуктарынын катарында кирген. Жал, куйруктарынан аркан жиптерди эшип алууга мүмкүн болсо, тарамыштары жиптин кызматын, терисинен бут кийим, шымдан тартып, идиш-аяк, чарба буюмдары

жасалган. Жылкы көчмөндөрдүн жашоосунда өтө чоң мааниге ээ болуп, ал баатырдын досу, жардамчысы кызматын да аткарган [346, 47-б.].

С.М. Абрамзон: Археологиялык маалыматтар Тянь-Шань тоолорунда жана өрөөндөрүндө б.з.ч. VII кылымдан баштап эле көчмөн мал чарбачылыгынын мурдатан келаткан формалары болгон. Ошондуктан кыргыздардын мал чарбачылыгынын салтка айланып калгандыгы бул маалыматтарга байланыштырылбай каралышы мүмкүн эмес... [36, 52-б.], – десе, Кетмен-Төбөдөгү казылган коргондордон (курган) сак доорунун эрте көчмөнчүлүк мезгилине (б.з.ч. VI-V кылымдар) тандык ат жабдыктар табылган [402, 26-, 71-, 117-б.], – деп археолог К. Ташбаева белгилесе, К. Табалдыев Тянь-Шанда б.з.ч. I миң жылдыкта жылкыны пайдаланышкандыгын көрсөтүп өтөт [393, 238-б.]. Демек, азыркы кыргыздардын ээлеп турган аймактарында, негизинен, мал чарбачылыкка басым жасаган көчмөн элдердин жашагандыгын белгилөөгө болот.

С.М. Абразондун: ... Кыргыздар узак убакыт бою ээрден түшпөй эң оор тоскоолдуктардан: ашуулардан, аскалардан, атырылган тоо сууларынан ж.б.у.с. өтүп кетүүгө жөндөмдүү, атка бышык эл [36, 107-б.], – деп өзгөчө баса белгилегениндей, жылдын бардык мезгилинде ат үстүндө жүрүүсү, кыргыздардын жылкыга, атка болгон мамилесин байыркы мезгилде эле өстүрүп, бир калыпка салып койгон. Тагыраак айтканда, доордун өзү атты кармап, үйрөтүш үчүн укурук, чалма, андан кийин нокто, минип башкаруу үчүн жүгөндү, ээр-токумду, басмайыл, көмөлдүрүк, куюшканды, камчыны ойлоп табууга мажбурлаган.

Кыргыздар байыртадан жылкыга өтө аяр мамиле жасап, «ат, аттан кийин жат», «ат – адамдын канаты», «аттан айрылганың, канатыңдын кайрылганы», «ат – жалын тосот, эшек – туягын тосот», – деген накыл сөздөрдү чыгарып келсе, Л.Р. Кызласов жана Г.Г. Король Н.Я. Бичуриндин эмгегине шилтеме берип: Байыркы хакастарда «жылкы – жеңиштин символу» катары эсептелген [248, 165-б.], – деген ойлорун билдиришсе, Н.Я. Бичуриндин эмгегинде, кыргыздар менен уйгурлардын жыйырма жылдык согушунун аягында, уйгурлардын каганын шылдыңдап: Сенин күнүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алып, атымдын астына коем. Туумду саям. Эгер дагы кармашканга күчүң жетсе, тез кел, болбосо качып жогол, – деген [6, 355-б.].

Эми териден жасалган ат жабдыктардын түрлөрүнө келсек, ат жабдыктар жөнөкөй, жупуну жасалса, коомдун өнүгүшү, суроо-талаптын өсүшү менен ат жабдыктардын жасалышынын формалары, жасалагалары, шөкөттөлүшү татаалдана баштагандыгы бизге жеткен XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы ээр токумдар [527] далилдеп турат.

Кыргыз элинин алгачкы тарыхчы-этнографы Белек Солтоноев: «Бүткүл ат жабдык, ээр токумду өздөрү иштеген, үзөңгүнү мүйүздөн, көбүнчө кайыңдан ийип алышкан» [383, 12-б.], – десе, М.Т. Айтбаев көл өнөрчүлүк тууралуу төмөнкүлөргө токтолот: Кыргыздардын көчмөн чарбасында кол өнөрчүлүк үй шартында өнүккөн. Мындай айтып жатышыбыздын себеби жасалган буюмдар өздөрүнүн чарбалык керек-жарагына гана жумшалган [41, 82-б.]. Бул жерден көрүнүп тургандай, ар бир адам өзүнүн муктаждыгына, иштин татаалдыгына, жөнөкөйлүгүнө жараша өзү жасап алганга мүмкүнчүлүгү жеткен. Бирок ат жабдыктын бардык бөлүгүн жасай алган эмес. Алсак, ээрди, ооздук, үзөнгү, камчы, догоого окшогон жыгач, темир иштерин усталар гана жасашкан.

Ат жабдыктарды нокто, жүгөн, чылбыр, тизгин, тердик, камчынын өрүмүн жасоодо негизинен жылкынын, топоздун, кийиктердин терилери пайдаланылган. Ал эми ээрди каптаганга, каптыргага уйдун, төөнүн териси колдонулган [498, 1-б.]. Албетте, бул жерден так кесе айтып коюу дагы жарабайт. Себеби бул устанын үйрөнгөн ыкмасына, табитине көз каранды болгондугун дагы эстен чыгарбоо керек (70, 72-сүрөттөр).

*Жүгөн* менен *нокто* эриш аркак жүрөт, нокто – жылкынын башына тагылса, жүгөн «катылган». Айырмасы жүгөнгө ооздук тагылган. Жүгөн жылкынын жашына жараша: тай, кунан, бышты, асый аттардын башына, чоң-кичинесине карата жасалган. Орточо жүгөндүн тумшугунун эки жагы 16 см – 32 см, «ооздук» келүүчү жери 6 см – 12 см, жүгөндүн «оң жаагы» 33-35 см, «сол жаагы» 80-82 см, «сагак» (аттын башынан жүгөн шыпырылып кетпеши үчүн жасалган, алкым аркылуу айлантылып келип, сол тарабына байланат) 40-42 см, сагакты илүүчү жери 14 см болушу тийиш [48, 70-б.]. Жүгөндү эки тизгин башкарса, ноктону бир чылбыр «жетелеген». Ошондуктан кыргыз элинде «эки тизгин, бир чылбыр» бийликтин

кимдир бирөөгө толук өтүшү катарында каралган. Анткени жүгөн жана нокто азоо жылкыны эпке жана эркке келтирген курал. Бийликке жеткен адам дагы элди «жетелөө» мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Ат жабдыктарын жасап жаткан уста нокто, жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүктөрдүн, үзөңгү боонун энин, калыңдыгын бирдей кылууга аракет жасаган. Кайыктын (жүгөн жасалып жаткан тасма – кайык деп аталган) эни 2,5-3 см ашырылган эмес, ошол эле учурда эки катталып, ортосуна желимди коюу төгүп, эки жээгинен илме шибеге, оймоктун жардамы менен түз нукта шырылган [499, 23-б.]. Нокто-жүгөн үч түрдүү ыкмада жасалган: жөнөкөй (кайык, бирдей өлчөмдө тегиз тилинген кайыш тасма); шырма (эки каат кайыкты бириктирип тигүү); өрмө жүгөндөр.

Кызга, кыздын себине арналып жасалган ат жабдыктар өтө аземделгендиктен, кошумча алтын-күмүш жалатылган зер буюмдарын аралаштырышкан. Жүгөндөрдүн маңдайында көрчөгөсү, анын астында чачылары чыгарылган. Жүгөндүн негизги бөлүгүнүн бири тизгин аталып, ак кайыштан эни 1,5-2 см, узуну 2, 2,5 м узундукта болуп, тизгиндин эки учу суулуктун (оозduктун) эки жагындагы чагаракка, байланган. Тизгин кармаганга ыңгайлуу болушу үчүн, ички бетине карай эшип коюшкан [499, 21-б.; 48, 71-б.].

Казак аялдары салтанат, аш-тойлордо эле жакшы кийимдерди кийип чыкпастан көч учурунда дагы мыкты кийимдерин кийишкен. Ошону менен бирге ат жабдыктарын, өзгөчө аттын жүгөнүн, тердигин өтө кооздошкон [260, 48-б.]. Казактарда да ат жабдыктары, анын ичинде жүгөн бир нече аталыштагы бөлүктөн: ауздук, оозduктун эки жагындагы шакек – суулук, сагалдырык, кенгсарак (көкүлдүрүк – кыргызча), жүгөндүн эки жагы – жаактык, аттын желкесине келген жери – желкелик, тизгин жана ноктонун чылбырынан, кээ бир учурларда суулукка гана чалып байлашкан. Ээр токулганы кармап турганы *аил* аталса, ошондой эле *өмөлдүрүк* жана *куискан,* ээрдин каптыргасынын артына ичке, узун кайыштан канжыга байланган [351, 281-б.; 434, 114-115-б.].

*Тердик* – ээрдин эки каптыргасы аттын зээринин эки капталын басып койбошу үчүн жука ичмектин (тердиктин өлчөмүнө жараша катуу ийленген кийизден жасалган) үстүнө, ээрдин астына салынган. Тердик ээрдин формасына жараша

ичмектин үстүнө салынуучу, аттын жонун ээрге бастырбай, каптал жыгачтарынын жонго түшүүчү басымын жумшактоо үчүн колдонулуучу токум. Жасалышы боюнча аял-эркектердин мингичине карата да бөлүнгөн. Алсак, эркектер токуучу тердиктин көлөмү: узуну 90-100 см, туурасы 45-60 см, аялдар токунган тердиктин көлөмү: узуну 120-150 см, туурасы 45-60 см жеткен.

Тердиктин негизги түрү уйдун терисинен жасалып, ичине кийиз көктөлгөн. Ак каңкы (тунгус-манчжур тилинде – бекем дегенди түшүндүрөт [385, 375-б.] 69-сүрөт), анжиан, кожент, кашкар, саяк ээрлеринин сапатына, ээрдин сынын чыгарыш үчүн айрым учурларда төөнүн терилери колдонулган. Албетте, төөнүн териси уйдун терисине салыштырмалуу бир кыйла сапаттуу жана чыдамдуу болгон (61-68-сүрөттөр) [499, 7-б.]. Ал эми күлүктөргө арналган ээрлер чакан жана жеңил жасалган [530, 547-б.].

Усталар тердикти сынпоостоп (кооздоп) жасаш үчүн төрт бурчун «уй мүйүз» сыяктуу учту кылып чыгарып, ийместин (аспап) жардамы менен алгач оюунун жүлгөсүн салып, андан кийин жибек жип менен шырыган. Айрым жерлерде тердиктин кыргактарын кундуздун териси менен кыюулап, «куш тумшук», «каркыра канат», «карга тырмак», «мүйүзчө», «кыял» «төрт бурчтук», «тегерек көрчөгө», «жылдызча», «чымын канат» оюуларын түшүрүшкөн [499, 4-б.]. Уста Ислам Исираилов: Кыздарга арналып жасалган тердиктин эки капталына сексенден 160 темир топчу кадалган, – дейт. Бирок эмне себептен, сексенден топчу кадалгандыгын айтпайт. Биздин оюубуз боюнча, кыздын себине арналып жасалган аземдүү, баалуу буюм болгондуктан, «сексен топчу седептен, төркүндөн келген себимден» [502, 3-б.], – дегендей тердиктин бетине батканына жана жарашыгына карата жасалып жүрүп, кийин салттуу ыкмага айланып кетиши толук ыктымал.

Тердикке түс берүү маанилүү иштердин катарына кирген. Албетте, теринин өзүнүн табигый түсү ак болот. Тердик көбүнчө сорпо майына чыланган учурда, жалтыраган түскө келген. Теринин же тердиктин өңүн башка түскө буруудa: жылкынын каны (кочкул кызыл), жошо (кызыл), сары жыгач (сары), ышкын түп (кызыл), шыралжын (жашыл), арча жана жаңгактын жалбырактары (кара кочкул жашыл) түстөргө боелгон [502, 4-б.].

Ат жабдыктардын эң негизгиси, бул – *ээр*. Ээр аземдүү буюмдардын катарына, турмуш-тиричилик буюмдарынын катарына дагы кирген. Ээрдин жасалышы аймактык өзгөчүлүктөргө жараша шарттуу түрдө: ээрдин жасалыш ыкмаларына; ээрдин кашына; көлөмүнө; жасалган аймагына, диалектилик айтылышына карата бир нечеге бөлүнгөн (61-68, 69-сүрөттөр). Түштүк Сибирде табылган ээрлердин каштары жазы түрүндө жасалган [389, 50-б.]

Кыргыздар менен казактардын ээрлеринин дээрлик окшоштугун А. Хорошкин жазган. Кыргыздардын ээринин айырмачылыгы чакан жасалып, ээрге жез мык жана оюу үлгүлөрүн кадашкан. А.П. Хорошкин ошондой эле семиз адамдын чакан ээрге батып олтуруп алгандыгын көрүп, өтө таң калгандыгын да жашырбайт [435, 21-б.].

Аттардын чоң, кичинелигине жараша ээрлер «чоң ээр», «орточо ээр» жана «кичине ээр» деп бөлүнгөн. Бирок ээрдин жасалышы боюнча: «оймо ээр», «аштама ээр», «курама ээр» [202, 72-б.] деп аталган. Колунда бар бай-манаптардын ээрлери күмүш, жез менен кооздолсо, карапайым элдердин ээрлери көп кооздолбой, кээ бир учурларда тери капталбай, үзөңгүлөрү табылгы ж.б. жыгачтардан жасалып, жүгөн, ноктолору ак кайыштан жасалган [41, 83-б.]. Карапайым адамдар жыгач, кайыш үзөңгүлөрдү пайдаланышкан. Биринчиден, атка жеңил болсо, экинчиден, жыгач, кайыш үзөңгүдөн бут тайыган эмес [527, 18-б.; 179, 20-б.].

Орус императорлугунун Түркстандагы техникалык коомунун чыныгы мүчөсү Н.И. Габбин Ташкент шаарында жарыялаган эмгегинде, ээрдин келип чыгышы тууралуу кызыктуу уламышты жазып калтырган. Уламышта: ... бир нече миң жыл мурун мусулмандардын ханы Жамшит кайсыл бир жортуулда жайдак ат минип жүрүп, жоон санын сүрүп, куймулчагын жорутуп алат. Ошондо жанбашынын ооруганына чыдабай, камыр жуурутуп, аны аттын үстүнө коюп, минип, жолун улайт. Бир аз жүргөндөн кийин эки буту талый баштаганда, калың жипти аттын зээрине салаңдатып, бутуна теминги жасайт. Белгиленген жерге жеткиче камыр катып калат. Мына ошондо хан усталарын чакырып, жыгачтан жана териден каткан камырдын формасында ээр жасоону буйурат. Бирок азыркы ээрдин формасы Мухаммад пайгамбардын (САВ) иниси, баатыр Азирети Алидан башталат [132, 3-б.], – дейт. Демек, өзбек эли ээрлерди орто кылымдарда гана пайдалана баштаган. Ошондой

болсо дагы мыкты ээрлер Самарканд, Хожент, Анжиан, Ташкент, Кашкар шаарларында [132, 2-б.] жасалгандыгын да моюнга албай коюуга болбойт. Мунун биринчи себеби отурукташкан элдер жайы-кышы бир гана өнөрдүн артынан түшүп, аны негизги кесипке айлантышкан. Экинчиден, ээрге болгон суроо-талаптардын көптүгүнөн ири шаарлардын бардыгында усталардын кыштактары [132, 3-б.] пайда болгон жана бул өнөр атадан балага мурас катары өтүп турган.

Ээр кандай ыкмада жасалса дагы, аны уйдун же төөнүн териси менен каптаган. Ошол эле учурда тери менен капталбаган ээрлер дагы кездешкен. Мисалга алсак, жаш балдарга арналган айырмач, оймо жана аштама ээрлерге айрым учурдарда тери капталбайт. Бирок жаан-чачынга, күнгө чыдамдуу болушу жана көркөмдүүлүгү үчүн түрдүү боектор менен боелгон. Кыргыздар көбүнчө колго даярдалган боекторго, кызыл, сары кочкул жашыл, түстөргө басым жасап, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн элементтери берилген оюуларды: кочкор мүйүз, ит куйрук, карга тырмак, бармак боочу ж.б. түшүрүшсө [202, 72-б.; 499, 4]-б., уйгурлар сөөктүн өңүнө түспөлдөш өңдү берип, жашыл, кызыл, күрөң боектор менен гүл жалбырак оюуларын салышкан [215, 136-б.].

Ээрди каптоо ыкмасы төрт бөлүктөн турган. Алгач, алдын, эки каптыргасынын баштары, актасы, үстү капталган. Сууга чыланган тери чоюлчаак болуп, устанын ширилей турган, тарткан жеринин баарына жетип, ийкемдүү иштелип, сууланган тери жыгачка жакшы кармалган [502, 5-б.]. Тери кайра тартылып, ээрге тыкыс олтурбай калбашы үчүн атайын даярдалган 2 см мыктар менен бекитилген. Андан соң устанын оюу калыбына салып, сынпоостуу, тотемдик (теке, кулжа мүйүз, эр оюу, тырмак, кыял ж.б.) оюуларды түшүрүп, гүл (бөрктүү) мыктар менен көркөмдөшкөн. Темирден жасалган мыктарды табуу мүмкүн болбой калганда, чоң усталар кайың жыгачынан жасалган мыктарды [48, 322-б.] колдонушкан.

Ф.А. Фиельструп кыргыз аялдары атка минип, эрдин кашына төшөп алчу төшөнчүнү *бөкчө* деп аташаарын жана аны ылайыктуу нерселердин баарынан жасап алгандыгын белгилеп өтөт. Ошондой эле көпчүк аталып, ээрдин үстүнө салынган кийизче же төшөкчө кээ бир учурларда ээрге гүлдүү мыктар менен бекитилген. Ал

эми терикөрпөчө аялдардын ээрине гана салынгандыгын Ф. Фиельструп белгилеген [426, 192-193-б.].

С.И. Вайнштейндин айтуусу боюнча XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы кыргыздардын ээрлеринин жасалашы, көрүнүшү башкырлардын, тувалыктардын жана хакастардын ээрлерине жакын [113, 140-б.]. Кичинекей балдардын айырмачы тувалыктарда – эримееш деп аталган [302, 119-б.].

Казактарда ээрдин бир нече түрү: өрдөк баш ээр (түндүк-батыш Казахстан), куранды ээр (түштүк Казахстан), казак ээри (чыгыш Казахстан), козу куйрук же ак баш ээр (батыш Казахстан), казак ээри (борбордук жана түндүк Казахстан) деп ээрлердин кашына жараша бөлүнгөн [434, 113-б.].

Ээрдин ат үстүнөн алдын карай жылып кетпөөсү үчүн *куюшкан* жасалган. Жогорудагы белгиленгендей, куюшканды жасоодо үч ыкма колдонулган. Куюшкандын эки учу ээрдин арткы актасынын чагарагына көркөмдүү болушу үчүн кайчылаштырып, бекитилген. Кайчылашкан жериндеги купага күмүш жалатылган, зер буюмдарына түшүрүлө турган оюулар чиймеленген томпогой көрчөгө көмкөрүп, куюшканга каңдашкан. Аттын терисин өйкөп койбоосу үчүн, кадоонун алдыңкы бети жылмаланган [502, 5-б.]. Кайык тасмага «чымын канат», «жылдызча», же «байчечек» өңдүү оюм-чийимдер [48, 146-б.] түшүрүлгөн.

Куюшкандын жалпы узундугу 1,5 м – 2 м чейин, аттын чоң, кичинесине жараша жасалган. Ошол эле учурда кыскартып, узартып туруш үчүн бир карыш ашыгыраак жасоо оңтойлуу болгон. Кыргыздардын улуттук ат оюндары: эр эңиш, көк бөрү, кыз куумай оюндарында куюшкандарды атайын узартып коюшкан. Бул биринчиден аттын түйүлүп чуркашына ыңгайлуу, экинчиден, куюшкан өзү да сооруга камчы сыяктуу камчыланып чабылып турган.

Куюшкандын аталышы, тувалыктарда шалаң – атка салынган куюшкан аталса, кыргыздарда шалаң – өгүзгө же эшекке салынган куюшкан. Ошондой эле тувалыктарда «шалаң» аталган эн тамга кездешкен. Дагы бир мисал, хакастарда *«ипчи»* деп аялдар аталса, кыргыздарда боз үйдүн аялдар олтурган тарабы, киргенде оң тарап эпчи жак; улага (кыргызча) – үйгө кире бериш, хакастарда – боз үйдүн негизги орду; айбанаттардын, кой-эчкинин ийленген терисинен жасалган жер

төшөгү кыргыздарда – талпак, хакастарда – талбах аталгандыгын И.Б. Молдобаев белгилеп өтөт [302, 120-б.]. Ушул сыяктуу аттын тушмугуна жана мойнуна тагылган жипти хемееш, жүгөндү – чуген, эгерде ага күмүш каңдалса, күмүш чуген деп аташкан. Көкүлдүрүк – кастык, ооздук – суглук, муңгашдын – тизгин, эзеңги баа – үзөңгү боо, колун – басмайыл, шавылыыр – чаполоң арткы басмайыл, кудурга – куюшкан, хундурге – көмөлдүрүк, төрепчи – басмайылдын өйдө жагын жапкан кийиз же килемче, тепсе, теспе – үзөңгүнүн үстүңкү жагын жапкан төрт бурчтуу оюу түшүрүлгөн теминги (тепсенин алдына арканга окшогон нерселерди бастырып коюшкан), дерги – ээрдин кашына байланган кайыш, соңгу дерги – канжыганы айтышкан [443, 72-б.].

*Көмөлдүрүк* ээрди сооруга жылдырып жибербей кармап туруучу ат жабдык. Көмөлдүрүктүн алдыңкы биринчи жана экинчи учу ээрдин эки актасына, чагаракка бекитилип, аттын омуроосуна тартылып, алдыңкы эки бутунун ортосунан өткөрүлүп, басмайылга бекитилген. Көмөлдүрүктүн оң капталы 48-50 см болсо, аттанаар сол тарабы 40-45 см, ошондо илгич артык башы менен 18-20 см [48, 128-б.]. Көмөлдүрүктүн олоң тили, жүрөкчөсү, учундагы кош сүзмөсү чагарактар аркылуу туташкан. Көмөлдүрүктүн капталдары кайыштан чачыланып, үстү күмүш, жез, темир, коло купалар, чорлор, салаңдар менен аземделген.

Бул жерде белгилей турган нерсе, көмөлдүрүктү коомдун бардык мүчөсү жасатканга мүмкүнчүлүктөрү жеткен эмес. Колунда бар адамдар көмөлдүрүксүз ат минишкен эмес. Көмөлдүрүк жоокердик, көч учурларында көп колдонулган. Ээр токумдун, аттын көркүн чыгара турган буюм болгондуктан, түстүү темирлер, кымбат таштар менен чегерилип, зер оюмдарына тандык оюулардын бардыгы түшүрүлгөн.

*Басмайыл.* Куранды ээр токутуп / Кундуз көрпө тарттырып / Мамык жаздык арттырып / Басмайылды үчтөн тарттырып [277, 51-б.], – деп «Манас» эпосунда басмайыл бир кат эмес, үч кат тартылганы айтылат. Басмайылдын 2 же 3 каат тартылышы, эң негизгиси коопсуздук үчүн жасалган. Ысык-сууктан, эскиргендиктен жана жоо менен чабышканда кылыч, айбалтага окшогон куралдардын мизи тийгенде бир каты кесилип же үзүлүп кетсе, экинчи каты кармап

калган. Алар басмайыл, артайыл, чап айыл же чаболоң, артолоң, төшолоң деп аталган. Төңөлүк басмайылдын тогосу.

Быштан, пыштаң – айрым жерлерде басмайылдын синонимдик аталышы болсо, башка жерлерде ээр үстүндөгү көрпөчөнүн алдыңкы кашы жана чарасы тарабын бекитип кармап турган [255, 174-б.]. Белгилеп кеүүчү нерсе, Ф. Фиельструп кыргыздар желдикти пайдаланууну сарттардан алгандыгын, ага чейин тердиктерди гана колдонуп келгендигин жана да басмайыл башта кыргыздарда быштан аталгандыгын, үч түрдүү басмайылдын колдонулгандыгын: быштын, олоң, жырым: жырым – курсактын алдынан кеткен; олоң – басмайылдын аяк учу, олоң баш – темир того жагы, быштан – үч кат басмайыл, биринчиси, ээрдин үстүнөн, экинчиси ээрдин каптыргасынан, үчүнчүсү көрпөчөнүн үстүнөн бастырылгандыгын көрсөтөт [426, 192-193-б.].

А.С. Акматалиев басмайыл жөнүндө: «Басмайылдын «ээр бастыргычы» кайыштан болот да, калган тарабы бүтүн эки метрден ашпаган «беш кашка», «жети кашка», «суйсалма» өрүмү бир кош өрмө кайыштан жасалат. Көрпөчөгө басмайылдын канжыгадай эки тал кайышы «ак быштан» курчалат. Басмайыл боору өрүмдөрдөн турат. Болжолдо 74-78 см өлчөнөт. Ал кош өрүмдүн жазылыгы 1-1,5 см барабар. Көрпөчө бастыргычтын жазылыгы 1,5 см болушу зарыл. Айрым жерлерде солоңдорду «куюшкандын салпынчагы» дейт. Кайыш түймөлөрү аркылуу бүткөн басмайыл да болот. Аны беш жерден түйүп чыгарат. Ошондуктан, «беш кумпа» деп атайт» [48, 29-б.], – дейт. Сүрөттөөдө көрүнүп тургандай, басмайыл кайык жана өрүм түрүндө да жасалган. Бирок басмайылдын ээрдин үстүнө келген жери адамдын жамбашына өтүп кетпеши үчүн үзөңгү боо тагылган көзөнөккө чейин кайыкталып, ал эми калган бөлүгү өрүмдөн турган. Басмайылдын боосу, көрпөчө бастыргычы жана канжыга уйдун терисинин моюн бөлүгүнөн алынган кайыштан жасалган [501, 3-б.]. Басмайылдын кайык, өрүм аралаш жасалышы көркөмдүү көрүнгөн, ошол эле учурда ээр бастыргычка да оюмдар түшүрүлгөн. Дагы баса белгилөөчү нерсе, «салаңдар», «солоңдор», «куюшкандын салпынчагы» деп түрдүү аталып жаткан куюшкандын бөлүгү «эркек», «ургаачы» деп бөлүнгөн. Эркектердин ээринин куюшканына учтуу көрчөгө салынса, аялдардын ээринин куюшканына тумтук

көрчөгө салынган. Мына ушул айырмачылык эркек же аял токумун ажыраткан [505, 3-б.].

Кыргыздардын негизги куралдарынын дагы бири *камчы* аталган. Камчы бир эле учурда атты камчыланган жөнөкөй буюм катары көрүнсө, ошол эле маалда байыркы кыргыз элинде бийликтин символу, эр жигиттин, ак сөөктүктүн, нарктуулуктун белгиси катары сыпатталган. Камчыга байланышкан бир нече ырым-жырымдар (камчыга нике кыюу [202, 30-б.]; үйдүн ээси өлгөн учурда, камчынын түшкүнүн салаңдатып илүү; камчы менен тап бербөө; камчынын абалы аркылуу жолочуну аныктоо ж.б. макал-лакаптар («колуңда жүрүп билинбейт, камчыдан өткөн курал жок»; «камчыңды бирөө чаап берсе, кычышкан колуң тыйып ал», «камчыны жерге таштабайт» ж.б.) сыяктуу үрп-адаттары, ырым-жырымдары дагы сакталган. Албетте, кыргыз элинин камчыга болгон мамилесин, символикалык, сакралдык касиеттерин изилдөөгө алуу, өз алдынча илимий иликтөөлөрдү талап кылаары шексиз.

Камчы өзү беш бөлүктөн: бүлдүргө, сап, алакан, түшкүн жана түшкүн түйүндөн турат (73-сүрөт). Камчынын өрүмү же түшкүнү биздин маалыматыбыз боюнча 13 түрдүү ыкма менен өрүлгөн. Камчынын алаканы салттык үлгүдө кара жана күрөң булгаарыдан, эки катталып, шырылган. Алакандын узундугу 10-17 см, туурасы 2, 5-10 см чейин жетет. Бул жерде белгилей кете турган нерсе, уста Суйеркулов Болоттун билдирүүсү боюнча камчынын өрүмү тоо кийиктеринин, жылкынын, уйдун, терисинен тышкары уйдун баш терисинен жасалган учурлар көп кездешкен [501, 4-б.].

Камчы сапты кыргыздар көбүнчө тобулгудан (табылгы), ыргай, долонодон жасашкан. Табылгынын өзүнүн табигый кызыл түсү көчмөндөргө өтө жаккан. Ошол эле учурда табылгы жыгачы өзүнүн катуулугу жана кабыгынын сыйрылбастыгы менен башка бак-дарактардан айырмаланып турат. Табылгыдан тышкары аземдүү жасалган камчы саптар жапайы жаныбарлардын курандын, эликтин, бугунун, текенин мүйүздөрүнөн, шыйрактарынан да жасалган.  Камчы сапка көк да, күмүш да, жез да, мис да, калай да курчалган. Аны «бел көк» же «бел шакекче» деп аташкан. Ал төрт-алты курдай сапка имерилген. Бул ыкма камчыны бир чети коздугун

арттырса, экинчи жагынан бышык кармап жүргөн. Камчынын түшкүнүнө түрдүү түстөгү булгаары каптап, анын башына, түбүнө төкмө чачык чыгарылган. Жез, күмүш өңдүүлөр менен шөкөттөгөндөн кийин камчы саптын кармаар жеринен 10 см ылдыйыраак көзөгүч менен көзөп, ага өрүлгөн же жоон көктөн бүлдүргө өткөрүлгөн.

Камчы башына калай же күмүш кадалган. Аны «камчы бөрүк» же «бөрүктүн калайы», «бөрүктүн башы» дешкен. Капталган күмүш көркөмдүү болушу үчүн «кочкор мүйүз», «эр оюм», «бармак боочу же кайберен оюусу», «гүл чанагы» оюулары түшүрүлүп, каңдалган. Камчынын алаканына көбүнчө кара жана күрөң булгаары капталган. Ал дагы оюу түрүндө шырылган. Алакандын учуна 9-11 талдан чачык чыгарылган. Камчынын алаканына кошумча көрк берүүдө белине күмүш чегелеп, «жылдызча», «куш тырмак», «мүйүз», «ийрек», «кыял» оюмдарын түшүрүшкөн. Андан тышкары жезден, калайдан «тумарча» же «төрт бурчтук», «тегерекче» же «көрчөгө» сыяктуу «көздөн, сөздөн» сактоочу тумарларды бекитишкен [503, 5-б.; 48, 90-б.].

Камчынын негизги бөлүкчөлөрүнүн бири *түшкүн* аталган. Бирок көптөгөн чеберлер, өрүмчүлөр аны «камчылаар жагы», «камчынын өрүмү», «чабаар жагы», «сокмогу» дешип ар түрдүү аташып, ал эми түшкүндү түйүн катары дагы түшүнүшүп келишкен. Камчынын түшкүнүнүн узундугу өтө маанилүү иштерден болуп саналат. Атты камчыланганда шыйракка өтүп кетпегендей узундукта, эгерде камчынын сабынын узундугу 25-30 см жасалса, түшкүн андан төрт эли же 5-8 см узунураак жасалышы керек. Камчы сап менен тең жасалып калса, манжаларга чабылма болуп калат.

Түшкүн түйүндү бекитүү өтө жоопкерчиликти талап кылган. Түшкүндүн чачыгынын алдынан, ортосунан жана учунан өрүмү жанбас үчүн чеберлер өзүнчө түйүм берген. Анын узуну 2,5-3 см болот. Мындайда камчылар абдан карылуу, камчылануугa да бышык келет.

«Түшкүн түйүндө» майда өрүмдүн учу жанып кетпеши үчүн чеберлер өрүм бүтөйүн деп калганда өзүнчө ичке көк тилип, өзөктү шибеге менен көзөп, өткөрүп, көктүн эки учун теңдеп, көк илме чалынган. Ал чалмадан эки көк, илмесинен да эки көк түз өрүлөт. Ошондо өрүм оролуна айланып, айлана сымалданып түшөт.

Андан кийин өзөктү экиге бөлүп, ортосуна көктү кийирип, көктүн учу аркылуу кайышты бекитишкен.

Камчынын түшкүнүн жез, күмүш, мис, калай, алтын өңдүү металлдар менен шакекче кылуу, кооздоо «чүкүртөө» аталган [48, 270-б.].

*Бүлдүргө* жөнөкөй жана мааниси жоктой сезилгени менен, анын аткарган ролу өтө чоң. Ансыз көчмөн дагы, жоокер дагы атын минип бастыра албайт. Анткени камчыны дайыма эле колдо кармап жүрүүгө мүмкүн эмес. Ошондуктан аны оң колдун билегине илип алууга ылайыктуу узундукта, өтө узун эмес түйүп алышкан. Кыргыз элинде бүлдүргөгө байланышкан «бүлүнгөндүн бүлдүргөсүн алба» деген макалы да жаралган.

Казак чеберлери камчы өрүмдү экиге: шыбырткы камшы – 3-4 талдан өрүлгөн; дайыр камшы – 4 талдан жогору 24 талга чейин деп бөлүшкөн. Биринчиси ат үчүн, атты минүүдө гана колдонулса, экинчиси мергенчиликте, аңчылыкта пайдаланылган. Анткени анын өзөгүнө коргошун салынган. Мындай камчы менен карышкырды чапканка, кабыргасы же бели сынып кеткен [308, 85-б.].

Казактарда камчынын өрүмү тегерек, төрт бурчтуу болуп өрүлгөн. Эгерде камчынын ичине катуу нерселер салынып өрүлсө, камчы сапка бекем бекитилиши үчүн жука, жалпак темир менен бекитишкен. Ал казактарда *буурдак* деп аталган [117, 36-б.].

Г. Алмашинин тарткан сүрөтүндө өрүм камчы өтө тыкан жасалгандай көрүнүп турганы менен, камчыланган адамга зыян кылып кое тургандай жасалгандыгын байкоого болот. Себеби шилтенген камчы өз максатына жетпей калган шартта түшкүндүн учу колдун манжаларына чабылат. Ошондуктан түшкүндүн узундугун эсептөө, анын колго коркунучсуз болушун алдын алуу үчүн кыргыздар атайын элдик билимдерди иштеп чыгышкан. Алсак, камчы адамдын боюна жараша даярдалган. Ал үчүн сапка үч эли черчемин алты жолу, эки эли ченин бир жолу салганда, камчылана турган адамга өтө ыңгайлуу сап даяр болгон. Камчынын түшкүнү камчы саптан төрт эли ашып турушу керек. Мисалы, адамдын бою 165 см болсо, камчы саптын узундугу 35-40 см болот.

Тувалыктар камчыларын кымчы деп аташып, анын сабы кызыл кабыктуу сөөскенден (табылгы) 50 см узундукта жасашкан. Түшкүндөрүнө буканын териси керектелип, түшкүндүн узундугу 1 м жеткен. Бүлдүргөсү кымчыы салбырыы аталган. Камчыга байланышкан ырымдары дагы көп кездешкен. Анын бири катары: «Кызыл камчы кармаган кишиден, шайтан дагы коркоор» дешкен.

Жоокердик курал катары пайдаланган камчынын учуна коргошун коюп өрүшкөн. Албетте, мындай камчы өтө коркунучтуу болуп, элдик уламыштарда, санжыраларда камчы менен жолборсту чаапкан баатырлар ушундай камчыларды пайдаланышкан. Бул түрдүү камчы «булдурсун» деп аталган. Булдурсундун жөнөкөй камчылардан айырмасы түшкүнү жоон өрүлгөн (74-сүрөт). Бирок өзөк салынбайт. Өзөктүн ордуна камчы саптан ичкерээк жумуру таякчаны салып өрүп, ичине кыт же майда таштар толтурулган. Көктөрү көбүнчө уйдун, буканын баш, бут жана моюн терилеринен алынган. Сабына мүйүз сап, тобулгу саптар керектелип, түшкүндүн аягы «кош түшкүн түйүн» же эки түйүн чыгарышкан. Себеби бир түйүн чыгарганда камчынын учу өтө калың болуп көрүнүп калган.

Булдурсундун жасалышына, сыпатталышына өтөөрдөн мурун сөздүн этимологиясына токтололу. Кыргыз тилиндеги көптөгөн этнографиялык сөздөрдүн этимологиясын изилдеген окумуштуулар К. Сейдакматов, К. Дыйкановдор негедир булдурсунду изилдөөгө алган эмес. Бирок К. Сейдакматов «булдурсун» сөзүнө өтө жакын «булдурук» сөзүн чечмелеген. Ал жерде: «Булдурук – чөлдө жана жарым чөлдө жашай турган көгүчкөндөр тукумуна кире турган канаты жана куйругу узун канаттуу булдурук деп аталат. Анын кээ бир түрүнүн боору ак болсо, кээ биринин боору кара болот, баарынын жонундагы жүнү чаар келет. Бул куштун булдурук аталып калышына анын жонундагы чаары себеп болгон окшойт. Азыркы кыргыз тилиндеги балдыр жана булдур деген сөздөр түшүнүксүз айтылган сөзгө карата айтылат. Алгач, бул сөздөр аралашкан өңдү-түстү билдирген балдыр жана булдур түстөгү чаар дегенге барабар келген. Чаар түс ак менен каранын аралашмасы катары кабыл алынган. Ошол кездеги булдур «чаар» деген сөздөн булдурук сөзү келип чыккан» [369, 67-б.], – деп, өң-түскө карата айтылгандыгын белгилеп берип жатат. Анда, биз ушул эле ойду улай турган болсок, «булдурсун» сөзү, булдур + сун деген

бөлүктөрдөн турат. «Сун» сөзү – мүчөлүк кызматты аткарганы менен буйрук этишти дагы аткарат. Демек, «чаар + сун» болуп калып жатат. Чындыгында эле, булдурсундун түшкүнүнүн же өрүмүнүн алдыңкы төрт эли учу чатыраш, чалма же арчындалып өрүүлөрүн уста Жылкычы Шаршембиев да ырастайт [497, 3-б.]. Ошондой эле тасманын, өрүлгөн талдардын өңү дагы буудай өңдөнүп, өрүмдөрдүн ортосунда билинер-билинбес «көздөр» чыгып, аны чаар көздөнтсө, ага колдонулган терме, суйсал, жылан боор өрүмдөрү, аны анык чаар түстө көрсөтүп турат.

Ырасында эле, булдурсундун ички маанисин тилчи окумуштуулар Ү. Асаналиев, Б.Ж. Усманбетовдор дагы чечмелөөгө аракет кылышкан. Б. Усманбетов: «Булдурсун камчыдагы өрүмдүн аталышы. Бул өрүмгө жаа (ийчи / ийги) куралы колдонулбайт. Жогорудагы чалма өрүмү булдурсун камчысына гана колдонгондуктан, өтмө маанисинде булдурсун болуп аталып калган» [418, 199-б.], – деп, булдурсундун жасалышы, аталышы тууралуу гана азыраак токтолуп, сөздүн так маанисине көңүл бурбайт. Ал эми Ү. Асаналиев: «Бүлдэргэ «илмек» (камчыда), кыргыз тилиндеги бүлдүргө теги бир сөздөр. Ушуга булдурсундун жакындыгы бардай көрүнөт. Кыргыз тилинин материалдарынын өзү эле бул – этиш уңгу экенин далилдейт: Этегимди ит булуп кетти; мурут менен сакалын булуп-жулуп ыргытып (фольк.); этегинин эңсесин кылыч менен булгамын. Демек, булдурсун (<бул-дыр-сын) үч морфемадан турган сөз. Булдырсын баатырлардын камчысы, жоо куралы катары кызматы бар. Асый өгүз терисин, өрүм кылган булдурсун (фольк.), Семетейдин булдурсун, чапса, кулак тундурсун (фольк). Бүлдүрү да уңгу мүчөгө булдурсундай эле ажыратыла тургандай: бүлдүргү (<бүл-дыр-гы) бүлүн, бүлүк, сынбаган – бүлбөгөн сөздөрүнөн эле бүл – уңгу белгилүү, – дыр – аркылуу мамиле, – сын атооч жасоочу мүчө. Негизи бул – ~бүл – фонетикалык сөз жасоо аркылуу келип чыккан сөздөр сыяктанат», – деп өтө терең изилдөөгө алат. Бирок булдурсунду бүлдүргө сөзүнө эмес, кыргыздын дагы бир сөзү «бүлдүрсүн», буйрук этиштүү сөзүнө байлаганда, мүмкүн так мааниси көрсөтүлмөк. Анткени булдурсундун аткарган негизги кызматы душмандын же атаандашынын тийген жерин бүлүнтүп, бүлдүрүп, түлөтүп, талкалып же сындырып кеткен. Бул жерден сөздөгү у, ү жоон жана ичке үндүүлөрдүн үндөшүү мыйзамынын, сингармониясынын негизинде өзгөрүп кеткендиги даана эле көрүнүп турат. Демек,

баатырлардын бул куралы, алгач бүлдүрсүн аталып, кийинчерээк тилдин мыйзамдарына ылайык, булдурсун деп өзгөрүп кеткен.

Кошумчалай кете турган нерсе, *булдургө* сөзү *ил + дир* сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Анткени камчыдан башка чокмор, чочмор, шылк этмелер дагы колго, тагыраагы, билекке илинип жүргөн. Ушул вариантты дагы илимий айлампага киргизүү керек.

Булдурсундун дагы бир аталышы «бир чабаар» деп айтылган [225, 130-б.]. Аты эле айтып тургандай адамды, атты же жырткычты башка бир чаап өлтүрүп койгон окуялар көп катталган.

Булдурсундун түшкүнү үчүн торпоктун же текелердин боор терисинен көк же тасма кылып тилип, бекем тартып, бир көктү эки тал көктүн арасынан өткөрүп турат. Анда оң тарабынан да, сол тарабынан да бир көк эки көктүн арасынан өтөт. Түшкүндү сыдыргыга самындап тартканда тегиз төрт кыр чыгып, ал эч качан жанбайт. Түшкүндүн өрүмү да өзгөрбөйт. Чеберлер түшкүндү ар кандай жолдор менен сынашкан. Мисалы ийип көрүшкөн, учуна оор нерселерди илип текшеришкен. А.С. Акматалиев: «Жердеги тебетейин камчы менен илип алганда түшкүнү (өрүмү) ийилип коюучу эмес экен, көк канчалык ипичке тилинсе, көк ошончолук сыйда көрүнөт. Кылдат чеберлер түшкүндүн жанбашы үчүн камчы чачысынын түбүнөн, ортосунан жана учунан түйүм чыгарышкан [48, 246-б.], – деп түшкүндүн ийилбей түз турушу анын сапаттуулугунан кабар бергендигин белгилеген.

Булдурсундун жасалышын уста Жылкычы Шаршембиев: Булдурсунга керектелүүчү тасма өтө калың болбошу керек. Ошондуктан жаш малдын, музоонун териси өтө ылайыктуу. Аны түгүнөн ажыратып же жыдытып алгандан кийин жазы тасма кылып кесип, 80 см узундукта тилим, тал кесилип алынат. Эгер талдар калың болуп калган шартта 16 талдан, жука болгон шартта 24 талдан өрүлөт. Өрүм тоголок болуп чыгышы үчүн жуп сандуу тал тандалат. Эгер так сандуу тал болуп калса, тасма же нокор өрүмү түшүп калат. Бул өрүмгө иймек же жаа керектелбейт. Себеби өзөктүн ролун сөөмөйдүн жондугундай узун сап жыгач аткарат. Өрүм түшкүндүн учунан башталып, чатыраш же чалма ыкмасы менен 6-7 см чейин келип, андан кийин

терме өрүмү менен өрүлө баштайт. Түшкүн ылайыктуу узундукта өрүлгөн соң, өрүмдүн ичиндеги сапты сууруп, ичине бөдөнөнүн көзүндөй, тандалып алынган таштар менен шыкап чыгат. Түшкүн ийилип турушу керек. Антпесе анын таяктан эч бир айырмасы болбой калат. Түшкүн тийгенде оролуп барып учу тийиши керек. Мына ошол учу тийген жер бүлдүрүп, бүлүнтүп, талкалап кетет. Булдурсундун сыры мына ушул жерде жатат. Түшкүндүн ичине майда таштарды толтургандан кийин табылгы сапты өзөккө салып, андан ары саптын ортосуна чейин өрүп барып, анан кийин бекийт. Өрүм сапка бекем турушу үчүн илгерки усталар саптын уч жагын 2-3 жерден, азыраак кылып муунап коюшкан. Ал эми азыркы шартта мыктап койсо бекем болот. Андан кийин шири менен капталат. Эске ала турган нерсе, булдурсундун бул түрүнө алакан салынбайт. Көркөмдүү болушу үчүн тегерете чачык чыгарылат [505, 3-б.], – деп, кенен сүрөттөп берет.

«Манас» эпосунда булдурсундун өзөгү өгүздүн үч ай бою катырылган, ширидей каткан терисинен жасалса, уста Шаршембиев Жылкычы булдурсундун өзөгүнө «таш» салып жатат. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз усталары булдурсундун аталышы жана жасалышы боюнча да бир нече түрлөрүн жасап келишкен. Атап айтканда, кара жаак, толгомолуу, табылгы, ыргай саптуу, бир чабаар булдурсундардын жасалышы бул куралдын өтө байыркылыгын жана бир нече доорду басып өткөндүгүн тастыктап турат.

*Үртүк* таң ашыра турган, суутулган (жол басып келген атты чөп жедирбей, жаткырбай аса байлап коюу) жылкыларга жабылган. Андан тышкары эрөөлгө, кан майданга чыкканда дагы атты жаанын, найзанын, кылычтын мизинен сакташ үчүн үртүктөлгөн. Ошондой эле салтанаттарда кооздолуп жасалган үртүк, жабууларды күлүк, жорго аттарга жаап алышкан. ... Соорусунун баарына / Жолборс үртүк тактырган» [277, 51-б.], – деп эпосто баяндалгандай, үртүк калың териден ийленип, аттын тулку боюна жабууга ылайыкталган жабдык. Үртүктөрдүн эң кадырлуусу жолборстун терисинен жасалган. Үртүккө ыгына жараша бүчүлүктөр кадалып, денесине кынаптап бүчүлөнгөн [268, 476-б.].

Бизди кызыктырганы элдик оозеки чыгармалардан, кол жазмалардан, санжыралардан жолборстун терисинен жасалган үртүктөн башка жолборс ичик,

жолборс тебетей дегендер жолукпайт. Балким, сүлөөсүн терисинен тебетей жасалган сыяктуу эле, жолборстун терисинен да тебетей, ичик жасалгандыр.

Ат жабуунун дагы бири түрү *үпчү* деп аталган. Үпчү булгаарыдан тышкары кездемеден дагы жасалгандыгы белгилүү. Үпчү атты гана жабуу үчүн эмес, адамдар жамынып жүрүш үчүн дагы жасалган. Киши жамынган үпчүнүн жеңи жок, жакасынан киндигине чейин бүчүлөп алма, этеги жайык, кементай кебетесиндеги жамынчы болгон. Эпосто: «Эр үпчүнү кызылдан / Ат үпчүнү агынан» (Жусуп Мамай), «Астындагы Алгара / Абайы менен бүчүлөп» (Саякбай Каралаев), «Үпчүн кийген эр келди / Кара кулак шер келди» (Сагынбай Орозбаков) [268, 478-б.], – деп баяндалат. Жогорудагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, кыргыздар байыркы мезгилде эле жоокердик кийимдеринин үстүнөн кийе турган жамынгы жасап, аны кызыл түскө боешкондору кызыгууну туудурбай койбойт.

*«Канжыга»* дагы ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Токулган атка, ээрге керектүү буюмдарды бөктөрүп алуу же байлап алуу үчүн ээрдин арткы эки каптыргасына атайын темирден тогоо кадалып, ага ийленген кайыштан, күдөөрү булгаарыдан бир кулач узундукта эки жагына теңдеп, аны «оромо чалышта» байлап коюшкан. Канжыгага кийим-кечек, суусундуктар, курал-жарактар ж.б. байланган. Кыргыз элинин ат үстүндөгү улуттук оюндарынын бири эр эңиш, көк бөрү сыяктуу оюндарына чыккан балбандар ээр үстүндөгү көрпөчөсүн атайын канжыгага таңып алышкан. Анткени улакты, тыйынды эңип алууда ал таканчык катары көп жардам берген. Ийленген кайыштан тилинген канжыгалар өтө кургап кетип үзүлүп калбашы үчүн аны маал-маалы менен майлап турушкан. Ал эми аялдар көчкөндө аттын соорусуна жыгач өтүп кетпегендей бөктөрүнчөк салып, андан кийин канжыгага бешикти байлап алышкан.

Эпостук чыгармаларда, санжыраларда баатырлардын буту сынган учурларында канжыга байлап алышып, согушун уланта бериши тууралуу көп маалыматтар кезигет. Ошондуктан эл арасында «башын канжыга байлап коюп» же «өмүрүн канжыгага байлап» деген сөздөр дагы жаралган.

Кыргыздарда жылкынын алдыңкы эки бутун тушаган (минги аттар, качанак уйлар карматпай, качып кетпеши үчүн жасалган айла) тушак, тушоо же чидерлер

кайыштан, аркандан жана темирден жасалган. Аны алтайлыктар – тужак, хакастар – тузах, тувалыктар – дужак деп аташкан [302, 119-б.].

Башка элдердин жасаган ат жабдыктарынан түркестандык усталардын ат жабдыктары бышыктыгы менен анчалык деле айырмаланган эмес. Бирок жасалгаланышы, кошумча асыл таш, күмүш өңдүү кооздуктар менен шөкөттөлүшү боюнча өзгөчөлөнгөн. Мындай шартта ат жабдыктын баасы өскөн. Ал эми жөнөкөй жүгөндүн баасы 1 рубль 30 тыйын турган [235, 242-б.].

Тувалыктардын байлары ат жабдыктарын, өзгөчө жүгөндү оймолонгон күмүш, жез купалар менен кооздотушкан. *Чуларды* (нокто) дагы кайыштан жасашып, жүгөн сыяктуу эле купаланган. Кембагалдары жиптен ноктолорду жасашып, аны *хөмээш* деп аташкан [113, 141-б.].

Ээрдин тулкусун кайың жыгачынан гана жасашкан. Ээрдин кашы салыштырмалуу бийик чабылып, эзернинг бажы, ээрдин алдыңкы тик жагы эзернинг башкы бажы, арткы жагы эзернинг сонгу бажы аталган. Басмайылы дагы оймолонуп, *базыткыыш же тарылга* деп аталган. Ээрдин алдыңкы жана арткы жактарына атайын тешик көзөп, ага эки-үч кайышты жүктөрүн таңуу үчүн өткөрүп коюшкан. Ичмектин үстүнөн салынган тердик *төрепчи* аталып, кайыштан тигилип, ага дагы мүмкүнчүлүктөрүнө жараша оюулар түшүрүлгөн. Үзөңгү боолук – *эзенги баа*, ээрге капталган булгаары канаты – *тепсе*, үч кат басмайыл: алдыңкысы *башкы колун*, ортоңкусу *орта колун* жана *арткысы шавылыыр* аташып, бирок көбүнчө, алдыңкы жана арткы басмайылдарды колдонушкан. Куюшкан – *худурга*, көмөлдүрүк – *хөндүрге* аталган [113, 142-б.]. Жыгачтан жасалган үзөңгү – *ыяш-эзенги*, айрым учурларда сөөктөн дагы үзөңгү жасашкан.

Жыйынтыктап айтканда, кайыш, булгаары, курум, чегирим, көндөн жасалган ат жабдыктардын ойлонулуп табылышы, алардын жасалышы, колдонулушу, өнүгүшү бир нече доорлорду өзүнө камтып, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү, ат жабдыктарды жасоо көнчүлүк өнөрү жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Өзгөчө, ат жабдыктардын өрүм менен жасалышы, татаал өрүмдөрдүн ойлонулуп табылышы көчмөнчүлүк маданияттын баасын арттырган.

Ат жабдыктар кыргыздардын аземин жана салтанатын даңазалаган материалдык маданияттын негизги көрсөткүчтөрүнүн бири катары саналгандыгы түрдүү шартка ылайыкташтырылып жасалгандыгынан даана көрүнүп турат. Ат жабдыктар чарбага, жоокерчиликке, ат оюндарына жана салтанаттуу иш чараларга карата жөнөкөй жана татаал формаларында жасалган. Ошондой эле ээр токумга суроо-талаптар өтө көп болгондуктан, кыргыздарга жакын жашаган өзбек, уйгур элдери дагы ээр токумдун түрлөрлөрүн, айрыкча, курама ээрлерди жасап берип турушкан.

Кыздардын себине даярдалган ээр токумдардын, айрыкча, тердиктерге 80ден 160 чейин күмүштөн, баалуу таштардан көркөмдөлүп жасалган көрчөгөлөрдүн салынышы, алардын ыйыктык маанилерин табуу дагы да изилдөөлөрдү талап кылаарын эске сала кетебиз.

## § 5.2. Териден жасалган идиш-аяктар

Кыргыздардын колдонмо-жасалга өнөрүндөгү өтө кызыгууну жана илимий изилдөөлөрдү талап кылган өнөрлөрдүн бирине күндөлүк жашоо турмушунда колдонушкан териден жасалган идиш-аяктар кирет. Териден жасалган идиштер көчмөн элдердин миңдеген жылдар бою колдон түшүрбөй пайдаланып келген буюмдардын катарында турган (75-сүрөт). Евразиядагы көчмөндөр териден идиштерди жасоону б.з.ч. I миң жылдыкта эле өздөштүрүшүп, ал тез убакыттын ичинде көптөгөн аймактарга тараган [113, 261-б.].

Г.С. Загряжский: Кыргыздардын негизги кесиби жана негизги каражаты мал, мал менен күн көргөн, кесиптенген эл. Мал аларды багат, суусунун кандырат жана кийинтет. ... Малдын жүнүн, терисин жана кылдарын пайдаланышат. Териден кийим, үй идиш-аяктарын жасашат. Андан тышкары сооданын негизги каражатына дагы айланган [465, 118-б.], – дейт. Демек, мал чарбачылыкка ыңгайлуу, көчүп-конуп жүрүүгө жеңил буюмдарды жасоого табият өзү мажбурлаган. Бирок белгилей кете турган нерсе, кыргыздар жалаң гана териден же жыгачтан жасалган буюмдарды колдонбостон, баалуу темирлерден, чоподон, сөөктөн жана мүйүздөрдөн дагы жасалган буюмдарды колдонушкан.

Л.П. Потапов: Байыркы түрктөр идиш-аяктары сынып калбашы үчүн идиш-аяктарды териден жасашкан жана алар көч учурунда алып жүрүүгө жеңил болуп, көчмөндөргө өтө ылайыктуу болгон. Идиш-аяктарга наарлардын түшүрүлүшү, шөкөттөлүшү, алардын көркөм баалуулуктарын жогорулаткан [345, 23-б.], – деп териден жасалган идиштердин практикалык маанисине жана көркөмдүүлүгүнө токтолот.

Териден жасалган идиштерине, эң биринчи сүт азыктар: сүт, каймак, айран, сүзмө, курут, сары май, быштак, чөбөгө; суусундуктар: кымыз, уй кымыз, кымыран, жарма, атала, максым, бозо, айран, чалап; дан азыктары: ун, талкан, угут, буудай, арпа, суулуу, жүгөрү; тамак-аш: нан, боорсок, каттама, жупка, күлазык ж.б. күнүмдүк-турмушта пайдаланылуучу, тез бузулуп кетүүчү, көпкө туруучу тамак-аштар сакталган. Ошондой эле таза сүрсүгөн эттерди дагы сактаганга өтө ыңгайлуу болгон.

Эми ШИРИДЕН жасалган идиштердин түрлөрүнө, алардын жасалуу ыкмаларына токтолуп өтөлү. *Жагдан* – кымбат баалуу буюмдар, аземдүү кийим-кечектер салынып, сакталган тулкусу жыгачтан, беш тарабына наар түшүрүлгөн булгаары капталган үй буюму (82-сүрөт). Жагдан көлөмүнө жараша сандык, үкөк, абдыра, кебеже деп атала берген. Бирок аткарган кызматтары өз-өзүнчө айырмаланып турган. Алсак, сандык чоң жасалып, анын ичинде кийим-кечек сакталса, үкөктөргө кымбат баалуу алтын, күмүш, аялдын кооздуктары, кебежеге [464] (кыргыз, казах, хакас элдеринде – абдыра, тувалыктарда – аптара, шорлордо – амдара, монголдордо – авдар) тамак-аштар, катып калбашы үчүн нан сакталса, абдырага да кийим-кечектер салынган [464; 8, 161-б.; 48, 58-б.].

Жагданга булгаары капташып, ага ыйык оймо-чиймелерди: кочкор мүйүз, умай, карга тырмак, тумар, эр оюм, ийрек, кыйма, айчык, кыйма, тогуз дөбө, кыял, толкун, күн карама, жылдызча ж.б. түшүрүшкөн [502, 3-б.; 42, 126-б.; 48, 58-59-б.]. Кошумча көрк бериш үчүн күмүш бөрктүү гүл мыктар урулуп, куйма кооз топчулар чөгөрүлгөн. Жагдандын маңдайкы бети гана көркөмдөлгөн.

Кыргыз элинин салттуу тамак-ашынын ичинен эң сыйлуу орунду ээлеген суусундугу кымызды жасоо, аны сактоо жана ичүү жөрөлгөлөрү дагы өтө маанилүү каада-салттардын ичине кирет. Жасалган идишинен тартып, саалган бээнин түсү, анын саалышы, саамалдын сабага, кымыздын чаначка куюлушу, бышылышы, ачытылышы, адамга сунулушу дагы чоң салтанат менен коштолгон же өтө маани берилген [498, 6-б.].

Ал эми кымыздын келип чыгышы, ичилиши, даярдалышы тууралуу жазма булактарда кызыктуу маалыматтар кедешет. Кымыз тууралуу биринчи маалыматты байыркы грек тарыхчысы Геродот скифтердин кымызды алууда идиштерге куюлган сүттөрдү чайкап турушу, аларды көрбөшү үчүн кулдардын көздөрүн сокур кылып койгондугу жазылган [11, 304-б.].

Гильом де Рубрук орто кылымдардагы татар-монголдордун «кара-космос» (кара кымыз) суусундугунун даярдалышы тууралуу кызыктуу маалыматты келтирип өткөн. Анда бээнин сүтүн тийиштүү деңгээлде чогултуп алгандан кийин аны чаначка куюп, атайын жасалган, адамдын боюндай узундуктагы жыгачы менен (бишкек)

бышышкан. Бул учурда ал шарап сыяктуу ачыган. Алар, куюлган сүттүн майы чыгып кеткенге чейин быша беришкен. Бышкан адам улам текшерип, тилин тийгизип, даамдап турган. Тилди күйгүзүп, кычкыл даамданып калган учурда гана ичүүгө болгон. Бул суусундукту ичкен айрымдары ала күү, кызымтал болушкан. Анын сүрөттөсү боюнча кымызды узак убакытка бышкандыктан коюу тунмасы чаначтын түбүн карай түшүп, суюк, сары суусу үстүнө чыккан. Тунманын өңү аппак болгон, аны кулдарга беришкен. Жеп алгандар катуу укташкан. Ачык, суюк бөлүгүн кожоюндары ичишкен. Албетте, бул суусундук аларга жагымдуу жана жакшы маанай тартуулап, көңүлдөрүн көтөргөн [158, 97-б.].

Жазма булактарды дагы терендей карай турган болсок, Г. Рубруктан мурун «Ипатьев жылнаамасында» (Жылнаамачы Даниил Галицкий) 1250-жылы князь Даниил Галицкий Батый ханга моюн сунгандыгын билгизип барганда, ага «кара сүт» (черное молоко) бергендиги баяндалган. Батый хан: Кара сүт ичесиңби? Биздин суусундук, бээнин коумоузь (кымызы). Ал: Буга чейин ичкен жок элем, эгер буйрусаң ичем. Батый хан: Сен эми биздин татарсың да, биздин суусундукту ич [25, 552-б.; 115, 136-б.], – деп, кара кымызды ичирген.

Г. Рубруктун «кара космос» тууралуу жазган маалыматы Ф.А. Фиельструпту өтө кызыктырып, 1926-жылы чакан макала жазып чыгарган. Ал жерде «кара-космостун» параллели катары Жети-Суулук кыргыздардын тундурмасын атаган [425, 259-260-б.). Чындыгында эле, тундурма алына турган сабадагы кымызды болжолдуу 9-10 миң жолу бышып, түнү менен калтырып коюшкан. Эрте менен саабаны кыймылдатпай, үстүңкү сары суусун жыгач кашык менен калпып алышкан. Кыргызстандын айрым жерлеринде көнөк, чараларга куюп, үстүн жаап коюп, эрте менен «чочуп кетпесин» деп, төрт аяктап жөрмөлөп келип, акырындык менен коюусуна аралаштырбай куюп алышкан. Муну «кымыздын гүлү» деп да аташкан. Эске ала турган жагдай, кымыздын бул түрүн коомчулуктун бардык катмары эмес, колунда бар, ак сөөктөр, байлар гана ичишкен. Кыргыздарда, өзгөчө, жылкы бакканы менен кымыз ичкенди билбегендерди мына ушул «кымыздын гүлүн» берип, үйрөтүшкөн.

Орус сөздүгүнө кирген түрк сөздөрүн изилдеген окумуштуу И.Г. Добродомов «кара кымыз» маселесине кайрылып, «кара» термини «күчтүү» маанисин түшүндүрөт деген [159, 202-203-б.]. Демек, күчтүү кымыз дегенди түшүндүргөн.

Кымыздын жаралышы жана саба тууралуу М.Т. Айтбаев кызыктуу уламыш жазып калтырган. Уламышта: бир кездерде кыргыздар кымызды ачытканды билишкен эмес экен. Алгач, чийки эле ичишиптир. Бээнин чийки сүтүн ичкен көчмөндөрдүн ашказаны ооруп же ич өткөк менен көп жапа чегишет. Мына ошондой күндөрдүн бир күнүндө төрт сахаба кымыздын ачыткысын ойлоп табышат. Бирок аны куюуга идиш таппай убара болушат. Алар уйдун терисин алышып, төртөө төрт тарабынан тигип киришет. Бүткөндөн кийин эле карашса, төрт бурчтуу кымыз куюлганга ылайыктуу болгон саба пайда болот. Ошол себептен сабага төрт кулак чыгарылып, ал эми идишинин аты сахабалардын урматына саба аталыптыр. Андан соң, ачыткыга куйганга ылайыктуу суу издешип, аны алыскы ачкылданып аккан Мухит дарыясынан табышат. Сабага суу куюп, бээнин сүтүн аралаштырып, таштап коюшат. Эрте менен карашса, көбүрүп калган болот. Бирок аны ичүүгө эч кимдин эрки жетпей коет. Көпкө талашып олтурушуп, жыйынтыгында төртөө бир учурда ичүүгө макулдашат. Бардыгы бирден аякка кымыз куюшуп, дем албай ичишет. Кымыз даамдуу жана күчтүү болуп, кызыгы, кызып калышкандыгын дагы байкашат. Ошондон баштап кымызды топтолуп, кыдырып ичүү адаты пайда болгон дешет [520, 199-200-б.], – деп баяндалат.

А.П. Смирнов кымыз тууралуу: Кымыз кыргыздардын эң негизги тамагы. Аны төмөндөгүдөй даярдашат: чоң тери капка, *сабага* бээнин сүтүн куюп, ага ачыган уйдун сүтүн кошуп, жыгачтан жасалган чайгыч менен аралаштырып турушат. Эки, үч күндөн кийин кымыз даяр жана ичкенге болот. Сабадагы кымыз азайган сайын үстүнө жаңы саалган бээлердин сүттөрү куюлуп турат. Кыргыздар кымызды өтө көп ичишет. Кымызды ачка болгондо, ысык болгондо, суусаганда, анан да аш-тойлордо ичишет. Себеби күчтүү жасалган кымыздар адамдарды жеңил мас кылат [111, 14-б.], – дейт.

Кымыздын ушуга окшогон түрүн тувалыктар дагы ичишкендигин С. Вайнштейн атайын изилдөөлөр аркылуу далилдеп өткөн. С. Вайнштейндин маалымат

берүүчүлөрүнүн билдиргендерине караганда, «кымыз майлуу жана күчтүү» болгондуктан, башты айлантып, кадимкидей мас кылган. Бул кымызды алар *«карактамыр»* деп аташкан. «Карак» – көз, көздүн карегι, сөзмө сөз которгондо «көз пайда болот» же «идиштин түбүндөгү майлар көрүнүп калат» [115, 137-б.], – деп С.Вайнштейн туура эмес которгон. Бул жерде көрүнүп тургандай, эле кызымтал болгон адамдын «каректери талыган, талыйт» же чарчаган деген эле түз маанини берип жатат.

Кымыз суусундугу үчүн тери, шириден жасалган идиштер даярдалган. Алардын көлөмдүүсү жана мыктысы ***саба*** деп аталган (78, 80-сүрөттөр). Саба – кыргыз, алтай, казак, хакас, башкыр элдеринде бала жаткан аялдардын жатынын айтышкан [172, 31-б.].

Саба өгүздүн, төөнүн, топоздун терисинен жасалган. Бул жерде белгилей турган нерсе, уйдун терисине салыштырмалуу өгүздүн буканын териси сапаттуу болгон. Биринчиден калың, экинчиден бүтүн. Бүтүн дегенибиз уйдун терисинин алдына сайгактын курту (личинка) көп түшүп, тешилип калган. Уй саан болгондуктан тиешелүү май чогулта албагандыктан териси жука болуп, терисинин алдына сайгактар «балалап», тешиктери көп болгон. Ал эми субай, кысыр калган уйлардын териси дагы калың жана бүтүн болот. Өгүздүн же буканын терисине салыштырмалуу жылкынын, топоздун терилерин иштетүү жеңил. Анткени жылкынын териси топоздукуна салыштырмалуу жука келген.

Сабаны жасоодо да жылдын өзгөчөлүгү эске алынган. Ал жаз жана күз айларында жасалган. Биринчиден, кымыздын мезгили жылкынын кулундап башташы менен башталган. Ошондуктан кымызга ылайыктуу идиштерди даярдоо иштери жаз чыгары менен баштоо зарылдыгы келип чыккан. Экинчиден, жогоруда айтылгандай малдын семиришин күткөн (ошол эле учурда жылдын башка мезгилдерине салыштырмалуу мал көп союлган (аш-тойлорго, согумга). Үчүнчүдөн, чылгыйларды, кайыштан тигилген идиштерди ыштоого жаз, күз айлары өтө ыңгайлуу (кызыл куурай, шыбак, шыраалжын, эрменге окшогон куурайлар көп болгон) [499, 15-б.; 105, 79-б.]. Бүгүнкү күндө деле Кызыл-Суулук кыргыздар уйдун (жалпы жонунан уй деп айтыла берет) терисинен саба жасашкандыгын А. Асанканов

белгилеген. Жасалган сабага 200 литрге чейин кымыз баткан [68, 260-б.]. Ал эми Кыргызстандын аймагынан 150 литрге чейин кымыз баткан сабаны Кетмен-Төбөдө, Алайдан жолуктура алдык. Бирок алар уйдун эмес, жылкынын терисинен жасалган. Токтогул районунун Жаңы-Жол айылынын тургуну, мурунку жылкычы жана чабан Батырбеков Адылбектин берген маалыматы боюнча, үч бээнин терисинен бир чоң саба чыгат. Ал үчүн сабанын түбү төрч бурчтуу болуп, анын каптал жактары бычылган соң, маңдай-тескей капталдары тигилгенден кийин гана калган тараптары бүрүлгөн. Тери жетпей калган учурларда жамачы кылып тигип кое беришкен. Ал анчалык деле коркунучтуу болгон эмес. Себеби ышталган, майланган сабанын жамалган жерлерин кичине тешиктерине чейин бүтөп, кымызды тышка чыгарбайт. Кымыздын учуру убактылуу эле болгондуктан, ошол эле учурда көп бышылган сабадан акырындык менен майлар кетип, тигилген тигиштерден кымыз сарыгып чыга баштаганда тешиктерин жамап, бир жума ыштыкта кармап, андан кийин пайдаланууга беришкен [501, 7-б.].

Кыргызстандын түштүгүндө чоң эчкинин же серкенин терисинен жасалган чаначты «саба» деп аташкандыгын (79-сүрөт) [502, 12-б.; 247, 33-б.] дагы кошумчалай кетели.

Сабанын жасалышы тууралуу А.Ф. Бурковский өтө кенен байкоолорду жүргүзүп, сүрөттөп жазган. Ал изилдөөлөр ХХ кылымдын 50-жылдарында жүргүзүлгөндүктөн салттуу кол өнөрчүлүктүн нукуралыгын толук көрсөтүп бере алат. А.Ф. Бурковский өзүнүн маалымат берүүчүлөрүнө таянып (Алыбай Токоев, Жумгал району, Жеңиш колхозу), уйдун териси бышык болгондугуна карабай, саба жасоодо жылкынын териси көп пайдаландыгын жана анын себеби катары жылкынын терисинен жасалган сабада кымыз даамдуу болоорлугун жазган [105, 96-б.]. Г.С. Загряжский дагы уйдун терисине караганда жылкынын терисинен жасалган сабалар мыкты болоорлугун белгилеп кеткен [465].

Сабаны жасоо бир нече бөлүктөрдөн турат. Жаңы союлган малдын терисин түз жерге этин үстүнө каратып, тегиз жайып алгандан кийин, теринин кандарын, териде калган эттерин, челдерин, майын ороктун, чалгынын же ийректин жардамы менен

тазалашкан. Эгерде бир нече ай мурун союлган малдын териси болсо, анда аны сууга чылап алгандан кийин гана тазалоого өтүшкөн.

Тазаланган терини чакага алып келген суу менен дыкат тазалаган соң, теринин жүнүн кыруу ишине киришкен. Ал үчүн уста же чебер өзү бийигирээк жерге олтуруп алган. Мисалы: ээрдин, дөңгөчтүн, таштын үстүнө, такыр болбосо жерге олтуруп алып деле иштей берген (бийик олтурган себеби жамбаш сөөк менен тизенин бийиктиги бир деңгээлде болгон учурда иштөөгө ылайыктуу болгон).

Уста терини кырыш үчүн үч-төрт бычакты курчутуп жанына коюп алат. Антпесе бычак тез-тез эле мокоп, аны улам-улам курчутуп олтуруу убакытты алат. Тизесине терини ички бети менен жаткырып алып, сол колу менен терини чоюп, өзүнөн ары карай кырып баштайт (себеби өзүнө карай тартканда сол колуна курч бычак тийип, жарадар кылып коюшу мүмкүн). Эгер чебер жерге олтуруп иштей турган болсо, анда терини бутунун учуна илип, жогорудагыдай тартипте иштеген. Чебердин жанында сөзсүз түрдө аякка куюлган суу турган. Суу менен теринин жүнүн ылайыгына карап, суулап турат. Бир күндүн ичинде чебер беш-алты терини тазаланганга мүмкүнчүлүгү жеткен [105, 96-б.].

Саба жасала турган терини жүндөн тазалагандан кийинки кадам, кургатуу ишин баштоо. Бул үчүн теринин чылгый бетин (ички бети) жогору каратып, тегиз кургашы, жээктери артка кайрылып кетпеши үчүн атайын даярдалган казыктар менен теринин жээктеринен жерге кагып коет. Айрым учурларда казыктардын ордуна чакан таштар дагы колдонулган. Кургатуу иши бир күнгө гана созулган. Бир күндүн ичинде тери өтө кургап кетпейт. Нымшып турган терини жайылып турган жеринен бычак менен сабанын үлгүсүндөй кылып бычып, тигип алгандан майлап, ыштыкка салынган.

Сабаны тигүү өтө чеберчиликти талап кылган. Сабанын моюну дагы төрт бурчтуу болуп чыккандыктан, алгач эки тарабынын моюндарын, себеби моюндары бири-бирине дал келиши керек. Ошондуктан тигүүнү моюндан башташкан. Андан кийин үчүнчү, төртүнчү бөлүктөрүн тигип чыгышкан. Мына ошондо пирамиданын формасындай, түбү кенен төрт бурчтуу, оозу кууш, кармаганга ылайыктуу идиш жасалган [105, 97-б.].

Шибегенин жардамы менен жипти тигиштин эки жагына өткөрүп, эки учук кылып, шибегени киргизип, жипти илип өзүнө тартып, оң тараптагы жипти илмек киргизип жиберип, кайра сол тараптагы жипти ордуна тартып алган. Мындай тигүүнүн ыкмасы биринчиден түз, экинчиден бекем, ишеничтүү болгон. Сабаны тигүүдө тышкы тарабына жылкынын тарамыштары колдонулса, ички тарабына төөнүн жүнүнөн чыйратылган «шоона» жиби колдонулган [502, 8-б.; 105, 97-б.]. Даярдалган сабаны тышынан койдун, жылкынын май менен тегиз сүрүп чыгышкан. Чеберлер көбүнчө куйрук май, каймак же майлуу шорпо менен майлаганды жакшы болот деп эсептешет.

Казактарда да кымыз үчүн жасалган эң чоң идиш саба аталып, аны жасоого 2-3 жылкынын териси керектелген. Саба жана башка кымыз идиштерин ыштоону атайын чеберлер жүргүзүшүп, аларды – ісшы (ыштыкчы) деп аташкан. Жылкынын терисинен кымыз куюу үчүн жасалган идиштердин бири сүйретпе деп аталган. Ал эми эчкинин терисинен жасалып, дарылык суусундуктар куюлган идишти казактар мес деп аташкан. Ошондой эле кадыр-барктуу адамдарга кымызды сүйретпеден же местен куюшкан эмес. Сабадан гана куюшкан. Кымызды ташуу үчүн казактар сүйретпе аталган шири идишин колдонушкан. Сүйретпеге 2 чака кымыз баткан. Ал жылкынын, төөнүн, уйдун моюн терилеринен жасалган [434, 122-б.; 197, 85-б.].

И.Г. Георги казактарды сары кайсак, талаа козагы, киргиз деп атап, чыныгы кыргыздын санжырасына аралаштырып, кыргызды бурут деп берген. Казактарда төөнүн терилеринен кымыз куйган саба жасалаарын жазат [139, 127-б.].

Ал эми алтайлыктар сабаны «архыт» деп аташкан. Архытты жайында, жаңы союлган жылкынын же уйдун терисинен жасашкан. Тери сыйрылып алынгандан кийин агын сууга байлап коюшкан. Ал сууда жүндүн баарын жыдытып, агызып кеткенге чейин байланып тура берген. Андан кийин аны алып чыгып, керип, кургатышып, жылкынын, аюунун же кашкулактын майынан сүйкөп, ыштыкка бир жумага салышкан [343, 212-б.].

Архыттан сырткары «куп» деп аталган идиш кездешет. Ал бодонун терисинен жасалган идиш. Жогорудагыдан көрүнүп тургандай архытты бирдей мааниде кыргыздар, алтайлыктар дагы пайдаланышкан. Алтайлыктар кымыз же чеген (даамы

кымызга окшогон бирок уйдун сүтүнөн жасалып, коюу болгон суусундук) куюлган идишти архыт же саба деп аташкан. Бул идишке болжолдуу 100 литрге чейин суусундук баткандыгын белгилешет [343, 211-б.].

Тувалыктар да тери идиштеринин эң чоңу аркыт деп аталып, ага 15 чакага чейинки суюктук куюлган. Ага жылкынын, уйдун териси керектелип, ышталып жасалган. Бычылып, кесилген жерлерин атайын тарамыштар менен тигишкен [164, 66-б.].

Батыш монголдорунда үйлөнүү тоюнда колдонулуп келген архыттын дагы аткарган ролу өтө кызыгууну жараткан. Жаңы келген келинге баталар тиленген соң, ал үй бүлөнүн толук мүчөсү аталган. Тойдун аягында үйлөнгөн жигиттин атасы келин олтурган көшөгөнү мылтыктын сүмбөсү менен ачып: Ак буканын терисинен архытты жаса, анан биздин орунга олтур, пил терисинен архыт жаса, занзан жыгачынан булур (бишкек) жаса, анан биздин орунга олтур, – келиндин жүзүн ачып: Эми көзүңдү ач, эркин кара, – деп, келиндин үй ичинде эркин жүрүүсүнө, туугандар менен аралашуусуна, ашкана ээси болууга жол ачкан. Бирок ошонун алдында төмөнкү ыр аткарылган: Биздин денеге, биздин башка / Дагы баш кошулдубу? / Шалтрак тумар берилеби? / Тар кыштообуз кеңейеби? / Көрөңгөлүү чоң аркыт / Түк түгөнгүс болобу [172, 32-б.], – деп архыттын үй бүлө куруудагы эң маанилүү буюмдарынын бири экендигин көрсөтүшөт.

*Чанач* негизинен улактын, эчки, серкенин туюк союлган терисинен жасалат. Текенин териси чаначка, дегеле пайдаланууга жарабайт. Себеби анын куулугунун (эркектик жынысы) жыты денесине ушунчалык тарап кеткендиктен өтө сасык жытты чыгарат. Ошондуктан анын этин же терисин пайдаланыш үчүн бир жыл мурун бычып салышкан. Ал кийинки жылга гана даяр болгон.

Чаначты жасоо үчүн теринин чылгыйы эт, май, челден ийректин жардамы менен тазалап, аны суу менен тазалап жууп алгандан кийин, жүнүн кыруу иши башталган. Сабанын жүнүн кыруудагы колдонулган ыкмалар толугу менен колдонулган. Аны негизинен эркектер аткарышкан. Жүндөн тазаланган терини таза суу менен жууп, аны кургатыш үчүн жана тери бирине бири жабышып калбагандай кылып, ача жыгачтарга жайып, бир эки күн күндө кургатышкан. Андан кийин аялдар олтуруп, койдун терисин ийлеген сыяктуу ийлөө ишин башташкан [105, 99-б.]. Жуматаева

Лайликандын (Жалал-Абад областы, Токтогул району, Торкент айылы) маалыматы боюнча ийлеп жаткан териге колдун күчү жетпей калганда бут менен тепселеп же өрмөктүн кылычы чапкылап ийлешкен [501, 8-б.]. Кээ бир учурларда үйдүн кире бериш жерлерине таштап коюшкан. Ары-бери өткөндөр тепселеп жатып ийленип калган.

Чаначты кыргыздар кымыздан тышкары суу, айран, сүт тамак-аштарын кыюу, ташуу үчүн да колдонушкан. Андан тышкары ун, дан азыктарын сактоодо пайдаланылган. Муну көп учурларда чанач дебестен, тулуп деп аташкан. Тулуп жасала турган теринин ийлениши, тигилиши кудум эле чанач идишин жасагандай эле жасалган. Болгон айырмасы түбүн тегиз кылууга аракет кылышкан. Анткени ун же дан буйткаларда шыкалып калып көгөрүп кетпеши үчүн түбүнүн тегиз жасалашына көңүл бурушкан. Экинчи айырмачылыгы тулуп ыштыкка салынган эмес. Суюктук куюлбаган шири идиштери ыштыкка салынбайт.  Чанач 20-25 күн ыштыкта ышталган [501, 9-б.].

Чаначтардын эң байыркы мезгилдерден бери эле жасалып келе жатканын байыркы грек булактарынан көрүүгө болот. Алсак, перстердин падышасы Кир Томиристин айткан сунушуна макул болбогондон кийин, Томирис бардык жоокерлерин чогултуп, кол салган. Бул окуяны Геродот төмөндөгүдөй сүрөттөгөн: Менимче бул согуш жапайылар катышкан согуштардын ичинен эң кандуусу болсо керек. Менин укканым боюнча согуш төмөндөгүдөй жүргөн: Алгач, эки тарап бири-бирине жаалар менен атышкан. Октору түгөнгөн мезгилде кылыч, найзалары менен жакындан согушту башташкан. Айыгышкан жоокерлер бири-бири менен көпкө чейин тирешип, эс кимиси качууну ойлошпойт. Акырында массегеттер жеңишти. Персиялыктардын жоокерлеринин көбү ошол жерде курман болушат. Кир өлтүрүлөт. Ал 28 жыл падышалык жүргүзгөн. Ошондо Томирис өлгөн жоокерлердин арасынан Кирди таптырып, чаначка адамдын канын толтуруп, ага кесилген Кирдин башын салып, шылдыңдап: Согуштан сени жеңип алганымды көрүп турсам дагы моокумум канбай турат. Менин сен уулумду өлтүргөнсүң, бардык оор азап-тозогумдун себеби сенсиң. Ошондуктан убада кылганымдай, сени канга

тойгузам» [11, 113-б.], – деген. Бул жерде кадимки чаначка кан толтурулуп, ага адамдын кесилген башы салынган.

Байыркы адамдардын тобу идиштерди жаныбарлардын сыйрылган терилеринен жасашып, алар көптөгөн аймактарга тараган. Бүрдүктөр (чанач) байыркы Греция жана Римге чейин тарап, суудан тышкары шараптарын дагы куюшкан. Якуттарда ал идишти «симир», «симирчак» деп аташкан [430, 166-б.].

Саякатчы Г. Алмаши Ысык-Көлдүк кыргыздарынын үй тиричилигиндеги пайдаланылып келген 25 буюмунун сүрөтүн тартып кеткен. Ал сүрөттө шириден жасалган 6 буюмдун, тагыраагы: чанач, кол чанач (сүрөттө чанач деп эле берилген), саба, көнөк, тулуп, көнөчөктөрдүн сүрөттөрү киргизилгенин көрөбүз [475, 321-б.]. Сүрөттөрдөн даана көрүнүп тургандай, ал чаначтын бир нече түрүн киргизүүгө аракет кылган.

Л.Ф. Костенко жаргак терилерден суу куюлган меш, көчмөндөрдүн сүйүктүү суусундугу кымыз куюлган чаначтар даярдалгандыгын, мындай идиштер торсук деп аталаарын, бул идиштердин артыкчылыгы ысык күндөрү куюлган суулар муздак боюнча көпкө сакталаарын белгилеп өткөн [235, 239-б.].

Көчмөн өзбектер дагы малдын терилеринен идиштерди, өзгөчө сүт азыктар куюла турган идиштерди жасашкан. Чаначты чаноч же саноч деп аташкан [415, 253-б.].

Тувалыктардын ачкыл суусундугу хойтпакты жайкысын сактоо үчүн саба түрүндө жасалган көгээрлерди даярдашкан. Эске ала турган жагдай, алардын тигиштери буканын тарамыштары менен тигилген. Мындай идиштердин көлөмү 200 литрге чейин жеткен [115, 98-б].

С.М. Абрамзон кыргыз аялдарынын жасаган ырымдарынын бирин: туубастыктан дарылануунун эң көп колдонулган жолдорунун бири «көчөт көчүртүү». Көптөн бери төрөбөгөн аял ал үчүн жасалган жети куурчакты жети үйдөн чогулткан. Ал бул куурчактарды жоолукка ороп, аны колтугуна кысып, бүбү-кемпирди чакырган. Муздалган койдун терисин туюк сыйрып, ачык мойнун жана бучкактарын тиккенде чанач болуп калган. Этти бышырып, бардык сөөктөрдөн этти ажыратып, сөөктөрүн чаначка салышкан. Аны куурчактар менен кошо аял жана кемпир-бүбү жолдун кайчылашына алып барып, ал жерге чаначты калтырып, куурчактардын баарын

чачышып, артын карабай үйүнө кайтышкан. Мында «балакет-салакет ушуну менен кетсин» деп айтышкан [36, 184-б.], – деп, аткарылган ырым-жырым тууралуу маалымат берет.

*Меш* – серкенин терисинен жасалган чоң чанач. Кээде чоң чанач, жалпы эле чанач маанисинде да айтыла берет [281, 496-б.]. Мешке көбүнчө сүзмө сакталган. Меш, чанач улактын, эчкинин же серкенин терисинен жасалган. Улактын терисинен жасалганын кол чанач деп атап ага көбүнчө жол жүргөн жолоочулар, жок издегендер, дыйканчылык менен жүргөндөр суусундук куюучу идиш катары пайдаланышса, эчкинин, серкенин терисинен жасалган чаначтарга, мештерге кымыз куюлуп, бышылып, айрым учурларда суу да ташып ичишкен.

К.И. Антипина меш, чанач тууралуу кызыктуу маалыматтарды берген. Анын маалыматы боюнча: Тянь-Шандыктар жана Ысык-Көлдүктөр мешти дал өзүндөй эле жасашат, бирок «чанач» деп аташат» [60, 125-б.] дейт. Бирок кыргызча-орусча сөздүктүн түшүндүрмөсүндө: 1) «меш» иран сөзү – эчкинин териси, бодо малдын терисин туюк союу, дарыялардан, көлдөн өтүш үчүн малдын терисин туюк союп, үйлөп алып, анын жардамы менен суудан өтүшкөн; 2) Тянь-Шанда суу ташыган идишти меш дешкен [255, 526-б.], – деп бир эмес, эки мааниде колдонулгандыгы берилген.

Биз талаа материалдарын чогулткан Нарын, Ысык-Көл аймактарында мешти колдонушкандыгын азыраак адамдар гана билээрлиги дайын болду. Көпчүлүгү мындай атты угушпагандыгын айтышты. Ал эми Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрүндө кенен пайдаланып келген. Мешке үй тиричилигине керектүү катуу нерселер, аркан, курал-жарактар ж.б. майда нерселер дагы сакталган. Бирок ал мештер ыштыкка салынган эмес. Анткени ыштыктын негизги максаты сууну тышка чыгарбай кармап туруу. Ошондуктан моюн, шыйрактар чыккан жерлер түбүнөн эле байланган.

*Көнөк* – бээ саачу, кымыз куюулуучу, чайнектин формасындай, чоргосу менен кошо жасалган шири идиш (86-87-сүрөттөр) [105, 79-б.]. Бул идишти жасоо дагы күз айларында, мал көп союлган мезгилде башталган. Жүнүнөн ажыратуу иштери жогоруда айтылгандай эле ыкмаларда аткарылган. Терини жүндөн тазалап жууп алгандан кийин, терини азыраак кургатып, жазга чейин сакташкан. Себеби жазгы

малдын териси жука болгондуктан, андан жасалган идиштер сапаттуу болгон эмес. Ошондуктан идиш жасала турган терилер көбүнчө күзүндө союлган малдын терисинен жасалган [105, 81-б.].

Көнөк жасоо үчүн даярдалган терини алгач, төрт бурчтуу кылып кесип алышып, анын эки четин тегерек формада бириктирип, тигип алышкан. Андан кийин түбүнүн формасын алыш үчүн калган теринин үстүнө коюп, өлчөп алган соң тегерек кылып кесип, кайра тегерете шоона жип менен тигип чыгышат. Ал эми үстүңкү бөлүгү түз болушу үчүн, талдын бир элидей калыңдыктагы бутагын тегерете ийип алкак жасап, теринин жээктерин тышка кайрып, алкактын үстүнөн бастырып тигишкен. Алкак теринин астында калып көрүнбөй калган. Көнөктүн үстүңкү жээгинен болжолдуу 10 см белгилеп, өтө чоң эмес тешик чыгарып, териден жасалган тумшугу ийилип турган чоргону бекитишкен. Чоргонун алкымына сүткө түшкөн кыпыктарды алып калыш үчүн атайын жылкынын же топоздун куйругунан электин көзүндөй майда торду бекитип коюшкан. Бул таза сүт алуунун ыкмасы болгон. Көтөрүп жүрүүгө ыңгайлуу болушу үчүн үстүңкү бөлүгүнүн эки жагынан теңдеп, жип менен байлашкан. Кымыз куюп бере турган идиш болгондуктан, көркөмдөп оюу-чиймелер түшүрүлгөн [105, 81-б.]. Бул идишке «кочкор мүйүз оюмун», «кыйма оюмун» көбүрөөк түшүрүп келишкен.

Көнөк дайым эле бир формада жасала берген эмес. Айрым көнөктүн чоргосу чайнек менен чөгүндөй түбүнөн моюну узун келип, өйдө караса, кээ бир көнөктүн чоргосунун көзү төмөн караган. Кээ бир көнөктөрдүн түбү менен оозу бирдей кеңдикте болот. Түбүнөн оозу бир аз куушураак көнөктү да чеберлер жасашкан. Көнөк бээ сааганга өтө ыңгайлуу, колго токтомдуу, колго жумшак. Ошондой эле калдырап, саап жаткан бээни чочутпайт. Көнөктүн көлөмү: бийиктиги 25 см, айланасы 27 см болуп, сыйымдуулугу 10-12 литрге чейин жеткен [500, 3-б.; 48, 131-б.; 105, 81-б.].

Көнөк кыргыздардын ырым-жырымдарында да кездешет. Кыргыздар жаздын биринчи күнүндөгү күндүн күркүрөшүн элге, жерге, жан-жаныбарларга, табиятка өзгөчө күч, молчулук, токчулук, береке берүүчү кубаныч катары кабыл алышып, өтө толкундашкан. Аялдар боз үй ичинен ичине таш салынган көнөк идиштерин көтөрүп

чуркашып, аларды калдыратышып, чурулдашып: «Дамбыр-таш! Дамбыр-таш! Жер айрылып чөп чык! Желин айрылып, сүт чык!», – дешип көнөктөрү менен боз үйдүн керегелерин койгулашып, бата тилешип, андан кийин көнөктүн түбүндөгү азыраак сүттөрүн босогонун оң жагына төгүп, көнөктүн өзүн дагы керегенин оң жагына илип коюшкан [83, 30-35-б.].

Казактарда шири идиштеринин бири жанторсык аталган. Ага 4 литрге чейин кымыз баткан. Көбүнчө аны жолоочу жол жүргөн учурда атынын канжыгасына байлап алган. Төөнүн моюн терисинен жасалган идиштердин бири көнек аталып, аны төө же бээ сааганда пайдаланышкан. Көнекти кооздоп коюу үчүн аларга ныгыра басуу жолу менен оюу түшүрүшкөн [434, 122-123-б.; 197, 82-б.]. Териден жасалган идиштер: торсык, саба, суйретпе, мес. Жылкынын жана уйдун терилеринен «шелек» (челек) жасашса, бээ жана төө сааш үчүн «конек» (көнөк) жасалган [400, 23-б.; 510, 12-13-б.].

Алтайлыктар көнөктү эки уйдун желин терисин кошуп, тегерек формада эмчектин сегиз түймөсү торсоюп чыгып тургандай кылып жасашкан. Кыргыздар дагы уйдун желинин, буканын уруктук калтасын ийлеп керек-жарак салганга жаратышкан. Кургак тура турган насбай өңдүү нерселерди салып коюуга, алып жүрүүгө ыңгайлуу болгон. Анткени өздөрү эле тийиштүү формада тургандыктан аны бычып, тигип олтуруунун зарылдыгы жок эле.

Уйлардын, маралдардын эмчектеринен дагы идиштерди жасашкан. Алар шири көнөк, эмчек, портого деп түрдүү атала берген [164, 68-б.].

Башкырлар көнөктү *көреге* деп аташкан. Жылкынын баш терисинен башкүнек аталган идиш жасалып, ага дагы кымыз суусундугу куюлган. Жылкынын алдыңкы бутунан *куллык, кулас, муртай,* арткы буттарынан *ботлок, дөмбей* тери идиштери тигилген. XIX кылымдын орто чендерине чейин башкырлар майда жандыктардын, торпоктун туюк терисинен жасаган идишти турпык деп аташкан.

*Көнөчөк* аты айтып тургандай, көнөктөн чакан жана чоргосу жок жасалган шири идиштеринин катарына кирет. Көнөчөккө көбүнчө каймак, сары май өңдүү өтө көп эмес тамак-аштар салынган. Идиштин оозу түбүнөн бир аз кууш келет да, ашканадагы ала баканга илүү үчүн кылдан же кайыштан боо тагылган. Көнөчөк

уйдун желининен да жасалган. Оюулардан «чийме сынпос» түшкөн. Айрым чеберлер терини союлары менен жылуулай жүнүн алып, чиеге кайнатып, кан жылымык кылып туруп, терини ага боеп, түнөтүп койгон. Эртеси керип, кургатып, бычып тигет. Ичине топурак шыкап, тырмактын изи түшкөндөй кургаган чакта тышынан темир шиш менен чийим түшүрүшкөн [48, 134-б.].

Уйдун желиндеринен башка элдер дагы идиш жасап келишкен. Тагыраагы Түштүк Америкада, Чилиде жашаган араукан индейлеринен дагы жолуктурууга болот. 1904-жылы музейге чогултулуп алынган идиштерден, малдын желинен, баш, бут терилеринен жасалган идиштерге кургак тамак-аштарды салынган. Идиштерге бир дагы тигиш колдонулган эмес. Желиндин үрптөрү катырылып, алар идиштин бутунун кызматын аткарган. Кармаганга, көтөрүп жүрүүгө ыңгайлуу болушу үчүн желиндин түп жагын ичке кайрырдан мурун анын ичине кайыш же жип өткөрүп, каптал кырынын эки жеринен өткөрүп коюшкан. Аларды өз кезегинде бириктирип байлап койсо, идиштин кармоочу же сабы болуп калган. Албетте, бул идиш жасоочунун чыгармачылыгына жараша аткарылган. Анткени кайыш боолуктарды капталдары тешилген жерлерге деле байлап коюуга болгон (91-92-сүрөттөр).

Э.В. Зимерт жогорудагы индей урууларына таандык желин идиштери менен Сибирь жана Орто Азия элдеринин идиштеринин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын карап, кыргыздардын желин идиштеринде тигиштер салынгандыгын өзгөчөлүк катары көрсөткөн [181, 93-94-б.].

Э.В. Зимерт ошол эле учурда Сибирь элдери, айрыкча кыргыздардын эч бир тигиш колдонбой жасаган идиштери тууралуу дагы маалымат берет. Анын маалыматында майда жандыктардын туюк сыйрылган терилеринен каптардын, мештердин жасалгандыгын, ич эттеринен: карын, ичеги, мөөндөрдөн дагы идиштерди жасагандын белгилейт. Туюк терилерден жасалган идиштерге тунгус, бурят, монгол элдери негизинен кургак тамак-аш, эгиндерин салышса, кыргыз, казак, түркмен, башкырлар суюктуктарды, суусундуктарды сактоо, ташуу үчүн пайдаланышса, түндүк элдери майларды сактап келишкен. Кап жана баштыктар үчүн жаныбарлардын шыйрактарынан, башынан сыйрылган терилерден, уйлардын, бээлердин желиндеринен, букалардын жана кочкорлордун калталарынан дагы

жасашкандыгын Э. Зимерт көрсөтүп өткөн [181, 96-б.]. Кошумчалай кете турган нерсе, Чоң Алайлыктар улардын жемсөөсүнөн сары май салына турган идиштерди жасашкан [88-сүрөт]. Чоң Алай, Каратегин, Гиссар өрөөндөрүндө улар өтө көп мекендейт [180, 3-б.].

*Булкак* көөкөр сымал, андан чоңураак териден жасалган суюктук куюлган идиш, шириден тигилген чака [285, 68-б. ]. Ал кумаранын формасындай, суюктуктарды ташуу үчүн жасалган. Булкакты кармоо, жасоо ыкмалары бирдей эле тартипте аткарылган. Көлөмү: түбү 35-40 см, ортосу 50-55 см, оозу 20-25 см, бийиктиги 65-70 см чейин жеткен. Ичине болжолдуу 50-60 литр суу баткан. Эл көзүнө көп көрсөтө бербеген, аземдүү идиштердин катарына кирбегендиктен оюу-чиймелер түшүрүлгөн эмес.

*Көөкөр* алгач бээнин желинен жасалып, кийинчерээк жылкы, уй, төө терилеринен тигилгенде деле бээнин эки эмчегинин элесин берген формада жасоо салтка айланган (76, 77, 85-сүрөттөр) [369, 157-158-б.]. «Манас» эпосунда: «Көкөөргө куйган арактан / Көкөөрү менен үчтү ичти» [284, 40-б.], – деп көкөөргө кымыз эмес, арак куюлгандыгы белгилүү болуп турат. Демек, көкөөр кымыз үчүн эмес, кымыздан тартылган арак үчүн аземделип жасалган идиш. Кыргыз элинин «кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер», – деген макалындай кымызды өтө көп ичкен эл болгондуктан кымызды көөкөргө эмес көнөккө куюп ичишкен. Ал эми жогоруда айтылгандай көөкөргө кымыздан тартылган, кымыздан алынган тундурма, кымыздын гүлү сыяктуу адамды ала күү же кызуу кыла турган шараптарды куюшкан жана сакташкан. Кымыздан арак жасоо алтайлыктарда жана кыргыздарда окшош ыкмада даярдалган [53, 356-, 359-б.]. Орточо көөкөр: бийиктиги 25 см, диаметри 27 см түзүп, көбүнчө кочкор мүйүз формасында тигилген.

Көөкөр төөнүн терисинен же анын өркөчүнөн да жасалган [60, 125-б.]. Ал үчүн көөкөр жасала турган формалуу үлгүнү чылгый теринин үстүнө коюп, бычып алгандан кийин кайра экөөнү бириктирип тигишкен. Көөкөрдүн калыбына келтириш үчүн ичине топуракты толтуруп, аны менен эки-үч күнгө калтырышкан [105, 82-б.]. Мында эки иш аткарылган. Биринчиден, чылгый көөкөрдүн формасына жакшы келген. Экинчиден, көөкөрдүн эки капталына оюу түшүрүүгө ыңгайлуу болгон.

Көөкөрдү жасоодо бир топ өзгөчөлүктүү аймактык айырмачылыктар бар экендигин да жолуктурабыз. Алсак, А. Акматалиевдин маалыматы боюнча Кыргызстандын түндүк аймактарында жаңы сыйрылган уйдун терисинин жүнүн кырып, аны шилтеге (шилтеге салуу – комуз кактын түбү менен чиенин, карагандын түбүн казып келип, тери менен кошо кайнатуу) салышкан (бул жерде ысык суута салганда кайнатып жибербеш керек. Ысык суута салуунун дагы бир себеби көөкөр уйдун эң катуу жерлери желке, моюн, баш терилеринен жасалган). Табы жеткенде казандан чыгарып, тоборсуган мезгилде бычып, тигишкен. Андан кийин ичине кум салып, мүйүз сындырыгы аркылуу (чийим шибеси) көркөм оюм-чийим салынган. Ичиндеги куму менен кургаган. Көөкөрдүн ийинин, моюнун жана түбүн көркүнө келтирүүдө көп чеберчиликтер талап кылынган.

«Кермегин жакшы кандырып» – деп «Манас» эпосунда айтылгандай, «кермек» деп аталган көп жылдык өсүмдүктүн тамырына чылаганда сары түс берген [255, 379-б.]. Бул жерде эки нерсе каралган. Биринчиси, кермектин тамыры өтө ачуу болгондуктан, тери жакшы ийленген, экинчиси, териге түс берип, анын өңүн ачкан.

Көпчүлүк көөкөрлөрдүн формасы – оозу кууш, моюну узун, түбү кенен, жалпак жана ийиндүү келет. Чеберлер көөкөрдүн көлөмүн ар кандай жасашкан. Көөкөрдүн ийинин, моюнун, булуң-бурчтарын атайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирип, шыкалган топурак тоборсуур менен ага көркөм «чийме сынпос» түшүргөн. Буга түшкөн оюм-чийимдердин же көркөм көчөттөрдүн элементтери негизинен «ийрекке», «мүйүзгө», («кочкор мүйүзгө») «кыял», «жарым кыял» оюмдары салынган.

Тарых жана этнографиялык музейлерде көөкөрдүн ондон ашуун түрү сакталып турат. Эки ийинсиз эле узун моюндуу, тегерек келип, ийин ордуна боо тагылган көөкөр да жасалган. Буга түшкөн көркөм оюм-чийимдер жалпысынан «байчечекей» өңдөнүп, чийим ичинен кайра «чийим сынпос» чыгып, ортолору «тоок көздөнүп» кеткен. Адатта, көөкөр кош ийиндүү болот. Моюну узунураак келип, койкоюп турса, ошол көркөмдүү көрүнгөн. Мунун муунак-муунак сызыктардан берилген «табак-табакча» оюм-чийимдер үч бурчтукту түзүп, алар чийим шибеге аркылуу «ийректелген» [60, 131-132-б.].

Ф.А. Фиельструп: Жылкынын же буканын терисинен жасалган көөкөр идиштер өзгөчө ыкмалар менен жасалат. Жүнү кырылган чийки терини талап кылынган өлчөмдө кесип алып, аны жүндөн жана тарамыштан жасалган жип менен тигип, керектүү форманы кармап калышы үчүн ичине топурак толтуруп коюшат. Ал бул абалда 2-3 күн турат. Эгерде оюу түшүргүлөрү келсе, тукур темир же жыгачтан жасалган курал менен ошол абалында оюу түшүрүп алышат [423], – деп, көөкөрдүн жасалышы тууралуу маалымат берет.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, көөкөр көбүнчө төөнүн жана уйдун терисинен гана жасалган. Ал эми жылкынын терисинен жасалган көөкөр өзүнүн тулку боюн көтөрүп тура алган эмес жана оюу-чийме түшүргөндө дагы тери жука болгондуктан сапаттуу оюуларды түшүрүү кыйынга турган.

Е.И. Махова: Териден жасалган түрдүү идиштерге оюу, наар түшүрүү көбүнчө, негизинен, түндүк аймактарда жүргөн [297, 55-б.], – деп белгилеп өтөт. Эгер тери, шири идиштерине түшүрүлгөн оюуларды талдоого ала турган болсок, дээрлик оюулардын бардыгы тең тотемдик ишенүүлөргө (жаныбарлардын элеси берилген) байланышкан. Башкача айтканда, көчмөнчүлүк, аңчылык басымдуулук кылган жерлерде оюу көп колдонулган.

Шири идиштерине окшош буюмдар кайсыл элдерде, кандай шарттарда жүргөн, параллелдерге дагы токтолуп өтөлү. Алтайлыктарда кызыгууну туудурган, кыргыздардын көөкөрүнө окшошуп кеткен идиши *тажуур* деп аталган. Ал кара териден жарым тегерек формасында жасалып, эки ийин, узун моюн чыгарылган. Моюндун жана ийиндин ортосуна кичинекей илинчек жасалып, ага жыгачтан жасалган тыгын байланат. Тажуурга алтайлыктардын салттуу жана түрк-монгол элдерине таандык оймо-чиймелери түшүрүлгөн. Бул идиш адамдын жанында өмүр бою жүргөн. Кээ бир жерлерде бала төрөлгөндө жасалган, өлгөндө кошо көмүлгөн [323, 209-б.; 53, 360-б.].

Тажуур алтайлыктардын каада-салттарында дагы кенен пайдаланылган. Н.А. Тадина алтайлыктардын үйлөнүү-үлпөт тоюнда кыз алчу тараптын 10 жакын туугандары чогулуп, кудасынын үйүнө бараарда арчын (арча) бутагын жана сүт толтурулган «эмчек тажуур» (көөкөр) жана чөөчөй (чыны) алып барышкан.

Тажуурга байланган чүпүрөктү «жалама» дешкендиктен, теленгиттер «жаламалуу тажуур», башка аймактарында «кадактуу тажуур» деп аташкан. Алтайлыктардын үрп-адаты, алгач культтук-магиялык мааниде жаралса, убакыттын өтүшү менен салтка айланып кеткен. Ошондуктан ал салтты бузуу адепсиздикке, теңине албачуулукту же болбосо жаман ырым катары саналган [398, 42-43-б.; 172, 32-б.].

Алтайлыктарда тажуурга байланыштуу ырым-жырымдар кездешет. Кичинекей балдарга чакан тажуур жасап беришкен. Ал 2-3 жашка чыгып калганда апасынын эркек бир туугандарына, ошол идишине аракты тартуу катары алып барган [463, 25-56.; 164, 66-б.]. Ал эми кыргыздарда кичинекей 3-7 жаштагы баланы «олтургузууда» (сүннөткө) сол колуна көкөөрдүн көлөмүндөй жасалган нанды карматып коюшкан [36, 186-б.; 164, 66-б.].

Тувалыктар *көгээр* идишине кымыз эле куйбастан, башка суусундуктарды дагы куюшкан. Уютулган *хойтпакты* (айран) куюш үчүн чоңураак жасалган идиш *көгээр* аталып, уйдун, буканын моюн терисинен жасалып, көгээржик сыяктуу тигилип, ышталган [113, 262-б.].

Тува элдери кымыз жана арак куюлган идишин *көгээржик* атап, көчмөндөр пайдаланып келишкен (71-сүрөттөр). Үйдүн ээсинин бай же кедей экендиги ушул идиштерден, аларга түшүрүлгөн оюулардан да даана байкалгандыгын С.И. Вайнштейн белгилейт [115, 98-б]. Көгээржик идиши жасала турган терини бир нече күн сары сууга чылап (сүттүн сары суусу), андан кийин жүнүн, ички челдерин тазалап, эки бөлүктөн турган тарабын бычып алышкан. Алар ички бетинен, ага атайын даярдалган *ыскыттап даараар жиби,* булгаары кыйыгы менен үч тарабы тигилген. Баш жагы ачык калган. Андан кийин оң тарабына оодарып, моюн чыгарып, ал жерден ичине кургак чөп, кык, же топурак толтуруп, формасын кармап калышы үчүн бир нече күн калтырышкан. Ошондой эле анын ным кезинде учтуу темир же бычактын арты менен керектүү, көбүнчө геометриялык оюуларды түшүрүшкөн. Бул иштер аткарылып бүткөндөн кийин, аны очоктун үстүнө илип коюп ышташкан [113, 261-б.].

Тувалыктарда *аржымак* деп аталган идиш букалардын арткы шыйрактарынан туюк сыйрылган терилеринен экөөнү бириктирип жасашкан. Аны тигүүдө өзгөчө

ыкма, ортолоруна кыйык коюлуп, эки кат жип менен тигишкен. Ичке жагы ооз жагы болуп, атайын жыгачтан тыгын жасашып, ошону менен бекитишкен. Бул идишке дагы сүттөн тартылган арак жана хойтпак аталган суусундуктар куюлган.

Кымыз жана арак куюлган идиштердин бири *дорзук* аталып, ал көбүнчө канжыгада жүргөн. Ал жылкынын арткы шыйрак терилеринен жасалып, ыштыкка жакшылап коюлгандан кийин пайдаланууга берилген. Анын оозуна бай терек жыгачынан жонуп жасалган тыгын колдонулган. Дорзукка беш литр же андан көп суусундук баткан.

Койдун-эчкинин хырындарынан (карындарынан), сыныйынан (табарсыгынан) жана шойүндүсүнөн (ичегисинен) май сактала жана куюла турган идиштер дагы жасалган. Алар мал союлары менен жылуу суу менен жууп, тазаланган соң тетирисинен каңтарып, үйлөгөндөн кийин ыштап, боз үйдүн ичине илип коюшкан [115, 100-б]. Тувалыктардын идиштеринин ичинде териден тигилген куржундун бири *барба жана таалың* деп аталган. Көч башталганда аларга керектүү буюмдарын салып, көлүктөргө артып алышкан [115, 97-б].

Чыгыш тувалыктар жолдо жүргөндө суусундуктарды куюп алууга ыңгайлуу болушу үчүн багыштын арткы шыйрак терисинен жасалган *хөгээр* идишин жасашкан. Туз, чай, ун, дандар кездемеден тигилген хаптарга (каптарга) салып, тышынан бугунун, багыштын, эликтин терилери тышталган [115, 104-б].

Тувалыктардын баатырдык эпосунда Мёге Сагаан-Тоолай аңчылыкка чыгып кетет. Анын жоктогунан пайдаланган жоо кирип, элин чаап, олжолоп кетишет. Аялынын жоонун колуна түшүп кеткендигин, душманынын аты Амырга Кара-Моос экендигин, анын шири идишине жазып кеткен катынан улам билишет [148, 211-б.]. Бул жерден көрүнүп тургандай, тувалыктардын шири идиштери жалаң гана суусундук үчүн эмес, кат-кабар алмашуу үчүн сыр белгилери дагы болгондугун байкоого болот.

Азыркы мезгилде тувалыктарда *аржымак* сөзү кездешпегени менен эпостогу сөздөрдөн улам анын чоң өлчөмдө арак же кымыз куюлгандыгы белгилүү болуп жатат. Ал эми аз өлчөмдө суусундук куюлган көгээр же көгээржек, негизинен, арак үчүн буканын терисинен жасалган [148, 91-б.].

Чегенди (айранды) телеуттар аттын баш терисинен, көздүн, кулактын ордуларын тарамыштар менен тигип *калама* аталган идишин жасашкан. Аны бакан же керегелердин кулактарына илип коюш үчүн атайын илмектери да чыгарылган. Теленгиттер жылкынын терисинен тигип, кургак тиричилик буюмдар салына турган булгаары капты *жаан баштык* деп аташкан.

*Тери баштык* көбүнчө койдун терисинен жасалган. Бул бөлүмдүн башында кеп кылып кеткендей, терини иштетүү түксүз жана түктүү болуп экиге бөлүнгөн. Түктүү иштетүүгө тери баштык идиши дагы кирген. Тери баштыкты жасоо үчүн койдун терисинен тышкары музоонун жана кулундун териси пайдаланылган (81-сүрөт) [60, 1962 : 124].

*Торбо, дорбо* – баштык, жем баштык. Орто кылымдарда кийик, теке, эчки жана башкалардын терисинен жасалган. Адатта, тулпар аттын жем баштыгын, башка ээр-токум жасалгаларындай эле өзгөчө асем менен кооздошкон. «Манаста» «Аккула аттын башында, Торбосу алтын саймалуу» деп айтылат. Тувалыктарда *дордум* деп ийленген терини аташса, монголдор жибек кездемени айтышкан.

Тофалар буюмдарын териден жасалган *баштык, барбага* салышса, сынып кала турган идиштерин бугунун шыйрак терисинен (камус) ийленип жасалган идиш каптарга салышкан [553, 298-б.]. Бугунун терисинен жасалган баштыкты барба деп аташкан [553, 282-б.]. Териден эки көздүү артмак (куржун), баштык, ат жабдыктарды, бут кийим, калта, калтыргаларды дагы тигишкен. Идиштердин тигиштерине жылкынын кылдары колдонулган [358, 126-127-б.].

Жемшиддерде сүттүн майын алуучу баштыкты териден жасашып, аны *түлүм* деп атап келишкен [461, 133-б.].

Кыргыз аялдары тамак-аш жасоодо, тагыраагы: нан, боорсок, кесме ж.б. ундан жасалган тамак-аштарды жасоодо койдун же эчкинин терисинен жасалган *супараны* пайдаланышкан. Супара аймактык өзгөчөлүктөргө жана уста-уздардын чеберчиликтерине жараша, негизинен, эки түрдө жасалып келгендиги этнографиялык булактардан улам маалым болгондугун белгилейбиз. Алсак, Кыргызстандын түндүгүндө көбүнчө супара түксүз териден жасалып, тышкы бетине таар, бөз ж.б. кездемелер капталган. Кездемелер капталбаган супара да кеңири

кездешет (89-90-сүрөттөр). Түштүк кыргыздары койдун жүнүн жыдытпай, теринин ички бетин гана ийрек менен тазалап, аны аш (арпанын унун айранга чылап, ачытып алышкан) менен сыйпап, чел териден ажырап калганга чейин коюу шыбап турушкан. Андан кийин гана кол менен ушалап, тарткылап, теринин бети агарып калганга чейин ийлей беришкен. Супара жасала турган тери ийлегенге чейин, ийленгенден кийин дагы таза жуулган. Ийленген терини төрт тарабын теңдеп кыркып алгандан кийин, бүгүлө турган жерлерин белгилеп, кадоолор, бүчүлүктөр тигилген [502, 24-б.; 60, 126-б.]. Тилекке каршы, бизге чейинки изилдөөчүлөр супаранын сүрөттөрүн беришкендиктери менен, аны сүрөттөп жазышкан эмес. Супарага байланышкан ырым-жырымдар, макал-лакаптар дагы көп жаралган. Алсак, Кыргызстандын түштүк аймактарында «супарасы ыйык экен, дасторкону курук экен» ж.б. макалдар кездешкен.

*Торсук* же *кол чанач*. XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын териден жасалган буюмдарын сүрөттөп жазган орус аскер кызматкери Г.С. Загряжский торсукту: ... торсуктар суу куюлуш үчүн койдун терисинен жасалат. Бирок эчкинин терисинен жасалганы мыктыраак [465], – деп сүрөттөйт. Бул жерден эки түрдүү ой айтылганы менен, жасалган буюмду ар ким каалаган нерсесине пайдалана беришкен.

В.И. Кушелевский кыргыздардын Нарын дарыясынан торсуктардын жардамы менен өтүү ыкмаларын сүрөттөп жазат. Ал үчүн өтө шар акпаган, ошол эле учурда жайык жана терең жерин тандашкан. Анткени учтуу таштар чыгып калып, торсукту жарып жибербеши керек. Кийимдерин  торсуктун үстүнө коюп, өзү көкүрөктөн же белден торсукка байлап, андан кийин жиптин бир учун аттын куйругуна, экинчи учун өзүнүн белине ороп сууга кирген. Бир колу бош болуп сууну жиреп, чабак уруп кийинки өйүзгө өтүп кеткен. Суунун агымы да катуу болгондуктан, анын толкуну дагы жардам берген. Тилекке каршы, дайым эле суудан аман чыгып кетишкен эмес. Айрым учурларда аттын куйругунан жип чечилип кетип, чабак билбегендер суунун агымы менен агып же чоң таштарга чабылып каза болгондор дагы кездешкен. Дарыялардан жүктөрүн башка жол менен, тагыраагы, түндүктүн үстүнө жүктөрүн таңышса, анын алдына 6-8 торсукту жаткырып, алардын үстүнө аялдар кичинекей балдары менен олтуруп же жатып алышкан. Аны сууга кое берерде үч же төрт аттын

куйругуна байлап, сууга биринчи аттар кирген. Суунун ылдыйкы агымына эки-үчөө коштоп сүзүп чыгышкан. Аттар сууга кирбей кыйнабашы үчүн, бирөө аларды жетелеп, ат менен кошо сууга түшкөн. Жогорудагы ыкмалар өтө коркунучтуу болгонуна карабай көчмөндөр жел толтурулган торсуктар менен дарыядан өтүшкөн.

Нарын дарыясынан өтүүнүн дагы бир татаал ыкмасы, дарыянын өтө куш келген бийик аскалуу жерлеринен жоон аркандарды эки тарапка тартып, арканга жыгачтан жасалган тегерек алкакты кийгизип, ага эки аркан байланган. Экөө эки жээкте турган. Жүргүнчүнү белинен жыгач алкак байлап, экинчи жээкте турган адам аркан менен тартып алган. Жыгач алкак арканда сыйгаланып жеңил өтүп кеткен. Бирок экинчи аркан менен дагы бири тартып, кокустук болуп кетпеши үчүн анын коопсуздугун алдына алууга көмөктөшкөн. Көрүнүп тургандай, бул ыкма дагы дайым коопсуз боло бербейт. Анткени аркан үзүлүп кетиши мүмкүн. Мындай шартта бийик жерден сууга түшөт. Экинчиден ал жерде суу өтө катуу ылдамдыкта аккандыктан чоң таштарга чаап салышы, агызып кетиши толук мүмкүн болгон. Ошондуктан мындай ыкма менен баары эле өтө берүүнү каалашкан эмес [245, 108-б.].

В.И. Масальский дагы кыргыздардын эчкинин терисинен шар аккан тоо дарыяларынан өтүш үчүн *торсуктарды* даярдап келишкендигин жазат [292, 501-б.]. Тажиктерде Бартонг дарыясынан 10-12 эчкинин терисинен үйлөнгөн торсуктардын үстүнө талдын бутактарынан керегече жасап, сал менен суулардан өтүп кетишкен (109-сүрөт) [386, 111-113-б.].

А. Байбосунов сал жасала турган терилердин сыйрылышын, анын даярдалышы тууралуу дагы кызыктуу фактыларды келтирет [Байбосунов, 9-б.]. Эчкинин терисин бычак менен тилип албоо үчүн этиаттык менен сыйрып, аны дароо эле болжолдуу 10 кг туз менен көмүп коюшкан. Бул терини жыдытуу үчүн колдонулган ыкмалардын бири катары белгилүү. Андан кийин моюн, шыйрактар чыккан жерди жип менен казык баш чалып байлашкан. Торсукка желди арткы шыйрактын ордунан көөрүк менен толтуруп, бекем байлап коюшкан. Бир салга төрт, алты, кээ бир учурларда сегиз торсук керектелген. Анткени торсук канчалык көп болсо, анын жүк көтөрүмдүүлүгү ошончолук чоң болгон. Ошондой эле торсук жасалган тери

канчалык калың жана майлуу болсо ошончолук көп мезгилге же эки жылга чейин пайдаланууга жарай берген. Аны көпкө сактоо үчүн кайрадан туздун астына бастырып коюшкан. Себеби туз теринин чирип кетишинен сактаган. Мындай салдарды Чоң-Алай өрөөнүндө шар аккан Кызыл-Суудан өтүүдө колдонушкандыгын кошумчалап өтөт [73, 10-11-б.]. Белгилүү окумуштуу А.М. Мокеев өзүнүн шакирттери менен жазган макаласынын кол жазмасында салдын сегиз буканын терисинен жасалгандыгын белгилейт.

Кыргыздардын чоң суулардан өтүүнүн дагы бир башка жолун В.С. Виткович: Жигиттер торсукту эки тизесинин ортосуна бекем кысып үстүнө олтуруп, ал эми буулган жеринен бир колу менен кармап, экинчи колу менен сууну жиреп, экинчи жээкке өтүп кеткен [125, 230-б.], – деген маалыматын калтырган.

Я.В. Ханыков казактардын боз үйдөгү тиричилик буюмдарынын коюлушу тууралуу төрдө сандык, анын үстүнө килемдер, чапандар, ичиктер жана башка төшөнчүлөр жыйылса, анын эр жагына мылтыктар илинип, ат жабдыктар, ээр, аңчылыкка колдоно турган курал-жарактар, чачык, көнөчөк, кумура, торсук, кээде ышталган жылкынын саны, эти дагы илингендигин көрсөтөт [428, 140-б.; 431, 32-43-б.].

Казак чеберлери торсуктун эки түрүн жасашкан. Биринчиси, жыгачтан тегерек алкак салынып, аны тери менен каптап, мойну ичке чыгарылган. Торсуктун тышына кочкоректенген зооморфтуу оюулар салынган. Экинчи түрү айбалтанын формасындай болуп, ийиндеринен эки мүйүз чыгып, мойну ичке жана узун жасалган. Бул идиштердин эки капталына оюулар ныгыра басуу жолу менен түшүрүлгөн. Андан кийин бычылган формасы боюнча тигип, тигиштери малдын май куйруктары менен майлангандан кийин сууга салышкан. Аны нымдап алган соң ичине кум толтуруп, идиштин формасына келтиришкен. Идиш өзүнүн формасын кармап, кургагандан кийин кумду төгүп, ичин тазалап, пайдаланууга беришкен [308, 84-б.].

Алтай, тува, хакастардагы эң байыркы тери идиштердин бири торсук, торсык аталып, ал жылкынын же уйдун шыйрак терилеринен жасалган [164, 66-б.]. Кыргыздарга салыштырмалуу монголдордо торсуктан башка териден жасалган

жеңил идиштер сейрек кездешкен [340, 110-б.]. Башкача айтканда, монголдор торсуктарды гана жасашканды билишкен.

*Чыны кап* (пиала кап). Чеберлер чыны капты өтө кооз, ар кандай үлгүдө жасашкан. Анын бири челек сымал узунураак келип, түбү менен оозу бирдей кеңдикте болуп, тегерек капкагын кийгизип коюуга ылайыкташтырышкан. Чыны капка түшүрүлгөн «чийме сынпос» майда да, кезек да көрүнгөн. Ал эми идиштин капкагынын үстүнкү бетине, анын тегерек-четине көрчөгөлүү купалар бекитилген. Буюмдун капкагынын төбөсүнө тешик өткөрүлгөн кайыш тоголуу кулакчыны бошураак байланып, ал төбөсүнөн көтөрүп жүрүүгө эптелген. Жарым айлана формасында бир эле териге үч-төрт чыны капты туташтыра жасалган чыны каптар дагы кездешкен (83-84-сүрөттөр).

Чонтой – түндүк кыргыздары териден ийленип жасалган баштыкты айтышкан [212, 281-б.]. Чонтойго жасалган көлөмүнө карап кургак буюмдар, тагыраагы аркан, жип-шуу, боз үйдүн өрмөк жиптерине окшогон тиричилик буюмдары салынган.

Тувалыктар жаз мезгилинде же сүт аз чыгып жаткан учурда *чегенди* (айран) кичине көлөмдө уйдун терисинен жасалган *борбый же портого* идишине куюшкан. Бул идиш сүйрү, ошол эле учурда мойну узун жана кууш чыгарылгандыктан мойнуна жылкынын кылдарынан илмек жасап, керегеге, баканга илип коюшкан [164, 66-б.].

Шорлор жылкынын бучкагынан тиккен идиштерин толкан кабы деп аташкан. Ушул эле капты качиндер тэлыб деп башкача айтышкан.

В.П. Дьяконова Түштүк Сибирь элдеринин идиш-аяктарын жазууда териден жасалган идиштерге дагы кенен токтолуп өткөн. Алсак, тувалар уйдун терисинен кап тигишип, аны барба [164, 65-б.] деп аташкан. Аны алар көч учурунда пайдаланышып, ага тамак-аш, кийим-кечек же майда үй чарбаларын салышкан. Ага 50-60 кг өлчөмүндө буюмдар баткан.

Тувалык жоокерлер жоого аттанганда тамак бышырып жей турган казандарын дагы ала жүрүшкөн. Аны алып жүрүү үчүн териден тигилген *таалың* кабына салып алышкан. Ал аттын оң капталынадагы канжыгага байланган. Таалың – көбүнчө куржун түрүндө тигилген. Таалыңга окшош барба аталган баштыктары дагы

кездешет. Ал кош көздүү, бир көздүү болуп жасала берген. Тувалыктардын дагы бир арта салма баштыгы *ачымак-качымак* аталып, ага дары-дармектер сакталган. Аны көбүнчө ламалар алышып, дайыма оң жагына байланып жүрүшкөн. Дагы бир буюм салгычы *аптара*, ага кийим-кечектери, андан тышкары баалуу ат жабдыктар кошо салынган [148, 89-, 91-, 94-б.].

Ошентип териден жасалган идиштердин аталышы, жасалышы жана колдонгон ыкмалары боюнча казак, алтай, тува ж.б. элдеринин идиштеринде да өтө жакындыктарды, жалпылыктарды ошол эле учурда айырмачылыктарды дагы көрүүгө болот. Алтай элдериндеги идиш буюмдарынын көп аталышы бул багытта изилдөөлөрдүн жакшы жүргөндүгүн дагы бир жолу айгинелейт. Ошондой болсо дагы кыргыздардын шириден жасалган идиш-аяктарын этнографиялык изилдөөлөрдөн сырткары философиялык, маданият таануучулук жактан кароо зарыл. Кошумчалай кетүүчү нерсе, кыргыздар мал ичегилеринен кичинекей балдарга упчуларды дагы жасашкан (101, 102, 103-сүрөттөр).

Жалпысынан, кыргыздардын шириден жасалган идиш-аяктардын 20 ашык түрү белгилүү болду. Жогорудагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, шири идиштери, өзгөчө сүт, эт, жана дан азыктарын сактоо, алып жүрүү үчүн даярдалган. Ошону менен бирге эле шири идиш-аяктары үй ээлеринин коомдук-экономикалык абалдарын дагы дааналап көрсөтүп турган. Колунда бар адамдар шири идиштерин өздөрү эмес, буйуртманын негизинде жасатышкандыктан, кесипкөй көнчүлөр жогорку чеберчиликте көркөмдүү жана аземдүү жасашып, оюуларды түшүрүшкөн. Ал эми катардагы үй бүлөлөр шири идиштерин өздөрү жасагандыктан көрүнүштөрү копол көрүнүп калган.

## § 5.3. Саят куштарын кармоочу курал-жарактар

Борбордук Азияда жашаган көчмөн элдердин арасында байыркы мезгилдерден бери эле кыраан жана алгыр куштарды аңчылыкка пайдалануу кенен жайылган жана ошол учурда өтө белгилүү болуп келген. Окумуштуулар саятчылык өнөрдүн төрт миң жыл мурун башталгандыгын белгилешет [375, 4-б.]. Бул өнөр кыргыздарда [521, 178-б.] да жакшы өнүккөндүгү белгилүү. Бирок ошондой болсо дагы кыргыз саятчылыгына байланышкан эмгектер белгилүү өлчөмдөгү гана изилдөөлөрдөн жолугат. Тетирисинче, айрым тарыхый булактарда, этнографиялык басылмаларда кездешпеген маалыматтар көркөм чыгармаларда арбын кездешет. Илимий негизде Г.Н. Симаков [375, 376, 377], Д. Ырсалиев ж.б. [455] алгыр куштарга, өзгөчө ылаачын куштарга арналган бир нече илимий эмгектерин жарыялап чыгарышкан.

Аңчылык, мергенчилик көчмөн жана жарым көчмөн элдер арасында кеңири тараган өнөр кесибинин, спорттук көңүл ачуунун, ышкыбоздуктун [36, 318-б.], күнүмдүк турмуш-тиричиликке керектелүүчү этти жана киреше табуунун (баалуу аң терилери) булагы болгондуктан аңчылыкка даярдануу, ырым-жырымын жасоо иштери, ишенимдери да аткарылган. Мисалы, кыргыз элинде Чегир баянды – кыраан куштардын жана тайгандардын колдоочусу [426, 196-б.] катары таанышса, ал эми каратегиндик кыргыздар аңчылыктын, мергенчиликтин пири деп Дөөтү пайгамбардын тууганы Хазрети Замчи Палванды айтышкан. Аңчылыкка чыгуунун дагы өз ара эрежелерин сакташкан. Алсак, ууга шейшемби күндөрү чыкса жолдуу, ал эми жума күнү чыкса жолсуз болуп калышат дешсе [216, 78-б.], Ала-Тоолук кыргыздар ыңгайы келген шартта эле аңчылыкка же мергенчиликке аттанып кете беришкен [502, 4-б.].

Саят куштарын кармоодо, аларга кам көрүүдө негизинен жыйырмадан ашык курал-жарактар, аспаптар пайдаланылган. Мисалы: чолок (кыска) боо, узун боо, мээлей, жем дорбо же далба (куштардын жемин салып жүрүүчү булгаары, кайыштан жасалган баштык. Кыштын күндөрү кушка даярдалган эт тоңуп калбашы үчүн аттын тулкусуна жакын, ичмектин алдына байлашкан же тондун ичинен тагылган курга, кемерге илип алышкан), туур, добулбас (куштарга суу үстүндөгү өрдөк, каздарды учуруп берүү үчүн колдонулган. Добулбаска буканын, мыктысына төөнүн чылгый

терилери керилип тагылган), тор (жапан куштарды кармай турган аспап), капкан, кыл тузак (куштарга «жем алуу» үчүн колдонулган), томого, балдак, чыптама (суук күндөрү же куштардын түлөп жаткан, ооруп жаткан учурунда кийгизип коюшкан), жем аяк, каттоо (куштун шыйрак манжаларын жырткыч айбанаттар жаралантып же тиштеп койбошу үчүн булгаарыдан же жибектен чеберчилик менен манжа каптарды тигип, аны кийгизишкен. Казак мүнүшкөрлөрү дагы көп колдонушкан) [289, 423-б.], түтүк (куурайдан жасалган, куштар ооруп калган учурда оозуна суу куюп ичирүүчү аспап), тээк (куштарды аңга салганда башынан алынган томогону курга илип коюучу аспап), чырга, чатыр, жолум үй, кайчы (мүнүшкөрлөрдүн арасында *кыятчылар,* куш күйгөн деп дагы аталган. Куштун сынып калган канат-куйруктарынын ордуна башка канат же куйруктарды кыйып, бекитип коюшкан. Себеби канат-куйругу сынып калган куштар өзүнүн ылдамдыгын жана чукулдугун жоготуп койгондуктан жасалган амал) [478, 6-7-б.], кестик, укурук (бак-дактарга конгон куштарды кармоо үчүн башына кылтак салып, бир жагынан шам күйгүзүп, куштун кызуусун арттырып, мойнун созуп жатканда кармап алышкан) сыяктуу чакан жана чоң буюм-тайым, курал-жарактар куштарды кармоодо зарыл болгон.

Алгыр куштарды кармоого пайдаланылган аспаптарды совет мезгилинде этнографтар: 1928-жылы Н.П. Дыренкова жана И.Д. Старынкевич – 77; 1948-1955-жылдары С.М. Абрамзон – 75; 1971-1976-жылдары Г.Н. Симаков жана Л.А. Фирштейн 300 жакын буюмдарды Москва шаарындагы Улуу Петр атындагы Археология жана этнография музейинин коллекциялар топтомуна өткөрүшкөн. Музейдеги буюмдарды талдоого алганда, томоголордун төрт (93-сүрөт), мээлейдин үч, балдактын төрт түрү жасалгандыгы белгилүү болгон [375, 23-б.].

Этнографтар Л.Я. Штернберг, Г.Н. Симаков өздөрүнүн эмгегинде томогонун пайда болушунун бирден бир себеби көчмөн элдер куштарды диний-магиялык сыйынуу, жоокер, аскер катары карашып, аларды жоокердин түспөлүндө жасалгалоого аракет кылгандыгы менен түшүндүрүшкөн. Ошондуктан куш салганды өнүктүргөн эл томогону өздөрүнүн дүйнө таанымдарына жараша, салттуу өзгөчөлүктөрүнө байланыштырышкан.

Дагы өзгөчө кызыгууну туудурганы орус падышасы Алексей Романовдун шумкарлары жана ылаачындары кыргыз-кыпчак тилдеринде: Бумар (Тумар), Айдар, Адраган, Кызылбай, Арбас, Алай, Ислан-Бей ж.б. [421, 75-б.] деген аттар менен аталган.

А.П. Смирнов куш өнөрү, кийимдери туурасында: Ат үстүнө олтургандан кийин сол колуна мээлей кийип, ителгини кондурушат. Башында томого болот. Андай болбогон шартта ителги колго тынч олтурбай мүнүшкөрдүн айласын кетирет. Атайын үйрөтүлгөн иттер алдыда жүрүп, илбээсинди асманга учурушат. Мына ошондо гана куштун, ителгинин томогосун алып учурушат. Ителги алгач асманга көтөрүлүп, андан кийин гана олжосунун мүрү-аркасына тырмагын матырат. Бул куш салуу дагы кээ бир учурда көп олжо алып келет. Куштарга салыштырмалуу бүркүт салуу пайдалуу жана кирешелүү. Себеби түлкүнүн териси жергиликтүү элде кымбат баалуу аң терилерине кирет [111, 15-16-б.], – деп кыскача токтолот.

Эми куштарды кармаган негизги курал-жарактарга өтөлү. *Томого* жапан куштарды жана бүркүттөрдү торго же колбоорго кармаары менен канаттарын кайрып, курч тырмактары өздөрүнө зыян кылбашы үчүн дароо томого кийгизилген. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй калган бүркүт же куш тынчып калган. Колго түшкөн жапан куш же бүркүт жашоосунун көпчүлүк бөлүгүн томого менен өткөргөн. Андай болбогон шартта, бошогусу келген куш улам-улам талпынып, колго үйрөтүлгөн куштар дагы көзүнө көрүнгөн караандарга жулунуп, мүнүшкөрдү чарчатып, минген атын үркүтүп айласын кетирген. Ошондуктан колдо жана туурда тынч олтурушу үчүн томого кийгизип коюшкан [348, 144-б.; 73, 119-б.; 257, 143-б.; 455, 7-б.]. Томого ошондой эле куштардын олжосун алгандан кийин да башына кийгизилген [41, 75-б.]. Себеби олжосун коргойм деген куш, бүркүт өз ээлерине дагы кол салып жибериши мүмкүн. Куш күндө жеп көнгөн жемин көргөндө гана олжосун таштаган. Албетте, бул жерде мүнүшкөрлөрдүн жүздөгөн жылдар бою иштелип чыккан тажрыйбалары жана ырым-жырымдары жардамга келген.

Томого, жакшы ийленген калың кол терилерден бычылып жасалган. Анын биринчи түрү: төбөсүнөн, көздүгүнөн, желке жээгинен, чачык-чогунан жана сагактан турган. Куштун түмшугу турган жери эске алынган. Томого көркөмдүү

жана кооз болушу үчүн алтын, күмүш, жез өңдүү түстүү темирлерди атайын көрчөлөнгөн оюулар менен тегерете чапташкан. Томогону тигүү ар кимдин эле колунан келе берген эмес. Себеби томого эң биринчиден куштун көзүн басып, зыян кылып койбошу керек. Экинчиден, өтө чоң тигилип калганы башынан чечилип берсе, тар тигилгени кушту муунтуп же алкымын өйкөп коюушу мүмкүн. Ошондуктан анын тигиштери эске алынган. Көздүн тушуна тигиштери келип калбашы үчүн тумшукка карата тигинен тигилген. Желке жагы сүйрүсүнөн кетип, желке тушу эки катталып, алар тигинен бири-бирине кайрылып тигилет. Чачык-чогу эки тасмадан туруп, желке тарапка кичине оодурулган. Сагак куштун алкым тушуна эки тарабынан бекитилген. Тигиштеринин бардыгы тышында калган. Тигиштери түз жана көркөмдүү болушу үчүн кашка тиш менен из салып алышкан [502, 4-б.].

Экинчи түрү: бул түрү биринчи түрүндө аталган бөлүктөрдөн турат. Болгон айырмачылыгы көрүнүшү жана жарашыгы башка түрдө, тагыраак айтканда, төбөсү, тумшук, желке тараптары сүйрү эмес, тике түшүрүлгөн. Ал эми чачык-чогу бир нече майда тасмалардан түймөлөнүп, томогонун төбөсүнүн чок ортосуна жайгаштырылган. Бул томогонун дагы бир айырмачылыгы жука жана күдөөрү кайыштан тигилген. Г.Н. Симаков ушул түрүн эң мыкты [375, 27-б.] деген.

Үчүнчү түрү жөнөкөйлөтүлгөн, мында желке жээги тигилген эмес. Себеби томогонун төбөсү бийик тигилип, куштун башына жакшы олтургандыктан желкесинин зарылчылыгы каралбайт. Ал өзүнүн көрүнүшү боюнча биринчи томогого окшош болгону менен төбөсү шиш чыкпай, тукул болуп, желке жагына өтө кыйшайтылбай жасалган.

Ал эми төртүнчү түрү кесинди булгаарыдан тигилген. Бул жогорку бычмачылыктын билгизгендигин көрсөтүп турат. Анткени тумшуктун тушу, көздүн үстү, төбөсү, чачык-чогу жана желке бөлүгү ушунчалык чеберчилик менен эсептелгендиктен, кесинди булгаарыдан кыска мөөнөттүн ичинде тигип коюуга мүмкүн болгон. Учтуу төбөсү алгач, түз, андан соң ичти карай кыйгачтанып, желке тушу түз түшүрүлгөн. Тигиши бир жол калтырып, ал чачык-чоктон желкени карай тик тигилген. Чок-чачыгы бош кое берилбей өрүлүп же түймөктөлүп, ал эми анын алды жагынан шарттуу түрдө көздүктү жана төбөсүн белгилеген боо өткөрүлгөн. Ал

боо коздукту көрсөткөндөн тышкары практикалык мааниси, бийик жерлерге, курга илип коюуга өтө ыңгайлуу болгон. Томогонун дал маңдай тушуна кобул оюусу наарланган.

Бизге белгилүү болгон томогонун бешинчи түрү тегерек келип, эки бөлүктөн бычылып, аларды беттеп, тарамыш жип менен кайып тигилген. Көздүн тушу азыраак томпок кылынган [48, 228-б.]. Чачык-чогу учтуу чыгарылып ага алтындан же күмүштөн жасалган жылаажындарды тагып коюшкан. Албетте, томогонун мындай баалуу түрү атактуу адамдардын куштарына жана куштун даңазасына жараша кийгизилген. Алсак, ителгиден чыккан ак, кара, көк, кызыл шумкарларга аздектелип жасалган. Казак мүнүшкөрлөрү айрым учурларда чок-чачыктын ордуна кыя кесиктүү (ромб) формасын салышкан [501, 5-б.].

С. Рыскулов: Томогонун тышына жаркырата күмүш, ак, көк, кызыл жиптерден чыйратып, төбөсүнө калпактын чачысындай чачык тактырып койгон [361, 30-б.], – деп томогого сүрөттөмө берет. Бул жерден көрүнүп тургандай, чачыктар жалаң гана тасма кайыштарынан жасалбастан, боекко салынган жиптерден дагы жасалгандыгы белгилүү болду. Демек, биз томогону болжолдуу гана беш түрүн атаганыбыз менен, чеберлер анын дагы бир нече түрүн жасашкан. Себеби чеберлер өздөрүнүн тажрыйбаларына таянып, салтанаттарын арттырыш үчүн ар түрдүү көрүнүштө, ошондой эле колдогу түрдүү буюмдарды пайдаланышкан.

Куштарды кармоонун негизги куралдарынын бири *боо* (94-сүрөт). Ал кушту учуруп жибербей, качып, учуп кетпеши үчүн жасалган. Томого сыяктуу эле ал дагы куштун бейчеки кыжалаттанбашы, тынч отурушу үчүн колдонулган. Боонун жасалышы дагы жогорудагы коюлган далилдерге жараша эки түрдө жасалган. Алсак, *чолок боо (кыска), узун боо* жана *балтыр боо* [73, 119-б.; 455, 7-б.]. Чолок боолор 1, 1,5 метр узундукта жасалса, узун боолор кушту чыргага же далбага үйрөтүп жатканда керектелгендиктен, мүмкүн болушунча узун, отуз-алтымыш метр узундукта жасалган. Узун боо албетте, кыл аркан же жип-шуулардан куралган.

Узун боо, аты айтып тургандай куштарды чыргага үйрөтүүчү же анын качып кетпеши үчүн жасалган ыкма экендиги көрүнүп турат. Анткени мүнүшкөрдүн негизги милдети кушту колдон жем жегизгенге каныктыруу, далба же чыргага

үйрөтүү. Колдон жем жеп көнгөн куш, ээсинин чакырыгына, кай жактан болбосун учуп келген. Албетте, бул жерде мүнүшкөрдүн үйрөнгөн ыкмасына, тажрыйбасына жана чыгармачылыгына жараша өнүккөн. Мисалы, айрым мүнүшкөрлөр ээрдин кашына же үйдөн гана жем жегенге үйрөтүшкөн. Бул балапан кезинде кармалган куштарга гана мүнөздүү. Чолок боолор өтө жогорку деңгээлде ийленген күдөөрү булгаарылардан жасалган. Анткени бутка байланган боо куштун бутун жаралантып койбогондой жумшак болушу керек. Мүнүшкөр мына ошол чолок боонун жардамы менен колуна, тизесине кондуруп өзүнө көнүктүрүп, жакындаткан (97-98-сүрөттөр). Боонун бир учу дайым мүнүшкөрдүн колунда, же ат үстүндө аңды көргөн учурда тездик менен чечип алууга ыңгайлуу болушу үчүн ээрдин кашына чалынган (байланган).

Чолок боо чийки ийленген күдөөрү кайыштан жасалып, үч бөлүктөн (эскерте кетчү жагдай куштардын, айрыкча, бүркүттөрдүн күчү өтө чоң болгондуктан көрүнгөн эле кайыш эмес, сапаттуу, бышык кайыштар гана иштетилген): куштун бутуна салынган окшош эки боо жана экөөнү бириктирип кармаган кайыш боолуктан турат. Куштун бутуна салынган эки боо өтө жоон эмес чоңдукта өрүлүп, айрым учурларда чыйратып гана коюшкан. Куштун бутуна кийгизилген жери эндүү болуп, бүткөн учуна илмек тигилген же тилип гана коюшкан. Андан тышкары кайыштын жазы жери көркөмдүү болушу үчүн геометриялык оюулар дагы түшүрүлгөн. Куштун бутуна кайыш өтүп кеткен учурда жумшак кийиздер менен ичтелген. Ал эми аягына атайын жасалган 2 см диаметрлүү чакан доголор бекитилген [375, 29-б.]. Кайыш боонун эки догого кирген учу догодон өтүп кетпегендей жоондукта өрүм түйүмү менен түйүлгөн.

Кушту колго жана ат үстүндө алып жүрүү үчүн эң керектүү каражаттардын бири *мээлей* (96-сүрөт). Бирок мээлейдин негизги милдети колду куштун курч тырмактарынан коргоо үчүн кийилген. Мээлей малмага салынып, жакшы ийленген бодо малдын калың терилеринен бир нече түрдүү жасалган. Ал колдун манжаларынан баштап чыканакка, айрым учурларда ийинге чейин жасалган. Себеби колго конгон куш манжалардан баштап чыканакка чейин адамдын же аттын басышына жараша кыймылда болгон. Ошондуктан кол дагы куштун конушуна

ыңгайлуу болушу үчүн чыканакка түз болушу керек. Андай болбогон шартта абалын оңдогонго аракет кылган куш ийинге чыга калам деп адамды жаралантып коюушу ыктымал. Мээлей кушту олжосунан ажыратып алууда да керек. Колдо жем жеп көнгөн куш өз жемин көрөөрү менен мээлейге учуп жетип келген. Дегеле, мээлейсиз кушту колго кондурууга, ууга алып чыгууга, агытууга, белги берүүгө, олжосунан бөлүп алууга мүмкүн эмес. Анткени аңга үйрөтүлгөн иттер же тайгандар ээсинин ыраазычылыгы үчүн бардык мүмкүндүктөрүн жумшашса, ал эми куштар жем үчүн гана аңга кол салат.

Куштарга жем берүүдө мээлейди сол колуна кийип, кушту алып, оң колу менен жем берген. Айрым мүнүшкөрлөр куштарга жем берүүдө сурнай, керней, дап (дүңгүрөмө) [351, 299-б.] же башка бир аспаптын үнүн чыгарып, ошого көндүрүшкөн. Мунун сыры эгер, куш мелжеген аңын алалбай, башка олжо издеп кетип бара жатканда, аспаптын үнүн угуп, артка кайрылган.

Мээлейдин биринчи түрү, тоо текелердин туюк сыйрылып алынган моюн бөлүгүнүн терисинен жасалган. Биринчиден, туюк сыйрылган терини бычып, тигип олтурууга убакыт коротпойт. Экинчиден, мээлей тондун, ичиктин үстүнөн кийилген. Моюндун көөдөн жагы ийин жагына, ал эми алкымы манжаларга тушталып, анын уч жагына кошумча булгаары менен тигип, баш бармак өзүнчө чыгарылган. Мээлейдин каруу тарабы өтө кенен болуп, ылдый түшө бербеши үчүн, атайын кыймаларды пайдаланып, жээктеп, илме шибеге менен шырып тигишкен соң, каруунун тушунун ички бетинен эки тешикче чыгарып, ага боолук өткөрүп коюшкан. Бул шартта мээлей ийинге тыгыз олтуруп, мүнүшкөрдүн кыймылынын элпек болуусуна шарт түзгөн. Ал манжалар тарабынын ичинен ийленген уйдун териси менен ичтелген. Бул биринчиден, коргонуу, тырмактардын колго өтүп кетпеши үчүн жасалса, экинчиден, кушка, мүнүшкөргө дагы жылуу болгон. Мээлейди тигүүдө кийиктин терисинен жасалган ичке тасмалар пайдаланылган.

Экинчи түрү эликтин моюн бөлүгүнөн сыйрылып алынган териден тигилген. Терини жакшы жыдытып, малмага салып, ийлегенден кийин, ал ак-сары түстө болуп калган. Тигилиши боюнча биринчи мээлейден эч кандай деле айырмаланбайт. Болгон өзгөчөлүгү мээлейдин төрт манжа жайгашкан уч жагы манжалардын узун-

кыскалыгына ылайыкташтырылып, тең ортосунан 8-12 см тике тигилген. Ал эми анын тышкы көрүнүшү көзгө жагымдуу болушу үчүн экиге бөлүнгөн манжалардын үстүн жарым тегерек кылып кырдап, анын жээктерин бармак тушка чейин кыя тигип коюшкан. Мурунку мээлейден дагы бир айырмасы каруунун тушунан эки эмес, төрт тешикче салынган. Анын каруга бекем байланып турусун күчөткөн. Мээлейдин ичи кошумча, ийленген уйдун териси жана кийиз менен ичтелген.

Ал эми мээлейдин үчүнчү түрү башкы экөөнөн азыраак татаалдаштырылып, манжалар экиге бөлүнүп, ажыратылып тигилген. Ал эми калган жактарында эч кандай айырмачылыктар жок. Г. Алмаши тарткан сүрөттө мүнүшкөрлүккө байланышкан куралдардын сүрөттөрү берилген. Ал жерде мээлейдин эки түрү; томогонун чоң, кичине же куштардын түрүнө жараша (бүркүт, ителги) жасалган төрт түрү; балдак, балдактын ачасына төшөлгөн кайышы, куштун канатынан далба жана түлкүнүн куйругунан жасалган чырга; куш боонун эки түрү, биринчиси өрүлүп, жумшак булгаарыдан бычылып тигилгендиги даана байкалып турса, экинчиси чийки кайыштан эле жөнөкөй ыкмада чалма салынып жасалгандыгын көрүүгө болот [475, 542-б.].

Ю.А. Шибаева хакастардын үйлөнүү-үлпөт кийимдердин топтомуна шөкүлө менен бирдей эле мээлей [452, 71-б.] кошо даярдалгандыгын, мээлей көбүнчө кызыл ноотудан тигилип, анын билек жээктери кымбат баалуу аң терилери менен жээктелгендигин, үлпөт кийимин кийгизип жатып: Колуңа мээлейден, башыңа шөкүлөдөн айтсын, – деп баталарын беришкендигин белгилеген [60, 251-б.]

Н.А. Тадина мурунку изилдөөчүлөрдүн «алтайлыктарда мээлей же кол кап болгон эмес. Тондун, чапандын узун жеңи менен бекитип алышкан. Алтай-кижилер «уштук» деп атаса, теленгиттер «удурма» деп аташкан», – деген аныктамасын четке кагып, алтайлыктарда кол каптар болгондугун, аны «меелей» [398, 104-б.], – деп аташкандыгын белгилейт.

Бүркүт, куш дайым жерде турбашы үчүн аларга ылайыктап *туурларды* жасашкан. Алардын чоң-кичинесине карап, жоон, жумуру, ачакай жыгачтарды жерге орнотуп (чакан куштарга казык кагып, ага узун жыгачты кыймылдабагандай бекитишкен), бийиктигин болжолдуу бир метрдей кылып, анын үстүнө жумуру жыгач жаткырып

бекем байлап коюшкан. Жыгачтын жоон тандалышы биринчиден, бүркүттүн отурушуна ылайыкташылса, экинчиден, тумшуктарын жанып, эки жакка эркин кыймылдашына шарт түзгөн. Мыкты мүнүшкөрлөр мүмкүн болушунча туурдун ордун алмаштырып, суунун жээктерине, кээде саздак (анткени саздуу жерлерде бүркүттөрдүн тырмагы тез өскөн), желдүү, ызы-чуудан алыс жерлерге көчүрүп турган.

Тувалыктарда алгыр куштарга атайын чатырларды жасап, аны *чадыр* аташкан. Ал эми чатырдын ичине жерден бир метр бийиктикте Т–формасында кызыл карагайдан туур жасап, аны кайыш менен таңып, *адагаш* дешкен [155, 496-б.].

Кыргыз элинде жаңы турмуш куруп жаткан эки жашка өз-өзүнчө куттук айтып, жигитке: «Куш бооң бекем болсун, бекем карма!», – деп тилек айтса, колуктусуна: «Тууруң бекем болсун, бекем турсун!», – деп алардын турмуштагы ордуларын биринчи күнү эле аныктап беришкен. Бул каада-салт дагы бекер жерден жаралбагандыгы көрүнүп турат. Себеби куш боосу начар болсо, үзүлөт. Ошол эле учурда «конгон тууру дагы бир орунга токтобой кыйшаңдап турса, турмуш жалганбай калышы мүмкүн» деген ойлордон улам келип чыккан.

Мүнүшкөрлөр аңчылыкка чыккан учурда, айрыкча, бүркүтчүлөрдүн колдонгон негизги куралдарынын бири *балдак* деп аталган. Анткени салмагы он килограммдан жыйырма килограммга чейинки бүркүттү колго кондуруп жүрүү мүмкүн эмес. Демек, кошумча курал керек болгон. Аны узундугу болжолдуу жарым метрге чейин жеткен ачакай же укумча, өтө жоон эмес жыгачтан, айрым учурларда, тоо текелердин мүйүзүнөн дагы жасалган [502, 5-б.; 202, 88-б.; 48, 28-б.]. Балдакты жасоодо атайын эреже болбогондуктан, усталар өздөрүнүн табитине, билген ыкмаларына жараша бир нече түрүн жасашкан. Ошондой болсо дагы анын болжолдуу түрдө төрт түрү бар.

Биринчи түрү, тоо текелердин жумуру мүйүзүнөн жасалган. Мүйүздү иштетүү албетте, көптөгөн убакытты, ошол эле учурда тажрыйбаны да талап кылган. Себеби аны балдактын формасына келтирүү үчүн жонуу, кыруу, төрт кырын чыгаруу, ачакайлуу кылыш керек. Мүйүздүн жогорку жагы ачакай жасалып, ал эми ич жагы иймек сыяктуу келип, тешик чыгарылып, ага кайыш боо өткөрүлгөн. Ал үзөңгүнүн

темингисине же үзөңгү боого бекитилген. Балдактын ортоңку бөлүгүнөн дагы тешик чыгып, ага тагылган боо ээрдин кашына же мүнүшкөрдүн белиндеги жазы курга балдактын ары-бери кыймылдай бербеши үчүн байланган [48, 28-б.]. Ачакайдын үстүнө жалаң билекти койгондо, үстүндөгү салмактан улам билекке изи өтүп, колду жорутуп албашы үчүн ашатылган чийки кайыш керилген. Албетте, кайышты бекитиш үчүн үшкү менен тешилген оюкка боо байланган. Ал тоо теке, аркар, кулжа, элик өңдүү тоо жаныбарларынын терисинен жасалган. Балдактын мүйүздөн жасалышы кол өнөрчүлүктүн жана мүнүшкөрлүктүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүнүн үлгүсү. Балдак жасалган мүйүз колго жагымдуу жана көркөмдүү болушу үчүн жылтыратып жылмалап алышкан. Ошондой эле мүйүздөн жасалган балдак өтө чыдамдуу келсе, андан тышкары теке мүйүз, мүнүшкөрлөр үчүн анын тотемдик мааниси терең болгон.

Экинчи түрү, жумуру, ачакай жана бекем жыгачтан жасалган. Төмөнкү бөлүгү темингиге же үзөңгү боого тыкыз келиши үчүн жантайыңкы чабылган. Ал жерден боо өтө тургандай тешик чыгарып, ага тагылган боо менен темингиге байланган. Ал эми жогорку жагы ээрдин кашына бекиле турган жагына атайын темирден даярдалган дого кадалып, ал аркылуу боолук өткөрүлгөн. Чыканак коюла турган жери сүйрү формада келип, биринчи балдакка салыштырмалуу жайык жасалган. Жайык тасманы шоона менен же жылкынын шыйрак тарамыштарынан жасалган тарамыш менен байлашкан.

Балдактын үчүнчү түрү дагы жыгачтан жонулуп, жылмакайланган. Анын негизги айырмачылыгы ээрдин кашына бекитиле турган кошумча каражатысыз жасалат. Бекемдөө үчүн кайыш боолордун жардамы менен анын тондун үстүнөн тартылган курга же ээрдин кашына учугун чыгарып, күрмөп байлашкан.

Төртүнчү түрү мурунку үчөөнөн бир топ айырмаланат. Биринчиден, балдактын түп жагы тегиз кесилип, ага жарым шакекче формасындагы сүйрү жыгач мык кагылган. Ал үзөңгүнүн үстүңкү бетине, үзөңгү боолуктун ичине киргизилип, кайыш боолор менен бекем байланган. Жука кесиндинин балдактын таманына бекитилишинин дагы бир себеби кайыш боонун ылдый сыдырылып түшүп

кетпөөсүн камсыздаган. Жогорку бөлүгү балдактын үчүнчү түрү сыяктуу ыкма менен бекитилген.

Тувалыктар балдакты *мерге* деп аташып, аны жаш кызыл карагайдын ачалуу сөңгөгүнөн жасашкан. Колго ыңгайлуу болушу үчүн ачалуу бөлүгүн чылгый тери менен капташкан. Ачакайдын ылдыйкы бөлүгүнө кайыш курдан илмек жасап, ээрдин кашына илип коюшкан. Мергенин төмөнкү учун камчынын өрүмүндөй кылып тасмалар менен өрүп, мүнүшкөрдүн бел куруна же үзөңгү боолукка бекитишкен [155, 497-б.].

Куштарды колго жана аңчылыкка үйрөтүүдөгү дагы бир негизги куралдардын бири *далба* жана *чырга*. Далба – эски кыргыз сөзү болуп, жем баштыкты да түшүндүргөн, уйгурлар «далбай» дешкен. Далбаны негизинен куш, кыргый, ителгилерди ж.б. үйрөтүш үчүн бактек, кептер өңдүү канаттуулардын кебинен жана өрдөк-каздардын канаттарынан жасалган. Узун боого тагып, башынан, эки капталынан айлантып, кушту кызыктырып үйрөтүшкөн. Ал эми чырга – кыргыз-монгол сөзү, чирех – сүйрөө деген маанини берген [212, 87-, 283-б.; 73, 120-б.]. Бүркүттү колго үйрөтүп алгандан кийин эң кызыктуу иш, аларды чыргага көндүрүү, машыктыруу иши же үндөккө чакыруу иши [383, 400-б.] башталган. Чырганы, түлкүнүн туюк сыйрылган терисин кургак чөптөр менен шыкап толтуруп, аны узун аркан менен байлап, бултактатып атка сүйрөп жөнөйт. Мүнүшкөрдүн оң колунда турган бүркүттү томогосун башынан алып, чырганы карай учурган [348, 145-б.]. Албетте, бул иш көптөгөн убакытты талап кылган. Себеби куштарды алгач жакын аралыктан, аз-аздан алыс жерден алдырып, тапка келтиришкен [304, 253-б.].

Чырганы жасоо мүнүшкөрдүн чыгармачылыгына жана тажрыйбасына жараша болгон (95-сүрөт). Алсак, чырга эки бөлүктөн: тулкусунан жана куйругунан турат. Чырганын эң жөнөкөй түрү, тулкусун жасоодо уйдун терисинен алынган кесиндини туюк тигип, анын ичин жүн, кийиз, жип-шуу өңдүү жараксыз нерселер менен толтуруп, тышына анчалык баалуу болбогон суур, кашкулак сыяктуу жаныбарлардын терисин каптап, бекиген жерлерин чийки кайыштан алынган тасма боо менен кайып тигишкен. Ага бекем кайыш боо менен түлкүнүн куйругун байлап

коюшкан. Тулкусунун жогорку жагынан боо өткөрүп, арканды улаштырып, жөө же атчан сүйрөп, куштарды чыргага тартып көнүктүрүшкөн.

Чырганын экинчи түрү, түлкүнүн өзүнүн терисинин ичине кургак чөп же жүн толтурушкан. Чырганын мындай түрү көрүнүшү, тирүү түлкүнү даана элестеткени менен, ары-бери көп сүйрөлгөндүктөн бат эле айрылып калган.

Аң терилеринен тышкары алгыр куштарды аңга үйрөтүү үчүн канаттуулардын канаттары дагы далба катары пайдаланылган. Ал кээде чолок боого байланса, көпчүлүк учурда узун боого байланган. Саят куштарын көнүктүрүүдөгү негизги көн буюмдары көрсөткөндөй, алгыр жана кыраан куштарды кармоо жана аңчылыкка пайдалануу көптөгөн тажрыйбаны талап кылган.

Кыргыз элинин мергенчилери байыркы мезгилдерден бери эле борпоң, жумшак карларда басып жүрүү үчүн атайын бутактарды белгилүү өлчөмдө алкак кылып ийип, анын ортосунан түндүктүн алкактарындай кылып, карама-каршы жагына булгаары кайыштар менен үч катардан же бут тургандай бекем таңышкан. Себеби буттун таманына караганда бир нече эсе көлөмдү ээлеп, калың карга матып кетүүдөн сактап, ошол эле учурда кар үстүндө ылдам басууга шарт түзгөн. Бул мергенчилердин куралы *жапкак* деп аталган [73, 8-б.]. К. Карасаевдин эмгегинде: Жапкак (эски кыргыз сөзү) – терең карга батып кетпес үчүн бутка байланма [212, 106-б.], – деп түшүндүрмө берилген.

Корутундулап айтканда, кыргыздардын байыркы мезгилдерден бери эле аңчылык кылып келе жаткандыгы тарыхый булактар менен фольклордук материалдарда так жана даана берилген. Кыргыз эли жапайы жаныбарларга, өзгөчө жырткыч жаныбарлардын күчүнө, жүрөктүүлүгүнө, куулугуна, угуу жана жыт билүүсүнө, алдын ала сезүүнө, ийкемдүүлүгүнө, шамдагайлыгына, чыдамкайлыгына, коргоно билишине, курч тырмактарына, тиштерине, азууларына жана түктүү терилерине суктанып, адамдардагы кулк-мүнөздөрдү аларга салыштырып, таасирленишкен. Ошондуктан куштардын томоголору көчмөн жоокерлердин туулгасына, тайгандардын каргысы курга окшоштурулуп жасалган. Албетте, булар өзүнчө изилдөөлөрдү талап кылаары шексиз.

**Бешинчи баптын жыйынтыгы.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, кыргыздардын териден жасалган салттык же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгы жана алардын эрте мезгилдерде эле пайда болгондугуна күбө болдук. Алгачкы жолу пайда болгон ат жабдыктар менен кийинки мезгилдерде колдонулуп жүргөн жабдыктарды салыштырып караганда, дээрлик анчалык деле өзгөчөлүктөр байкалбайт. Айрым жабдыктардын кошулушунда, жасоо ыкмаларынын жаңыланышында, курал-жарактарынын көбөйүшүндө, оюулардын көп колдонушунда гана өзгөрүүлөр бар. Алсак, биздин маалымат берүүчүлөрүбүздүн маалыматтары боюнча, желдик XIX кылымдын экинчи жарымынан кийин эле колдонула баштаган. Албетте, бул билдирүүлөр кошумча изилдөөлөрдү талап кылаары дагы шексиз. Ошондой эле тердиктин оң жана сол тарабына 160 көрчөгөнүн салынышы, анын мааниси сыяктуу маселелер белгисиз бойдон калгандыгын дагы белгилейбиз. Идиш-аяктардын дээрлик бардыгы шири, көн терилеринен жасалышы практикалык жана ыйыктык мааниге ээ экендигин иш жүзүндө көрсөтүп, көчмөндөрдүн жашоосунда өзгөчө орунда тургандыгын дагы бир жолу тастыктады. Саятчылык өнөрүнүн эң жогорку деңгээлге чыккандыгынын далили катары мүнүшкөрлүктө колдонулган курал-жарактардын бир нече түрдө жасалышы таасын айкындады. Томого, куш боо, мээлейлер жөн гана буюм эмес, ыйыктык мааниге ээ болуп, каада-салт, нарк-насилге аралашкандыгы менен өзгөчөлөндү. Колдонгон буюмдардын, аларды жасоодогу ыкмалардын кескин өзгөрүүгө туш болбогондугу устачылык өнөргө карата ишенимдери менен дагы байланыштырып кароо зарыл.

# VI БАП. КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ТЕРИ ИШТЕТҮҮ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮГҮНҮН КӨРКӨМ БААЛУУЛУКТАРЫ

## § 6.1. Өрүм жана анын түрлөрү

Кыргыздардын кайыштан өрүлгөн буюмдарын, ат жабдыктарын изилдөө боюнча атайын эмгектер дээрлик жокко эсе. К.И. Антипина гана түштүк кыргыздарынын материалдык маданиятына арналган монографиясында өрүм иштери боюнча жалпы жонунан сөз кылган [60, 41-49-б.]. Ал эми Э. Сулайманов өрүм, өрүмдүн түрлөрү туурасында чакан илимий макала жазган [388, 178-185-б.]. Ат жабдыктарды өрүүнүн түрлөрү жана өрүүдө колдонулган ыкмаларын Кыргызстандын бардык аймактарын кыдырып, уз-усталар менен жолугуп, алар жасап жаткан иштерге өзү дагы аралашып, тереңинен түшүнүп, кагаз бетине түшүрүү жагынан А.С. Акматалиев көп эмгек жасаган [48].

Ат жабдыктарды өрүүдө дагы бир өтө маанилүү иш чара тасманы даярдап алуу. Узун тасма керек болгон жүгөндүн бет жагына, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайылды даярдоого тайдын, торпоктун терисинин жон бөлүгүн узун-узун же тарам-тарам кылып кесип алышкан. Бирок эске ала турган жагдай, жон бөлүгүнөн алынган тасмалар жон болуп да калган. Кесүүнүн дагы бир нече түрү белгилүү. Алсак, терини тегерете бирдей калыңдыкта же төрт бурчтук формасында айланта кесип алышкан. Ал эми кыска өрүм керектелген сагалдырык (түштүк аймактарда тамактык деп да аталат), тумшуктук же тумшук бастыргыч, чекелик же көкүлдүрүк, камчынын түшкүнүнө теринин кыска тасмалары алынган [502, 3-б.]. Ошондой эле уйдун же буканын кыска тасмалары камчынын өзөгүнө, ууктун, керегенин көктөрүнө пайдаланылган. Бутунан алынган терилерден камчынын алаканы салынган [388, 179-б.]. «Картаң бука балтадан коркпойт» [157, 61] дегендей, карыган букалардын терилери катуу болгон [496, 2-б.].

Терини жөнөкөй эле курч бычак же атайын жасалган кестиктер менен кесишкен. Усталар өрүмдүн ийри же кыйшык болуп калбашы үчүн сындырык деп аталган жөнөкөй жаракты пайдаланышкан. Ал түз, катуу жыгачтан (өрүк, кайың, табылгы, долоно, ыргай өңдүү катуу жыгачтардан) жасалып, учтап коюшкан. Анын учу менен өрүмдөгү өзөктү сыдыргыга салып сыйдалап турушкан [48, 206-б.]. Мына ушул

жаракты Э. Сулайманов «сындырык» эмес «сыдыргы» атап, анын сары жыгачтан, узундугу 20-25 см жеткен ийилген эки жыгачтан тураарын жазган (макаланын башка жеринде «сындырык» деп дагы атап өтөт) [388, 181-б.; 251, 317-б.]. Алардын бирөөнүн аягынан тешик жасап, андан илинчектүү кайыш өткөрүлгөн. Эки таяктын тең бир тарабынан фигуралык кесиктер: эки жарым ийик, бирден жарым тегерек жана үч, төрт бурчтуктар салынган. Эгерде биринчи жыгачты экинчи жыгачтын үстүнө койсо, салынган оюк-кесиктер сүйрү, тегерек, үч, төрт бурчтун кырларын түзгөн тешиктер пайда болгон. Ушундай эле куралдарды телеуттардын усталары дагы пайдаланышкан [388, 183-б.].

Усталар тасманы алуунун дагы эң мыкты жолдорун өздөштүрүшкөн. Союлган эчки-серкелердин терисинен тасма алуу үчүн, анын жүнүн устара менен кырып алгандан кийин калың жасалган үзөңгүнүн боолук тешигинен теринин бир учун өткөрүп, ага катуу жыгачты бекитип, бирөө кармап турат. Экинчиси үзөңгүнү күч менен тартып, тешиктен толук өткөрүшкөн. Бул шартта теринин суусу, чели, майы сыгылып калган. Анткени теринин майын, челин чыгарып албаса анын кургашы көпкө созулуп, жыты бузулуп кеткен. Тасманы орточо кургатып алуу да өтө маанилүү. Бул жерде эске ала турган жагдай, тасма алына турган терилердин жүнү жыдытылбайт [48, 180-б.].

Е.У. Кулжабаев казак чеберлеринин теринин бөлүктөрүнүн бардыгын энчилүү аттары бар экендигин жана алардын ар бир бөлүгүн санап өтөт: 1) баш тери; 2) моюн; 3) жон тери; 4) каптал; 5) таң; 6) куйрук; 7) алдыңкы бучкак; 8) колтук; 9) боор жагы; 10) чап; 11) арткы бучкак. Ошондой эле казак чеберлеринин терини тасма түрүндө эки ыкма менен, 1) эшилме сызык түрүндө; 2) узунунан тилүү (спираль) [242, 10-11-б.; 243, 35-б.] түрүндө кесишкен. Бул жерден көрүнүп тургандай, казактардын терилерди жогорудагыдай атап бөлүү менен көп эмгек жаратып койгон. Ушул сыяктуу эле кыргыздар дагы терилерди оозеки бөлүп келишкен. Бирок жазма булактарынан жолуктура алган жокпуз.

Ат жабдыктардын ичинен өзгөчө жүгөн, нокто, басмайыл, куюшкан, көмөлдүрүк жана атчандын негизги куралы камчынын түшкүнү же камчы согоор жагы өрүлүп жасалган. Бул жабдыктарды өрүү, негизинен, кеч күздүн жана кыштын узак күндөрү

кармалган. Даярдалган кайыштан тасмалар кыркылып алынгандан кийин, өрүм жүгөндүн сол жаккы ооздугунун тогоосунан башталган.

Э. Сулайманов өзүнүн талаа материалдарына таянып, тасмалар 3төн 15ке чейин өрүлө бергендигин белгилейт. Өрүмдөрдүн ичинен эң жөнөкөйү үч өрүм. Бул өрүмдү күнүмдүк, аземделбеген ат жабдыктарды, алсак, чылбыр, тизгин өңдүү жөнөкөй буюмдарды жасоодо колдонушкан. Өрүмүнүн татаалдыгы боюнча экинчи орунда төрт тасма менен өрүү эсептелет. Көпчүлүк аймактарда ал жумуру өрүм деп аталат. Себеби өрүлгөндө жука, ичке болсо дагы тоголок болуп өрүлгөн. Муну өрүүдө тасмалар бири-бирине ашталгансып кете берет. Э. Сулайманов так сан менен өрүлгөн өрүмдөр ат жабдыктардын бардыгында колдонулгандыгына токтолсо, А.С. Акматалиев өрүмдүн: жөнөкөй өрүм жана терме өрүм деп экиге бөлүнгөндүгүн көрсөтөт. Жөнөкөй өрүмгө «үч өрүм» («жон өрүм»), «жарым өрүм», «калмак өрүм», «алдаяр өрүм», «нокору өрүм», «жети кашка өрүм», «беш кашка өрүм», «мурунтук өрүм», «терме өрүм», «жөрмөм өрүмдөр» [388, 182-б.] ж.б. кирип, мында жалаң гана тасма, кайыштар колдонулган. Ал эми экинчиси татаал өрүм болуп, ага «музоо тиш өрүм», «суйсал өрүм», «бугу өрүмдөр» кирген. Бул өрүмдөр үчүн кайыш эмес, атайын ийленген көктөр керектелген.

Жөнөкөй өрүмгө кирген өрүмдөрдүн кээ бирлеринин аталышында айырмачылыктар сакталган. Алсак, «беш башка өрүм» же «беш өрүм», «жети кашка өрүм» же «жети өрүм» деп атала берген. Жогорудагы эки өрүмдө тең кайыштын саны так саны көрсөтүлүп жатат. Мында бир тал кайыш аркак болуп, ал өтө сыйда да, жөнөкөй көрүнгөн. Ошондой эле «он өрүм» «куран төш» деп да айтылган. Анын төбөсүнө жал сымал кыр чыккандыктан «жон өрүм», «жал өрүм» деп аташкан. Бул жерден көрүнүп тургандай, кайыштын талына, өзгөчөлүгүнө жараша дагы усталар тарабынан аттар берилген. Усталардын чеберчилигине жараша кайыштын талдарынын жуп саны менен, кээде так саны менен дагы аяктаган. Мисалы он бир тал менен өрүлгөнү «котур өрүм» же «он бир өрүм» деп аталып, анын талдары өтө жука тилингендиктен «беш кашка», «жети кашка өрүмдөрүнөн» ичкерээк болгон. Бул жерде кайыштын бир талы аркак болуп түшкөн. Өрүмчүлөр калың кесилген талдардын бири-бирине кыналышпай, аралары ачык болуп калгандыгын байкашкан.

Ошол эле учурда өтө ичке болгондо, ал үзүлө берген жана бат эле иштен чыгып калган. Ошондуктан анын бышыктыгы, пайдалануу узактыгы эске алынышы үчүн орточо жоондуктагы тасмаларды кесүүгө аракет кылышкан. Жөнөкөй өрүмдүн дагы бири «нокору өрүм» аталып, он бир талдан туруп, өрүү айырмачылыгы экиге бөлүнүп, он биринчи тал аркак катары оңдон солго, солдон оңго катар-катары менен өтүп турган. Уста жасала турган буюмдун узун-кыскалыгын өтө тактык менен эсептеген. Себеби өрүлүп жаткан тасмалар 20-25 см кыскарып кеткендиктен, мурунку чен бирдиктери боюнча алты карыштан бүтсө, ашыкча бир карыш тасманын узундугун көбүрөөк кылган. «Он беш өрүмдө» кайыштын тасмасынын бир жагы жети, экинчи жагы сегиз тасмага бөлүнүп, өрүм учурунда сегиз жагы жетиге айланып, эки тал тышына калып, алдынан жети тал жаагына өтүп турат. Кайра да сегиз жагы жети жагына айланат. Мындай өрүмдө анын алды жагы тегиз түшүп, аттын денесин жоорутпайт.

Өрүмдүн аталыштарын дагы бир жолу тактоо менен бирге өрүүнүн жолдорун сүрөттөп кетели. Өрүмдөр айрым учурларда устанын аты менен аталып, мурунку аты эстен чыгып кеткен учурлар да кездешкен. Алсак, «алдаяр өрүмү» көлдүк белгилүү устанын же уруктун ысымы менен аталган. «Алдаяр өрүм» он көктөн турса, ал бештен эки жакка бөлүнүп, бирден көтөрүлүп, бирден басылып турган. Ал эми жыйырма төрт көктөн турса, анын ар бир үчүнчү талын бир тал менен бастырып өрөт. Тилинген көк жоонураак болгон учурда үчтөн эмес, ар бир экинчи талдан бастырып койгон шартта кооз көрүнгөн. Бул жерде талдын же көктүн ичке, жоондугу дагы өзгөчө роль ойногон. «Алдаяр өрүмү» менен камчынын түшкүнү дагы өрүлгөн. Камчынын түшкүнүн узундугу 45-45 см болуп түшүшү үчүн тасмалардын же көктүн узундугу 60-70 см узун даярдалышы керек. Камчынын жылан боор сыяктуу кооз болуп түшүшү үчүн көк менен өрүлсө, ал жоон жана көркөмдүү көрүнгөн [502, 3-б.; 48, 19-б.].

«Беш кашка өрүм» өрүмүндө тасмалардын саны дайым 5, 7, 9, 11 болуп так санда даярдалган. Себеби бир тал тасма дайым аркак болуп түшкөн. Бөлүнгөндө бир жагы үч, экинчи жагы төрт болуп бөлүнүп, аркагы солго, оңго алмак-салмак өтүп турган [48, 36-б.]. А.С. Акматалиев мындай өрүм көбүнчө басмайылга ылайыкталгандыгын

белгилейт. Басмайылды өрүүдө «жээк», «беш кашка», «жети кашка» өрүмдөрү, татаал өрүмдөн «суйсал өрүмү» колдонулган. Мунун ортосу дагы «кош өрүм», эки тарабына (жээги) «жылан боор өрүмү» түшкөн. Басмайылдын кошундуларын өрүүдө өзүнчө түйүн чыгарылган. Жүгөндү, көмөлдүрүктү, куюшканды өрүүдө мындай ыкма тогоону көк менен бекитүүгө караганда сыйда көрүнгөн [48, 30-б.].

«Каз таңдай өрүмү» негизинен 7, 9, 11 тал көктөн өрүлүп, анын негизги өзгөчөлүгү өрүмдүн ортосуна из же кобул түшкөн эмес. Таманы жалпак жана тегиз түшкөндүктөн көбүнчө басмайыл, көмөлдүрүк, куюшкан өрүлгөн. Э. Сулайманов бул өрүмдүн каздын таңдайына окшош болуп тургандыгынан улам чеберлер жогорудагыдай аташкандыгын белгилеген [388, 182-б.].

«Калмак өрүм» аты айтып тургандай эле калмак элинин уз-усталарынан, буюм-тайымдарынан кирген. Бул өрүмдө жуп сандуу көктөр даярдалган. Алардын тоголок болушу үчүн сындыргыга салып өткөрүшкөн. Он эки көктүн үстү-астына бирден тал «аркак» болуп, үстүнкү бетинен бир кыр чыккан. Куюшкандын үч кошкону билинбей, жиксиз чыгышы үчүн жыйырма төрт тал көк даярдалган. Себеби үч кошкондон ажырагандан кийин кайрадан он экиге бөлүнгөн. Калмак өрүмдүн экинчи түрүндө эки талдан аркак чыккан учурда, өрүмдөн алты кыр чыгат. Өрүм өтө жыш өрүлгөндүктөн 30 см кыскарып кеткен. Ошондуктан өрүлүп жаткан жабдыкка мүмкүн болушунча узунураак тасма же көк даярдалган.

Калмак өрүм менен басмайыл (чаболоң, артолоң, төшолоң), куюшкан, көмөлдүрүк жабдыктары жасалса, айрым учурларда камчынын түшкүнүн да өрүшкөн. Ага кайыштан сегиз тал тилинип, өрүмү төрт кыр болуп түшкөн. Сегиз тал төрттөн экиге бөлүнүп, өрүмү оңдон-солго, солдон-оңго болуп эки четинен башталган. Эки тал каттай түшүп, бир талы кайра үстүнө чыгарылып турат. Мындай өрүм чынында өтө бекем болуп өрүлгөн [48, 86-б.].

«Жети кашка» жөнөкөй өрүмдүн түрүнө кирип, өрүмү жалпак болуп түшкөн. Аты айтып тургандай жети тал кайыштан өрүлгөн. Ушуга жараша «жети өрүм», «жалпак өрүм» деп ыңгайына жараша да атала берген.

Жөнөкөй өрүмдөрдүн бири «жон өрүм» үч кырдуу болуп өрүлгөн. Усталар бул өрүмгө кайыштын тасмасын, көгүн даярдоодо эки ыкманы колдонуу менен ишке

ашырышкан. Биринчисинде тасма ичке даярдалса, экинчисинде жазыраак тилинген. Анткени өрүм үч кыр болуп түшкөндүктөн, тасмалар айланып жүрүп олтурган. Тасмалардын саны 12ден 16га чейин камдалган. Өрүмдүн алды жагы жалпагыраак өрүлгөндүктөн, бардык жабдыктарга ылайыктуу боло берген. Бул өрүм өзүнүн коөздугу, ошол эле учурда бышыктыгы менен айырмаланган [502, 2-б.; 48, 67-б.]. Өрүмдүн дагы бир аталышы «балык жон өрүм» деп аталган. Мында он эки тасма даярдалып, аны экиге алты-алтыдан бөлүп, өрүм ортодон башталган. Ылдыйтан өйдө чыгып баратканда төртүнчү тасма кайра башынан үчүнчү болуп түшүп, үстүнө чыккан. Ошол эле тараптан четки тасманы алып, экөөнүн үстүнө чыгарат да, үчөөнү астына кайра түшүргөндө, бир жагы жети, бир тарабы беш тасма болуп калган. Жети талдын үчүнчүсүн оңдон солго оодарышат. Андан кийин оң жактын эң четки тасмасын алып, эки талды басып, үч талдын астынан өткөргөн. Мына ушундай ыкма учур-учуру менен так кайталанганда гана өрүмдүн асты жалпак, үстү балык жон сыяктуу болуп чыккан [48, 68-б.].

«Жөргөм өрүм» камчы өрүмдөрдүн бири катары белгилүү. А.С. Акматалиев бул өрүмдүн уйдун таноосуна же мурунуна окшош болгондугуна байланыштуу «уй мурун өрүм» деп да чеберлер тарабынан аталгандыгын белгилеп кеткен. Өрүмгө өзөк салынып өрүлгөн. Алгач аны күнгө катырып, анын үстүнөн айлантып өрүшкөн. Эгер 8-12 тал көк тилинсе, көктү төрттөн же алтыдан экиге бөлүп, бир жак четинен бир көктү алдынан орой үстүнө карай ордуна келгиче бири-бирине бастырып кеткен. Демек, көктүн бирөө астына, бирөө үстүнө келген. Өрүм оң жагынан башталса, сол жагына барат. Сол жагы оң жагына келет.

Түшкүн түйүм, негизинен, үч эли узундукта түйүлгөн. Түйүмдүн дагы бир аты «чаян түйүм» деп аталган. Камчы өрүмүн «суйсалма өрүмү» менен өрүүдө сегиз тал тасма тилинип, талдары сыйда экиден басылып, бири үстүнө чыгып отурган [48, 69-б.; 388, 182-б.]. Түшкүндүн аягын «чаян» түйүм кылып, өрүмдүн аягына 5 см калганда, тасмалар бирден астына калып, бирден үстүнө чыгып турган. Албетте, бул ыкма камчынын өрүмүнүн жанып кетпеши үчүн жасалган ыкмалардын бири болгон.

«Чыбырткы өрүм» өтө эле майда тасмадан тилинип жасалгандыктан жогорудагыдай аталган. Эгерде ушул ыкмада, бирок көктөрүн жоонурак тилип

өргөн шартта «музоо тиш» деп аталып калган. Усталар чыбырткы өрүмүн 12ден 27 тасмага чейин жеткирип өрүшкөн.

«Жылан боор өрүм» жыйырма төрт көктөн өрүлгөн. Бул өрүм татаал өрүмдөрдүн катарына кирет. Өрүмчү эгерде бир тал көктөн жаңылышып калса, өрүм бузулган. Мында дагы тасма же көк үзүлүп калган учурда уланбайт. Жылан боор өрүмү он алты көктөн дагы өрүлөт. Татаал өрүмдөрдүн бири суйсал өрүмүндө алты кыр болуп түшсө, жылан боор өрүмүндө сегиз кыр болуп түшкөн. Өрүмдөрдөн терме өрүмү, суйсал өрүмү, жылан боор өрүмү 12 көктөн тартып, 24 көккө чейин өрүлгөн. Жылан боор өрүмү менен терме өрүмүнүн түшкүнү он бир тал менен бекитилген. Мыкты чеберлер 16 тал көк аркылуу бир эле камчыга өрүмдүн беш түрүн: жылан боор өрүмүн, терме өрүмүн, суйсал өрүмүн аралаштырып өргөндү билишкен [48, 75-б.].

«Суйсал өрүмү» татаал камчы өрүмдөрүнүн бири. Төрт көктөн төрт жолу жупташкандыктан чеберлер он алты тал көктү тилип даярдашкан. Дагы бир түрү боюнча 18 көк тилинсе, тогуздан экиге бөлүнүп, үчтөн басып отуруу керек. Кээ бир чеберлер бул өрүмдү өрүү үчүн он эки тал көк тилип, ар бир талды бирден алып, бир капталына алты көктү үчтөн бөлгөн. «Түшкүнүнө» жеткенде башка көктөрдү басууну токтотуп, узун эки көктүн эки капталына экиден төрт көктү өткөзгөн. Бир капталын «жылан боор» кылып өрүш үчүн чебер үч көктү бир басып, калган бир капталындагы үч көктү бирден алган. Ал эми жалаң «терме өрүм» кылыш үчүн көктү экиге бөлүп, эки капталындагысынын ар бирин бирден басуу керек. Мунун түшкүнүн бекитүүдө бардык көктү бирдей пайдаланган. Өрүмдөр бири-бирине өтүшө берген [48, 205-б.].

«Терме» өрүмү дагы татаал өрүмдөрдүн катарына кирип, көбүнчө камчынын түшкүнү өрүлгөн. Өрүмдөрдү мыкты көрсөтүп турганы анын ыкмасы эле эмес, көктүн саны дагы маанилүү болгон. «Терме өрүмү» көбүнчө, жыйырма төрт көктөн өрүлгөн. Көктү бирден басып, бирден өткөргөндө, төрт кыр чыгып, ал эми бир көктү бир көккө бастырып, бирөө үстүндө, бирөө астында кезмектешип түшүп турган. Көк ирээти менен жупташат да, ал сегиз курдай терилгенде түшкүндүн формасы алты кыр болуп чыккан. Албетте, алты кыр чыгарыш үчүн көктүн даярдалышында да өзгөчөлүктөр орун алат. Алты кыр чыгарууда чеберлер ондон жыйырма көккө чейин

даярдашкан. Анда көктөр ичке түшүп,  жыйырма көк ондон экиге бөлүнгөн. Бир көктү үстүнөн, бир көктү астынан алат. Буга сай түшпөй, көк өзөктү айланып жүрүп отурган.

Өрүмчүлөр он тал көктү экиге бештен бөлүп, астынан бирден көктү үстүнө басып турат. Ал эми 12 тал термени экиден басууга да болот. Эгер 16 тал көк болсо, ал сегизден бөлүнүп, бирден жиги аркылуу карама-каршы басылып терилет да, текши «боорсок көз» (чарчы, төрт бурчтуу) болуп түшкөн [48, 226-б.].

Кээде камчы өрүмүнө он эки тал көк тилип, экиден бир тал кылып «терет» да, сегиз-он талды болсо, бирден-бир кылып басат. Айрым өрүмчүлөр өрүмүн он талдан баштайт. Ал бештен экиге бөлүнүп, бирден көтөрүлүп, бирден басылат да, он тал тең бөлүнүп, экиден көтөрүлүп бирден басылат. 12 талдан баштап, 32 тал көк менен бүтөт. 32 тал көк менен өрүү көп эле чеберлердин колунан келе бербейт. Анткени мында математикалык эсеп, тактык жана эң негизгиси чыдамдуулук керек. Өрүмчүлөрдүн «бурай басты», «илме басты» жана «буудай басты» деген ыкмалары болуп, ар бир манжа терип жаткан же өрүп жаткан ыкмасын эң мыкты өздөштүрүп, өрүмдөн адашышкан эмес. Мына ошондуктан жогорку чеберчиликтеги усталарды өтө урматтоо менен «өрүмчү», «жүгөн уста» деп кайрылышкан. Алар дагы өздөрүнүн өнөрлөрүн кийинки муунга мурас катары өткөрүп берип келишкен.

Ат тушоону чидер деп аташып, ал дагы бир нече түрдө даярдалган. Алсак, өрүм чидер, кайыш чидер, кандалы (кишен), чынжырлуу кайыш тушоо, өрмө тушоо, жип тушоо [434, 111-б.].

Корутундулап айтканда, кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүндөгү эң татаал иш өрүм өнөрү болуп саналат. Жогоруда сүрөттөлүп кеткендей ар бир талды адаштырбай, өз орду менен өрүүнү көп эле элдер өздөштүрө берген эмес. Өрүлгөн ат жабдыктарды дагы сүрөттө өтө кыйынга турган. Ошондуктан өрүм иштерине талдоо иштери аз жүргүзүлгөн. Дегеле өрүм атайын өзүнчө изилдене турган илимий иш. Анда кыргыздардын жогорку деңгээлдеги көркөм өнөр чыгармачылыгы, тери иштетүүнүн жогорку чеги, өрүмдөрдүн семантикасы, математикалык ой жүгүртүүлөрү, көркөм ой чабыттары катылган. Бирок ал келечектиги иш.

## § 6.2. Салттуу буюмдарга түшүрүлгөн оюулар, алардын маанилери

Кыргыздардын этникалык тарыхынын татаалдыгы алардын маданиятынынын калыптанышына жана өнүгүшүнө тигил же бул деңгээлде өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Анткени кыргыздардын салттуу маданиятында, кол өнөрчүлүгүндө казак, өзбек, түркмөн, уйгур, тува, алтай элдери менен этногенетикалык байланыштары жакын экендигин дагы бир жолу далилдейт. Ал эми орто кылымдарда тажик, бурят, монгол, кийин орус, украин, кытай, перс ж.б. этностор менен этнобайланыштар тыкыз жүргөндүгү айкындалат. Тагыраак айтканда, тарыхый-маданий жактан байланышта жашаган элдер кыргыз элинин чарбасына, маданиятына, турмуш-тиричилигине, кесибине жана кол өнөрчүлүгүнө, анын ичинде оюм өнөрүнө дагы өз таасирин тийгизген. Бирок кыргыз элинин өзүнүн этникалык тарыхына байланыштуу өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары, ал тургай аймактык, уруулук, локалдык айырмачылыктары баары бир сакталып калган.

Кыргыздардын салттуу кол өнөрчүлүгүндө жалпы тери буюмдарына салыштырмалуу оймо-чийме салынган буюмдар, кийимдер россиялык жана чет элдик окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун арттырган. Алар өз эмгектеринде оюу иштерин изилдөө объектилерине айлантышпаса дагы өз пикирлерин калтырышкан.

С.И. Вайнштейн: Скиф-сибирь кол өнөрчүлөрү өтө сейрек кол өнөрчүлүктүн түрүн ойлоп таап, аны өнүктүрүүгө жетишкен. Алар кооздук түшүрүп жаткан буюмуна оюуну чебердик менен, жана үнөмдүү түшүрүүнү мыкты өздөштүрүшкөн. Оюу ар тараптан тегиз гана түшүрүлбөстөн, жаныбардын кайсыл бөлүгү дагы оюудан даана байкалгандай берилген. Өзгөчө жаныбарлардын кармашып жаткан учуру эң сонун чагылдырылгандыгын көрүүгө болот. Байыркы түрктөр теринин сапаттуулугуна жана жеңилдигине карап идиш-аяктардын, ат жабдыктардын, кийим-кечектердин көптөгөн түрлөрүн жасашкан. Алардын кооз, көркөмдүү болушу үчүн наар, оюуларды түшүрүшкөн [114, 18-, 63-б.], – деп белгилегениндей, оюу өнөрү көптөгөн доорлордон бери эле келе жаткандыгын билүүгө болот.

Батыш саякатчыларынын ичинен Свен Гедин кыргыздар маргаландык усталарга жыгачтан жагдандарды же сандыктарды жасатып, ага оюу түшүрүлгөн

булгаарыларды капташаарын, бул сандык көчтө атка артып жүрүүгө өтө ыңгайлуу болоорун белгилеп өтөт [137, 80-б.] (82-сүрөт).

Венгер окумуштуусу, чыгыш таануучу Георги Алмаши өзү менен кошо келген Граца университетинин зоология окутуучусу Рудольф Штуммер фон Траунфельс экөө 1900-жылы Или дарыясынын, Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш аймактарын, мурун изилдене элек Тянь-Шань тоо кыркаларын, канаттууларын жана жаныбарларын изилдөө менен бирге, «Манас» эпосунунан үзүндү жазып, ошондой эле кыргыз элинин оймо-чиймелерин тартып, 1907-жылы басмадан чыгарган [475]. Анын изилдөөлөрү боюнча кыргыздардын зооморфтуу оюулары жана өсүмдүк оюулары байыркы ирандыктарда, ал эми эшилме жана ийри сызыктары гректердин жана кытайлардын оюу мотивдеринде кездешээрин белгилеген. Бирок негизги көңүлүн «кочкор мүйүз» оюусуна бурган [250, 6-б.].

«Кочкор мүйүз» оюусу бир эле Г. Алмашини эмес, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн тынчын алган. Алсак, Р. Карутци «кочкор мүйүз» оюусу казак элине таандык негизги мотив экендигин далилдегенге көп аракет жасаган [218, 62-б.]. Бирок бул оюу, жалпы эле «мүйүз» оюмдары байыркы түрк тилдүү элдерге, анын ичинде байыркы элдердин бири болуп эсептелген кыргыз элине дагы таандык. Ал эми кыргыз элинде кочкор мүйүз оюусунан тышкары «бугу мүйүз», «жазы мүйүз», «багыш мүйүз», «кош мүйүз», «уй мүйүз», «теке мүйүз», «кулжа мүйүз», «аркар мүйүз», «топоз мүйүз» оюулары салттуу буюмдардын бардыгына түшүрүлгөн. Этнограф С.И. Руденко жана Р. Шнейдерлер бул оюунун келип чыгышын «Индия дүйнөсүндөгү ыйык дарыя» менен байланыштырышкан [358, 36-б.]. Анткени ушул эле оюу жарым көчмөн өзбектеринде, тажик элдеринин килем, шалчаларында да кездешкен.

Көчмөн жана отурукташкан элдер арасында өтө кеңири белгилүү жана көп аймактарга жайылган, ошондой эле талаштуу «кочкор мүйүз» оюусун ар тараптан изилдеген окумуштуу К.И. Антипина: Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көз караштары боюнча мүйүз оюусунун келип чыгышы зооморфтуу болуп, мал чарбачылык багытты чагылдырып, байыркы мезгилдерде эле жаралып, биздин мезгилге өтө стилдештирилген түрүндө жеткен. Мүйүз оюусунун башаты кыргыздардан

башталып, андан кийин гана Орто Азия жана Казахстанга кочкор мүйүз аты менен тараган [60, 28-б], – деп жыйынтык чыгарат.

В.В. Радлов: Казак-кыргыздар турган цивилизациянын бирдей эле баскычында, алардын кошунасы кара-кыргыздар турушат. Тили, салты, кийим-кечеги, боз үйү, негизги кесиби, жашоо шарттары боюнча кара-кыргыздар казак-кыргыздардан азыраак гана айырмаланат [351, 348-б.], – деп белгилесе, А.Н. Бернштам: ... ошол мезгилдеги авторлорго таандык болгон өзгөчөлүк кыргыздарга жана казактарга таандык буюмдардын түрлөрүн дайыма эле так белгилей беришкен эмес, – деп көрсөткөндөй, көптөгөн изилдөөчү-окумуштуулар чындыгында эле эки элдин тарыхын жана маданиятын ажыратып билген эмес. Ошондуктан көптөгөн материалдык жана руханий маданият, колдонмо көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, эң негизгиси буюм-тайымдарга түшүрүлгөн оюулар талашка түшүп, азыркы мезгилде дагы көп кайталанып жаткандыгын да белгилей кетебиз.

Орто Азиялык элдеринин искусствосу, көркөм оюу боюнча мыкты адис жана сүрөтчү С.М. Дудин 1901-1925-жылдары кыргыздардын жана казактардын оюу-чиймелерине арналган макалаларын жарыкка чыгарып, биринчи макаласында 1901-жылы Кашгарга Пишпек, Токмок, Арпа өрөөнү аркылуу өтүп, кайра келе жатканда Эркештам, Алай өрөөндөрүндө болгон экспедициясында кыргыздардын жыгач буюмдарына (сандык, кебеже, идиш-аяктар, боз үйдүн каалгасы ж.б.) түшүрүлгөн оюулар тууралуу макала жазган [162, 10-16-б.; 522; 523; 524]. Чоң Алай өрөөнүндө жашаган кыргыздардын жашоо-тиричилигин чагылдырган 113 сүрөт тартып, Кунсткамерага өткөргөн.

Кыргыз искусствосун изилдөөнү жаңы деңгээлге көтөрүлүшүнө 1928-29-жылы Ташкенттен М.С. Андреевдин, андан кийин М.Ф. Гавриловдун чакан макалалары түрткү берген. Изилдөөлөрүндө кыргыз оюу-чиймелеринин негизги элементтери: биринчисинде – 29; экинчисинде – 34 элементтен турган. Негизги элементтер кыргыздар отурукташкан ар кайсы аймактарга: түштүктө – Памир жана Алай; түндүктө – Суусамыр жана Тогуз-Торо өрөөндөрү кирген. Андреев-Гавриловдун ошол кездеги кыргыздарга гана белгилүү оюулардын маанисинин түшүндүрмөлөрү тууралуу ачылыштары жогорудагыдай элементтердин бар экендигин тастыктаган

[228, 6-б.; 90, 631-652; 250, 7-б.]. Чындыгында эле, оюулардын маани-маңызы, түшүндүрмөсү, чечмелениши ошол мезгилде жазып калбаганда, оюулар жөн гана көркөм-кооздук, оймо-чийменин деңгээлине түшүп калмак.

Оюулардын дагы бир баалуулугун А. Ромм М.Ф. Гавриловдун жазган макаласына таянып, килем, таар буюмдарына, саймаларга, булгаары жана зер буюмдарына түшүрүлгөн оюуларды: оюулар музыка сыяктуу элестерди калтырат. Аны каалагандай чечмелей берсең болот [356, 22-б.], – деп оюмдарды чечмелөө чексиз экендигин, ал көрүүчүнүн дараметине жараша «сүйлөөрүн» айкан.

В. Чепелев 1939-жылы Москвада өткөн Кыргыз ССРинин искусствосунун көргөзмөсүнө карата жазылган макаласында кыргыз элинин искусствосун тарыхый негизде карап, ага мүнөздөмө берүүгө аракет жасаган. Андан тышкары казактардын искусствосу тууралуу жазган эмгектеринде да эки элдин оймо-чиймелериндеги окшоштуктар бар экендигин белгилеген. Эң негизгиси, алгачкылардан болуп кыргыз оймосунун ролун, ордун жана маанисин аныктап, оюуну «баяндалган оймо-чиймелер» деп атаган [250, 10-б.; 439, 33-44-б.].

Кыргыз оймо-чийме кол өнөрчүлүгү Улуу Ата Мекендик согуштан кийин терең жана ар тараптуу изилдөөгө алынып, алардын жыйынтыктары басмаларга жарыялана баштаган. 1948-жылы сүрөтчү жана оюу чогултуучу М.В. Рындиндин китебине А.Н. Бернштам тарабынан баш сөз жазылып, ал жерде түстүү сүрөттөр, оюулардын чечмелениши, оюу элементтери, композициялар талдоого алынган.

М.С. Рындиндин кесиби сүрөтчү болгондуктан, анын көз карашы менен буюмдардын түрлөрүнө жараша: ала кийиздерге, шырдакка, булгаары, зер, жыгач, чий, килем буюмдарына кандай оюулардын түшүрүлгөндүгүн өз алдынча бөлүп бергенге аракет жасаган. Албетте, М.С. Рындин айрым оюм мотивдеринин аталышы жана оюулардын «баяндоо» теориясын сунушташы «илимий жактан далилденген эмес» деген болбогон шылтоолор менен  советтик басмаларда көптөгөн сындарга туш келген. Белгилеп кете турган нерсе, М.С. Рындин ар бир буюмга түшүрүлгөн кыял оюусунун же композициянын тарыхы жана баяны боло тургандыгын, ошондой эле оюуну буюмга түшүргөн уз-усталардын дүйнө таанымы, таберик-мурастары оюулар аркылуу калтырылгандыгын биринчилерден болуп түшүнгөн. Оюулар жөн

гана көркөмдүк үчүн эмес, ички ишенимдери, байыркы түшүнүктөрү, ыйык белгилери, уруулук тамгалары экендигин сезе билген.

А.Н. Бернштам М.С. Рындиндин альбомунун баш сөзүндө: Оймо канчалык жогорку чеберчилик менен аткарылса, аны ошончолук кенен баяндоого болот. Сүрөттүн татаалдаштырылбаган кыска сөздөрүндө баяндоонун эпикалык мазмуну камтылган. Саймачылар манасчылардай эле оймонун эпикалык тексттерин жаратышкан. Ошондуктан алар анын элементтеринин санын астрономиялык сандарга жеткирешкен. Өзүнүн семантикалык көлөмү боюнча кыргыз оймосунун 3500 үлгүсү 500 миңден ашык саптан турган «Манас» эпосунан кем калышпайт.

Кыргыз оймосу кыска жана нуска болгондугуна карабастан реалдуу чындыкты айкын көрсөткөн көркөм элестерди берген. Ошондуктан кыргыз баяндоо оймосу өзүнчө бөтөнчөлүккө ээ. Реалисттик искусствонун бир бутагы жана андан ары да өсүүчү жогорку форма [90, 639-б.; 228, 10-б.; 250, 12-б., 17-б.], – деп, оймочулуктун маани, маңызы, орду жана ролуна токтолуп, андан ары: М.С. Рындиндин түзгөнү боюнча кыргыз орнаменти негизги 173 элементтен турат. ... Кыргыз оюмунун негизги жүз жетимиш элементи төрт топко бөлүнөт: 1) жаныбарлар дүйнөсү – 98 элемент; 2) өсүмдүктөр дүйнөсү – 20 элемент; 3) табияттын кубулуштары жана ландшафт – 10 элемент; 4) тиричилик буюмдар – 39 элемент; андан тышкары дин – 45 элемент; килем токуу жана чий согууда пайдаланылган табият кубулуштары жана жаныбарлар дүйнөсү – 47 элемент; өсүмдүк дүйнөсү – 5 элемент; тиричилик буюмдары – 16 элементтен турат.

Эске ала турган жагдай, жаныбарлар дүйнөсү тематикасындагы элементтердин саны экинчи топтогу тиричилик предметтеринен эки эсе көп экендиги көзгө дароо урунат, – деп, М.С. Рындиндин эмгегин эң жогорку деңгээлде талдап, илимдеги орду чоң экендигин баса көрсөткөн [90, 648-б.; 228, 18-б.; 250, 20-б.].

А.Н. Бернштам өзүнүн археологиялык изилөөлөрүнө да таянып, көчмөндөрдүн оюуларынын ичинен «кыя кесик» (ромб) оюусунун көп колдонулгандыгын, анын боз үйдүн керегелеринде да жолугаарын белгилеп, бул оюунун башаты коло доорунан башталгандыгын белгилейт. Ал өзүнүн теорияларын археологиялык жана этнографиялык булактарында мисал кылып, биринчиси боюнча кыргыз

искусствосунун башаты енисей кыргыздарынын көркөм чыгармачылыгынын башатына кетип, акырындык менен Тянь-Шанга келген мезгилдеринде андан ары өнүккөн. Экинчи теориясы кыргыз оймо-чиймелеринин аталыштарына негизделген [90, 645-, 647-б.]. Анткени бардыгына белгилүү болгондой эле уздар жана усталар өздөрүнүн оюуларын тигил же бул конкреттүү үлгүлөргө, элестерге таянуу менен атап келишкен [187, 60-б.].

С.М. Абрамзондун эмгегинде: Табигый керектөөлөрүн канааттандырууга умтулуу, турмуш-тиричилигин көркөм жасалгалоодо колдогу мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга күчтүн баарын жумшоо, жасалга-колдонмо көркөм өнөрүнүн өзгөчө түрүн пайда кылууга жол ачкан. Ал өзүнүн формаларынын кооздугу жана байлыгы, оймо-чиймелердин дааналыгы, боектордун жогорку деңгээлде тандалышы, түстөрдүн ар түрдүүлүгү менен айырмаланган. Көчмөнчүлүк жашоо көркөм кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнүн мүмкүнчүлүктөрүн чектеп турганы менен үй тиричилигинде узакка колдонулуучу буюмдарда гана эмес (үйдүн тышкы жана ички жасалгалары, аялдардын асем буюмдары, ат жабдыктар) ошондой эле кийимдерине, үй тиричилик буюмдарына, эмеректерде көркөм чыгармачылыктын ажайып белгилери түшүрүлгөн. Үй өндүрүшү жана кол өнөрчүлүктүн тигил же бул көркөм жасалгалары бар буюмдардын баарысы тиричиликте түздөн-түз пайдаланылып, белгилүү бир пайдалык милдетти аткарган [36, 393-б.], – деп көркөм оюулар кыргыз усталары кармаган буюмдардын дээрлик бардыгына түшүрүлгөндүгүнө жана кооздуктар түшүрүлгөн буюмдар дайыма колдонууда жүргөндүгүнө токтолгон.

Кыргыз оюу мотивдери Тоолуу Алтайдын байыркы айылдарынан, байыркы түктөрдүн, енисей кыргыздарынын искусствосунда табылган оюуларга жакын, кээ бир жерлеринде окшош. Алсак, кыргыздарда кенен тараган жана жасалга-колдонмо искусствосунун жалпы мүнөзүн аныктаган оюулары: крест үлгүсүндөгү фигуралар, өсүмдүк, мүйүз, толкун, кочкерек оюулары. Бул оюулардын комплексинин башаты эрте мезгилде башталганы менен, IX-XII кылымдарда толук калыптанып бүткөн. Аталган оюулар кыпчак компонентине кирген түрк тилдүү көчмөн элдердин бардыгында кездешкендиктен, С.В. Иванов шарттуу түрдө кыпчактардыкы деп атоону сунуштаган. Кыргыздардын оюуларына окшогон комплекстер казактардын

булгаары, сөөк буюмдарында, саймаларында; жарым көчмөн өзбектердин килемдик кездемелеринде, саймаларында; каракалпактардын жыгач буюмдарында, килем, саймаларында; түркмөндөрдүн килемдеринде, кийиз буюмдарында; башкыр, якут, хакас, тува, бурят жана кара ногойлордун буюмдарында кездешкен [36, 402-б.].

С.И. Иванов кыргыздардын сүрөтү, оюу искусствосу өз алдынча жана өздөрүнө гана тиешелүү турмуш-тиричиликти мүнөздөгөн оюулардан түзүлүп, табигый түрдө, реалдуу кубулуштарга негизделип өнүккөндүгүн, кыргыз оймосунун келип чыгышы, ойлонулуп чыгарылган коодуктар эмес, тетирисинче, жаратылыштан, жан-жаныбарлардан алынган элестер, кубулуштар экендигин ырастаган.

С.В. Иванов макаласында В. Чепелевдин, А.Н. Бернштамдын, С.М. Абрамзондун изилдөөлөрүндө оймо-чиймелердин пайда болушун, өнүгүшүн, таралышын жана маанилерин карап, бир эле оюунун бир нече элдерде, кенен аймактарда кездешкендигине байланыштуу аны тарыхый булак катары таянууга болбостугун, бирок этнографиялык мааниси тереңдигин, оймо-чиймелердин аталыштары элдин турмуш-тиричилигин, алардын чарбасын, дүйнө таанымын жана диний түшүнүктөрүн чагылдырып тургандыгын белгилеген. Чындыгында эле, айрым элдер өздөрүнүн келип чыгышын, калыптанышын карабай туруп эле, белгилүү оюуларды талашууну өнөкөткө айлантып жиберишти.

Кыргыздардын оймо-чиймесин салыштырып талдоодо Орто Азиянын башка элдери менен окшоштуктары бар экендигин, бирок бирдей сакталбагандыгын да С.И. Иванов баса көрсөтөт. Мисалы, казактар менен кыргыздардын айрым оюмдарынын элементтеринде жакындыктар бар. Оймо-чиймени түшүрүүдөгү техникалык ыкмаларындагы окшоштуктар жана жалпылыктар боюнча каракалпактарга; европалык элдерден башкырларга; Сибирде  алтай, хакас жана якуттардын оюуларына жакындашат. Ошондой эле кээ бир элементтери боюнча буряттардын жана жана тувалыктардын оюуларда окшоштуктардын бар экендигин белгилөөгө болот. Бул жерден даана көрүнүп тургандай, кыргыздардын оймо-чиймеси кыргыздардын өздөрү сыяктуу эле тарыхтын ар бир этабында акырындык менен калыптанган. Курамында байыркы оюулар бар сыяктуу эле башка элдердин маданиятынын таасиринде жаңы оюулар кирип, толуктала берген [187, 61-, 131-б.].

Кыргыздардын саймачылыктагы оюуларын изилдеген Г.Л. Чепелевская чебер уздардын буюмдарга оюуларды үлгүсү же чийүүсү жок эле «көңүлдөгү» элеси боюнча түшүрүшкөндүгүнө таң калгандыгын жашырбайт. Кыргыз оймочулары көп учурларда даяр үлгүлөрдү салышкан эмес [440, 79-б.]. Кыргыз оймочулары көптөгөн тажрыйбалардын арты менен оюу түшүрүүнүн системасын иштеп чыгышкан [440, 81-б.; 511, 17-20-б.]. Кыргыз саймаларында жаныбарлардын же канаттуулардын мүчөлөрүн түшүндүргөн айрым гана элементтер салынбастан кайсыл бир жаныбардын тулку бою: төөнүн, жылкынын, уйдун, тоо текенин, коендун, бугунун, ошондой эле, короздун же башка канаттуунун элестери толук түшүрүлгөн [440, 86-б.]. Саймачылыктагы оюулардан айырмаланып булгаары, кийиз буюмдарына, зер аземдерине жаныбарлардын толук сүрөттөрү түшүрүлбөйт.

Зер буюмдарындагы гүл жалбырак оюулары өтө байыркы болуп эсептелет. Анткени жети желекчелүү гүл оюулары байыркы тоолуу алтайлыктардын жыгач буюмдарынан, ат жабдык кооздуктарынан Пазырык курганында табылган. Тагыраагы, алты же сегиз желекчелүү гүл жалбырак оюулар гунндардын искусствосунда кеңири кездешкендиги, алардын байыркы оюу экендигин тастыктайт. Ошондой эле чыгыш түрктөрүнө таандык сегиз желекчелүү гүл жалбырак оюулары Монголиянын түндүгүндөгү түрк балбал таштарынан да табылган [188, 102-б.].

Аялдардын кооздуктарына түшүрүлгөн оюулардын мотивдери да өтө ар түрдүү. Ошол эле учурда алардын келип чыгышы боюнча дагы өзгөчөлөнүп турат. Өтө жөнөкөй жана байыркы оюунун түрлөрүнө майда сызылган үч бурчтуктар, крест түрүндөгү айланалар, ийри сызыктар жана төрт желекчелүү гүл жалбырактар кирген. Алардын болжолдуу мезгили – коло доору. Ошондой эле дагы байыркы оюуларга нур жана жылдыз сымал гүл жалбырактарды, майда тегеректерди, канат түрүндө оюуларды жана «толкун» мотивдерин дагы кошууга болот [188, 119-б.].

Кооздуктардагы дан техникасы казактарга жана өзбектерге дагы өткөн. Албетте, алардын уңгусу байыркы доорлорго барып такалган. Ал б.з.ч. VII кылымда Грецияда жана Иранда белгилүү болгон. Сактар да бул техниканы билишкен. Кийинчерээк бул техника гунн, сармат жана усундардын колдонгон буюмдардан табылган [44, 265-б.].

Дан техникасы VI-VII кылымда Сирияда, X кылымда Византияда жана башка өлкөлөрдө кеңири колдонулган [188, 122-б.].

Кыргыздардын көркөм чыгармачылыгы оймочулугу жалаң гана буюм-тайымдарга түшүрүп калуу менен чектелбестен, көп түрдүүлүгү, башкача айтканда, турак-жайларларга, күмбөздөргө түшүрүлүшү менен айырмаланган [442, 138-б.].

Е. Махова жана Н. Черкасова кыргыздардын кийиз буюмдарын сыпаттоодо: ... жалпысынан кол өнөрчүлүк менен чыгармачылыктын органикалык айкалышы, көп кылымдык тажрыйбан жана элдин кыялы. Чеберлер тарабынан оймолонгон ар бир буюм, бир тараптан, анын табитин көрсөтсө, экинчи жагынан, элдин жалпы эстетикалык салттарын чагылдырат [299, 27-б.], – деп белгилешет.

Кыргыз уз-усталары буюмдардын бышыктыгына гана көңүл бурбастан, алардын көркөм жасалгаларына дагы маани беришкен. Көркөм табиттери өрмөк, түймө, түрдүү оюулар түшүрүлгөн кийиз, сайма, зер, булгаары, жыгач буюмдарына түшүрүлгөн. Ошондуктан көптөгөн буюмдар искусствонун чыныгы үлгүлөрүнө айланган [60, 17-б.].

Көчмөндөрдүн ойлорунун үлгүлөрү, алардын кызыкчылыктары жана дүйнө таанымдары элдик чеберлер тарабынан оюу мотивдеринде өз алдынча жыйнак катары түзүлгөн. Көчмөндөрдү курчап турган айлана-чөйрө, турмуш-тиричилик, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн аттары оюуларга берилген. Бирок оюулардын мааниси боюнча аталыштары дайым эле тигил же бул оюунун мүнөзүн толук ачып бербейт. Оюулардын аталыштары өзгөчө килем токуучулукта башка элдерде кездешкен салттуу аталыштагы оюулардын жолугушу кызыгууларды жаратпай койбойт. Анткени оюунун аталышы аркылуу алардын келип чыгышын аныктоого болот [60, 66-68-б.].

А. Акматалиев оймочулук өнөрү боюнча көптөгөн маалыматтарды калтырган. Ал окумуштуулардан айырмаланып, ойлорун кенен айтканга, оюуларды өз алдынча чечмелөөгө аракет жасаган. Көркөм оюулар тууралуу: ... көркөм оймо-чиймелер жөнөкөй да, татаал түрдө да бири-бирине кыналыша айкалышып, жаратылыш көрүнүштөрү, өсүмдүктөр жана айбанаттардын сөлөкөттөрү, диндик ишенимдери шайма-шай келип, ич ара жуурулушкандыгын байкайбыз. ... Оюм кыргыз кол

өнөрчүлүгүнүн бүтүндөй түрлөрүндө каражат катары колдонулат. ... Адатта, журтчулук сүрөттү «тилсиз поэзия», скульптураны «үнсүз муза» десе, көркөм оюмдарды «кызыл поэма» деп аташкан. ... Оюм-чийимдердин окуусу, өзүнүн тили, түйүндүү сыры, ыры-обону бар. Арийне, аны чечүү, тилин, дилин билүү, обонун созуу ар бир эле каалаган адамдын колунан келе бербейт. Аны чечүү үчүн өзгөчө шык, касиет, талант керек [47, 13-16-б.], – деп, оюмдардын сырлары, жаралышы жана аларды чечмелөө чектелүү адамдардын гана колунан келээрин айтуу менен, оюмдар айрым чеберлердин, адамдардын аттарына дагы байланышкандыгын айткан. Анткени жаңы оюмдун түрүн ойлоп тапкан адамдын аты атала баштаган. Мисалы, түндүк өрөөндөрдөн чыккан «Садык оюм», Тилекмат акенин келини «Рапиканын оюму», «Маркатай оюму», «Салбай оюм», «Күлүшар оюму», «Садыбакас оюм», «Макен оюм», «Шакен оюм», «Жийдегүл оюм» [47, 21-б.] ж.б. оюулар оймочулардын аттары менен аталган. Элдик макамга ээ болгон оюу элементтери мурунку же кийинки мезгилдерде бир чебер тарабынан иштелип, ал эл арасына сиңип кеткенден кийин, автору белгисиз болуп, жалпы элдик мураска айланган. Ал эми жазуу-сызуу өнүккөн мезгилден баштап оймочунун аты менен аталган оюулар [195, 3-10-б.] кагаз беттерине түшө баштаган.

Ш.К. Моңолдоров: Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери турмуштун ар кыл шартында жана аймактык өзгөчөлүктөргө жараша кээде өзгөрүүгө, кээде өнүгүп-өсүү жолунда болуп келе жатат. ... кыргыздын улуттук оймосун чексиз санга жеткирүүдө уз-чебер кыргыз аялдарынын салымы чоң [305, 3-б.], – деп оймо-чиймелердин жаралышында, көбөйүшүндө уз аялдардын эмгектери зор экендигин баса белгилеп көрсөткөн. Чындыгында эле, эркектерге таандык буюмдарга караганда аялдар колдонгон буюм-тайымдар өздөрүнүн өңү-түсү жана оюулардын көп колдонулушу менен айырмаланып турат.

Кыргыздардын салттуу буюмдарына, тагыраагы, саймачылыкта жана өрмөчүлүктө булгаары буюмдарына түшүрүлбөгөн оюулардын көптөгөн түрлөрү кездешет. Кыргыздардын салттуу саймачылыгын изилдеген Ч. Сатыбалдиеванын илимий ишинде кыргыз уздарынын сайма буюмдарына «көөкөр», «беш бармак» жана «анар» оюулары түшүрүлгөндүгү көрсөтүлгөн. Ал оюуларды көбөйүүнүн жана

түшүмдүүлүктүн белгиси катары карашкандыгына токтолгон. «Көөкөр» оюусу көчмөн өзбектердин зер буюмдарында, өзгөчө сөйкөлөрүнө көп салынган. Ошол эле учурда «ай нуска», «чолпон», «алтын казык» оюуларынын сайма буюмдарга түшүрүлүшүн тынчтыктын, өнүгүүнүн белгиси болгондугун белгилейт [365, 107-108-б.]. Ал эми Н. Султаналиева өрмөк иштеринде дагы түрдүү оюулардын берилээрин белгилеп келип, «ийрек», «каз таңдай», «чычкан изи», «тоок көөз», «жылан», «суу» «байчечекей», «чымын канат», «чычкан изи», «өркөч», «бөрү көз» ж.б. оюуларынын ыйык маанилерине, андан тышкары көркөмдүк жагы дагы эске алынгандыгына токтолгон [515, 36-38-б.].

Эми оюуларга жалпы талдоо жүргүзө кетели. Түрдүү мезгилдерде жаралган геометриялык оюмдарды жыйынтыктап, жети топко бөлүп карасак болот. Биринчи топко кеңири тараган жаныбарлар дүйнөсү кирген. Ошол эле учурда белгилеп кете турган жагдай, айрым жаныбарлар тулку бою менен оюуга түшүрүлгөн. Алсак, жылан, жарганат, кумурска, чаян, үлүл, жөргөмүш ж.б.; жаныбарлардын кээ бир гана мүчөлөрү оймолонгон (зооморфтуу) «мүйүз», «туяк», «канат», «моюн», тырмак», «куйрук», «жаак», «карын», «кабырга», «бөйрөк», «жүрөк» жана жаныбарлардын, канаттуулардын издери түшкөн. Экинчи топко өсүмдүктөр дүйнөсү кирген. Өтө көп кездешкен оюулар «карагайдын бутагы», «жийде гүлү», «гүл таажысы», «гүл желекчелери», «гүл чанактары», «тал жалбырагы», «өзөк», «тамыр», «бутак» ж.б. Үчүнчү топко чарба, тиричилик жана маданиятка тийиштүү буюмдар киргизилген. Алар: «кереге», «така», «тырмоок», «бычак», «чайнек койгуч», «табак», «тулга», «кайык», «бычак учу», «темир ооз комуздун тили», «чөмүчтүн кармоочу», «шып», «түндүк» ж.б.; Төртүнчүсү азыраак топту түзүп, алаксыткан же алыстаткан мүнөзгө ээ. Бул оюулар курчап турган айлана-чөйрөнүн кээ бир бөлүктөрүн элестете албагандыктан, жалпы бир формалардын же техниканын жыйындысы катары берилген. Мисалы: «чийеленишкен», «ийри», «бекитилген», «туташкан», «чуркап бара жаткан», «сынык», «секирүүчү», «сүзүүчү», «туурасынан кесилген», «оор аткарылышы» же болбосо жалпы жонунан айтылып жүргөн «кыял» оюусу ж.б. Бешинчи топ, айлана-чөйрө, жаратылышка байланыштуу: «күн», «күндүн нуру», «ай», «жарым ай», «жылдыз», «булут», «булак», «шаркыратма», «дарыя», «суу» ж.б.

оюулар кирет. Алтынчы чакан топ, адамдын мүчөлөрүнүн аты менен аталат. Алсак, «каш», «баш», «ээрин», «манжа», «кабырга», «бөйрөк», «жүрөк», «таман» ж.б. Жетинчи, кездемелер менен байланышкан оюулар. «Чыт оюму», «чыт», «жибек кездеме», «өзбек жибек кездемеси оюму», «хан атлас» [473, 126-б.] ж.б. Ошондой эле элдин же уруунун, оймочунун аты менен байланышкан оюулар дагы кездешет. Мисалы, «каракалпак оюусу», «орус оюусу», «кыдыршаа оюусу», «калмак оюусу», «казак оюусу» ж.б. [403, 140-б.].

Жыйынтыктап айтканда, булгаары буюмдарына болжолдуу 100 ашык оюу үлгүлөрү түшүрүлгөн. Тувалыктардын оюуларын дагы изилдөөгө алган С.И. Вайнштейн жалпы 136 оюунун ичинен 99 оюу булгаары буюмдарга түшүрүлгөндүгүн таблица аркылуу көрсөтүп өткөн [114, 148-153-б.]. Казак окумуштуулары оюунун 200дөн ашык элементин санашкан [399, 212-б.].

Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө, алардын өзгөрүшүнө, эски оймо-чийме, сүрөттөрдүн колдонбой калышышына же жаңылыктардын киришине кыргыз элинин дүйнө таанымы, диний түшүнүктөрү дагы чоң таасир берген. Мисалы, адамдардын, жан-жаныбарлардын тулку боюн оймо-чиймелерге салуу ислам дини менен байланыштуубу же исламга чейин эле ал салт сакталып келгенби? Бул суроонун жообун издөө дагы бүгүнкү замандын талаптарынын бири. Анткени кыргыз эли мусулманчылыкты кабыл алышканы менен аны XIX-XX кылымдарда деле толук билишкен эмес. Билгендери дагы өтө аз болгон. Ал эми аймактык өзгөчөлүктөргө кайрылсак, түндүк кыргыздары ислам динине терең киришпегендиги маалым. Демек, кыргыз эли ислам дининин негизги канондорун окуп-билбей туруп, өзүнүн табигый аң-сезимине, ички туюмуна таянып, жаныбарлардын тулку боюн оймо-чиймелерге ислам динине чейин эле салышкан эмес. Башкача айтканда, денесинин негизги эсептелген бир бөлүгүн: тырмак, жаак, куйрук, мүйүз, тиш, тумшук, кулак жана башкаларды кошуп кыял композициясын, окуянын кыскача баянын туюндурган зооморфтуу оюуларды буюмдарына түшүрүшкөн [362, 154-б.; 392, 40-б.].

Кыргыз элинин үй өндүрүшүнүн жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү бир гана алардын чарбасына жана турмуш-тиричилигине байланыштуу болбостон, элдин

руханий талаптарына, жаратылыштын жана башка нерселердин чексиз сулуулуктарына арналган [403, 9-б.]. Колго жасалган буюмдар алгач муктаждык буюм катары комсоо, көркөмсүз жасалып келсе, убакыттын өтүшү менен алардын көркөмдүүлүгүнө, аземдүүлүгүнө көп көңүл бурула баштаган. Алсак, ат жабдыктарга, идиш-аяктарга, кийим-кечектерге үй буюмдарына оюу, түс, андан тышкары алтын-күмүш өңдүү баалуу темирлер, кымбат баалуу таштар менен көркөмдөлө баштаган. Ошондой болсо да күнүмдүк турмушка ылайыкталып жасалган жөнөкөй буюмдар басымдуулук кылгандыгын белгилеп кетишибиз керек. Себеби аземдүү, көркөмдүү жасалган буюмдар дасыккан чебер, уста адамдардын колунан жаралган. Бирок алар кол өнөрчүлүктүн артынан түшпөгөндүктөн, өндүрүлгөн буюмдарын дайыма сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогондуктан, кол өнөрчүлүк кошумча кесип катары эсептелгени менен, ал дайыма эле киреше алып келе берген эмес. Устанын жасаган буюмунун эквиваленти мал болгон. Негизги каражаты кайрадан эле малга айланып, аларды багуу, кам көрүү, көчүү, жаздоо-кыштоо өңдүү тиричилик көйгөйү көп продукцияны чыгарууга да мүмкүндүк бербеген.

Кыргыздардын оюм түшүрүлгөн буюмдарына жогорудагый изилдөөлөр жүргөнү менен, тери буюмдарга түшүрүлгөн оюуларды изилдөө азыркы мезгилге чейин багыттуу жүргүзүлбөй келет. Анткени оюмдар түшүрүлгөн тери буюмдар археологиялык казуулардан, ал турсун жазма тарыхый булактардан жолукпайт [520, 21-б.]. Ошондуктан революцияга чейинки, совет доорундагы окумуштуулар тери оюмдарына кайрылышкан эмес. М.Т. Айтбаевдин Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна өткөрүлгөн материалдарынан гана булгаарларга оюу түшүрүүнүн ыкмасы тууралуу бир аз маалымат алууга болот.

Оюу түшүрүүнүн биринчи түрү: темир усталар оюунун түрдүү үлгүлөрүн темир зымдарга түшүрүп беришкен. Ал темирди чокко кызытып алгандин кийин, кургак эмес, тоборсуган көнөк, көөкөргө же тердикке бир аз басышкан. Тери күйүп кетпеши керек. Эске алчу жагдай, кызытылган темир оюулар теринин ички бетине басылган. Ошондо тышкы бетине рельефтүү оюулар чыккан. Бул оюуну көбүнчө колунда бар адамдар жасашкан. Ысытылып түшүрүлгөн оюу муздак түшүрүлгөн оюуларга

салыштырмалуу көпкө сакталган [520, 21-б.]. Ал эми муздак түшүрүлгөн оюулар, түз тактайдын кесиндисин алып, бирөөнө оюлган оюу салынса, экинчисине ошол оюунун рельефтүүсүн түшүрүшкөн. Экөөнү бириктирген учурда бири-бирине дал келиши керек. Оюуланган тактайлардын ортосуна булгаарыны салып, оор таштар менен бастыруу аркылуу керектүү оюуларды түшүрүп алышкан. Оюу түшүрүлө турган терилер жука эмес, калың болушу зарыл. Ошондуктан ири мүйүздүү малдын, бодо малдын, төөнүн терилери керектелген. Албетте, оюу кургап калган терилерге эмес, нымду терилерге салынган [520; 308, 83-б.].

Оюуланган булгаарыларды казактар «түскийз» деп аташып, атактуу байлары, белгилүү адамдар боз үйлөрүнө илип алышкан. Бурят-монголдордун Ольхон айлана оюусунда дубалоо-оюусу, тумар оюусу туюк гүл жалбырак түрүндө берилген [508, 6-б.]. Кыргызстанда, мисалы, Суусамырда жогоруда сөз кылынган оюулардын көптөгөн издери сакталып, колдонулуп жүрөт. Ал оюу «ит куйрук» деп аталып, тайгандын куйругу түшүрүлгөн.

Ногойлор булгаарыга геометриялык оюулар: узун сызык, кыя кесик (ромб), жүрөктүн түспөлү, тегерек, үч бурчтук, эшилме сызыктарды ж.б.; жаратылыш, тиричилик оюулары: тоо, күн, суу, арабанын изи, боз үйдүн керегесин көктөө, очок ж.б.; жаныбарлар оюулары: кочкор, бугу, теке мүйүздөр, кулундун туяк изи, коен кулак, музоонун тиши, төөнүн өркөчү, куунун моюну, тооктун таажысы, өрдөктүн таманы ж.б.; өсүмдүктөр оюулары: жалбырак, уй беде, жаш чырпык, чанак, мурут (өсүмдүктөрдүн), жоогазын, ак гүл, гүлкайыр, чынар терек ж.б.; асман оюулары: беш, сегиз, бурчтуу жылдыздар, күн, ай ж.б.; аралаш оюулар: тиричилик буюмдарынын, асман телолорунун, жалбырак, дарактардын тегерете, айландырылып түшүрүлүшү өңдүү оюуларды түшүрүшкөн [201, 33-б.].

Ногойлор кемерлерине түрдүү оюуларды салдыргандан кийин, байлары алтындын буусуна карматып алышкан. Алар мындай кемерлерди дагестандык чеберлерден сатып алышкан [134, 114-б.].

С.И. Вайнштейн: Тувалыктардын тынымсыз согуштарды жүргүзүп турушу каармандыктын, күчтүн, таасир алуунун, ишенимдин, сыйынуулардын жаралышына кайсыл бир деңгээлде таасирин тийгизген. Ал каармандыктар эпос, дастандарда

айтылып даңазаланса, ал эми көркөм кол өнөрчүлүктө эн тамга, оюу, тумар түрүндө колдонулган буюмдарына, байрак-тууларына өзгөчө белги катарында түшүрүлгөн. Алардын ичинде оюулар курал-жарактарга ат жабдыктарга көбүрөөк басым жасалган. Оюулардын ичинен реалдуу жана фантастикалык жаныбарлардын элеси көп колдонулгандыгы белгилүү. Бул эске ала турган жагдай, алар оюунун көркөмдүгүнө гана карабастан, анын сыйкыр, колдоочу күчүнө ишенишкен. Ошондуктан кооздолгон буюмдар тумар катары дагы кызмат аткарган [114, 105-, 121-б.], – деп оюулардын жөн эле көркөмдүк үчүн чыгарылбагандыгын, алардын аткарган чоң «күчтөрү» бар экендигине токтолуп өтөт.

Ат жабдыктарына оюу-чиймелерди салууда тувалык усталар *кеп* аталган үлгүлөрдү колдонушкан. Кепти тактай бетине бычак менен чуңкурайтып, түшүрүп алышкан. Наар түшүрүш үчүн ийленген терини суулап, аны оюуланган кеп тактайга жаткырып, үстүнөн эликтин же жейрендин мүйүзүнөн жасалган куралы менен бастырып, сүрүшкөн. Наар түшүрүлүп бүкөндөн кийин аны таза абада кургатып, териден оюуну бычак менен кесип, даярдалган буюмга желимдеп коюшкан [113, 261-б.]. Жогорку ыкма кыргыз, казактардын оюмуна салыштырмалуу өтө эле жеңил болгон.

Е.И. Махова кыргыздар менен хакастардын материалдык маданиятын салыштырып карап, алардын окшоштуктары жок экендигин, бири-биринен алыс тураарлыгын, хакастарга салыштырмалуу кыргыздардын алтайлыктарга өтө жакын экендигин [298, 57-б.] белгилеп өткөн. Ал эми Алай, Памир, Мургаб кыргыздарынын жана хакастардын материалдык маданиятын, оюу-чиймелерин изилдеген А.П. Окладников, Ю.А. Шибаевалар хакас, якут элдеринин материалдык маданияттарында, көркөм кол өнөрчүлүктөрүндө өтө жакындыктар бар экендигин белгилешкен [322, 71-б.]. Өзгөчө, Ю.А. Шибаева кыргыздар менен хакастардын материалдык маданиятында өтө окшоштуктар, жалпылыктар көп экендигин, маселе эчак бышып жетилгендигин жана ушул кезге чейин эч ким тарабынан изилдөөгө алынбай жаткандыгын тынчсыздануун менен белгилеген [352, 4-б.].

Корутундулап айтканда, кыргыз элинин тери буюмдарына оюулардын түшүрүлүшү такталып жазылбай калгандыгына карабай, тектеш элдердин, айрыкча,

хакас, тува, алтай, башкыр элдеринин тери иштетүү, оюмдарды түшүрүү ыкмалары аркылуу калыбына келтирүү иштери системалуу жүргүзүлүш керек. Анткени орус изилдөөчүлөрү мурунураак барган аймактагы элдердин материалдык жана руханий маданияттары тийиштүү деңгээлдерде жазылган. В.В. Радлов белгилеп өткөндөй, цивилизациянын бир деңгээлинде турган элдердин кол өнөрчүлүктөрү, өзгөчөлүктөрүн эске албаганда, бирдей эле ыкмаларда колдонулган. Ошол эле учурда кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүндө оюулардын өтө көп санда кездешиши оюм өнөрүнүн алдыга кеткендигинен дагы кабар берип турат.

### § 6.3. Түстөр жана алардын маанилери

Этностордун турмуш-тиричигинде түстөрдүн орду чоң жана көп кырдуу. Ошол эле учурда түстөрдү таану, аныктама же түшүндүрмө берүү татаал иштердин бирине айланып келген. Анткени түрдүү түстөр, боектор адамзаттын өзүн өмүр бою коштоп жүргөн. Айрым учурларда түстөргө байланыштуу алардын жашоолору, тагдырлары дагы өзгөрүп турган. Жаратылыштагы түстөрдүн маанисин түшүнүү үчүн эле алар ондогон кылымдарды сарпташкан. Качан гана түстөрдүн маани-маңызы, тийгизген таасирлери аныкталган соң, турмуш-тиричилик буюмдарына дүйнө таанымдарына туура келген өңдөрдү берүү салттары, эреже-тартиптери келип чыккан.

Салттуу көркөм кол өнөрчүлүктө оюулардан тышкары түстөр дагы маанилүү орунду ээлеген. Мындай көрүнүштөр салттуу буюмдарда эле эмес жер-суулардын аталыштарынан тышкары уруулардын аттарында дагы берилген. Мисалга ала турган болсок, кыргыз элинин санжырасында ак уул, көк уул, кызыл уул; ала, алча – кызыл, кубу – сары, бур – күрөң, тагыраак айтканда, алчыкен, кызыл кулак, кызыл аяк, кызыл курт, кызыл каш, боруке [472, 83-б.; 321, 27-б.], сарыбагыш, саруу, кызыл баш, көк мээ, ак көз, алакчын, кара багыш, көк багыш, куман, кара, сары боркемик ж.б. аталаштар көп кездешкен. Уруулардын арасындагы мындай аталыштардын себеби, уруулардын бөлүнүшү, алардын жайгашышы, өлкөлөрүнүн өңү, түстөрүн айырмалап көрсөткөн. Мисалы, түрк элдеринин салттарында төмөндөгүдөй түстөрдүн төрт тарапка бөлүнүшү белгилүү болгон. Кара түс – түндүк; ак түс – түштүк; көк түс – чыгыш; сары же кызыл түс – батышты түшүндүргөн. Бул айырмачылыктар боюнча аскердин жайгашышы, элдин отурукташын жана көчүн, жер которуусун аныктап алуу оңойго турган.

«Кут» сөзү азыркы күндө жалпы түрк тилдүү элдердин бардыгына таандык жалпы сөзгө айланган. Анын байыркы түпкү мааниси: 1) «жан, жашоонун деми, рух»; 2) «бакыт, ийгилик, жетишкендик, кирешe, жол, жеңиш, барк, даңаза» деп жалпы маанилерди берсе, казак жана каракалпактарда: 1) «жашоо деми, рух»; 2) «малды коргогон тумар, бакыт»; кыргыздарда: «жакшы жана чынчыл адамга түндүктөн түшкөн кочкул-кызыл түстөгү килкилдек (мүмкүн уюп калган кан. Эр Манас, Чыңгыз хан кан уучтап төрөлгөн деген санжыралык варианттар бар)»; 2) «малды

жана адамды коргогон тумар»; 3) «кудайча, бут»; 4) «жашоо деми, рух, жан»; 5) «бакыт, жол, береке»; ал эми хакас жана алтайлыктарда: «жан, рух, жашоо деми» деген түрдүү, бирок бири-бирине окшош маанилеринде кабыл алынган [407, 72-б.]. Бул жерден көрүнүп тургандай, «түшүп жаткан куттун» дагы кайсыл түскө таандык экендигин байкоого болот.

Тувалыктарда түскө байланышкан бир ырым колдонулуп келген. Алар өздөрүн жаман күчтөрдөн, жамандыктан сактаныш үчүн өлүк туулган козу-улактардын өлүмтүктөрүн дарактарга асып, алардын шыйрактарына кызыл, жашыл жана сары түстүү тасмаларды үч-үчтөн кылып байлап коюшкан [342, 102-б.]. Муну менен алар жамандыктын алдын тостук деп ойлошкон.

Эми кол өнөрчүлүккө келсек, кыргыз кол өнөрчүлүгүн, килемчилигин изилдеген А. Фелькарзам: Жергиликтүү элдердин соккон килемдеринде көбүнчө кызыл жана көк түстөр басымдуулук кылат. Кызылдын артына көк түстүү сүрөт берилет же көктүн артынан кызыл жана кара түстү жалгаштырышат [422, 59], – деп ичкилик кыргыздарынын жактырган түстөрүн атаган.

Л.Ф. Костенко койдун жана эчкинин терилери, алардын терисинен жасалган буюмдар Орто Азия элдеринде кенен жайылгандыгын, жергиликтүү эл тигилген тондорду, чалбарларды кызгылт, сары түскө боеп коюуну жакшы көрүшкөндүгүн, ийленген эчкинин териси 60 тыйындан 1 рубл 30 тыйынга чейин сатылса, кой териси 30 тыйындан 40 тыйынга чейин баалангандыгын көрсөтөт [235, 240-б.].

Д. Айтмамбетов табыгый боекторду алуу кыргыздарда тээ байыртадан эле белгилүү болгон деп белгилеп кеткен менен, аларга токтолбойт [422, 210-б.]. Ал эми К.И. Антипина кыргыз чеберлеринин салттуу буюмдарын бое иштери негизги орундарды ээлерин белгилеп, алардын табигый боекторду алуу ыкмалары 60-70 жыл мурун эле токтоп, кийинки муун унутуп калышкандыгын чоң өкүнүч менен кабыл алган. Ал түштүк кыргыздарынын сүйүктүү түстөрү катары көк, кызыл, сары, саргыч түстөр экендигин көрсөткөн.

Казактардын салттуу буюмдарында да XVIII-XIX кылымдарда кызыл жана көк түстөр басымдуулук кылгандыгын М.С. Муканов [308, 75-б.] белгилесе, Л.П.

Потапов алтайлыктардын тыш кийимдери көбүнчө сары жана кызыл түскө боелорун жазат [341, 14-б.].

А.К. Алымова өзүнүн диссертациясында К.Г. Маннергеймдин билдирүүлөрүн талдап, Фергана өрөөнүнүн элдери – өзбектер, тажиктер, сарттар кайсыл бир деңгээлде окшош кийимдерди кийишкени менен, кездемелеринин жеңилдигинде, ачык түстөрүндө айырмалар бар экендигин, ошол эле учурда кыргыз, казак, калмык, түркмен, торгуттарга мүнөздүү болгон булгаары, кийиз, күркү жана териден жасалган кийимдер климаттык өзгөчөлүктөргө жараша тигилгендигин белгилеп өтөт. Ошондой эле К.Г. Маннергейм кыргыздардын кийимдеринин түстөрүнө кызыккандыгын, алсак, алардын тыш кийимдери боз, кара же кара-көк түстө болсо, сарттар ачык түстөрдү жактыргандыгын айткан. Аны фото сүрөттөр аркылуу далилдеп өткөн [507, 99-100-б.].

Г.Т. Ботоканова өсүмдүктөрдөн боекторду: Ышкын түп, сары жыгач, ит мурун, эңилчектен – сары түс алышып, көбүнчөсү тон боелгондугуна азыраак токтолгон [100, 78-б.]. Ал эми Т. Кененсариев кыргыз чеберлеринин боекторду жыгачтардын чириген тамырларынан, мөмөлөрдүн кабыктарынан, анардын кабыгынан дагы алынгандыгын айтат [222, 360-б.].

Өзбек усталары да ийленген терилерди кызыл, жашыл, кара түстөргө боешкон. Ар бири боелгон түсүнө жараша керектелген. Алсак, кара түскө боелгону маасыга кетсе, сарыга боелгонунан чамбарлар тигилген. Ийлөө иши аткарылгандан кийин кермек чөптүн маңызына жарым күн чылашкан. Булгаарыларды боеого бозгунчак, мистенин жалбырагы, тамырлары, кызыл түстүү боекторду чыгарган өсүмдүктөрдү кенен пайдаланып келишкен [453, 274-б.].

Алтайлыктар ийленген терилерди жылкынын, аюунун же кашкулактын майлары менен сүрүшкөн. Жайында сыйрылган терилерди алтайлыктар кыкка көөмп коюшкан. Ал жерде нымды өзүнө соруп алган терини ийлешип, суурдун, жылкынын же аюунун майын сүртүшкөн. Андан кийин жер төлөөлөрдөгү ыштыктарга салып ышташып, ыштоо бүткөндөн кийин, кайра ийлешкен. Эгер терини ийлөө аркылуу боегулары келишсе, кызыл карагайдын кабыктары чыланган малмага салышкан. Ал малмада тери кызгылт күрөң түскө келген [300, 133-134-б.].

Тувалыктардын түстөргө карата кабыл алууларын жана түшүнүктөрүн С.И. Вайнштейн: Бардык оюулар жана алардын түстөрү баштапкы баскычында символикалык маанилерге ээ болгон. Мезгилдин өтүшү, доорлордун алмашы менен көптөгөн оюулардын, түстөрдүн маанилери унутулганы менен, айрамдары сакталып да калган. Мисалы, тува фольклорунда кызыл, жашыл, көк, кара түстөрүнө өзгөчө көңүл бурулган. Кара – караңгылык жана бактысыздыкты түшүндүргөндүктөн, көркөм кол өнөрчүлүктө «тең укуктуу» түс катары көп пайдаланылган [114, 146-б.], – деп көчмөндөр канчалык кара түстү жаман көргөнү менен, аларды кошпой коюуга мүмкүн эместигин, ошондой эле жамандык менен жакшылыктын эриш-аркак жүргөндүгүн билдирет. Көчмөндөр ак түскө караганда кара түс көп экендигин, ошол учурда кара түстөрдүн үстөмдүгүн моюндарына алышкан. Демек, жогорудагы маалыматтар кыргыз, казак, алтай, тува элдеринин этногенетикалык жактан өтө жакын элдерден экендигин дагы бир жолу айгинелейт.

Мына ушул жерден белгилеп коюучу жагдай, кол өнөрчүлүктүн башка түрлөрүнөн айырмаланып, кыргыз чеберлери булгаары буюмдарга, курал-жарактарга жана идиш-аяктарга түстөрдү өтө аз салышкан. Анткени булгаарынын өзүнүн табигый түрү жагымдуу түстү тартууласа, экинчиден, ышка салынган кармалган идиштер каралжын тартып, майланышып калган. Албетте, ага боектор жукпайт. Боек берүү кыргыздардын салтуу кийидеринен тонго жана бут кийимдерге, чарба буюмдарынан ат жабдыктарга, куш кармаган жабдыктарга гана түшүрүлгөн.

Ийленген күдөөрү терини бычканга чейин боеп алышкан. Кыргыз элинин чебер аялдары боекко анардын кабыгын, тыттын мөмөсүн (кара түс алынган), сары жыгач, карагат, кожогаттын мөмөлөрүн кайнатып, ага чылоо жолу менен боекко салышкан [500, 6-б.]. Эске алчу нерсе, бое иштери бүткөндөн кийин гана, бычуу иштери башталган.

Элдик көркөм кол өнөрчүлүктө түстөр жалпы жонунан негизги жана кошумча болуп экиге бөлүнгөн. Кыргыз эли негизги түстөрдү бешке бөлөт: *ак, сары, көк, кара, кызыл.* Жаратылышта жашыл түс көп кездешип, көп колдонулганы менен аны көк түстүн катарына да кошуп коюшкан. Ал эми кошумча түстөр негизги беш түстүн бири-бири менен жуурулуп, кошулуусунан пайда болгон. Кошумча түстөрдүн саны

өтө арбын. Негизги жана кошумча түстөрдүн мааниси жана өзгөчөлүктөрү төмөндөгүдөй көрсөтүлгөн.

*Ак түс* эл аралык маанидеги тынчтыкты билдирип турган түс. Жоолашкан эки тарап бири-бирине жарашуу тууралуу оюн билдирүүдө ак байракты көтөрүп чыгышкан. Санжыралык булактарда ак түс – кыргыздардын оң канатына, көк түс – сол канатына, ал эми кызыл түс – ичкилик канатына таандык экендиги айтылат. Ак түскө байланышкан ырым-жырымдар: Жылан үйгө кирип келсе, зыян келтирбесин деп ага «ак чачып», башкача айтканда, сүт, айран, ун чачып чыгарышкан. Түсү ак малды дагы «ак» деп атабастан, ак атты – боз ат, кызыл ат, ак итти – куба ит; ак уйду – мала, боз уй ж.б. дешкен. Кыргыз элинин негизги баш кийими, калпактын өңү дагы ак болуп, канчалаган доорлор алмашса дагы анын өңүн алмаштырышпай ыйык түрүндө сакташкан. Ошондой эле ак түс улуулуктун, даанышмандыктын, жолдуулуктун түсү болгондуктан, ал түстүү кийүүнүн дагы эрежелери иштелген. Мисалга алсак, жаңы келинге ак жоолук салуу, ак калпак кийгизип узатуу, аксакал жана байбичилердин ак кийиниши ж.б. Ысык-Көл жана Нарын өрөөндөрүндө улуу адамдар каза болгон шартта боз үйдүн жанындагы туугa же найзага ак байрактарды илип коюшкан. Бул, каза болгон адамдын жашын жана нарк-насилдүү жашап өткөнүдүгүн түшүндүргөн белги болгон [503, 4-б.]. Этнограф Н. Султаналиева ак түстү – тазалыктын, ыйыктыктын, бийлик менен байлыкты коштоочу, өзүнө чакырчуу, ийгилик каалоону символдоштурган өң [516, 55-б.], – деп аныктама берет. Кыргыздар ак түстүү карышкырдын терисин жогору баалашкан. Анткени ал жумшактыгы жана жеңилдиги, эң негизгиси өңү менен өзгөчөлөнгөн [259, 131-б.]. XIX кылымдын 60-жылдары калпактар базарларда 40 тыйындан сатылган [513, 29-б.; 237, 75-б.].

Ак түс бардык түстөрдүн башаты. Мисалы, күндүн нурун дагы «ак жарык» дешкен. Ак түстүн аталышын кыргыз эли төмөндөгүдөй: ак, аппак, апакай, агарыңкы, агыш, боз, бозомтук, куба, кубакай, куу ж.б. деп бөлүп атап келишкен. Ак түс чоподон, бордон, аки таштан, сүттөн, ундан, күйгөн сөөктүн күлүнөн алынган. Оюунун түбүн кызыл жошо менен сырдап, үстүңкү жагын ак боек (чинаш) менен сүртүшкөн. Ак боекту жасоонун өз алдынча ыкмасы иштелип чыккан. Ал чинаш

чөптүн тамырынан жасалган. Кургатып, майда кылып талкалап, анан аны кайнатканда желимге айланган.

*Сары түс* жылуулук сезимин билдирген түс. Сары – адамдын аң-сезимине жеңилденүүнү, тынчтыкты, сулуулукту, арзууну тартуулаган. Ошондой эле сары деген сөз менен кыргыз эли эзелтеден эле адамдардын дагы ал-абалын, сын-сыпатын, кыймылын билдирген. Мисалга алсак: сары ооз балапан, сары санаа, саргара күтүү, сары ооруу болуу, өңү саргаруу, сабырдын түбү сары алтын ж.б. деп айтыла берген.

Тон жасала турган кой терилерин боекко салуу, өңдөө иштери аялдар жасай турган иштердин катарына кирген. Тонго түс берүүдө кайнатылган борду терини бетине сүрткөндө ак түс келип чыккан. Түштүк кыргыздарынын уздары сары түстү анар жемишинин кабыгын майдалап, сууга кайнатып алышкан. Тери сары түскө келгенге чейин улам сээп, кургатып турушкан. Кыш мезгилдеринде сары же кара түскө боелгон койдун терисинен жасалган тондорду кийип жүрүү үчүн атайын кара, сары түстөргө боешкон [110, 186]. Сары, жашыл түстөрдү байыркы мезгилдерден бери эле жаңгактын тамырларын кайнатуу жолу менен алышкан [504, 4-б.].

Кыргыз эли «сары – чечет, ак – ачат» деп салттуу буюмдарын коздогондо сары түстү кеңири колдонушкан. Тери кийимдер тон, тулуптар негизинен сары, ак сары, ачык сары түстөргө боелгон. Сары түстөрдүн аталышы: кочкул-сары, киргил-сары, чымкый-сары, кызгылт-сары, сапсары, эзилген сары, эжигей сары, алтын сары, апай сары, акидей сары, ачык сары, саргыч, ак сары, ак саргыл ж.б. деп бөлүнгөн. Бул боекту ышкын, чүкүрү, ат кулактын тамыры, сары жыгач, чие, эңилчек, өрүк кабыгынан алышкан. Ышкындын тамыры кеч күздө, ышкын түп бышкан кезде казылып, кабыгы аарчылып, майда-майда кертилип, көлөкө жерге өрүк кагындай кургатылган. Андан соң сокуга жанчылган. Кээде ага эчки талдын кабыгы да кошулган. Ышкын түп менен боелгон жүн, өңдөлгөн тери кочкул сары түскө өткөн.

*Кызыл түс* жылуу түс. Кызыл түс байыркы мезгилдерден бери көчмөн элдердин дүйнө таанымында «кара күчтөрдү», «жамандыкты» кубалоочу түс катары кабыл алынган. Ошондуктан кийим-кечектерин, турак-жайларын, үй буюмдарын, өзгөчө кичинекей балдарынын тыш кийимдерин кызыл түскө боеп коюу салтка айланган.

Окумуштуулар К.И. Петров, Ө.Дж. Осмонов, Т.К. Чороевдер «кыргыз» этноними «кызыл» түшүнүгүнөн улам келип чыккандыгын бир вариант катары айтышат [472, 81-91-б.; 325, 86-б., 444, 158-б.]. Чындыгында эле, адамдардын өңүнө же жүзүнө карата кызыл түстүү адам, өңү кызарып кетти, өңүнө кызыл жүгүрүп калыптыр ж.б.у.с. сөздөр кыргыз элинде көп айтылган.

Кызыл түс кыргыздардын ырым-жырымдарында да кенен колдонулган. Алсак, кызамык ооруусу менен ооруган адам тез айыгып кетиш үчүн, үйдүн ичин кызыл-тазыл буюмдар менен жасалгалашкан; кекечтенип сүйлөй албай жаткан кичинекей балдарга муздалып жаткан койдун канын көрсөтүшкөн; иши жүрүшпөй жаткан адамдар кызыл же кара короздорду союп түлөө өткөрүшкөн; төрөбөй жаткан келиндер мазар таштарга барып, кызыл корозду курмандыкка чалышкан. «Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң» деген элдик макал, кылган эмгегиңдин акыбети кайтат, ошондуктан тынбай аракет кыл деген маанини түшүндүргөн. Ошондой эле кызыл түс сулуулукту, уяңдыкты жана сүйүү сезимин да билдирген [502, 7-б.; 512, 12-б.]. Тарбагатайда жашаган кыргыздар жаш балдар өлсө, кызыл байракты найзага илип коюшкан [220, 25-б.].

Кызыл түстүн аталышы: күрөң кызыл, кочкул кызыл, чымкый кызыл, кыпкызыл, чоктой кызыл, аларман кызыл, күлгүн кызыл, мала кызыл, жошо кызыл, кызыл, кызгылтым, кырмызы ж.б. деп аталган. Кызыл боек көбүнчө чөптөрдөн, чөптөрдүн тамырынан, эндиктин тамырынан, кызыл карагайдын кабыгынан, эңилчек, жошо жана союлган малдын канынан алынган. Жаңгактын жалбырагы, тамырлары дагы кызыл түстү берген. Эңилчекти жанчып, сууга салып 10-15 минута кармаса, кочкул-кызылт-сары түстөгү боек келип чыккан. Эндик бийик тоолордо өскөн өсүмдүк. Бүрү майда машакка окшоп кызгылтым көк болуп, түктүү жумшак, боз узун жалбырактарынын ортосунда түз бир нече өзөктөрү жайгашкан. Эндиктин тамыры, кабыгы кызыл түстө болгон. Боекту алыш үчүн койдун мөөнүн тазалап, бир күн туздалган сууга чылап, анан үйлөп жел толтуруп кургатышкан. Мөөнгө койдун чийки каймагына айран кошуп, ага эндиктин жаңы казылган тамырын тазалап, жууп, майдалап аралаштырып куюп, анан жерге көөмүп 10-12 күн ачытышкан. Ошондо ачык кызыл түс пайда болгон. Булгаарыларды боеого бозгунчак, мистенин

жалбырагы, тамырлары кызыл түстүү боекторду чыгарган өсүмдүктөрдү кенен пайдаланылган [453, 274-б.]. Бут кийимдер, кырмызы өтүктөр (60-сүрөт), ат жабдыктар кызыл түскө боелгон [503, 2-б.].

*Көк түстү* ачык, көк асмандан, терең көлдөн, мөңгү муздун өңүнөн көрүүгө болот. Көк – муздак түс. Көк азаттыкты, эркиндикти, көз карандысыздыкты түшүндүрүп, көп учурда байрак, асабалар көк түстөн жасалган. «Көк асаба, кызыл туу» деп эпикалык чыгармаларда айтылгандай, көк түс жалпы кыргыздардын туусу болгон. «Кара көк тартып, көк боордой болуп, көк, көкбет, көк муштум» деген сөздөр сүрөттөөдө, көбүртүп-жабыртууда айтылып, көк түс да турмушта көп колдонулган. Көк түстү кыргыз эли үй жасалгалаганда, буюм-теримдерди жана кийим-кечелерди кооздоп, көркөмдөө иштеринде пайдаланышкан. Көк түстөрдүн аталышы: кара-көк, чымкый-көк, көпкөк, ачык көк, мала көк, көгүлтүр, көгүш, агыш көк ж.б. Бул боек жапайы карагаттын, бөрү карагаттын, ит сийгек тикенектин мөмө ширесинен, жазгы бака теректин гүлдөгөн бүрүнөн жана көк таштын суусунан алынган. Андан тышкары кол өнөрчүлөр Анжиандан келген кербен соодагерлеринен даяр көк боекторду сатып алышкан.

*Жашыл түс* мусулман эли үчүн майрамдык маанайды тартуулаган жаштыктын, жаңылануунун түсү катары кабыл алынган. Жашыл муздак маанайды түшүндүргөн. Кыргыздар жашыл түстү «көк» деп да аташкан. Мисалы: көк чыгып, жаз келди, каалоо тилектерде: «арчадай көгөрүп өс», «дарак бир жерден көгөрөт», «чырпык тиксең, чынар болот, түшүмүнө элиң тоет», «өмүрүңдөн аягына чейин жок дегенде жети бак өстүр, өзүңдөн калган эстелик болсун», «атагым калсын десең, бак өстүр, уруумдун аты калсын десең, токой өстүр» деп айтышкан. Жашыл түстөрдүн аталышы: кара-көк-жашыл, кочкул жашыл, жапжашыл, чымкый жашыл, ачык жашыл, саргыч жашыл, жашыл-ала, агыш жашыл, мала жашыл ж.б. Жашылга боедо кыргыздар эрте жаздагы шыраалжынды пайдаланышкан. Жаштар көбүнчө жашыл түстү чапан, ичиктерди, тебетейлерди жана жашыл түстүү өтүктөрдү кийишкен.

*Кара түс* буюм-нерселердин өңү-түсүн ажыратууда эле эмес, адамдардын терс сапаттарын мүнөздөө, кебете-кепширлерин сүрөттөө үчүн да колдонулган. Кара – чоң, көп, тирек, коркунучтуу, ачуулуу, ошол эле учурда жөнөкөй, жок, түгөндү деген

маанилерди дагы берген [255, 345-346-б.]. Адамдардын мүнөзүнө карата: кара мүртөз, кара өзгөй, кара ниет, кара санатай, кара жолтой; элге карата кара кытай, кара кыргыз, кара калпак ж.б. айтылса, «Манас» эпосунда «түпкү атабыз Каракан» деп, адамдардын аты дагы аталгандыгын мисал келтирсе болот. Ошондой эле кара түс менен кайгы-муңду, жоготууну билдирген. Көбүнчө, эри өлгөн аялдар кара кийүү, кара салынуу жөрөлгөлөрүн аткарып келишкен. Ал тургай айта турган оюн атайын басым коюп, коюулантып, тереңдетип, сүрөттөө максатында «кара» сөзү көп колдонулган. Алсак, кара суу, кара мал, кара жамгыр, кара деңиз, кара жаак акын, кара көз сулуу, кара чечекей бир тууган ж.б.

Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында, санжыраларында жыл эсепчилеринин же жайчыларынын «жай таш» же «кара таш» деп аталган койдун ашказанынан алынган сыйкырдуу күчкө ээ болгон таштары жөнүндө да сөз болот. Ал ташы жок жайчылар жамгыр жаадырып, же жаап жаткан жаанды токтото алган эмес. Демек, жай таштарынын кара атылышы дагы жөн эле жерден чыга калган эмес [302, 242-б.]. Кыргыз уз-усталары кара түстү үй буюм жасалгасында, зергерчиликте, кийим-кечек даярдоо ишинде пайдаланышкан. Кара түстү ак менен айкалыштырып колдонушкан. Ак-кара оюусу, ак менен кара түс, негизги түс болуу менен, бардык түстөргө орток болуп эсептелген. Кара түстөрдүн аталышы: кара, көөдөй кара, капкара, кара күрөң, кара көк, кара боз ж.б. аталган.

Корутундулап айтканда, түстөр кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгүнүн дүйнө таанымында, кабыл алуусунда алардын көркөм коооздугу жана практикалык жагы гана эске алынбастан, белгилик, ыйыктык жана ишенимдик мааниси алдыңкы орундарга чыккан. Анткени көчмөндөр канчалык жаратылыш, жан-жаныбарлар жана канаттуу-куштар менен бирдиктүү, тыгыз байланышта болгондоруна карабай коопсуздуктарын эч качан эстеринен чыгарышкан эмес. Ошондуктан ар буюмга өң же түс берүүдө, биринчи ошол жактары эске алынган.

**Алтынчы баптын жыйынтыгы.** Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн баалуулугун, өзгөчөлүгүн өрүлүп жасалган буюмдар, алардын ичинен ат жабдыктар арттырганын эч ким талаша албайт. Өрүмдүн өзү бекемдиктин, ишенимдин, биримдиктин символу катары каралган. Ошол эле учурда жөнөкөй жана

татаал өрүмдөрдүн ойлонулуп табылышы, кыргыз элинин негизги табылгаларынын бири экендигинен кабар берип турат. Ошондой болсо да, жогоруда көрсөтүлгөн баалуулуктарына карабай бул ишке азыркы мезгилген чейин тийиштүү көңүл бурулбай же изилдөөнүн предметине айланбай, иликтенбей көмүскөдө келе жаткандыгын дагы белгилей кетели.

Кыргыздар колдонгон оюулар, ага улай эле түстөр, алардын пайда болушу да татаал жана көп изилденбеген иштердин катарына киргендигин изилдөөлөр дагы бир жолу көрсөттү. XIX-XX кылымдарда оюулардын үстүнөн иштеген окумуштуулар оюм-чийимдердин пайда болушу, маани-маңызы жана орду тууралуу өтө кызыктуу ойлорун сунушташкан. Бирок алардын сунуштары көпчүлүктүн колдоосуна ээ болбой, айрым учурларда шылдың иретинде кабыл алынып, андан ары изилдөөлөр токтоп калган. Мына ошол пикирлерди жана маалыматтарды эске алып, комплекстүү талдоо иштерин жүргүзүү бүгүнкү күндүн талабы. Оюулар, буюмдарга, киймдерге түшүрүлгөн түстөр жөн гана көркөм каражат, кооздук эмес, көчмөн кыргыздардын дүйнө таанымын, көркөм дүйнөсүн, улуттук баалуулуктарын чагылдырган мурас.

# КОРУТУНДУ

Кыргыздардын XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы тери иштетүү кол өнөрчүлүгү кыргыз элинин жашоосунда жана салттык маданиятында эң маанилүү орунду ээлеген. Кыргыздар ондогон кылымдар бою жарым көчмөн жана көчмөндүк жашоо шартында жашап, дүйнө таанымдарына туура келген, ошол эле учурда көнгөн, ылайыкташышкан чөйрөлөрүн өзгөртүүгө ашыгышкан эмес. Арийне, мал чарбачылыкка ыңгайлуу кийим-кечектерди, идиш-аяктарды, буюмдарды даярдоого керектелүүчү табылгалардын дээрлик бардыгы (тери, жүн, баалуу таштар, металлдар) өздөрү жашаган аймактардан кенен табылган. Ошондуктан көчмөндөрдүн жашоо-турмушундагы муктаждыктарын түзгөн кийим-кечектерди, идиш-аяктарды жана чарбага керектүү буюмдарды жасоого баккан малдарынын, жапайы аңдардын терилери, жүндөрү жана сөөктөрүнүн өзү жетиштүү болгон.

Кыргыз элинин этникалык тарыхы, алардын салттуу чарбачылыгы терини иштетүүгө ар тараптан кеңири жана терең шарт түзгөн. Тери кол өнөрчүлүгү эң байыркы мезгилдерде эле калыптанып, мал чарбачылыкка кошумча кесип катары киргени менен, көчмөндөрдүн жашоосунда негизги орунду ээлеген. Бул алардын колдонгон буюмдарынын түрлөрүнөн жана көптүгүнөн эле көрүнүп турат.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн жаңы концептуалдык жолдор менен изилдөө аркылуу кол өнөрчүлүктүн түрдүү өнүгүү баскычтарын, салттык өзгөчөлүктөрүн жана аймактык айырмачылыктарын аныктоого мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Башкача айтканда, кыргыз элинин калыптанышы, өнүгүшү сыяктуу эле кыргыз элинин салттык маданияты, салттык кол өнөрчүлүгү да татаал жолдорду басып өтүп, жүргүзгөн чарбаларына, согуштук иш аракеттерине жараша өнүгүп-өсүп, териден жасалган буюм-тайымдар жана кийим-кечектер, аларды даярдоо, жасоо иштери жаңы ыкмалар менен бирде толукталып турса, кайсыл бир учурларда коомдогу маданий байланыштардын, коомдук-саясий абалдардын кескин өзгөрүүлөрү буюмдардын кээ бир түрлөрүн, салттуу ыкмалардын жок болуп кетишине да алып келген.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндөгү колдонулуп келген ыкмалар эң байыркы мезгилдерде эле пайда болгондугу байыркы тарыхый булактарда кездешет. Ал жерлерде кандай ыкмада жасалгандыгы так көрсөтүлбөгөнү менен, суусундук куюлган идиштердин териден жасалышынын өзү ыштыктардын ошол мезгилдерде эле колдонулуп келгендигинен кабар берип турат. Анткени кандай гана шири идиштери болбосун ыштыкка кармалбаса, ага суу токтобой сарыгып кеткен. Демек, терини ашатуу, ийлөө иштери, аларга колдонулган ыкмалар көптөгөн мезгилдер бою сакталып, терини ийлөө ыкмалары чоң аймактарга жайылган. Башкача айтканда, ушул эле ыкмалар азыраак айырмачылыктары менен Батыш Сибирь элдерине дагы белгилүү болгондугу тарыхый салыштырмалуулуктар аркылуу далилденип жатат.

Байыркы жазма булактарда кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү, салттуу буюмдары тууралуу даректүү маалыматтар кездешпесе дагы, кыргыздарга тектеш элдердин же кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын териден жасалган буюмдары, кийим-кечектери, тамак-аштары тууралуу азыраак маалыматтар берилген. Табылган маалыматтарды салыштырып көрүү аркылуу кыргыздардын XX кылымдын башына чейинки колдонулуп келген буюмдарынын дээрлик өзгөрбөгөндүгүн байкоого болот. Бул жерден белгилеп коючу нерсе, кыргыздар отурукташкан элдер менен канчалык аралашпасын, алардын салттык буюмдары эч бир өзгөрүүсүз калган. Аларды өзгөртүүгө биринчиден, географиялык жана чарбалык абалдары жол бербесе, экинчиден, көчмөндүк жана жоокердик жашоонун өзү бекем, бышык, ошондой эле жеңил нерселерден буюм-тайымдарды жасоого мажбур кылган. Чарба буюмдары эле эмес, жоокердик курал-жарактарына дагы терилер көп колдонулган. Бирок бул такыр эле өнүгүү болгон эмес, артта калган деген ойду түшүндүрбөшү керек. Тетирисинче, өздөрү ойлоп тапкан буюмдарын, салттык кийимдерин жасоонун өзгөчө түрлөрүн, салттык ыкмаларын салыштармалуу деңгээлде өнүктүрүп, ошондой эле ал нерселерди өзгөртпөй сактоону салттык, ыйыктык деңгээлге алып чыгышкан. Алсак, байыркы мезгилдерде бодо малдардын терилерин чапкылоо, тарткылоо, укалоо, тепселөө, токмоктоо ыкмалары менен ийлеп келишсе, орто кылымдарда катуу жыгачтардан жасалган кол талкуу, чоң талкуулардын

ойлонуп табылышы, тери ийлөө ишин, теринин сапаттарын арттырган. Анткени терилер канчалык малмага же ашаткыга жатпасын, теринин ичиндеги же курамындагы суюктуктар чыкпай калган. Ошол себептен алардын сапаттары начар болуп, суу тийген сайын кодурап, ката берген. Талкуунун ойлоп табылышы, анын натыйжасында катуу басым менен ийленген терилердин сапаттары жогорулаган. Бул ыкманын негизинде теринин курум, чигирим, булгаары, көн сапатындагы мыкты түрлөрү алына баштаган.

Орто кылымдарда жана XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап келе баштаган чет элдик саякатчылар кыргыздардын коомдук-саясий абалына, уруулук түзүлүштөрүнө, кен байлыктарына, жаратылышына кеңири көңүл бурушканы менен, кол өнөрчүлүгүнө тийиштүү деңгээлде көңүл бурушкан эмес. Кыргыздарга салыштырмалуу Батыш жана Чыгыш Сибирь элдеринин салттык маданияттарына, чарбасынан баштап, тамак-аштарына, бут кийимдеринен баш кийимдерине чейин маани беришкендиги жазылып калган эмгектерден, сүрөттөрдөн эле көрүнүп турат. Ушул эле көйгөй совет мезгилинде жүргүзүлгөн илимий иштерде да кайталанган. Анткени кыргыздардын бут кийимдерине салыштырмалуу казактардын, өзбектердин, түркмөндөрдүн бут кийимдери тууралуу маалыматтары, эмгектери далилдүү сүрөттөрү менен китеп болуп чыгарылган. Кыргыздардын музей коллекцияларына чарык, чокой, өтүк өңдүү жупуну бут кийимдер коюлуп, ал эми асыл таштар, баалуу металлдар менен купаланган, көрчөгөлөнгөн, апкыттары бийик бут кийимдер табылбай калган. Ал эми кыргыз элинин кенже жана чоң эпосторунда бут кийимдердин жыйырмадан ашык: накери, үпүкө, жекесан, көк жеке, кара өтүк, көн өтүк, кырмызы өтүк, көн өтүк, кош оймолуу өтүк, сайма өтүк, чогдор, мөкү ж.б. өтүктөрдүн түрлөрү жасалып, кийилип келгендиги ырасталып жатат. Териден жасалган буюмдарга, кийимдердин түрлөрүнө изилдөөчүлөрдүн көңүл бурушпагандыгы албетте, кыргыз элинин тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн баалуулугун бир аз да болсо төмөндөткөн.

Ошол эле учурда Г.С. Загряжеский, В.И. Кушелевский, И. Яворский, А.П. Хорошкин, В.Л. Тагеев, Л.Ф. Костенко, Д.Л. Иванов, Ж. Вонвалот, Ж. Капю, К. Донморе, П. Езертон, А. Жоржи, Т. Гордон, К. Маннергейм, В. Шотт, В. Радлов

сыяктуу ж.б. изилдөөчү-саякатчылар, аскер кызматкерлер кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү туурасында максаттуу, ар тараптуу изилдөөлөрдү жүргүзүшпөсө дагы баалуу маалыматтарды, сүрөттөрдү калтырып кетишкен. Булардын ичинен Г.С. Загряжеский, В.И. Кушелевскийдин эмгектерин өзгөчө баса белгилеп кетүүгө болот. Жогоруда аталып өткөн изилдөөчүлөрдүн калтырган маалыматтарынын негизинде кыргыз элинин салттуу кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүү абалы, деңгээли туурасында өз алдынча жыйынтыктарды чыгарып, аларга баа берүүгө болот.

Кыргыз элинин жазуу иштерине көңүл бурушпагандыгы көптөгөн көчмөн маданияттардын, анын ичинде салттуу кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, устачылыктын сырлары, тилекке каршы, сакталбай калган. Ошондой болсо дагы элдик оозеки чыгармалар, айрыкча, «Манас» эпосу, кенже эпостор, санжыралык булактар аркылуу алардын айрымдарын кайрадан калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлдү.

XIX кылымдын экинчи жарымына чейин тышкы жана ички согуштардын тынымсыз жүрүп турушу да териден жасалган курал-жарактардын, коргонуучу кийимдердин сапаттарын арттырган. Коргонуучу кийимдердин катарына кирген ак олпок, чопкут, чарайна, куяк, төштүк, ак күбө өңдүү жоокердик кийимдердин аталыштары оозеки элдик чыгармаларда көбүрөөк жолукканы менен, илимий эмгектерде, билдирүүлөрдө өтө аз кезигет. Андан сырткары, жоокерлер кылыч, найза, жаанын окторунан, миздеринен көкүрөк, башын эле коргобостон, колдорун, каруусун, чыканактарын, билектерин, колдун манжаларын, тизелерин коргогон жабдыктар дагы жасалып келгендиги билерик, тизелик, балтырык сөздөрүнүн эл арасында сакталып калгандыгынан байкалат. Мындай атоолор ат жабдыктардын аталыштарында да көп кездешет. Алсак, сагалдырык, көкүлдүрүк, мурунтук, суулук, моюнтурук, укурук ж.б.у.с. сөздөр менен аталган.

Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндөгү буюмдардын, курал-жарактардын аталыштары, сөздөрдүн келип чыгышы, алардын түшүндүрмөлөрү тил илими үчүн эле эмес, тарых, этнология, антропология илими үчүн дагы өтө маанилүү болуп саналат. Анткени буюмдардын аталыштары менен кайсыл бир элдин келип чыгышын, өнүгүү доорлорун, этномаданий байланыштарын аныктап алууга болот.

Буюмдардын же курал-жарактардын аталыштары канчалык кыска сөз менен айтылса, ал ошончолук байыркы сөз экендигинен кабар берет. Мисалга алсак, «уу» сөзү, ушул эле аталышында эки маанини: 1) уу – аңчылыкка чыгуу, мергенчиликке барууну туюндурса, 2) уу – адамга зыян алып келүүчү, уулантуучу суюктукту түшүндүргөн. Бул сөздөр убакыттын өтүшү, адамзаттын акылынын өсүшү, өзгөрүшү менен «уу» сөзүнө башка мүчөлүк сөздөр уланып олтуруп, көптөгөн сөздөр: уул, уук, ууру, ууз, ууч ж.б. сөздөр келип чыккан.

Кыргыздар башка элдерден айырмаланып, буюмдарды, курал-жарактарды жөн гана атай бербестен, алардын аткарган кызматтарына, өзгөчөлүктөрүнө, ырааттуу түшүндүрмөлөрүнө карап, андан кийин атоо берүүнү өтө жогорку деңгээлде өнүктүргөнү, айрыкча, кол өнөрчүлүктөгү буюмдардын аталышынан даана жана так көрүнүп турат.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн түбүн, уңгусун араб-перс сөздөрүнөн издөө, аларга байланыштыра берүү жаңылыш ой болгондугун окумуштуулар эскертип келишет. Кыргыз этнографиясындагы, анын ичинде тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө кездешкен сөздөрдүн түбүн байыркы түрк жана этногенетикалык жакындыктары бар этностордун сөздөрүнөн дагы издөө зарыл. Аталыштарга этимологиялык талдоолорду жүргүзүү менен кол өнөрчүлүктүн, эң негизгиси салттык маданияттын тамырын, алардын өнүгүү доорлорун жана ага таандык белгилерин аныктап алууга болот.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, кыргыздар кийген кийимдерин эң биринчи жашаган аймактарынын өзгөчөлүктөрүнө, тапкан табылгаларына жараша тигилген жана кийилген. Эске алчу жагдай, кун же аң терилери соода-сатыктагы товарлардын эквиваленти катары орто кылымдарга чейин сакталып келген. Ошондуктан баш жана тыш кийимдер адамдардын коомдогу ээлеген ордуна, аткарган кызматтарына жараша кун терилеринен тигилген кийимдерди кийишкен. Илимий иштеги талдоолор көрсөткөндөй, кун терилеринен тигилген баш кийимдер, жоокерлердин даражасын көрсөтүп турган. Алсак, аскер кол башчысы же хан даражасында турган адам булгундун, кеңешчиси жана башкы аскер башчылары көк сүлөөсүндүн, кырк жигити же чоролору суусардын терилеринен тигилген тебетейлерди кийишсе,

калган аскерлери аюу, карышкырлардын терилеринен тигилген бөрктөрдү, баш кийимдерди кийишкен. Бул ыкма жалпы жоокерлер үчүн башкы кол башчыларды таануу үчүн чыгарган адам амалдарынын бири болгон. Ошондой эле кундуздун терисинен тигилген тебетейлерди кыздар гана кийишкен. Коомдун башка мүчөлөрү кундуздун терилерин белдемчинин этек жээктерине, кеште шымдарынын багалектерине салып кийишкен. Мына ушул сыяктуу тыш кийимдерди кийүү эрежелери кыргыздардын арасында катуу сакталган. Кун терилери, айрыкча, жырткыч жаныбарлардын ийленген терилери кыргыздардын салт-санааларын, үрп-адаттарын түшүндүргөн сыпайы иш аракеттерге, белгилерге айланып, вербалдуу эмес «сүйлөө» каражаттарын да түшүндүргөн.

Колдо багылган малдын терилеринен, өзгөчө, жылбырскы (кулун, музоо, улак, козу) терилеринен жасалган тыш кийимдер тон, ичиктер эң жогорку наркка бааланган. Даакы, кулун, жылбырскы тондордун баалары үйү-үйүр жылкыларга баалангандыгы элдик оозеки чыгармаларда көрсөтүлөт. Өзгөчө токтолуп кете турган жагы, алтай элдери дагы жогордагы тондордун бардыгын кийип келишкен. Алардын ичинен каттама тондордун кийилиши өтө кызыгууну жаратат. Кыргыздардын ичкилик урууларында (Чоң Алай, Каратегин) көрпө терилерди ичинен, бири-бирине катталып тигилген тондорду кийишсе, алтайлыктар да бугунун терилеринен тигилген каттама тондорду кийишкен.

Революцияга чейинки жана совет доорлорунда айрым изилдөөчүлөр жазып калтыргандай, кыргыздар кол өнөрчүлүктүн «жупуну, жөнөкөй, эпсиз ж.б.» буюмдарын эмес, көчмөн маданияттын эң жогорку үлгүдөгү нерселерин жаратышкандыгы жаргак, көрпө, даакы, жылбырскы, кун терилеринен жасалган азем, салтанат буюмдардан эң сонун көрүнүп турат. Алсак, жырткыч жаныбарлардын же кун терилеринен тигилген баш жана тыш кийимдер жөн эле копол, комсоо тигилбестен, өңү-түсүнө, түктөрдүн жатышына, сапатына карата да, эң негизгиси тигиштери көрсөтүлбөй, чеберчилик менен тигилгендиги далилдеп турат. Батыш элдери кийген тондор сыяктуу теринин баштары, бучкактары салаңдап чыгып турган эмес. Бучкак (шыйрак) терилери тондун этектерине ирээти менен тыкан тигилген. Андан сырткары кун терилерин тандоо, алардан кийимдерди тигип

кийүүдө тотемдик ишенимдерине да көңүл бурушкан. Башкача айтканда, кыргыздар тотемдик жаныбарларынын терисин пайдалануудан качышкан.

Көчмөнчүлүк маданиятта тыш кийимдерге чонтой же чөнтөктөрдүн салынбашы кемер, кисе-курлардын иштелип чыгышына да себеп болгон. Анткени кисе-курлардын практикалык жагы гана эске алынбастан, анын көркөмдүк, кооздук жактарына дагы көңүл бурулган. Кемерлердин купаларына жөнөкөй оюулар эмес, алгыр жырткычтардын, кыраан куштардын, баатыр жоокерлердин элеси түшүрүлгөн сүрөттөр оймолонуп эмес, куюлуп жасалган.

Кыргыздардын жылкыны колго үйрөтүшү кол өнөрчүлүктү жаңы баскычка көтөргөн. Анткени азоо жылкыларды үйрөтүш үчүн ооздук менен жүгөндүн, ээр менен үзөңгүнүн, басмайыл менен камчынын ойлонулуп табылышына, эң негизгиси ыштандардын жасалышына кайсыл бир деңгээлде түрткү берген. Тери шымдардын дагы бир нече түрлөрү, тагыраагы, жыл мезгилине карата тигилген шымдар да жасалып келген. Кандагай, сайма, кеште шымдардын сапаттуу болушу үчүн жапайы жаныбарлардын (тоо теке, багыш, элик) терилеринен тандалып, аларга кошумча көрк бериши үчүн сайма оюуларын дагы түшүрүшкөн.

Кыргыздардын жашоосунда өтө маанилүү орунду ээлеген жылкыларга, аларга арналып жасалган ат жабдыктарга да, сөз жок, өзгөчө көңүл бурулган. Арийне, белгилүү адамдарга, кыздардын септерине арналып жасалган ээр токум, ат жабдыктар абдан көркөмдөлүп, тердиктерге ысытма наар түшүрүү ыкмаларын, андан сырткары оймолонгон күмүш көрчөгөлөрдүн каңдалышы кол өнөрчүлүктүн эң жогорку үлгүсүн көрсөткөн. Тердикке түшүрүлгөн саймалар, оюулар эле эмес, көрчөгөлөрдүн саны, алардын жайгаштырылыштарына дагы өзгөчө маани берилген.

Тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн эң жогорку деңгээлде өнүккөндүгү ат жабдыктардын жасалышы, анын ичинде өрүм түрүндө, аларга кошумча түстүү темирлер, баалуу таштар менен бастырылышы, тердик, жагдан, сандык өңдүү турмуш-тиричилик бумдарына каңдалган булгаарыларга кызытма оюулардын түшүрүлүшүнөн даана байкалат. Өзгөчө белгилей турган жагдай, кыргыз кол өнөрчүлөрү көңүлүнө жаккан же ойду-келди эле оюуларды, түстөрдү жасаган

буюмдарына бере беришкен эмес. Тетирисинче, оюулардын, түстөрдүн маанилерине терең көңүл бурушкан.

Териден жасалган буюмдар, идиш-аяктар жана курал-жарактар көчүп жүрүүгө ылайыкталып, пайдаланууга практикалык жактан дагы маанилүү болгон. Алар күнүмдүк муктаждыктарды гана канааттандырбастан, элдин жогорку материалдык маданиятынын көрсөткүчү, баалоо каражаты катары да алдыңкы орунга чыккан. Териден жасалган идиш-аяктардын формалары дагы ыйыктык, жөрөгөлүк ишенимдердин негизинде жасалган. Алсак, «көөкөр» бээнин эмчегин же желинин гана түшүндүрбөстөн, анын түспөлүнө дагы окшоштурулуп тигилген. Муну менен алар башка элдерге жөнөкөй жана копол көрүнгөн идиш-аяктарга, аларга куюлган тамак-аш, суусундуктарына дагы терең урмат көрсөтүшөөрүн түшүндүрүшкөн.

Көчмөнчүлүк маданияттын дагы бир бийик көрсөткүчү катары саятчылык, мүнүшкөрлүк өнөрү таанылган. Байыркы кыргыздардын жапан жырткыч куштарды колго үйрөтүшүнүн өзү, чарбалык маанисинен тышкары, эки түрдүү жыйынтыкты берген. Биринчиси, кыраан, алгыр куштардын эрдигине, баатырдыгына куштарлануу, таасирленүү болсо, экинчиси, душмандарына бул өнөр аркылуу коркуу сезимдерин салышкан. Ошондуктан куштардын томоголорун баатыр жоокерлердин туулгасына окшоштуруп жасап, баштарына кийгизип келишкен.

Кыргыз уста-чеберлери эчки жана бодо малдардын терилеринен тиричилик буюмдарды гана жасабастан, көчмөндөрдүн чоң суулардан, дарыялардан өтүшү үчүн торсуктарды дагы даярдап келишкендиги белгилүү болду. Торсукка майда жандыктардын терилери гана керектелбестен, бодо малдардын терилери дагы колдонулган. Ыштыкка салуунун себеби майланып ышталган торсукка суу кирбей калган. Ал эми торсуктарды үй ичинде колдонулган көөрүктөр менен үйлөп алышкан. Үйлөнгөн торсуктарга бутаксыз кары жыгачтарды арчындап жаткырып, бекем байлашып, үстүнө жүктөрүн, бала-чакасын олтургузуп, ат менен сүйрөп суга киргизип, чогуу жээкке чыгып кетишкен. Ошондой эле көлгө чөккөн нерселерди алып чыгыш үчүн, жууп-тазалап, ышталган карындарга аба толтуруп, көл ичине дагы кирүүлөрү, алардын түрдүү кырдаалдарга дайыма даяр болушкандыктарын дагы бир жолу тастыктап турат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй кол өнөрчүлүккө, жасалган буюмдарга, колдонулган ыкмаларга, пайдалануу жөрөлгөлөрүнө карата жасалган мындай сый мамилелер салттуу тери иштетүү кол өнөрүнүн узак мезгилге чейин сакталышын камсыз кылып келген.

**Практикалык сунуштар:**

1. Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү бир эле диссертациялык изилдөөнүн деңгээлинде токтолуп калбастан, андан ары да терең жана ар тараптуу, философиялык, маданият таануучулук ж.б. жааттарында дагы да изилдөөлөргө алынышы зарыл.

2. Кыргыз элинин салттык кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө жыйынтыктуу иштерге жетүү үчүн илимий-теориялык негиздердин топтомун иштеп чыгуу.

3. Кыргыздардын салттык маданиятын, анын ичинде тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн тарыхтагы ээлеген ордун дагы терең ачып берүү үчүн комплекстүү жана систематикалык изилдөө иштери менен, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө байланышкан түшүнүктөргө, атоолорго айрым оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү, этнографиялык сөздүктөрдү жана түшүндүрмөлөрүн чыгаруу жана аларды интернетте мультимедиа ыкмасын (сүрөт, видео, аудио) колдонуу аркылуу ачык жарыялоо.

4. Чоң жана кичинекей эпостордогу кол өнөрчүлүккө байланышкан сүрөттөөлөрдөн турган саптардан түзүлгөн чыгармалар жыйнагын түзүп чыгуу.

5. Тери иштетүү кол өнөрчүлүгү боюнча кыргыздардын жана ага тектеш элдердин буюмдарынан түзүлгөн каталог жана фотоальбомдордун сериясын түзүп чыгуу.

6. Кыргыз кол өнөрчүлүгүндө колдонулган оюулардын жана түстөрдүн жалпы санын тактоо менен бирге сүрөттөрүнөн түзүлгөн “Кыргыз оймолору” антологиясын басып чыгаруу.

7. Кыргыздардын салттуу баш кийимдери, арийне, кун терилеринен тигилген тебетейлер аскердик даража катары дагы таанылгандыгын белгилеп көрсөтүү, тарыхый окуу куралдарына киргизүү кыргыздардын коомдук түзүлүшүнүн жана аскердик жетишкендиктерин тастыктоого жардам берет.

8. Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү тууралуу орто жана жогорку кесиптик окуу жайларынын, жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо жана тери иштетүү боюнча адистерди даярдаган атайын орто кесиптик окуу жайларында, тарых жана этнология, антропология боюнча адистешкен жогорку окуу жайларында атайын курстарды уюштуруу.

9. Кыргыздардын жана Кыргызстанда жашаган башка этностордун көркөм колдонмо буюмдарынан түзүлгөн Кыргыз этнографиялык музейин уюштуруу, улуттар арасындагы кол өнөрчүлүктүн колдонмо деңгээлин көтөрүп, көп этностуу Кыргызстан калкынын ынтымагын арттырат. Мындай музей өлкөнүн маданий борборлорунун бири болушу керек.

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР

ВИ – Вопросы истории. Москва

ВСб – Военный сборник. СПб

ВЯ – Вопросы языкознания. Москва

ЖС – Живая старина. СПб

ДТС – Древнетюркский словарь

ЗВО ИРАО – Записки Восточного отд. Рус. археологического общества

ЗИРГО – Записки Императорского русского географического общества

ИИАЭ – Институт истории, археологии и этнографии

ИИРГО – Известия Императорского русского географического общества

ИТО ИРГО – Известия Туркестанского отделения Императорского русского географического общества. Ташкент

КСИЭ – Краткие сообшения института этнографии

КЭ – Кыргыз Эциклопедиясы

КУА – Кыргыз улуттук академиясы

СТ – Советская тюркология

СЭ – Советская этнография

ТВ – Туркестанские ведомости

ТИ – Тюркологические исследования

ТКАЭЭ – Труды Киргизского Археолого-Этнографической Экспедиции

ТС – Тюркологический сборник

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

## Булактар

1. Авеста в русских переводах (18961-1996) [Текст] / Сост. общ. ред., примеч., справ. разд. И.В. Рака. – Санкт-Петебург: Журнал «Нева» – РХГИ, 1997. – 480 с., карта.
2. Арабо-персидические источники о тюрских народах [Текст]. – Фрунзе: Изд-во «Илим», 1973. – 124 с.
3. Бабур-Наме. Записки Бабура [Текст]. – Ташкент: Изд-во АН УзССР, 1958. – 529 с.
4. Баласагын Жусуп. Куттуу билим: Дастан [Текст] / Жусуп Баласагын / Байыркы түрк тилинен котор. Т. Козубеков; Сүрөтчүсү А. Акматов. – М.: «НИК», 1993. – 496 б.: сүр.
5. «Билгамеш»: Эпос [Текст] / Которгон Байас Турал. – Бишкек: «Турар», 2016. – 212 б.
6. Бичурин, Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я. Бичурин. – Т. I. – М.-Ленинград: Изд-во АН СССР, 1950. – 381 с.
7. Бичурин, Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я. Бичурин. – Т. II. – М.–Ленинград: Изд-во АН СССР, 1950. – 333 с.
8. Бурхан уд-Дин-хан-и Кушкеки. Каттаган и Бадахшан. Данные по географии страны, естественно-историческим условиям, населению, экономике и путям сообщения с 34 картами [Текст] / Пер. с перс. В.В. Введенского, Б.И. Долгополова и Е.В. Левкиевского. – Ташкент, 1926. – 248 с.
9. Восточные авторы о кыргызах: Сборник [Текст] / Сост., введ. и комм. О. Караева. – Бишкек: Кыргызстан, 1994. – 96 с.
10. Джиованни дель Плано Карпини, Гильом Рубрук. Путешествие в восточные страны [Текст] / Джиованни дель Плано Карпини, Рубрук Гильом. – М.: Гос. изд-во географической литературы, 1957. – 270 с.
11. Геродот. История в девяти книгах [Текст] / Перевод с греческого О.Г. Мищенка Т. I. – М., 1888. – 396 с.

12. Геродот. История в девяти книгах [Текст] / Перевод с греческого О.Г. Мищенка Т. II. – М., 1888. – 642 с.
13. Ибн Хордадбех. Книга путей и стран [Текст] / Перевод с арабского, комментарии, исследование, указатели и карты Наили Велихановой. – Баку: Элм, 1986. – 428 с.
14. Караев, О. Арабские и персидские источники XI-XII вв. о киргизах и Киргизии [Текст] / О. Караев. – Фрунзе: Издательство «Илим», 1968. – 102 с.
15. Кондратьев, А.А. Исторические сведения о киргизах в китайских источниках [Текст] / А.А. Кондратьев / Материалы первой всесоюзной научной конференции востоковедов в г. Ташкенте. – Ташкент: Изд-во АН УССР, 1958. – С. 934-939.
16. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары [Текст]. – Бишкек: КТМУ «Mega Medya», 2002. – Т. 1. – 370 б.
17. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары [Текст]. – Бишкек: КТМУ «Mega Medya», 2003. – Т. 2. – 293 б.
18. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары (Б.з.ч. II к.-XVIII к. Кытай булактарынан үзүндүлөр) [Текст]. – II т. Түз. К. Жусаев, А. Мокеев, Д. Сапаралиев / Бишкек: КТМУ «Манас», 2003. – 293 б.
19. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө байыркы Кытай тарыхый булактары жана Кыргыз каганына Кытай императорунун каттары [Текст]: Жыйнак / Түз.: Т.Н.Өмүрбеков, Т.Б.Шейшеканов. – Бишкек: АРХИ, 2003. – 240 б.
20. Кюнер, Н.В. Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока [Текст] / Н.В. Кюнер – М.: «Издательство Восточной литературы», 1961. – 391 с.
21. Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана [Текст]. – Т. 2. / Отв. ред. К. Жусаев. – Бишкек: КТМУ «Манас», 2003. – 260 с.
22. Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-Турк [Текст] / Перевод, предословие и комментарии З.-А.М.Ауезовой. индексы составлены Р.Эрмерсом. – Алматы: Дайк-Пресс, 2005. – 1288 с.
23. Махмуд ибн Вали. Море тайн относительно доблестей благородных (география) [Текст] / Введ., пер., прим., указ. Б.А. Ахмедова; АН УзССР, Ин-т востоковедения им. Абу Райхана Беруни. – Ташкент, 1977. – 167 с.

24. Орозова, Г. Кыргыздардын улуттук маданияты (байыркы доордон XIX кылымдын аягына чейин) [Текст] / Г. Орозова. – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 132 б.
